Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2013-жылдын
30-апрелиндеги
№ 218 токтому менен
жактырылган

## 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча программа

### Кириш сөз

Олуттуу окуяларга бай 2009-2012-жылдардын мезгили Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүндө жаңы маанини белгиледи жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жана социалдык-саясий, экономикалык, экологиялык, финансылык өнүктүрүүнү башкаруунун башка чөйрөлөрүн кошокондо, мамлекеттик башкаруунун бардык системаларынын бекемдигин сыноонун мезгили катары өлкөнү өнүктүрүүнүн тарыхында калат.

Бул мезгилде өлкөнү өнүктүрүү дүйнөлүк финансылык кризистин, дүйнөлүк рыноктордогу өсүп бара жаткан белгисиздиктин фонунда өтүп жатты, алар рыноктун бардык катышуучулары үчүн, анын ичинде Кыргызстандын – Россия, Казакстан жана Кытай сыяктуу негизги соода өнөктөштөрү үчүн дагы тобокелдиктерди түздү.

Бирок 2010-жылдагы өлкөнүн ичиндеги социалдык-саясий окуялардын тагдыр чечүүчү таасири аныктоочу болуп калды. Кыргыз Республикасы башкаруунун парламенттик формасына өттү.

Бул мезгилдин Кыргызстан үчүн эң маанилүү жыйынтыгы 2008-2009-жылдардагы дүйнөлүк финансылык кризистин кесепеттеринин, 2010-жылдын апрель жана июнь айларындагы ички саясий окуялардын жана 2012-жылдагы “Кумтөр” алтын казып алуучу ири ишканасындагы техногендик кыйроонун фонунда болуп көрбөгөндөй экономиканын начарлоосун жеңип чыгуу болуп калды.

Калктын жашоо турмуш деңгээлинин сезилерлик төмөндөшү социалдык-саясий жана экономикалык терең таасирлердин кесепеттеринен болду. Алсак, 2012-жылга карата жакырчылыктын чегинен төмөн дээрлик 2,1 млн адам же өлкөнүн калкынын 38% жашаган, анын дээрлик 66 %ы айылдык калктуу конуштардын тургундары болуп эсептелет.

Мына ушул жагдайда өлкөнү келечекте өнүктүрүүнүн маселеси жаралды жана өнүктүрүүдөгү туруктуу абалга чыгуу үчүн бардык, адамдык, жаратылыш, финансылык жана башка бардык резервдерди жана ресурстарды мобилизациялоого жана туура пайдаланууга муктаждык пайда болду.

Өлкөнүн жогорку саясий жетекчилиги тарабынан туруктуу өнүктүрүүнүн курсу расмий түрдө жарыяланды. Азырынча жакырчылыктын жогорку, өзгөчө айыл жериндеги деңгээли менен, жана жаратылыш жана финансылык ресурстары чектелген өлкө катары

Кыргызстан үчүн туруктуу өнүгүүнүн курсу бүгүнкү күндө логикалык жана саясий жаткан негизделген тандоо болуп көрүнөт.

Туруктуу өнүктүрүүнүн идеясы коомду чыңдоодо эң маанилүү ролду ойной турган, азыр эч качан болуп көрбөгөндөй Кыргызстан элинин каада-салттарына, жан-дүйнөсүнө жана менталитетине үндөш болуп калды, анткени кыргызстан эли бүгүнкү күндө кайсы этноско жана партияга таандык экендигине карабастан, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга жана «келечеги» жана өнүктүрүүдө туруктуу позициясы бар өлкөдө жашоого умтулууда тилектери бир.

Туруктуу өнүктүрүүнүн модели өз алдынча өнүктүрүүдөгү системалуулукка, комплекстүүлүккө жана теңдештикке карай умтулууну болжолдойт. Туруктуу өнүктүрүүгө өтүү адам баалуулуктарын жана жаратылыш ресурстарын акыл-эстүү пайдалануунун призмасы аркылуу экономикалык өсүштү кароону сунуштайт.

Кыргызстанды келечектеги өнүктүрүү маселеси боюнча мамлекеттик бийликтин баардык бутактарынын, жеке менчик секторунун жана жарандык коомдун күчтөрүн бириктирүү менен 2012-жылдын 24-ноябрында түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүгө багыт алган саясий курсунун далили болуп калды.

Өлкөнүн башчысы башкарып жаткан Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңешти түзүү өлкөнүн биригүүсүн, Кыргызстан элинин биримдигин көрсөткөн өз убагындагы кадам болуп калды. Кеңештин ишинин максаты - эң жогорку деңгээлдеги саясий «аянтчада» Кыргыз Республикасын келечекте туруктуу өнүктүрүүнүн негизги позициялары боюнча консенсуска жетишүү болуп саналат.

2013-жылдын 21-январында Кеңештин экинчи жыйынынын жыйынтыгы боюнча Президенттин жарлыгы менен 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы бекитилди.

Жалпысынан, 2017-жылга чейинки бекитилген стратегиялык документ өз негизинде алкактык болуп саналат. Аталган документте Президент туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарынын жаңы моделин, башкы артыкчылыктарды белгиледи жана ушул мезгилде 78 ири инвестициялык долбоорду ишке киргизүү демилгеси менен чыкты.

2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу үчүн жакынкы беш жылга башкаруунун реалдуу куралы зарыл экендигин эске алып Өкмөт тарабынан 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө карата өтүшү боюнча программаны иштеп чыгуу чечими дароо кабыл алынды.

Бул беш жылдык Кыргызстан үчүн туруктуу өнүктүрүүнүн жаңы моделине өтүү боюнча биринчи этап болуп калат. Совет мезгилинен кийин

алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү беш жылдык планды кайра жаратуу жөнүндө адаттагыдан башкача чечим кабыл алды.

Ушул мезгилге пландаштырылган милдеттерди чечүү, Өкмөттүн жылдык пландары аркылуу ишке ашыруу белгиленген, 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында белгиленген артыкчылыктарды жылдыруу жана максаттуу багыттарга жетишүүнүн узак мөөнөттүк улантуучулукту сактоого мүмкүнчүлүк берет.

Беш жылдык (2013-2017-ж.ж.) мамлекет тарабынан калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүүнүн ыкмаларында түп тамырынан өзгөртүүнүн контекстинде тагдыр чечүүчү болушу мүмкүн, анткени өлкөнү жана региондорду өнүктүрүүдө абсолюттук артыкчылык катары адамдык өнүгүүнүн, адамдык капиталдын артыкчылыгы келтирилүүдө. Туруктуу өнүктүрүүнүн түпкү максаты өзүнүн ой-максатына жетишүү үчүн бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон адам, Кыргызстандын ар бир жараны болуп калат.

## I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

2008-2012-жылдардын мезгилиндеги экономикалык өсүш жылына орто эсеп менен 3,2% ды түздү, калктын ар бир жан башына ИДП 20% га (1013 төн 1209,7 АКШ долларына чейин) өстү. 2008-2012-жылдарда инфляциянын орточо жылдык өсүшү 10,5% ды түздү. Ошол эле учурда товарларга баанын орточо жылдык өсүшү 11,9% ды түздү, ал эми кызмат көрсөтүү дээрлик 14,3%га кымбаттады. 2012-жылдын акырына инфляциянын деңгээли 7,5 % ды түздү. Бул мезгилде калктын реалдуу кирешесинин өсүшүнүн орточо жылдык темпи 13,3% ды түздү. Жумушсуздуктун жалпы деңгээли расмий маалыматтар боюнча бул мезгилде 8,5% га чейин өстү.

1-таблица

**Кыргыз Республикасынын маанилүү экономикалык көрсөткүчтөрү (2008-2012-ж.ж.)**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| ИДПнын реалдуу өсүшү (% менен) | 108,4 | 102,9 | 99,5 | 106,0 | 99,1 |
| Инфляция (% менен) | 20,0 | 0,0 | 19,2 | 5,7 | 7,5 |
| Жумушсуздук (% менен) | 8,2 | 8,4 | 8,6 | 8,5 | 8,3 |
| Учурдагы операциялардын эсеби (ИДП % менен) | -13,7 | -2,3 | -7,3 | -6.3 | |
| Кеңири акчанын | 12,6 | 17,9 | 21,1 | 14,9 | 23,8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| өсүшү (% менен) | | | | | |
| Тышкы карыз (ИДП % менен) | 41,4 | 53,1 | 54,7 | 45,0 | 46,9 |

Экономиканын өнүгүүсүнүн жана социалдык-саясий фонунун параметрлеринен улам 2008-2012-жылдары иш жүзүндө түзүлгөн мамлекеттик бюджеттин кирешелери ИДПнын 26,9% түздү, бул 2004-2008-жылдардагы деңгээлден 4,6 пайыздык пунктка жогору. Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары 2008-2012-жылдары жыл сайын орточо 24,7% өстү жана 2012-жылы ИДПнын 35,2% түздү. Мамлекеттик инвестициялардын программаларын тышкы каржылоонун жалп көлөмү 2012-жылы ИДПнын 5,1% деңгээлине чейин көбөйдү. Мамлекеттик инвестициялардын программаларын эске алуу менен бюджетин тартыштыгы 2008-2012-жылдары орточо ИДПнын 3,4% түздү. Ошентип макроэкономикалык стабилдүүлүктүн эң маанилүү милдеттеринин бири- мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын кыскартуу жана контролго алууну аткарууну камсыздоого мүмкүн болду.

Кыргыз Республикасы 2008-жылы ИДПнын 41,4% жана 2012-жылы ИДПнын 46,9% деңгээлинде түзүлгөн тышкы карызды башкарууда туруктуулукка жетишүү оңунан чыкты, бул ИДПга карата -80% ушул көрсөткүч боюнча экономикалык коопсуздуктун жогорку чегинин маанисинен бир кыйла төмөн.

Мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун көлөмү туруктуу өсүү тенденциясына ээ болду. 2008-2012-жылдар мезгилинде билим берүү кызмат көрсөтүүсүнө мамлекеттик чыгымдардын салыштырма салмагы ИДПга карата 5,2%дан 7,1%га, ИДПга карата саламаттыкты сактоого - 2,4%дан 3,7%га, ИДПга карата социалдык камсыздоо жана камсыздандырууга- 2,5%дан 5,7%га чейин өстү.

2010-2011-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынган чараларга карабастан, социалдык жөлөк пулдардын өлчөмүн көбөйтүү боюнча калктын ушул категориясын каржылоо жана кирешелерин деңгээли төмөн деңгээлде калууда. 2012-жылы белгиленген айлык жөлөк пулдун орточо жылдык өлчөмү 565,0 сомду же жашоо минимумунан 13%ын түздү. Ошону менен бирге, билим берүү жана саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө системасын реформалоонун натыйжасында алардын бир айлык эмгек акысы орточо эки эсе өскөн жана 2012-жылы 188,2%ды жана жашоо минимумунун 220,3%ын түздү.

Акыркы беш жылда Өкмөт тарабынан пенсиялардын өлчөмүн көбөйтүү боюнча ырааттуу жана натыйжалуу чаралар көрүлдү, анын натыйжасында 2012-жылдын акырында пенсиянын орточо өлчөмү 4208 сомдун деңгээлине жетти жана 2008-жыл менен салыштырганда 3 эсе өстү. Пенсиянын орточо өлчөмү менен пенсионердин жашоо минимумунун катышы 45,7%дан 110%га чейин өстү. Эгерде 2009-жылы жашоо

минимумунан төмөн пенсия алгандардын саны 452,9 миң адам (жалпы санынын 86,6%) болсо, 2012-жылдын акырында бул сан 344,0 миң адамды гана түздү (жалпы санынын 62,2%).

Ошону менен бирге эле дүйнөлүк финансылык кризистин терс таасири жана өлкөнүн ичиндеги социалдык-саясий чыңалуу жалпы жашоонун сапатын начарлатуунун себеби болуп калды. Жакырчылыктын деңгээлинде олуттуу региондук диспропорция сакталып калды. Жакырчылыктын эң жогорку чеги Жалал-Абад облусунда - 55,7 %, Ош облусунда - 51,4%, Нарын облусунда - 39,9%, белгиленди.

## 1.1. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүүнүн актуалдуулугу жана өбөлгөлөрү

Кыргыз Республикасында экономикалык өсүш азыркы учурга чейин негизинен жаратылыш ресурстарынын ири көлөмүн контролсуз пайдалануунун эсебинен жүрүүдө. Жаратылыш капиталын аябагандыктан чоң жоготуулар жана бузулуу орун алган. Жалпы жонунан бүгүнкү күндө эксперттик баалоолор боюнча өлкөнүн аянтынын 75%дан ашыгы жаратылыш капиталынын бузулушуна дуушар болууда.

Ошентип Кыргызстандын жер казынасы ар түрдүү пайдалуу кендердин катмарларын камтыйт, экологиялык коопсуздукту камсыз кылууну эске алуу менен аларды иштетүү экономикалык өнүгүүгө олуттуу салым кошууда. Алтын казуунун ИДПдагы үлүшү дээрлик 11%, өнөр жайлык өндүрүштө- 40% жана өлкөнүн экспортунда-48% түзөт. Бирок минералдык сырьенун запасынын түгөнүп калышы, алардын өлкөнүн жаратылыш капиталынын балансынан чыгуусун эске алуу менен узак мөөнөттүү келечекте аларды казып алууга чыгымдарды жана пайданы эсептөөнү мамлекеттен бүгүн талап кылууда.

Пайданы жана чыгымдарды баалоонун өз алдынча элементи уулуу калдыктарды сактоочу жайлар болуп саналат, алар кен казуучу ишканалар жабылгандан кийин өлкөнүн аймагында калууда жана терс таасирлерин жокко чыгаруу үчүн аларды тиешелүү абалда кармоого ири финансылык салымдарды талап кылат.

Суу, жаратылыш ресурсу жана өлкөнүн ички туруктуулугунун жана бейпилдигинин ички булагы катары, Кыргызстандын табигый экосистемаларын жана мөңгүлөрүн коргоо контекстинде гана көбөйүшү мүмкүн. Кыргыз Республикасы - суу ресурстары толугу менен өзүнүн аймагында түзүлгөн, Борбордук Азиядагы жалгыз өлкө, анын гидрологиялык өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы ушунда. Бирок, алынган суулардын кыйла бөлүгү пайдаланууда жок болот. 2006-жылдан тартып 2010-жылга чейинки мезгилде ташып жеткирүүдө суунун орточо коромжусу суу топтоочу чоңдугунун 23%ын түзгөн.

Айыл чарбасы тузсуз суунун негизги керектөөчүсү болуп эсептелет. Алынуучу тузсуз суунун көпчүлүк бөлүгү- 93% сугаруу жана айыл

чарбасын суу менен камсыздоо үчүн пайдаланылат. Бирок, суу ресурстары бул жерде натыйжасыз пайдаланылат, суунун коромжусу эң эле көп болуп саналат. Жалпысынан бул сектор жаратылышты үнөмдөөчү өсүү принциптеринен тышкары өнүгүүдө. Өндүрүштүк потенциалы төмөн, өзгөрүүчү климаттын шарттарына карата төмөн натыйжалуулукка жана төмөн көндүмгө ээ. Которуштуруп айдоо, айдоо структурасы бузулууда. Агрардык өсүмдүктөрүнүн деңгээли жакшыртууга муктаж болууда. Бузулган айыл чарба жерлеринин, анын ичинде айдоолордун жана жайыттардын аянты өсүүдө. Мунун баары өсүмдүк өстүрүү жана мал багуунун өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө тоскоолдук кылат.

1985-жылдан тартып бузулган жерлердин аянттары бир кыйла өстү жана 2011-жылга карата айыл чарба жерлеринин дээрлик 80%ы бузулуу процессине дуушар болгон деп табылган, бирок так мониторинг 1990-жылдан тартып жүргүзүлгөн эмес. Мында жайыттардын орточо өндүрүмдүүлүгү нормадан 40%га чейин, жакынкы жайыттарда- 10-20%га чейин азайды. Мал структурасы жана тукумдук курамы жайыттарды рационалдуу пайдаланууга көмөк көрсөтпөйт.

Энергия үнөмдөө жана энергиялык натыйжалуулук маселелери актуалдуу болууда, анткени 2017-жылга карата электр энергиясын өндүрүүнүн болжолдонгон тартыштыгы саатына 5 млрд. квт чегинде болот жана калкка электр энергия кызмат көрсөтүүлөрү менен туруктуу камсыздоодо жана экономиканын обьекттеринин туруктуу иштөөсүндө көйгөй пайда болот. Ошондуктан ири өндүрүштөрдүн деңгээлинде, ошондой эле үй чарбаларынын деңгээлинде дагы энергия үнөмдөөнү жана энергия жактан натыйжалуу механизмдерди жайылтууну удаалаш өткөрүү максатка ылайыктуу.

Туруктуу өнүктүрүүгө өтүү өнүктүрүүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрүнүн системасына экологиялык факторду киргизүүнү зарыл кылат. Бүгүнкү күндө салттуу макроэкономикалык көрсөткүчтөр (ИДП, калктын жан башына киреше) экологиялык бузулуулар көз жаздымда калууда. Өлкөдө бул көрсөткүчтөрдүн өсүшү техногендик жаратылыш сыйымдуулугун өнүктүрүүгө негизделет. Ошону менен жаратылыш ресурстары түгөнгөн жана курчап турган чөйрө булганган учурларда экономикалык көрсөткүчтөрдүн кескин начарлоо коркунучу түзүлөт.

Макро жана микро деңгээлде экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөдө жаратылыш капиталынын түгөнүүсүн эсепке алууну этибарга албай коюу финансылык жыйынтыктардын бурмаланышына алып келет, ал өз кезегинде курчап турган чөйрөнүн бузулушуна жана өлкөнүн туруксуз өнүгүшүнө алып келет.

“Кандай болсо да” экономикалык пайданын артыкчылыгынын үстөмдүгү менен байланышкан өлкөдөгү көйгөйлөрдүн келтирилген толук эмес тизмесин эске алып, Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүгө өтүүсүнүн актуалдуулугу талашсыз, ал эми жаратылыш ресурстарынын түгөнүүсүнүн жана азаюусунун, курчап турган чөйрөнүн булганышынын

тобокелдигинин жана коркунучунун өсүшүнүн контекстинде бул актуалдуулук көп эсе өсөт.

XX кылым аяктап бара жатканда ресурстар үчүн болгон күрөш өзгөчө курчуду, дүйнөнүн кирешелер боюнча катмарларга болуп көрбөгөндөй бөлүнүүсү болуп өттү, калктын жакырчылыгынын масштабы олуттуу көбөйдү. Натыйжада дүйнө мурун болуп көрбөгөндөй кыйынчылыктардын көйгөйлөрүнө - жакындап жылып келе жаткан глобалдуу социалдык-саясий, экономикалык жана экологиялык кризиске каршы тура ала турган цивилизацияны өнүктүрүүнүн жаңы моделин, туруктуу өнүктүрүүнүн моделин түзүүнүн зарылдыгына туш болду.

Жакынкы жылдарда ресурстар үчүн болгон күрөш курчуй бере тургандыгын күтүүгө болот. Жаратылыш ресурстарынын түгөнгүстүгү тууралуу иллюзия жоголуп бара жатат. Кыргызстан глобалдуу дүйнөдө алардан бөлүнүп калган жок. Анын үстүнө, ички саясий көйгөйлөрдүн фонунда ресурстардын кескин чектелген жана аларды туура пайдаланууга болгон муктаждыктын шартында өлкөнү келечекте туруктуу өнүктүрүүнүн маселелери бүгүн эч качан болуп көрбөгөндөй актуалдуу жана биринчи планга чыгууда.

## 1.2. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүүнүн жалпы көрүнүшү жана өзгөчөлүгү

Кыргыз Республикасынын бүтүндөй соңку тарыхы реформа белгисинин алдында өтүүдө, ал бүгүнкү күндө мезгилдин чакырыгына жооп болуп берилүүдө. Бул реформаларды жылдыруу сөзсүз болууга тийиш, анткени курчап турган дүйнөдө: глобалдуу мүнөзгө ээ болуп бара жаткан экономика, барган сайын адам укугунун концепциясына негизделген жашоонун сапатынын стандарттары, өнүгүүсүнө туруктуулуктун мүнөзүн берүүнү талап кылган курчап турган чөйрө, бардыгы өзгөрүлүүдө.

Көз карандысыз өнүгүүнүн 20 жылдык тарыхында Кыргызстан бүгүн туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерине өтүүгө ниеттенгендиги тууралуу билдирүү үчүн бир нече жолку терең соккуларды жана толкундоолорду жеңип өтүүгө, экономиканын терең түшүп кетишине жол бербөөгө, жаратылыш капиталын жана экономикадагы базалык позицияларды сактап калууга туура келди. Жалпы дүйнөлүк тажрыйбада туруктуу өнүктүрүү деп барынан мурда, өнүктүрүүнүн бири-бири менен өз ара байланышкан: (i) экономика, (ii) социалдык өнүктүрүү жана (iii) экология боюнча үч компонентти комплекстүү жана теңдештирилген мамлекеттик башкарууну түшүнүшөт.

Мындай өнүктүрүүнүн борбору жана түпкү максаты адам же социалдык өнүктүрүү гана болуп калат. Андыктан, бүгүн дагы жана узак мөөнөттүү келечекте адам капиталын өнүктүрүү Кыргызстандын абсолюттук улуттук артыкчылыгы болуп калат. Бул өлкөнүн бардык

жарандары өз билимин жана шыгын колдонуп, сапаттуу билим алуу, өз ден соолугун кароо, турак үй сатып алуу, татыктуу кирешени иштеп табуу жана алгылыктуу курчап турган чөйрөдө ден соолугу үчүн жашоо мүмкүндүгүнө ээ болуусун болжолдойт. Биринчи жолу, өнүктүрүүдө абсолюттук улуттук артыкчылык катары адамды, адам капиталын өнүктүрүү артыкчылыгы көрсөтүлүүдө, мында Кыргызстандын ар бир жараны өнүгүү үчүн тең укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болот.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасын өнүктүрүү бүгүнкү күндө дүйнөлүк финансылык толкундоолордун, карыз көйгөйлөрүнүн, Евросоюздун бир катар өлкөлөрүнүн төмөндөшүнүн белгилеринин, АКШда экономикалык өсүштүн басаңдашынын фонунда жүрүп жатат. Өнүгүп жаткан мамлекеттерге капиталдын келүүсү кескин кыскарды. Көптөгөн өлкөлөрдүн рейтинги төмөндөө жагына кайра каралды. Дүйнөлүк тенденция тобокелдиктер жана чакырыктар, глобалдуу климаттык өзгөрүүлөрдү кошо, өсүп гана бара жаткандай, алар калктын санынын өсүү фонунда дүйнөдө азык-түлүктүн тартыштыгына алып келет.

Прикладдык планда туруктуу өнүктүрүүнүн модели - бул коомду, мамлекетти, тышкы жана ички коркунучтардын алдын алууну жана нейтралдаштырууну камсыз кылуучу туруктуулуктун принциптеринде экономиканы уюштуруунун жана иштешинин ыкмасы.

Көрүнүп тургандай, «дароо эле» жана баш аламан аракеттер өлкөнү өнүктүрүүнүн туруктуу векторуна чыгара албайт, анткени туруктуу өнүктүрүүнүн модели өз алдынча өнүктүрүүдөгү системалуулукка, комплекстүүлүккө жана теңдештикке карата умтулууну болжолдойт. Моделдин маани-маңызы жаратылыш чөйрөсү экономикалык муктаждыктар жана коомдун улам барган сайын өсүп бара жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн ресурстардын булагы катары каралат.

Андыктан, ушул Программанын алкагында экономикалык саясат өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, өнүктүрүүнү интенсификациялоо жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнөн озуп кетүү аркылуу жаратылыш ресурстарын туура пайдаланууну эсепке алуу менен түзүлөт.

Экспортту диверсификациялоо жана либералдуу тышкы соода саясатын сактап калуу аркылуу кыргыз экономикасын дүйнөлүк экономикалык системага интеграциялоонун даражасы сөзсүз түрдө олуттуу өсүүгө тийиш.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү, экономиканы тездетүү, жана экспортту диверсификациялоо үчүн бизнести өнүктүрүү жана Кыргызстан потенциалдуу салыштырмалуу артыкчылыкка ээ болгон, атап айтканда айыл чарбасы жана энергетика, туруктуу өнүктүрүүнүн маанилүү артыкчылыктары, ошондой эле кен казуу секторунда, агороөнөр жай секторунун кайра иштетүү тармактары жана сервистик кызматтардын, туризмди кошо, бир катар багыттары боюнча тармактарды өнүктүрүү үчүн

ишкер чөйрөнү жөнгө салуунун инструменттеринин үстүндө айрыкча натыйжалуу иштөө алдыда турат.

Кыргызстанда башталган мамлекеттин бизнес ишине кийлигишүүсүн минималдаштырууга багытталган мамлекеттик башкаруунун системасын реформалоо бул процесстеги жагымдуу өбөлгө, ал бүгүн эле Кыргызстанда бизнес ачуунун, лицензиялоонун жана жүргүзүүнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү жагынан алгачкы натыйжаларын берүүдө.

Инвестициялык саясаттын эң маанилүү багыты Кыргызстанда ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн, менчик ээлеринин жана экономикалык мамилелердин катышуучуларынын укуктарын коргоону камсыз кылууну кошо, эң жагымдуу шарттарды түзүү болот.

Жалпысынан, Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча Программа 2013-2017-жылдарга карата беш жаңы компонентке негизделет:

Биринчиден, саясаттын тиешелүү чаралары (экономика, социалдык өнүктүрүү жана экология жагдайлары) менен Программанын бөлүмдөрүнүн үч блогу, туруктуу өнүктүрүүнүн моделинин компоненттери менен тыгыз байланыштуу. Мында, экономикалык, социалдык жана экологиялык процесстердин өз ара байланышы жана өз ара таасири аркылуу туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнүн саясатын түзүүнүн үзгүлтүксүз иргөө принциби колдонулган.

Энергетикада бул өтүү энергияны үнөмдөөгө, аз көмүртектүү өнүктүрүүгө жана энергиянын адаттан тыш булактарын кеңейтүүгө стимул боюнча чаралар аркылуу белгиленген. Андыктан курулуш сектору энергияны үнөмдөөчү курулушка багытталган долбоорлордун алгылыктуулугун жогорулатуу боюнча чаралар аркылуу каралды.

Айыл чарбасында келечектүү артыкчылыктардын бири болуп органикалык айыл чарба жана экологиялык таза продукция өндүрүү, ал эми иштетүү өнөр жайында ресурсту үнөмдөөчү технологияларга чаралардын саясаты аркылуу акырындык менен өтүү көрсөтүлүүдө.

Бөлүмдөрдүн экологиялык блогунда: экономикалык иш аракеттердин зыяндуу таасирлерин азайтууга, ичүүчү сууга жеткиликтүүлүктү камсыздоо, биологиялык түрлөрдү сактоого жана жаратылыш экосистемасын калыбына келтирүүгө, климаттын өзгөрүү шарттарында кырсык тобокелчилигин азайтууга багытталган чаралар каралган.

Экинчиден - туруктуу өнүктүрүү бул барынан мурда комплекстүү жана теңдештирилген мамлекеттик башкаруу экендигинен улам жана ушул Программа башкаруучулук курал болуп санала тургандыгын эске алып өнүктүрүүнүн бардык багыттары боюнча саясаттын мааниси төмөнкүдөй мамлекеттик башкаруунун системасынын маани-маңызын түзүүгө карата конкреттүү талаптар аркылуу алгачкы жолу түзүлдү: (i) институттук потенциалга; (ii) мыйзамдарга; (iii) кадрдык потенциалга жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерин жылдыруу үчүн аны жогорулатууга

муктаждыктарга; (iv) текшерилип бүткөн саясий чечимдерди кабыл алуу үчүн маалыматтардын ырастыгына карата талаптар. Ошол эле учурда саясаттын тийиштүү чаралары мамлекеттик башкаруунун иштеп жаткан институттарынын системасынын потенциалын критикалык баалоодон улам сунушталган.

Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө өтүү контекстинде ушул Программанын жаңылыктарынын үчүнчү элементи 2017-жылга карата калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуунун конкреттүү милдеттенмелери жана алдыда турган беш жыл ичинде аларды өзгөртүү боюнча жыйынтыктарды ченөөнүн индикаторлору аркылуу калктын ар бир категориясы үчүн жашоонун сапатын өзгөртүү боюнча Өкмөттүн майда-чүйдөсүнө чейинки пландары менен адамды өнүктүрүүнүн саясаты боюнча негизги бөлүм болуп саналат (7-тиркеме).

Бул үчүн баланын төрөлүүсүнөн баштап адамдын карылыгына чейин, жарандардын конкреттүү категорияларына багытталган калкка кепилденген бардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү кошо, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн саясатын түзүүнүн жана сапатын ченөөнүн жаңы методологиялык принциптери иштелип чыкты жана колдонулду. Бул багыттагы прогрессти ченөө үчүн атайын, даана ачык-айкын индикаторлордун топтому иштелип чыккан (8-тиркеме).

Ушул Программанын жаңылыктарынын төртүнчү элементи, калкка мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө өтө татаал болуп саналган, эч качан бир дагы Программада эске алынбаган жана дайыма мамлекеттик башкаруу системасынын начар жери бойдон калып келген бул сектор аралык сегменттер (9-тиркеме), мында бир профилдик министрлик, айрым учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусуз төмөнкү маселелерди кошо, көйгөйлөрдү чечүү колунан келбейт: (i) иштеп жаткан балдардын; (ii) мектеп окуучуларынын ден соолугунун; (iii) саламаттыгы өзгөчө муктаж болгон балдардын; (iv) ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн арасындагы жумушсуздуктун; (v) мектеп чөйрөсүндөгү коопсуздуктун; (vi) айылдык билимсиз чоң адамдардын арасындагы жумушсуздуктун; (vii) билим берүүдө, саламаттык сактоодо, ишке орношууда атайын кызмат көрсөтүүлөргө муктаж, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын көйгөйлөрү; (viii) мектепке чейинки, жалпы билим берүү мекемелеринин жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин инфраструктураларын куруу, өнүктүрүү жана колдоо; (ix) социалдык инфраструктура имараттарынын энергия натыйжалуулугунун жана коопсуздугунун маселелери.

Региондорду туруктуу өнүктүрүүнүн саясаты боюнча бөлүк Программанын үзгүлтүксүз иргелген бөлүгү болуп калды, бул жаңы ыкмалар боюнча бешинчи элемент, анткени региондордун экономикага салымдарысыз өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү жок.

Жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүнүн саясаты региондорду өнүктүрүүнүн салт болуп калган ыкмалары бүгүн алардын өнүгүүсү үчүн

тормоз болуп жаткандыгынан улам келип чыкты. Региондук адистешүү, региондор аралык соода жана кооперацияга багыт алууга мезгил келип жетти.

Регионду өнүктүрүүнүн тармактык моделинин ордуна региондорду жана жергиликтүү коомчулукту туруктуу өнүктүрүүнүн салт катары адистешкен, долбоордук-максаттуу модели сунушталат.

Мында бюджеттер аралык мамилелердин эки баскычтуу модели жергиликтүү деңгээлде келечектүү долбоорлорду жылдыруу жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн стимул берүүчү фактор болуп калышы керек. Облустарды жана райондорду ала турган болсок, анда ал жактарда Өнүктүрүү фондуларын түзүү сунушталууда.

Мына ушунун эсебинен Кыргызстандын региондору мисалы «талас төө буурчагы» «баткен өрүгү», «өзгөн күрүчү», Жалал-Абад минералдык дары суу булагы ж.б. бүгүнкү күндө эле реалдуу белгиленген туруктуу жана адистешкен бренддерди алып, өлкөнүн ичинде кандай болсо, дал ошондой эле анын чегинен тышкары барган сайын таанылып, белгилүү болуп бара жатышат.

Кыргызстанды өнүктүрүүнүн беш жылдык вектору (2013-2017-жж.) туруктуу өнүктүрүүнүн (тоо экологиялык системасы, суу ресурстары, айыл чарбасы, энергетика, туризм) табигый артыкчылыктарын жылдыруу аркылуу өнүктүрүүдө туруктуу позицияларга чыгуу менен бүгүнкү күнү түзүлгөн экономикалык базадан курулат.

### 1.3. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өтүү этабындагы максаттар жана милдеттер

2013-2017-жылдардын аралыгы Кыргызстандын туруктуу өнүгүүгө өтүшү боюнча бурулуш жана аныктоочу мезгил болуп калышы керек. 2013-2017-жылдар арагында Кыргыз Республикасы башкаруунун өркүндөтүлгөн институттары, натыйжалуу аракеттеги мыйзамдары, өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн базалык негиздерин бекемдөөгө даяр прогрессивдүү кадрдын потенциалы менен, дүйнөлүк өнүгүүдө калкынын экологиялык-экономикалык жактан өнүккөн ой жүгүртүүсү жана жакшыртылган социалдык жана экономикалык рейтинги менен, адамды өнүктүрүүнүн индекси боюнча Кыргыз Республикасынын рейтинги сезилерлик жогорулаганын кошо, Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ийгиликтүү ишке ашырган өлкөлөрдүн катарына кириши керек.

### 1.4. Туруктуу өнүктүрүүгө өтүүдөгү зарылдыктар жана тобокелдиктер

Кыргызстан кубаттуу эл аралык транспорттук коммуникацияларга чыгуусуз, бардык 4 океандан өтө чоң аралыкта иш жүзүндө Евразия

континентинин борборунда жайгашкан. Кыргызстандын калкынын саны 5551,9 миң адам, алардын ичинен ар кандай баалоо боюнча 300 миң адамдан бир миллионго чейин жарандар үй-бүлөсү менен эмгек эмиграциясында жүрүшөт. Пайдалуу казылып алуучу кенге бай катмарларында жер бетинде сейрек кездешүүчү жана баалуу металлдар, көмүр басымдуулук кылат. Мунун бардыгы аймактын тоолуу рельефин жана кескин континенталдуу климатын эске алуу менен өндүрүш структурасынын өзгөчөлүгүн шарттайт жана структурага жана экспорттоо мүмкүндүгүнө олуттуу таасир көрсөтөт.

Дүйнөлүк экономика акыркы жылдары олуттуу көйгөйлөргө дуушарланууда. Финансылык-экономикалык кризистер экономикалык көз караштан алганда начар өлкөлөрдү эле каптабастан, анын кыйратуучу таасирине АКШ, Европалык союздун өнүккөн өлкөлөрү жана башкалар дагы капталууда. Бир катар өлкөлөрдө узарып кеткен ички чыр-чатактар болууда. Тышкы финансылык-экономикалык, террордук жана идеологиялык коркунучтардын өсүшү экономиканы жана экспортту диверсификациялоого, анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, туруктуу саясий системаны түзүүгө жана өлкөнүн ичинде макулдашууга жетишүүгө багытталган чараларды көрүүнүн зарылдыгын шарттайт. Кыргыз Республикасынын Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине (КМШ), Жамааттык коопсуздук келишиминин уюмуна (ЖККУ), Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) жана башка эл аралык уюмдарга активдүү катышуусу, ошондой эле өнүгүү боюнча салт болуп калган өнөктөштөрү менен стратегиялык өз ара аракеттенүүлөрү негизги мааниге ээ болууда.

Кыргыз Республикасы глобалдуу экономиканын бөлүгү. 2011-жылы өлкөнүн ачык-айкындуулугу[1] 54,7%ды түздү, экономикалык мамилелер капиталдын, товарлардын, кызмат көрсөтүүнүн жана эмгектин эл аралык жана региондук рынокторуна барган сайын тереңдеп кирүүдө. Албетте аларга болгон көз карандылык жогору болууда. Глобалдуу экономикада экономикалык кризистердин кезектешүүсү менен катар эле экономикалык кубаттуулуктун жаңы борборлорунун пайда болуу процесстери орун алууда. Акыркы бир нече он жылдыкта баарынан мурда Азия континентинин өнүгүп жаткан өлкөлөрү экономикалык өсүштүн, ички рынокту өнүктүрүүнүн жогорку көрсөткүчтөрүнө жетишип келе жатышат. Келечекте экономикалык өнүгүүнүн ийгиликтери, жетишпестиктери олуттуу деңгээлде өлкөнүн атаандаштык артыкчылыктарын колдонууга жөндөмдүү экендигине, эмгекти эл аралык бөлүштүрүүнүн пайдалуу орун ээлешине жараша болот. Улуттук экономика азырынча экспортко, артыкча сырьёлук жана минералдык продуктыларга багытталган. Экспорттук адистешүү өтө төмөн илимдешүүсү менен айырмаланат.

Мындан тышкары өлкөнүн экономикасы жаратылышты көп пайдаланууну талап кылган мүнөздө, көбүнчө экстенсивдүү жол боюнча

[1] ИДПга карата тышкы соода жүгүртүүнүн катышы.

өнүгүүдөышкары өлкөнүн экономикасы жаратылышты көп пайдаланууну талап кылган мүнөздө, көбүнчө экстенсивдүү жол боюнча уда. Акыркы бир нече он жылдыкта баарынан мурда Азия континентинин өнүгүп жаткан өлкөлөрү экономикалык өсүштүн, ички рынмассасынын топтолушу жүрөт. Бул курчап турган чөйрөнүн булганышы, суунун абалынын, жер ресурстарынын начарлашынын, биологиялык түрлөрдүн азайышы күчөп жаткандыгынан көрүнүүдө. Өлкөдө совет мезгилинен бери мураска калган уулуу жана радиоактивдүү калдыктар көмүлгөн бир катар объекттер бар. Алардын бузулушу бүтүндөй регионду курчап турган чөйрөгө коркунуч жаратат. Глобалдуу климаттык өзгөрүүлөр - бул туруктуу тренд, ага бардык адамзат даярданууда. Кыргызстандын жаратылышы жана экономикасы географиялык жактан жана өндүрүштүн структурасы өзгөчө экендигинен улам мындай өзгөрүүлөрдүн болушуна дагы деле туруштук бере албайт. Адам өмүрүнө, өндүрүштүк потенциалга, калктуу конуштарга, жашоону камсыз кылуучу объекттерге айрыкча коркунучту жер титирөө, жер көчкү, сел жана ташкын, кар көчкү, жаратылыштын башка кубулуштары көрсөтөт. Глобалдуу климаттык өзгөрүүлөрдүн учурунда мүмкүн болуучу экстремалдык температуралык көрсөткүчтөр суу, жылуулук жана энергия менен камсыз кылуу системасынын туруктуу иштешине коркунуч келтирет, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, биологиялык түрлөрдүн өсүү жана өнүгүү процессине терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Мындан тышкары, суу агындары түзүлүүчү зонада жайгашкан тоолуу өлкө катары Кыргызстанга 2100-жылга карата мөңгүлөрдүн дээрлик (64%дан 95%га чейин) толук жоюлуп кетүүгө чейин суу ресурстарынын олуттуу кыскаруусу коркунуч келтирүүдө. Жакынкы жыйырма жылда суу сектору үчүн андан дагы оор кесепеттер турат, болжолдоолорго ылайык жер үстүндөгү агындардын көлөмүнүн стабилдүү кыскаруусу күтүлүүдө. Мындай кырдаал Кыргызстанды, ошондой эле Борбордук Азия регионун дагы суу менен жетишсиз камсыз кылууга алып келиши мүмкүн.

Көрүлүп жаткан чараларга карабастан, экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу азырынча натыйжасы аз бойдон калууда. Мамлекет бир жагынан, ишканалардын ишине кийлигишүүнү кыскартуу боюнча системалуу түрдө чараларды ишке ашырат. Экинчи жагынан, бизнести административдик басымдан алып кетүү менен ал көбүнчө бул көйгөйлөрдүн альтернативдүү чечилишин таппай, мамлекеттик, муниципалдык жана жеке мүлктөр, экология үчүн тобокелдиктерди көбөйтөт. Стратегиялык жана программалык документтерде мамлекеттин экономикалык саясаты жана экономиканы башкаруунун реалдуу тажрыйбасы бири-биринен көпчүлүк учурда бөлөк болуп калышкан. Программалык бюджеттештирүүгө өтүү өтө жай ишке ашырылууда. Кабыл алынган стратегиялардын жана программалардын аткарылышынын жыйынтыктары үчүн саясий жоопкерчиликтин жоктугу мамлекеттик башкаруунун фундаменталдуу көйгөйү бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын экономикасы өндүрүү менен керектөөнүн, топтоо менен керектөөнүн ортосундагы, эмгекке жөндөмдүү калк менен экономиканын мүмкүнчүлүктөрүн эмгек ресурстары менен абсорбациялоонун ортосундагы диспропорциянын жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт. Аймактык диспропорциялар материалдык, адам ресурстарын натыйжасыз колдонууга, улуттук экономиканын өсүү потенциалын төмөндөтүүгө алып келет.

Экономиканын мамлекеттик сектору натыйжасыз башкарылат. Мамлекеттик активдерге негизинен структураны түзүүчү стратегиялык ишканалар кирет, алардын абсолюттук көпчүлүгү монополистер (энергетика, кен казуу, темир жол транспорту ж.б.) болуп саналышат. Бүгүнкү күндө ишканаларды башкаруунун системасы иштин жогорку натыйжаларына жетүүгө бурулган эмес, иш жүзүндө башкаруунун натыйжасыздыгы, айкынсыздыгы токтоп калган. Мына ушул кырдаалдан кара санатай менеджменттер жеке пайда көрүшөт, ал баа механизми аркылуу өндүрүш чыгымы түрүндө керектөөчүлөргө «сатылат».

Экономиканын мамлекеттик эмес сектору көмүскө экономиканын олуттуу өлчөмү менен мүнөздөлөт, ал эксперттик баалоо боюнча ИДПнын 39% на жетет. Иш жүзүндө экономикада жеңилдетилген салыктык абалда турган көптөгөн чарбакер субъекттердин бар экендиги фискалдык саясатты бузат, акыйкатсыз атаандаш чөйрөнү түзөт, экономикалык өнүгүү үчүн жалган билдирүүлөрдү жана стимулдарды түзөт, расмий статистиканы бурмалайт, экономиканы өнүктүрүү боюнча натыйжасыз башкаруучулук чечимдерди кабыла алууга алып келет. Бирок, формалдуу эмес сектордун болушунан өлкөнүн башкы чыгымы - бул инвестициялык климатка инвесторлордун ишенимин төмөндөтүп алуу, коррупциянын өсүшүнө мүмкүнчүлүк берүү. Азыркы учурда бир катар фундаменталдуу рейтингдер боюнча Кыргызстан таптакыр эле төмөн орундарда турат. Атап айтканда, (i) 2012-2013-жылдары Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн Глобалдуу Индекси боюнча: 127-орун (бир жыл мурда – 126); (ii) Бизнес жүргүзүү индекси боюнча (Doing Business-2012): 71-орун (бир жыл мурда – 73-орун).

Энергетикалык коопсуздуктун деңгээли ар дайым коркунучта турат. Энергия ресурстарын өздүк өндүрүү барынан мурда электр энергиясын өндүрүүгө топтолгон, анын 90%дан көбү гидростанцияларда иштелип чыгат. Өлкө керектелүүчү бардык көмүртектин 90%ын сырттан ташып келет. Бул дарыялардагы суунун деңгээлине, ошондой эле нефтинин жана газдын дүйнөлүк баасына болгон жогорку көз карандылык менен шартталат.

Энергетикада тарифтик саясат өнүгүүнүн социалдык аспектилеринен чоң көз карандылыкта турат. Бул жагдай техникалык модернизациялоо үчүн каражат топтоонун мүмкүнчүлүгүн азайтат, бул жыйынтыгында кара санатай менеджменттин пайда болушу менен авариянын өсүшүнө алып келет. Энергетикалык жабдуулардын заттык эскиришинин деңгээли

төмөнкүдөй: Токтогул ГЭСинин каскады - 57,6%, Бишкек шаардык ЖЭБ - 64,0%, Ош шаардык ЖЭБ - 77,8%. Кыргызстандын экономикасынын атаандаш тармагы катары энергетиканы андан ары өнүктүрүү Борбордук Азия регионундагы мамлекеттер менен макулдашылган региондун суу-энергетикалык ресурстарын пайдалануунун узак мөөнөттүү эрежесинин жоктугу менен татаалданууда.

Кыргыз Республикасында жумушчу күчтүн ашыктыгы калктын, өзгөчө жаш жана анын айрыкча күч-кубаттуу бөлүгүнүн массалык эмгек миграциясы менен чечилет. Бул тенденция, ишке орноштуруунун курч маселелерин чечүү, өлкөгө валюталык келип түшүүлөрдүн туруктуу булагы пайда болуу менен катар эле өлкөнүн ичиндеги адам капиталын начарлатууга алып келүүдө. Массалык миграция үй-бүлөнүн бузулушуна, иш жүзүндө атасыз өсүүгө алып келүүдө, өсүп бара жаткан көлөмү менен ал үй-бүлө институтунун коркунучу болуп калууда. Социалдык-экономикалык көйгөйлөр ички миграциянын көбөйүшүн, калктын Бишкек жана өлкөнүн башка ири шаарларына топтолуусун жаратат. Келип жаткан калкты кабыл алууда мүмкүнчүлүгү чектелген шаарлардын социалдык инфраструктурасына оор жүк келтирүүдө, социалдык-экономикалык жана коомдук –саясий чөйрөлөрдө чыңалууну жаратууда.

Мамлекеттин аракеттерине жана донор уюмдардын колдогонуна карабастан, саламаттыкты сактоо системасынын сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрү калк үчүн жеткиликтүү болбой бара жатат. Кыргызстанда медициналык мекемелердин, жеке клиникалардын өнүгүүсүнө багыт алуу көрсөтүлүүчү кызматтардын номенклатурасын жана сапатын кеңейтүүгө мүмкүндүк берди, бирок ошол эле учурда медициналык жардамга муктаждарга аларды алууга керектүү чыгымдардын көбөйүшүнө алып келди. Бүгүнкү күндөгү саламаттыкты сактоо олуттуу деңгээлде практикалык медицинага топтолгон, оорунун алдын алууга көңүл аз бөлүнөт. Адамдын дене жана рухий саламаттыгынын куралы катары дене тарбияны массалык өнүктүрүү тийиштүү өнүгүүгө ээ боло албай жатат. Натыйжада, балдардын жана өспүрүмдөрдүн денелерин тарбиялоонун абалы төмөнкү деңгээлде турат.

Кыргызстанда билим берүү деңгээли акырындык менен бузулууга дуушар болууда. Окуучуларды даярдоо, өзгөчө кыргыз жана өзбек тилдеринде окутуучу айыл мектептеринде өтө төмөн. Мектептерде жана жогорку окуу жайларында берилип жаткан билим, шык жана ыкма тажрыйбада аз функционалдуу болуп калды, көпчүлүк окуу жайлары туруктуу өнүктүрүүгө социалдык жактан жатыккан инсандарды даярдай алышпайт. Жалпы экономикалык жана маданий чөйрө окуу программасын өздөштүрүүдө окуучуну туруктуулук менен эмгектенүүгө көмөк бербейт, бирок билим жөнүндө диплом алууга, анын ичинде коррупциялык жол менен болсо дагы алууга көмөктөшөт.

Маданий баалуулуктарга калктын жетишүү деңгээли, жарандардын маданий өнүгүүсүнүн деңгээли коомдун жана экономиканын өнүгүүсүнүн

узак мөөнөттүү кызыкчылыгына жооп бербейт. Бардык материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар менен каражаттардын, мекемелердин жетишсиздигинен улам, маданият мамлекеттин өзгөчө камкордугунун предмети болуп саналбайт. Кыргыз маданияты кеңири жайылтууга жетишсиз, дүйнөлүк деңгээлдеги чыгармаларды, маданий баалуулуктарды жаратуунун саны барган сайын азайгандыктан, чет өлкөдө белгисиз боло баштады. Коомдук аң-сезим тышкы идеологиялык жана маданият таасирлерине дуушар болгон, бул белгилүү бир деңгээлде салттуу моралдык, этикалык, маданий баалуулуктардан алыстоого алып келип, коомдун, өзгөчө жаштардын багытын бурмалайт. Улуттук идеологияны түзүүнүн зарылдыгы тууралуу сөздөр ишке ашырылбай калууда. Дүйнө жүзүндө күчөп бара жаткан коркунуч кибер коркунучу болууда. Акыркы учурларда айрым өлкөлөрдөгү ички саясий кырдаалдын туруксуздугун социалдык тармактардын максаттуу пайдаланылышы менен байланыштырышат. Дүйнөлүк статистика кибер кылмыштуулуктун өсүшү, акча каражаттарына, электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү жашыруун маалыматтарга санкциясыз жеткен учурлардын саны көбөйгөндүгүн белгиледи. Өндүрүштүк процесстерди башкаруу үчүн маалыматтык системаны пайдалануу бул процесстерди тышкы таасирлердин алдында алсыз кылат. Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун милдеттерин чечүү багытталган мамлекеттик саясатты, өтө жогорку квалификациядагы адистердин болушун, маалыматтык системаларга санкциясыз кийлигишүүдөн коргоочу каражаттарды орнотууну талап кылат.

## II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ӨТҮҮ ЭТАБЫНДАГЫ БАГЫТТАР ЖАНА АРТЫКЧЫЛЫКТАР

### 2.1. Туруктуу өнүктүрүү үчүн саясий базис

#### 2.1.1. Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарынын потенциалын өстүрүү

Максаты: өлкөдө калктын кызыкчылыгына жана муктаждыктарына жооп берүүчү, чакырыктарга каршы туруууга жана туруктуу өнүктүрүүнүн милдеттерин чечүүгө жөндөмдүү мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу жана ачык системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Мамлекеттик башкаруунун аткаруу бийлигинин түзүлгөн системасы, коом тарабынан кандай болсо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан да барган сайын курч сын-пикирге кабылууда. Ал калктын муктаждыктарына жана кызыкчылыгына багытталган эмес, чакырыктарга жана коркунучтарга адекваттуу жооп кайтарууга, зарыл милдеттерди чечүүгө жөндөмсүз. Бир эле учурда калктын көз алдында коррупциянын орду жана булагы болуп саналат. Дал ошол башкаруу системасында кабыл алынган көпчүлүк реформалардын бүгүн белгилүү

болгон ишке ашпай жаткандыгы катылган.

Мамлекетти башкаруунун системасын реформалоо боюнча кабыл алынган кадамдардын бири дагы аягына чейин жеткен жок. Натыйжада, бүгүнкү күндө мамлекеттик башкаруунун системасы алардын багытында реформалоо ишке ашырыла турган ар түрдүү моделдин жетишсиздигинен ишке ашпай турат. Башкаруу системасынын иштеши биринчи кезекте коом тарабынан күтүлгөн жыйынтыкка багытталган эмес. Мамлекеттик органдардын программаларында жана пландарында жетишүү зарыл болгон конкреттүү максаттар белгиленген эмес. Иштелип чыккан программаларга карабастан система өзүнө өзү иштейт. Эксперттик маалыматтар боюнча убакыттын 70%ы өнүктүрүүгө багытталган пландуу ишке эмес, күнүмдүк тапшырмаларды аткарууга кетет.

Башкаруу системасынын ишке ашпаган кемчиликтерине функционалдык баш аламандык кирет. Дайындалган функциялардын жазылышына жана маанисине, андан дагы маанилүүсү аларды аткарууга карата бирдиктүү ыкма жок. Көптөгөн ашыкча функцияларды аткаруу улануда, бул бизнес чөйрөсүнө ашыкча таасир этүүгө жана кийлигишүүгө жана кызмат көрсөтүүнү бүтүндөй коммерциялаштырууга алып келет. Ошол эле учурда башкарууга зарыл болгон көптөгөн функциялар таптакыр аткарылбайт, же жарым-жартылай аткарылат. Башка функциялар толук эмес болуп саналат, демек натыйжасыз. 2012-жылдын практикасы саясатты жана өзгөчө көзөмөлдөө жана контролдоонун көйгөйлөрүн иштеп чыгуудагы функцияларды ишке ашыруунун олуттуу көйгөйлөрүн тапты. Башкаруудан мамлекеттик саясаттын конкреттүү чараларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга өтүүнү караган башкаруунун заманбап технологиялары начар өздөштүрүлүүдө.

Мамлекеттик органдардын ишинде үстөмдүк кылган (44%) көйгөй туудурган милдеттерди жана функцияларды жоопкерсиздик менен аткарбай коюу, иштин жаңы багыттарын өздөштүрүүгө тоскоол келтирүүдө. Мындай абал адам потенциалынын көйгөйлөрү бар экендигин көрсөтөт. Башкаруучу муундун алмашып  жаткандыгы менен дагы кырдаал курчуп турат. Ошол эле учурда кесиптик тажрыйбаны өткөрүп берүүнүн, институттук эс тутумдун жана мындай муундагылар менен байланыштардын механизми жоголууда. Мамлекеттик кызматтын системасы керектүү кадрлар менен толуктоонун милдетин аткара албай жатат. Бирок жогорку кесиптик билим берүү дагы мамлекеттик кызматка өтүү үчүн дал алаттанган  талапкерлердин керектүү деңгээлин камсыз кыла албайт. 2012-жылы 7104 талапкердин ичинен тийиштүү чекити болгону 3492 (49%) талапкер гана багынта алды.

Мамлекеттик башкарууну уюштуруу бирдиктүүэмес жана бири-бири менен байланыш жок. Мамлекеттик мекемелер эреже катары  кандай болсо, да конкреттүү адамдардын кызыкчылыгына зыян келтирүү менен ведомстволук тар кызыкчылыктарды көздөйт. Жагдай аткаруу бийлигинин ар кандай органдарынын ишин жөнгө салуу ар кандай деңгээлдеги

ченемдик укуктук актылар (мындан ары - ЧУА) аркылуу ишке ашырылгандыгы менен дагы тереңдейт.

Мамлекеттик башкаруунун колдонуудагы системасынын начар жери секторлор аралык/ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү маселелерин чечүү боюнча институттук механизмдин жоктугу болуп саналат, ошондуктан ведомстволор аралык сегментте калган мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө, алардын артында өлкөнүн жарандарынын аларга муктаж болгон конкреттүү категориялары тургандыгына карабастан, дээрлик эч кандай көңүл бурулбайт (9-тиркеме).

Буга аткаруу бийлигинин мамлекеттик башкаруу органдарына болгон калктын ишениминин деңгээлинин төмөндүгү болуп саналат. 2012-жылдын 4-кварталынын жыйынтыгы боюнча калктын ишеним индекси терс бойдон -5,8 пункт деңгээлинде калууда. Мамлекеттик органдардын ишинде адамга жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатына багытталган ыкманын жоктугу дагы калктын ишениминин өсүшүнө көмөк көрсөтпөйт. Мамлекеттик чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда жарандык коомдун ой-пикирин реалдуу эсепке алуунун механизми иштебейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн дагы жогоруда саналып өткөн бардык көйгөйлөр мүнөздүү. Бирок өзгөчөлөрү да бар. Азырынча мамлекеттик кызмат менен муниципалдык кызматтын ортосундагы ажырым сакталып калууда. Жергиликтүү бюджетти колдоонун колдонуудагы механизми жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары - ЖӨБО) жоопкерчилигин жогорулатуу зарылчылыгын эске алуу менен бюджеттер аралык трансферт системасы жакшыртууну талап кылууда.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү акыркы 2-3 жылда кырдаалды оңдоо жана башкаруу системаны чакан жана натыйжалуу формага келтирүү боюнча максатка багытталган чараларды кабыл алды. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу, ошондой эле системаны функционалдык жана структуралык тартипке келтирүү боюнча олуттуу бүткөрүүлөр иштелип чыккан. Бирок бул аз. Учурдагы кырдаал өз жарандарына кызмат кылган, калктын социалдык суроо-талаптарына таянган жана коомдун бийликти контролдоосунун иштиктүү механизмдерин камсыз кылган башкаруу моделин түзүүнү жана ишке киргизүүнү талап кылат. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик башкаруунун колдонуудагы системасын реформалоо процессине олуттуу оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүүнү белгилөөдө.

Биринчиден, министрликтердин жана ведомстволордун заманбап дүйнөдөгү башкы ролу коомчулукка жана жарандарга кызмат көрсөтүү болуп саналат. Буга байланыштуу калкка кызмат көрсөтүүнүн коомчулук менен макулдашылган, сакталышы үчүн көзөмөлдү мамлекет жүргүзө турган, стандарттары иштелип чыгат жана бекитилет. Экинчиден, мамлекеттик башкаруунун функциялары төмөнкү принциптер боюнча

кайрадан бөлүштүрүлөт: бардык милдеттерди мамлекет жана коом үчүн айрыкча рационалдуу, үнөмдөө ыкмасы менен жана чоң натыйжасы менен аткара турган башкаруунун ошол деңгээлинде жана ошол уюмдар чечиши керек. Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик башкаруунун бардык институттарынын ишин жыйынтыкка багыттоого жана ага жетишүүнү жоопкерчилигин жогорулатууну белгилөөдө. Төртүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү артыкча башкаруудан коомдун бардык кызыкдар тараптары катышкан мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга өтөт. Мындай катышуу тийиштүү регламенттер менен ченемдик түрдө бекитилет.

Мамлекеттик башкаруу системасын реформалоонун бул төрт компоненти мамлекеттик башкарууга башкача үн бере турган жана маанисин өзгөртө турган саясий базис болуп калат.

Мына ушундан улам, мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо төмөнкү төрт артыкчылыктуу багыт боюнча ишке ашырылат: (i) аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын потенциалын күчөтүү; (ii) аткаруу бийлигинин вертикалдык жана горизонталдык башкаруу, бирдиктүү жана байланыш системасын жогорулатуу; (iii) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарынын кадрдык потенциалын жогорулатуу; (iv) толук кандуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү.

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын потенциалын күчөтүү боюнча артыкчылыктуу багыттар төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолгон: (i) аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын тапшырмаларды жана функцияларды аткаруу жана мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча потенциалын жогорулатуу; мамлекеттик кызматтардын - мыйзамдардын аткарылышын жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча; (ii) программалык бюджеттештирүүнүн инструменттерин колдонуу менен жыйынтык боюнча башкаруунун принциптерин киргизүү; (iii) бул программалык документке ылайык мыйзамдарды өркүндөтүү.

Биринчи милдет саясаттын төмөнкү чараларын ишке ашыруу аркылуу чечилет: (i) мамлекеттик функциялардын бирдиктүү реестрин иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) мамлекеттик функциялардын администрациялык регламенттерин иштеп чыгуу; (iii) стандарттык функциялардын жазылган топтомунун жана аткаруу бийлигинин тең багынуусунун негизинде башкаруунун мамлекеттик органдарын типтештирүүнү иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) бардык мамлекеттик органдардын иш процессине этап боюнча диагностика жүргүзүү; (v) жыйынтыгы боюнча структураны жана жол-жоболорду рекомендацияларга ылайык келтирүү; (vi) башкаруунун мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын ишин баалоонун методологиясынын негизинде бөлүмдөрдүн ишин баалоонун ички системасын киргизүү.

Экинчи милдетти саясаттын төмөнкү чаралары аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) саясат иштеп чыгуучу орган катары министрликтер аткара турган аткаруу бийлигинин структурасынын кол чатыр моделин түзүү; (ii) өлкөнүн стратегиялык документинин алкагында аткаруу бийлигинин бардык органдары үчүн милдеттүү максаттарды аныктоо жана алмаштыруу; коюлган максаттарга жетүү үчүн бардык жетекчилердин жеке жоопкерчилигин киргизүү; (iii) мамлекеттик чыгымдарды үнөмдөөнү стимулдаштыруунун системасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Үчүнчү милдети саясаттын төмөнкү чараларын аткарууну болжолдойт: (i) аткаруу бийлигинин ишин регламенттөөчү ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү; (ii) «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамдын долбоорун кабыл алуу; (iii) электрондук кызмат көрсөтүүгө өтүү боюнча укуктук механизмдерди иштеп чыгуу; (iv) «Уюштуруучу структуралардын функцияларын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын милдеттерин оптималдаштыруу жөнүндө» ченемдик укуктук актыны кабыл алуу; (v) Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын ишин баалоонун методологиясынын негизинде бөлүмдөрдүн ишине ички баалоо жүргүзүү боюнча методологияны жана нускама материалдарды иштеп чыгуу жана бекитүү; мамлекеттик органдардын жоболоруна ички баалоонун жол-жоболорун киргизүү.

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлик системасынын горизонталдуу жана вертикалдуу башкаруучулугун, бүтүндүүлүгүн жана байланыштуулугун жогорулатуу боюнча экинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволор өз ара жана башка мамлекеттик органдар менен ченемделген өз ара аракеттенүүлөрүн уюштуруу; (ii) иштин төмөнкүдөй: стратегиялык пландаштыруу, бюджеттештирүү, ченемдик укуктук актыларды даярдоо, региондорду жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн документтерин иштеп чыгуу ырааттуулугун караган саясаттын документтерин даярдоонун бирдиктүү системасын иштеп чыгуу; (iii) башкаруунун мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын ишин баалоонун бирдиктүү жана өтмө системасын түзүү; (iv) мамлекеттик органдардын ишин маалыматтык камсыз кылуунун системасын түзүү.

Биринчи милдет саясаттын төмөнкү чаралары аркылуу чечилет:

(i) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн регламентин кабыл алуу, анда саясатты иштеп чыгуунун жаңы жол-жоболорун киргизүү каралат (ii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламентине секторлор аралык функциялар жана кызматтардын тиешелүү тизмегин аткаруучу мамлекеттик институттун жоопкерчилигин беките турган норма киргизип, эгерде секторлор аралык функциялар жана кызматтардын аткара турган тиешелүү тизмегинин деңгээли жоокерчилигинен 50% ашса, анда ага ушул процессти координациялоо боюнча кеңири укук берүү.

Экинчи милдет саясаттын төмөнкү чаралары аркылуу чечилет: (i) саясаттын документтерин түзүүнүн системасынын моделин этап боюнча иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) «Саясаттын документтерин даярдоонун бирдиктүү системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

Үчүнчү милдет саясаттын төмөнкү чаралары аркылуу чечилет: (i) 2013-жылга жана кийинки жылдарга мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин ишин баалоонун көрсөткүчтөрүн бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун кабыл алуу; (ii) мамлекеттик органдардын ишин квартал сайын баалоо жана жыйынтыктарын жарыялоо; (iii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламентине мамлекеттик органдардын жоболоруна ишти баалоону жүргүзүү  жол-жоболорун бекитүү.

Төртүнчү милдетти төмөнкү чараларды ишке ашыруу менен чечүү пландаштырылууда: (i) мамлекеттик башкаруунун сапатына коомдук мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү; (ii) ченемдик укуктук актыларды экспертизалоонун бардык атайын түрлөрүн өткөрүүдө жарандык коомчулуктун милдеттүү катышуусун регламентке бекитүү; (iii) мамлекеттик органдардын алдында  окумуштуулардын, эксперттердин жана жарандык коомдун адистеринин катышуусу менен эксперттик кеңештерди түзүү; (iv) мамлекеттик органдардын алдында коомдук байкоочу кеңештер (мындан ары – КБК) менен өз ара аракеттенүү жол-жоболорун регламенттештирүү; (v) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жан техникалык регламенттерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (vi) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринин аткарылышын мониторингдөөнү камсыздоо; (vii) электрондук кызмат көрсөтүүлөргө этап боюнча өтүү.

Мамлекеттик органдардын ишин маалыматтык камсыздоо боюнча бешинчи маселе төмөнкү чараларды аткаруу менен чечүүгө болот: (i) маморгандар ортосунда маалыматтар базасын алмашуу механизмин түзүү; (ii) мамлекеттик органдардын ичинде, ошондой эле алардын арасында да башкаруу системасындагы документтердин параллелдүү кыймылынын системасын түзүү; (iii) суралып алынуучу, иштелип чыгуучу жана берилүүчү маалыматтын курамын чектөөнү иштеп чыгуу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын кадрдык потенциалын жогорулатуу боюнча үчүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди аткарууга байланыштуу: (i) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун жана кайра даярдоонун натыйжалуу  системасын түзүү; (ii) кадрларды тандоо жана жайгаштыруу системасын өркүндөтүү, кадрлар резервинин институтун калыбына келтирүү; (iii) кызматка кирүүдө жана кызматынан көтөрүлүүсүндө кадрлардын кызматка баштоосу жана адаптация болуу системасын түзүү; (iv) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге жаңы эмгек акы төлөө системасын түзүү.

Биринчи милдет саясаттын төмөнкү чараларын ишке ашыруу аркылуу чечилет: (i) окутуу аркылуу башкаруунун натыйжалуу системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (ii) окутуу системасынын институттук мүмкүнчүлүгүн бекемдөө; (iii) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу ыкмаларын жаңыртуу; (iv) адекваттуу ресурстук камсыздоонун туруктуу механизмин түзүү.

Экинчи милдетти саясаттын төмөнкү конкреттүү чараларын аткаруунун эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) мамлекеттик жана муниципалдык кызматта карьералык жогорулоо системасын ишке киргизүү; мамлекеттик (ii) кадрлар резервинин институтун калыбына келтирүү.

Үчүнчү милдетти чечүү төмөнкүлөрдүн эсебинен болжолдонууда: (i) мамлекеттик кызмат системасында статс-катчылардын ролун күчөтүү; (ii) кызмат ордун ээлегенде жана кызматы боюнча жылдырууда мамлекеттик кызматкерлердин адаптация болуу механизмин иштеп чыгуу жана киргизүү.

Төртүнчү милдет саясаттын төмөнкү чараларынын эсебинен чечилет: (i) мамлекеттик жана муниципалдык органдарда эмгекке акы төлөө системасын кайра карап чыгуу; (ii) Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнү реформалоо стратегиясын иштеп чыгуу жана бекитүү.

Толук кандуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча төртүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө бурулат: (i) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин жыйынтыгы үчүн алардын жоопкерчилигин жогорулатууну эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук негизин өркүндөтүү; (ii) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын, жоопкерчиликтерин бөлүштүрүү; (iii) бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана жергиликтүү деңгээлде ресурстарды натыйжалуу башкаруу; (iv) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жоопкерчиликтерин жана ролун жогорулатуу, жергиликтүү коомчулуктун жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, ошондой эле берилген ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик органдардын алдында алардын отчеттуулук формаларын өркүндөтүү .

Бул милдеттерди чечүү үчүн саясаттын төмөнкүдөй чараларынын пакети каралат: (i) мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин бөлүштүрүү боюнча талдоо жүргүзүү; (ii) «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга оңдоолорду киргизүү; (iii) муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу жана

ишке киргизүү; (iv) берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттардын ченемдерин иштеп чыгуу; (v) региондордун бюджеттик камсыздалуусун бирдейлештирүү бөлүгүндөгү мыйзамдарга оңдоолорду иштеп чыгуу; (vi) салык чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын абдан ийкемдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын берүү үчүн мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

### 2.1.2. Өлкөнүн улуттук коопсуздугу жана коргонуу жөндөмдүүлүгү

Максаты: өлкөнүн муктаждыктарына шайкеш келген мамлекетти жана коомду туруктуу өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарт катары улуттук коопсуздукту жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуунун деңгээлине жетишүү.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргызстандын улуттук коопсуздугу тышкы коркунучтардын таасиринде, анын ичинде диний жана экстримисттик уюмдар, ошондой эле Афганистан тарабынан келүүчү коркунучтар.

Мамлекеттик чек араны күчөтүү максатында түштүк-батыш региондук командачылыгын түзүү боюнча чаралар көрүлдү. Баткен жана Жалал-Абад облустарында кошумча аскердик бөлүктөр жайгаштырылды. Бирок, жалпысынан өлкөнүн коргоону жөндөмдүүлүгүнүн системасы заманбап куралдануу менен начар жабдылгандыктан жана өлкөнүн Куралдуу күчтөрүнүн кадрдык потенциалын даярдоонун деңгээлинин төмөндүгүнөн улам тышкы коркунучтарга бүгүнкү күндө толук көлөмдө адекваттуу жооп кайтара албайт.

Коомдук коопсуздук чөйрөсүндө укук коргоо системасынын иши менен байланышкан көйгөйлөр өсүп бара жатат, алар: (i) Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине (мындан ары - ИИМ) калктын ишениминин төмөндүгү; (ii) коррупциялык көрүнүштөр; (iii) кылмыш бетин ачуунун аркасынан түшүү, адам укугун жана эркиндигин бузуу; (iv) кесипкөй даярдыктын жетишсиз деңгээли, системасынын саясатташып кетиши; (v) криминогендик кырдаалдын жогорку деңгээли; (vi) башкаруунун терс формаларынын жана ыкмаларынын терең сиңип кетиши; (vii) Ички иштер органдарынын (мындан ары - ИИО) ишинин ачык-айкындуулугунун жоктугу.

ИИОнун жетекчилеринин башкаруучулук төмөн деңгээли, ой жүгүртүүлөрүнүн сиңип калган көнүмүштүгү, билимсиздиги, жана ИИМдин жетекчи курамынын тез-тез алмашуусу жана укук коргоо чөйрөсүндө башкаруучулук инновацияны жайылтууну каалабагандык бүгүнкү күндө жарандык коомдун жана ички иштер бөлүмдөрүнүн жеке курамынын ИИМге карата болгон ишенимин таптакыр кетирди. Коомдо милициянын кызматкеринин терс образы түзүлдү. Жарандардын арызын

карагандагы баш-аламандык жана кылмыш иш козгоодон негизсиз баш тартуу, кылмыш иштерин туура эмес иликтөө, сотто адамдардын акталышы, жарандарды негизсиз кармоо жана убактылуу камоочу жайларга (мындан ары - УКЖ) камоо фактылары табылууда.

Коюлган максаттардан жана белгиленген көйгөйлөрдөн улам, биринчи артыкчылыктуу багыт улуттук кызыкчылыкты коргоо, аймактын бүтүндүүлүгүн коргоо жана Кыргыз Республикасына тыштан болуучу коркунучтарга каршы күрөшүүнү камсыз кылуу болот, аны ишке ашыруу үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү пландаштырылууда:

Биринчиден, бул өлкөнүн аймактык бүтүндүүлүгүн камсыз кылуу жана Республиканын чек аралын коргоону күчөтүү, аларды чечүү үчүн төмөнкү чаралар кабыл алынат: (i) Кыргыз Республикасынын Өзбек Республикасы, Тажик Республикасы менен чек араларын демаркациялоо жана делимитациялоо боюнча өлкөнүн атайын комиссиясынын ишин оптималдаштыруу; (ii) Кыргыз Республикасынын чек арага жакын жайгашкан (Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарынын) калкын мамлекеттик чек араны («Сакчы» ыктыярдуу элдик кошуундарды ж.б. түзүү менен) бирге кайтаруу жана коргоо үчүн тартуу; (iii) Баткен облусундагы айланып өтүүчү жолдун курулушун бүткөрүү; (iv) кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын линиясынын айтылган жана бекитилген участокторунда жана кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын айрым участокторунда (артыкчылыктуу участоктор болуп Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун мамлекеттик участогу каралат) инженердик жабдуу боюнча иштерди аткаруу үчүн финансылык каражаттарды өз убагында бөлүү.

Экинчиден, өлкөнүн суу-энергетикалык, стратегиялык объекттерин коргоону күчөтүү боюнча бул милдет, төмөнкүдөй чаралар менен пландаштырылган: (i) суу-энергетикалык комплекстин стратегиялык объекттерин коргоо үчүн коопсуздук кызматты заманбап техникалык каражаттар менен жабдуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү; (ii) Кыргыз Республикасынын стратегиялык объекттери жана өзгөчө корголуудагы зоналары жөнүндө ченемдик укуктук актыларды, жоболорду кайра кароо жана өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү.

Үчүнчүдөн, өлкөнүн куралдуу күчтөрүн башкаруунун бирдиктүү системасын уюштуруу боюнча бул милдетти төмөнкү чаралардын эсебинен чечүү белгиленген: (i) Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин алдындагы борбордоштурулган командалык пунктту уюштуруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине сунуш киргизүү; (ii) Коргоо Кеңешине мамлекеттин биринчи адамдары тарабынан кабыл алынуучу чечимдерди даярдоодо аналитикалык ишти күчөтүүнү сунуштоо.

Төртүнчүдөн, бул милдет тышкы диний – саясий долбоорлорго каршы күрөшүү боюнча төмөнкүдөй конкреттүү чаралар аркылуу чечилет:

(i) экстремизмдин, террорчулуктун жана сепаратизмдин пайда болушуна идеологиялык каршы күрөшүүнүн методологиясын иштеп чыгуу; (ii) тышкы диний-саясий долбоорлорго каршы күрөшүү боюнча диний жана жарандык коом менен өлкөнүн укук коргоо органдары жана атайын кызматтары менен диалог орнотуу.

Бешинчиден, бул баңги заттардын, психотроптуу заттардын жана прекурсорлордун мыйзамсыз жүгүртүлүүсүнө каршы аракеттенүү боюнча милдеттер, алар саясаттын төмөнкү чараларын камтыйт: (i) өлкөнүн түштүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңгизаттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматтын (мындан ары - БКМК) кызматкерлери үчүн туруктуу жана мобилдүү бангипостторду жана казармаларды куруу; (ii) баңгизат көзөмөлдөөчү органдарды модернизациялоо жана толук техникалык жабдуу; (iii) Кыргыз Республикасынын баңги затка каршы мамлекеттик стратегияны иштеп чыгуу жана бекитүү; (iv) Кыргыз Республикасы ратификациялаган ченемдик укуктук актыларды БУУ Конвенциясынын талаптарына туура келтирүү; (v) баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүү боюнча чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын иштеп чыгуу жана өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү.

Экинчи артыкчылыктуу багыт коомдук коопсуздукту камсыз кылуу болуп саналат, анын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө:

Биринчиден, ИИОну реформалоонун концепциясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча милдет, аны чечүү үчүн төмөнкү чаралар кабыл алынат: (i) ИИОну реформалоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Координациялык кеңешин түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштарды киргизүү; (ii) ички иштер органдарын реформалоонун компоненттерин ишке ашыруунун механизмдерин иштеп чыгуу; (iii) ички иштер органдарын реформалоонун компоненттерин ишке ашыруунун методологиясын иштеп чыгуу.

Экинчиден, ички иштер органдарынын жана коомдун өз ара аракеттенүүлөрүн чыңдоо боюнча милдет, аны чечүү үчүн төмөнкү чараларды аткаруу алдыда турат: (i) сотко чейинки тездетилген өндүрүштү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (ii) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштү уюштуруу жөнүндө нускаманы даярдоо жана бекитүү; (iii) «Кыргыз Республикасында коомдук-алдын алуу борборлор (КАБ) жөнүндө жобону» иштеп чыгуу жана бекитүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү; (iv) «Коопсуз шаар» системасын киргизүү боюнча аракеттердин программасын иштеп чыгуу; (v) дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаларды эске алуу менен (милициянын көчүп жүрүүчү кабылдамасы, коңшулардын көзөмөлү, квартал боюнча полиция ж.б.) сапаттуу калкка көрсөтүлүүчү укук коргоо кызматтарынын сапатын жакшыртуу боюнча механизмди киргизүү.

Үчүнчүдөн, ИИОну реформалоонун коррупцияга каршы компоненттеринин мыйзамдык, уюштуруу-башкаруучулук жана ресурстук негиздерин бекемдөө боюнча милдет, аны чечүү үчүн төмөнкү чаралар ишке ашырылат: (i) ИИОнун жана жекече ар бир кызматкердин ишин баалоонун жаңы критерийлерин иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii). «Электрондук КЭЭК»[2] системасын киргизүү боюнча аракеттенүү программасын иштеп чыгуу; (iii) «Кыргыз Республикасынын катардагы жана жетекчи курамынын кызмат өтөөсү тууралуу жобого» өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (iv) республиканын региондорунда иштеген милициянын участкалык инспекторлору үчүн ИИОнун системасында мамлекеттик, финансылык жана материалдык стимулдарды иштеп чыгуу жана киргизүү; (v) ИИОнун материалдык-техникалык базасын этап боюнча модернизациялоонун планын иштеп чыгуу жана бекитүү; (vi) жарандык коом менен дайыма өзара аракеттенүүнүн форматтарын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу.

Төртүнчүдөн, бул Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кадрларын кесипкөй даярдоонун жана окутуунун системасын жаңылоо. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу пландаштырылууда: (i) ички иштер органдарынын кызматкерлерин даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун окутуу программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii). ИИМдин окуу жайларынын профессордук-окутуучу курамын кайра даярдоо процессин ишке киргизүү; (iii) ички иштер органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоону жана квалификацияларын жогорулатууну жүргүзүү; (iv) ички иштер органдарына кызматка биринчи жолу кабыл алынган адамдарды кайра даярдоонун программасын ишке киргизүү; (v) кайра даярдоонун жыйынтыктарынын негизинде окуудан өткөн адамдар үчүн стимулдаштыруунун жана карьералык өсүштүн системасын киргизүү.

Үчүнчү артыкчылыктуу багыт өлкөнүн коргоо жөндөмдүүлүгүн бекемдөө болуп калат, аны чечүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган.

Биринчиден, бул аскердик реформаны жүргүзүүгө даярдоо үчүн ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар аткарылат: (i) Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгы менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Аскердик доктринасынын долбоорун иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) Кыргыз Республикасынын коргоо системасынын ченемдерин иштеп чыгуу планын жыл сайын оңдоп-түзөтүү.

---

[2]«Электрондук КЭЭК» бул- кылмыштарды эсепке алуунун электрондук китепчесин түшүндүрөт. «Электрондук КЭЭК» бардык чалуулардын, жарандардын даттанууларынын жана арыздарынын жазылышын, ошондой эле ушул процесстин айкындыгын камсыз кылуу менен телекоммуникациялык каражаттардын жардамы аркылуу алар боюнча кабыл алынган чечимдерди жарандар өз алдынча байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Ошону менен бирге эле билдирүүчү интернет, телефондук чалуу же смс-кабар аркылуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот

Экинчиден, өлкөнүн Куралдуу күчтөрүн башкаруунун бирдиктүү борборун түзүү боюнча милдет Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жыйынында ушул маселени кароонун жыйынтыгы боюнча “Коргоо жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду демилге кылуу аркылуу чечилет.

Үчүнчүдөн, бул армиянын кесипкөйлөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатуу. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар аткарылат: (i) контракт боюнча Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн аскер кызматчылары менен комплектөөнүн планын иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) аскерлерди аскер кызматчылары менен контракт боюнча комплектөөгө өтүү боюнча иш-чараларды этап боюнча жүргүзүү.

Төртүнчүдөн, бул аймактык коргоо күчтөрүн бекемдөө. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар көрүлөт: (i) «Жаңы резервдик кошуундарды түзүү жөнүндө» ченемдик укуктук актыны кабыл алуу; (ii) «Аймакты коргоо боюнча насааттар» ченемдик укуктук актыны кабыл алуу; (iii) резервдик кошуундар жана аймактарды ыкчам жабдуу үчүн бөлүнүүчү акча каражаттарын бюджетке киргизүү жөнүндө сунушту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү; (iv) мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте Куралдуу күчтөрдүн жана Кыргыз Республикасынын аймактык коргоо кызыкчылыгы үчүн аймактарды жабдууга катышуу; (v). аймактык коргоону пландаштырууга жана уюштурууга катышуу.

Бешинчиден, бул Куралдуу Күчтөрдү курал-жарактар жана аскердик техника менен кайра жабдуу боюнча иш чараларды пландаштырууну жүргүзүү. Бул милдетти ишке ашыруу үчүн төмөнкү чаралар пландаштырылган: (i) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн өнүктүрүүгө акча каражаттарын максаттуу бөлүштүрүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын иштеп чыгуу жана бекитүү.

### 2.1.3. Туруктуу өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын үстөмдүгүн күчөтүү

Максаты. Мыйзам үстөмдүгүнө жетүү аркылуу коомго конституциялык кепилдиктерди камсыз кылуу.

Учурдагы абалды талдоо. Мыйзамдарды өнүктүрүүнүн шарттарынын бири ченемдик укуктук актыларды түзүү процессине карата көрсөтүлүүчү талаптарды аныктоонун системасына ээ болуу болуп саналат. Бул багытта белгилүү кадамдар жасалды. Мамлекет тарабынан ченемдерди чыгаруу процессин жаңы сапаттуу деңгээлге чыгарууга мүмкүндүк берген чаралар кабыл алынды, алардын ичинде: «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын

жаңы редакцияда кабыл алынышы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыыгуучу актыларынын долбоорлоруна укуктук, укук коргоочулук, экологиялык, гендердик, коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама, мыйзам долбоордук иштерди келечекте пландаштыруу.

Ошону менен бирге, колдонуудагы мыйзамдар дагы деле өзүнө жаңыртууну жана комплекстүү кароону талап кылган, эскирген ченемдердин билгилүү бир санын камтыйт. Буга байланыштуу мамлекеттин укуктук базасын жакшыртуу боюнча андан аркы иштер Конституциянын ченемдерин өнүктүрүү, коомдун реалдуу муктаждыктары, «Укуктун үстөмдүгү» принцибин сактоо үчүн түзүлүшү керек. Андыктан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын сапатын жакшыртуу, мыйзамдарды инвентаризациялоонун механизмдери, атайын адистешкен экспертизаларды жүргүзүү ж.б. аркылуу ченемдердин бири-бирине каршы келген коллизиондук ченемдерин табуу боюнча иштерди жүргүзүүнү белгилейт. Көрсөтүлгөн иштердин жыйынтыгы сапаттуу ченемдик укуктук актылардын иштелип чыгышы зарыл болуп саналат.

Ченемдик укуктук актылардын көпчүлүгү финансылык-экономикалык жагын түзүүчү маселелерди тиешелүү түрдө иштеп чыкпастан кабыл алынат, ошону менен алар башынан эле аткарылбай калууга кириптер кылынат. Мындан тышкары ченемдерди чыгаруучу органдар тарабынан көбүнчө бири-биринин мазмунун кайталай берүүчү, бири-бирине көп учурда каршы келүүчү ченемдик укуктук актылар параллелдүү иштелип чыгат, бул, укук колдонуучулук тажрыйбада укуктук коллизиондук ченемдеринин көлөмүн көбөйтүү менен терс мүнөздө таасир берет. Натыйжада мурда кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга тез-тез оңдоолорду киргизүү көбөйөт, бул өзү эле укуктук процессинин сапатынын төмөн экендигинин күбөсү болуп саналат.

Сапаттуу жана «керектүү» мыйзамды иштеп чыгуу боюнча дагы бир проблемасы «диалог аянтчасынын» жоктугу болуп саналат, анда боло турган актынын «архитектурасы» иштелип, боло турган натыйжалары, перспективалары эсептелип чыкмак, ошондой эле мүмкүн болуучу тобокелдиктер изилденмек.

Белгиленген проблемалардын бар экендиги мамлекеттик ченемдерди чыгаруучу саясатын кайра карап чыгуунун, ченем чыгаруу ишинде кошо аракеттенген мамлекеттик органдардын потенциалын, сапаты төмөн иш үчүн жоопкерчиликти жогорулатуунун, мамлекеттик органдардын мыйзам долбоордук ишин координациялоо үчүн жооптуу органдын потенциалын күчөтүүнүн зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

Ошондуктан, артыкчылыктуу багыт болуп 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн элементтерин эсепке алуу менен укуктук системанын милдеттердин төмөнкүдөй тизмеги менен баланстуулугу болуп калат: (i) мыйзам чыгаруу процессин

модернизациялоо; (ii) адамды өнүктүрүү жана өлкөнүн экономикасынын маселелеринин жыйындысына негизделген сапаттуу мыйзамдарды иштеп чыгуу; (iii) укуктук агартуу жана жарандарды тарбиялоо.

Биринчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда: (i) укуктук, укук коргоочулук, экологиялык, гендердик, коррупцияга каршы экспертизанын түрлөрүн жүргүзүү аркылуу колдонуудагы мыйзамдарда коллизияларды жана боштуктарды, ошондой эле коррупциялык жоболорду табуу; (ii) инвентаризация жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча мыйзамдык массивде коллизияларды жана боштуктарды, ошондой эле коррупциялык жоболорду жоюуга багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу; (iii) ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертизанын өзгөчө адистешкен түрлөрүн жүргүзө турган жеке жана юридикалык жактарды аккредитациялоонун тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү жана (iv) аткарылышы финансылык ресурстар менен камсыздалбаган ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышын токтотууну бекемдөө жагынан мыйзамдарга оңдоолорду киргизүү.

Экинчи милдетти аткаруунун алкагында төмөнкүлөр пландаштырылууда: (i) мыйзамдардын синхрондуу жана координацияланган өнүгүүсүн пландаштыруунун жана болжолдоонун маселелеринде ченемдерди чыгаруу процессине тартылган мамлекеттик органдардын ишин координациялоонун механизмин иштеп чыгуу; (ii) 2017-жылга чейин туруктуу өнүктүрүүнүн программасын ишке ашырууда мыйзам долбоордук иштин маселелеринде аналитикалык борбор болуп санала турган Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдында Эксперттик-консультативдик кеңешти түзүү жана мамлекеттик органдардын ортосунда диалог аянтчасын түзөт.

Укуктук агартуу жана жарандарды тарбиялоо боюнча үчүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилейт: (i) укуктук пропаганданын концепциясын иштеп чыгуу; (ii) укуктук маалыматтардын Борбордук маалыматтарынын модернизацияланган банкын түзүү жана ишке киргизүү, жана (iii) мамлекеттик органдар тарабынан укуктук пропаганданы ишке ашыруу боюнча практикалык чараларды регламентатациялоого багытталган ченемдик укуктук актылардын пакетин иштеп чыгуу.

### 2.1.4. Коррупцияга каршы саясат

Максаты: мамлекетти жана коомду туруктуу өнүктүрүүгө тоскоол болбогон деңгээлге чейин коррупцияны төмөндөтүү, (Трансперенси Интернешнлдин маалыматы боюнча жыл сайын 15 позицияга чейин).

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасында коррупция өлкөнүн улуттук коопсуздугуна олуттуу коркунуч келтирүүдө. Коррупция калктын бийликке болгон ишенимин кетирет, мамлекеттик башкаруунун

бардык системасын бузат, мамлекеттик бийликтин кадыр-баркынын жана мамлекеттик кызматтын беделин түшүрүүгө алып барууда.

Эксперттик баалоо боюнча Кыргызстандагы коррупциядан жыл сайын болуучу зыян - 30 млрд. сомду/ 70 млн. долларды түзөт. Мында 2012-жылы бюджеттин киреше бөлүгү 1,83 млрд. долларды түзгөн. Бул кубулуштун көп факторлук мүнөзү, ошондой эле анын кылмыштуу аракеттердин башка түрлөрү менен байланышы бул кубулуш менен күрөшүү үчүн катуу саясий эркти талап кылат. Мындай саясий эрк бүгүнкү күндө эң жогорку деңгээлде билдирилди. Бирок, жүргүзүлүп жаткан коррупцияга каршы саясаттын натыйжалуулугун төмөндөтүп жаткан бир катар проблемалар бар.

Мамлекеттик башкаруу системасында коррупциянын алдын алуу боюнча бирдиктүү саясатты координациялоо жана иштеп чыгуу боюнча адистешкен институттун жоктугу бул багытта иштин натыйжалуулугун олуттуу төмөндөтөт. Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине караштуу Коррупцияга каршы кызматтын функциясы коррупцияга каршы аракеттенүүдө укукту коргоо мүмкүндүгүн андан ары күчөтүүгө гана багытталган. Мында коррупциянын алдын алуу боюнча милдеттер жана функциялар мурдагыдай эле көңүлгө алынбай калган.

Координациялоочу функцияны ишке ашыруучу органдар менен коррупциянын кесепеттери менен гана күрөшүүнү ишке ашыруучу укук коргоо органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн реалдуу жана таасирдүү механизминин жоктугу коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу боюнча бирдиктүү системаны түзүү процессин таталдаштырылууда. Ошондуктан коррупцияга каршы күрөшүүнүн алдын алуучу чараларынын натыйжалуу институционалдык механизмин түзүү абдан маанилүү.

Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө коррупцияга каршы күрөшүү үчүн мыйзамдын базалык негизи иштелип чыккан. Бирок, коррупцияга каршы экспертиза институтун бекемдөө, коомдук контролдун механизмдерин өнүктүрүү, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасын өркүндөтүү үчүн коррупцияга каршы мыйзамды андан ары өркүндөтүү талап кылынат. Ошондой эле бул багытта сезилээрлик жыйынтыкка коомчулуктун колдоосу менен гана жетишүүгө боло тургандыгын дүйнөлүк тажрыйба көрсөтүүдө.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында коррупция чөйрөсүндөгү кылмыштарды табуунун жана иликтөөнүн атайын ыкмаларын каралган эмес. Коррупциялык кылмыштарды иликтөөнүн институционалдык базасы жана коррупцияга каршы мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын оптималдык системасы иш жүзүндө жок. Жазык-процесстик кодекс кылмыштардын бардык түрүн, коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү кылмыштарды кошо, иликтөө үчүн бирдиктүү чекти белгилейт. Коррупцияга каршы мыйзамда коррупция менен күрөшүүнүн механизми бар, бирок ал жетиштүү натыйжалуу эмес. Мамлекеттин

укуктук инфраструктурасында конкреттүүлүктүн жоктугу коррупцияланган мамлекеттик чиновниктер үчүн мыйзамдардын беренелерин жана ченемдик укуктук актыларды субъективдүү, көпчүлүк учурда туура эмес чечмелөөгө шарт түзөт.

Ченемдик укуктук актылар болуп көрбөгөндөй көп болгон шартта, укуктук жазма буйруктардын түшүнүксүздүгү, укук колдонуучу субъекттердин укуктук ченемдеринин бири-бирин кайталай берүүсү жана алардын карама-каршы келиши, көбүнчө бул же тигил ченем кандай колдонулушу керек жана ал реалдуу кандай таасир келтире тургандыгы тууралуу туура түшүнүк жок, бул коррупциянын пайда болушу үчүн шарттарды айрыкча жогорулатат. Ошондуктан, коррупцияга каршы мыйзамды чечмелөө жана оңдоп-түзөтүү этабына өтүү зарыл деп эсептелет.

Расмий маалыматтарга жана өкмөттүк документтерге жетишүүнү камсыз кылуу маанилүү көйгөй болуп саналат. Кыргызстанда, салыштырмалуу, маалыматка жетишүү жөнүндө өнүктүрүлгөн укуктук жоболор бар, бирок укукту колдонуунун жана маалыматка укук тууралуу маалымдуулуктун начардыгы менен кедерин кетирет. Колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды талдоо жана түзүлүп жаткан укукту улантуучулук тажрыйба маалыматтык ачыктык коррупцияга каршы күрөшүүнүн маанилүү түзүүчүсү гана эмес, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү системасынын иштөөсүнүн, мамлекеттик бийлик органдарынын ишин кошо, негизин түзүүчү (базалык) принциптеринин катарына кирет.

Коррупцияга каршы ишти жүзөгө ашыруучу кесипкөй кадрлардын жоктугу өзгөчө тынчсызданууну жаратат. Укук коргоо органдары коррупция менен күрөшүүнүн, ошол эл учурда коррупцияны табуу жана аларды жоюунун жаңы ыкмаларын киргизбестен калыптанып калган ыкмаларын жетекчиликке алышат. Көз карандысыз коррупцияга каршы экспертиза өнүккөн эмес, коррупцияга каршы программаларды ишке ашырууга жооптуу мамлекеттик органдардын кызматкерлери, коррупцияга каршы ведомстволук программаларды жана аларды ишке ашыруунун техникасын иштеп чыгуунун методикасын билишпейт. Коррупция менен күрөшүүнү ишке ашыруучу укук коргоо органдарынын кадрдык, техникалык, оперативдүү даярдыгынын маселеси чечилбеген бойдон калууда.

Трансперенси Интернешнлдин маалыматы боюнча Кыргыз Республикасы 2012-жылы дүйнөдөгү 174 өлкөнүн ичинен 154- орунду ээлеген жана коррупция жогорку деңгээлде болгон өлкөлөрдүн тобунда.

2013-2017-жылдары мамлекеттин коррупцияга каршы саясатынын артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот: (i) коррупцияга каршы саясаттын институционалдык базасын чыңдоо, анын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) коррупциянын алдын алуу, коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке

ашырылышын координациялоо боюнча көз карандысыз орган түзүү; (ii) коррупцияга каршы мыйзам базасын иштеп чыгуу; (iii) коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана мамлекеттик органдардын ишинин маалыматтык ачыктыгын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды кабыл алууну белгилөөдө: (i) ушул органдын ишин жөнгө салуучу ченемдик документти иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) анын ишин жүзөгө ашыруу үчүн финансылык каражатты издеп табуу; (iii) кадрларды даярдоонун жана кайра даярдоонун системалуу билим берүү механизмин иштеп чыгуу жана киргизүү; (v) мамлекеттик органдарда коррупцияга каршы иштерди тескеген бөлүмдөрдү түзүү жана бул кызматкерлерди билим берүү системасына киргизүү; (vi) коррупцияга каршы программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу; (vii) коррупцияга каршы күрөшүү боюнча чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун системасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Экинчи милдет төмөнкү чаралардын эсебинен чечилет: (i) улуттук мыйзамдарда жок ченемдерди жана четтеп кетүүлөрдү табуу менен коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо жана талдоо жүргүзүү; (ii) коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндө эл аралык укуктук ченемдерди имплементациялоого багытталган жаңы ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана колдонуудагыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (iii) колдонуудагы жана иштелип жаткан ченемдик укуктук актыларга коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүнүн жол-жоболорун иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) мамлекеттик органдар ишке ашырып жаткан коррупцияга каршы чараларды верификациялоо жана валидациялоо ана киргизүү; (v) коррупция жана паракорчулук үчүн кылмыш жоопкерчилигинин ченемдерин талдоо жана күчөтүү; (vi) мамлекеттик органдардын ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу боюнча механизмдерди ченемдик бекемдөө; (viii) коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндө жалпы кабыл алынган эл аралык конвенцияларга кошулуу боюнча чараларды иштеп чыгуу, ошондой эле коррупция менен күрөшүү боюнча өлкөлөрдүн тобуна (ӨТ) кирүү.

Үчүнчү милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү жолдор менен чечүүнү пландаштырууда: (i) бизнести каттоо жана жүргүзүү менен байланышкан, операциялык чыгымдарды азайтуу боюнча иштеп чыгуу; (ii) коррупциянын пайда болушу үчүн шарттардын бар экендигинин предметине контролдоочу, уруксат берүүчү жана көзөмөлдөөчү функцияларды ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын, ошондой эле алардын ишин жөнгө салуучу колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына талдоо жүргүзүү; (iii) мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө, алардын бир бөлүгүн электрондук форматка которуу менен

мамлекеттик органдардын жеке жана юридикалык жактар менен контакттарын максималдуу жоюунун механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) мамлекеттик органдардын ишинин бирдиктүү маалыматтык системасын киргизүү боюнча мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин ченемдик бекемдөө; (v) жарандардын жана уюмдардын кайрылууларын караган учурда коррупциялык тобокелдиктердин пайда болушун жоюу үчүн документтерди эсепке алуу жана аткарылышына контрол жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү документтерди жүгүртүүнүн бирдиктүү маалыматтык системасын киргизүү боюнча чараларды иштеп чыгуу; (vi) жарандык сектордун кызыкдар топторунун катышуусу менен коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Өкмөттүн ишин ЖМКларда пропагандалоонун жана чагылдыруунун форматын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу жана киргизүү;

Коюлган максаттарга жетүү үчүн экинчи артыкчылыктуу багыт коррупциялык тобокелдиктерди жоюу аркылуу коррупцияга каршы күрөшүү болот, аны жылдыруу үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, мониторинг жүргүзүү жана жоюу боюнча башкаруунун бирдиктүү моделин иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii)кадр саясатындагы коррупцияга каршы механизмди иштеп чыгуу жана киргизүү; мамлекеттик кызматкерлерге коррупцияга каршы билим берүүнү камсыз кылуу; (iii) мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө административдик жана бюрократиядан ажыратылган жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү; (iv) саясий коррупциянын алдын алуу боюнча көзөмөлдөөчү механизмди иштеп чыгуу жана киргизүү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү биринчи милдетти төмөнкүдөй жол менен чечүүнү пландаштырууда: (i) коррупциялык схемалардын жана тобокелдиктердин пайда болуусунун колдонуудагы ченемдерине жана тажрыйбаларына изилдөө жана талдоо жүргүзүү; (ii) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасында потенциалдуу жогору коррупциялык тобокелдиктердин зонасын табуунун ыкмаларын жана аны ченөө үчүн шкалаларды иштеп чыгуу; (iii) коррупциялык тобокелдиктердин алдын алуунун жана коррупциялык схемаларды жоюунун механизмдерин иштеп чыгуу; (iv) коррупциялык схемаларды азайтуу/жоюу боюнча рекомендацияларды берүү менен аларды табуу, коррупциялык тобокелдиктерди баалоо боюнча башкаруунун моделин иштеп чыгуу жана расмийлештирүү; (v) коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү үчүн институционалдык потенциалды түзүү боюнча ченемдик укуктук актыларды даярдоо жана бекитүү.

Экинчи милдетти төмөнкү чаралардын эсебинен чечүү болжолдонууда: (i) кадрларды тандоонун жана «эмгек сиңирүү системасынын» негизинде аларды жылдырууну ишке ашыруунун механизмдерин киргизүү; (ii) мамлекеттик кызматкерлердин ишин башкаруунун алдыңкы тажрыйбаларын киргизүүнүн жол-жоболорун

иштеп чыгуу; (iii) коррупцияга каршы саясат боюнча мамлекеттик кызматкерлер үчүн окутуу курстарын туруктуу негизде жүргүзүү; (iv) кадрларды тандоо, ротациялоо, даярдоо жана кайра даярдоонун жаңы кадрдык саясатынын негиздерин иштеп чыгуу; (iv) коррупциялык (кызматтык) кылмыштарды жасаган мамлекеттик кызматкерлерди 10 жылдан кем эмес мамлекеттик жана муниципалдык органдарда иштөө укугусуз стигматизациялоо; (v) коррупционердин терс имиджин пропагандалоо боюнча чараларды иштеп чыгуу жана коррупциянын мамлекеттик кызмат менен сыйышпастыгын кеңири жайылтуу боюнча чараларды иштеп чыгуу.

Үчүнчү милдетти төмөнкү чараларды ишке ашыруу менен чечүү белгиленүүдө: (i) онлайн кызматын камсыз кылуунун жол-жоболорун иштеп чыгуу жана бирдиктүү терезе принцибин жайылтууну улантуу; (ii) кызмат адамынын кардарлар менен жеке контактта болушун чектөөнүн механизмдерин киргизүү жана отчеттуулуктун жана санкциялардын белгиленген формаларын кыскартуу; (iii) электрондук мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүү жана маалыматтардын электрондук базасына жетишүүнү камсыз кылуу жолу менен жарандарга жана уюмдарга кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу жана мөөнөтүн кыскартуу боюнча чараларды иштеп чыгуу; (iv) табылган коррупциялык тобокелдиктердин фактыларын чыгымдоо боюнча мыйзам бузууларды ЖМК аркылуу элге жарыялоо.

Төртүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү пландаштырууда: (i) кызыкчылыктардын чыр-чатагы үчүн институционалдык себептерге талдоо жүргүзүү жана саясий кызмат орундарын ээлегендер үчүн кызыкчылыктардын чыр-чатагын чечүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу; (ii) саясий партияларды каржылоонун ачыктыгын камсыз кылуунун механизмин иштеп чыгуу жана талдоо жүргүзүү; (iii) саясий партиялардын жана шайлоо кампанияларын каржылоону контролдоону камсыз кылуучу механизмдерди иштеп чыгуу; (iv) партиялык эсептерге мониторинг жүргүзүү жана көз карандысыз аудитти киргизүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу; (v) саясий партияларды жана шайлоо кампанияларын каржылоонун эрежелерин бузгандыгы үчүн санкцияларды мыйзамдык бекитүү; (vi) саясий маанидеги адамдар тарабынан коррупциялык пайда болуулардын алдын алуунун механизмин иштеп чыгуу; (vii) мамлекеттик органдар тарабынан чечим кабыл алуу процессинин маалыматтык ачыктыгын камсыз кылуу үчүн электрондук документ жүгүртүүнү киргизүү; (viii) коррупциялык кылмыштарды иликтөөнү жана жасоого күнөөлүүлөрдү жоопко тартууну камсыз кылуу үчүн мамлекеттин жогорку кызмат адамдарынын кол тийбестигин чектөө боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана киргизүү.

Мамлекеттик органдар менен жарандык коомдун өз ара аракеттенүүлөрүнө багытталган үчүнчү артыкчылыктуу багыттын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленген: (i) коррупцияга

каршы чараларды иштеп чыгууга жана мониторинг жүргүзүүгө, ошондой эле Өкмөттүн коррупцияга каршы пропагандаларына коомчулуктун тартылышын камсыз кылуу; (ii) мамлекеттик башкаруу органдарынын ишин коомдук контролдоонун механизмдерин киргизүү.

Биринчи милдети Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүүнү пландаштырууда: (i) он-лайн режиминде комментарийлерди берүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен мыйзам долбоорлоруна карата коомдук консультацияларды жана угууларды жүргүзүү; (ii) мамлекеттик башкаруу органдарындагы коррупциялык схеманы табуу жана алардын ишинин ачыктыгын, айкындыгын камсыз кылуу эксперттик коомчулукту жана коомду тартуу; (iii) ЖМКлар аркылуу мамлекеттик органдардын жана коомдук институттардын коррупцияга каршы ишин чагылдыруу; (iv) мамлекеттик органдардын ишине коомдук таасирдин механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү; (v) коррупцияга каршы иш-чараларды пропагандалоонун механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү; (vi) коррупциялык көрүнүштөрдүн фактылары боюнча жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылуулары боюнча маалыматтар базасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Экинчи милдетти төмөнкү чаралардын эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) жарандык коомдун институттарын кеңири тартуу менен үзгүлтүксүз негизде коррупцияга каршы аянтчанын иштөө механизмин ченемдик бекемдөө; (ii) Мамлекет-жеке өнөктөштүктүн алкагында коррупцияга дуушар болушун кыскартуу боюнча Концепцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (iii) табылган коррупциялык тобокелдердин фактыларын жана каражаттарды сарптоо боюнча мыйзам бузууларды элге жарыялоо; (iv) мамлекеттик башкаруу органдарынын жарандык коомго отчеттуулугунун жол-жоболорун жана форматын иштеп чыгуу жана киргизүү; (v) коррупцияга каршы чараларды ишке ашыруу боюнча жарандык коомдун институттарынын альтернативдүү отчеттуулугунун жол-жоболорун жана форматын иштеп чыгуу жана киргизүү; (vi) мамлекеттик органдардын жана алардын региондук өкүлчүлүктөрүндө түз байланыштарды уюштуруунун бирдиктүү методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү.

### 2.1.5. Көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруу

Максаты: 2017-жылга карата көмүскө экономиканы, анын ИДПдагы өлчөмүн 25% га чейин кыскартуу менен мыйзамдаштыруу үчүн шарттарды түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргызстан үчүн көмүскө экономика өлкөнүн коопсуздугу үчүн реалдуу коркунуч жаратуучу жана атаандашуу үчүн тең эмес шарттарды түзүп, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү үчүн олуттуу тоскоолдук болуп саналган өнөкөт көйгөй. Бул терс кубулуш өлкөнүн бюджеттик чөйрөсүн туруксуздаштырууга көмөк көрсөтүп, салык

салынуучу базаны азайтат. Маанилүү мамлекеттик органдар тарабынан тийиштүү чаралар көрүлбөйт. Көмүскө экономиканы кыскартууда сот системасынын ролу минималдуу. Мыйзамдар иштебеген жерде, бизнес мыйзам күчүнө ишенбегендиктен ага көмүскө сектордо, анын сиңип калган традициялары жана механизмдери менен иштөө пайдалуурак.

Акыркы иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча 2006-жылы Кыргыз Республикасында көмүскө экономиканын деңгээли 53% ды түзгөн. 2012-жылы жаңы иликтөөлөр жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча көмүскө экономиканын деңгээли 39% ды түзгөн. Ишкерлерди «көмүскөгө» кетүүгө аргасыз кылган негизги себептер деп төмөнкүлөр табылган: (i) коррупциялык көрүнүштөрдүн пайда болушу;(ii) саясий стабилдүүлүктүн жоктугу; (iii) накталай акча каражаттарын жүгүртүүнүн жогорку үлүшү; (iv) көмүскө экономиканын көрүнүштөрүнө каршы күрөшүүнүн укуктук жана институционалдык базасынын өркүндөтүлбөгөндүгү; (v) ишти мыйзамдуу жүзөгө ашыруудагы административдик тоскоолдуктар; (vi) ишкердик субъекттери үчүн салыктык отчеттуулуктун жана каттоонун татаал жол-жоболору.

Салык төлөбөгөн, өз кирешелерин жашырган, отчет бербеген, лицензия сатып албаган жана салыктык чегерүүлөрдү атайын төмөндөткөн ишкерлердин сегменти изилденген. Бул изилдөөнүн жыйынтыгын оптимисттик деп эсептесе болот жана 2013-2017-жылдарда көмүскө экономиканын масштабын тактоо үчүн экономиканын бардык секторун бөлүп алганда кеңири жана терең изилдөө жүргүзүү максатка ылайыктуу болот.

«Көмүскө экономиканын» жалпы дүйнөлүк масштабдагы салыштырма салмагы ИДПнын 5-10 % пайызы өлчөмүндө бааланат, эң жогорку жеткен чегинин көрсөткүчү 40-50 % ды түзөт. Көмүскө экономиканын (криминалдык секторду кошо) дүйнөлүк көлөмү 9 трлн. АКШ долларына бааланат, бул бардык ЭКӨУнун өлкөлөрүнүн суммалык ИДПсынын 40%нан ашат. Кыргыз Республикасында бул сумма 100 млрд. сомдон ашык.

Жалпысынан көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруунун аракети өлкөдө эпизоддук түрдө жүргүзүлөт, институттук база түзүлгөн эмес жана бүгүнкү күндө экономика субъекттерин «көмүскөдөн» чыгаруу үчүн таасир берүүчү куралдар боюнча бирдиктүү мамлекеттик саясат жок.

Буларды эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Программаны ишке ашыруунун чегинде экономиканын көмүскөлүгүн пайда кылуучу шарттарды жана себептерди жоюу, ошондой эле аны мыйзамдаштыруу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүүнү белгилөөдө.

Белгиленген максаттарга жетүү үчүн артыкчылыктуу багыттар төмөнкүлөр болот: (i) ишкердик субъекттеринин көмүскө сектордон чыгышы үчүн шарттарды түзүү; (ii) бизнес үчүн мамлекеттин жөнгө салуучу саясатынын алгылыктуулугун арттыруу.

Ишкердик субъекттеринин көмүскө сектордон чыгышы үчүн

шарттарды түзүү боюнча биринчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү маселелерди чечүүгө багытталган: (i) фискалдык башкаруу жагындагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү; (ii) чакан жана орто бизнес үчүн, отчеттулуктун жөнөкөйлөтүлгөн системасын, барынан мурун салык органдарында түзүү; (iii) тышкы соода чөйрөсүндө «бирдиктүү терезе» принцибин киргизүү.

Биринчи маселени чечүү үчүн Өкмөт төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү жана ишкердик субъекттерине «көмүскөгө» кетүүгө түрткү берген факторлордун бар экендигин табуу; (ii) талдоонун негизинде фискалдык башкаруу жагындагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо.

Экинчи маселе төмөнкү чаралар аркылуу чечилет: (i) чакан жана орто бизнес үчүн салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) жөнөкөйлөтүлгөн системада калуу, жана бирдиктүү салыктын ар кандай ставкаларын алуу укугу үчүн шайкештиктин ар кандай критерийлери бар топтор боюнча чечимдерди аныктоо жана кабыл алуу; (iii) салыктык отчеттуулуктун автоматташкан системасын киргизүү; (iv) чакан ана орто бизнеске салыктык текшерүү жүргүзүүнүн автоматташкан системасын киргизүү.

Үчүнчү миаселени төмөнкү чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) электрондук декларациялоону киргизүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) электрондук декларациялоону киргизүүнү эске алуу менен бажы жол-жоболору үчүн максималдуу убакытты (2013-жылы 60 саатка чейин), аны жыл сайын оптималдуу деңгээлге чейин төмөндөтүү менен ченемдик белгилөө.

Бизнес үчүн мамлекеттин жөнгө салуучу саясатынын алгылыктуулугун жогорулатуу боюнча экинчи артыкчылыктын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) ишкердик субъекттерин каттоонун жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү; (ii) коррупциялык схемалардын көрүнүштөрүн жана жогорку деңгээлдеги чиновниктердин бизнести «калкалагычтыгын» жоюу; (iv) биргелешкен жөнгө салуу жана өзүн-өзү жөнгө салуу институттарын киргизүү; (v) мамлекеттик органдардын ишине бизнестин ишеним деңгээлин жогорулатуу.

Биринчи маселени Өкмөт төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда; (i) ишкердик субъекттерин каттоого (кайра каттоого) «билдирме принцибин» киргизүүнү караган ченемдик укуктук актынын иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) ишкердиктин ишканаларын жабуунун конкреттүү мөөнөттөрүн ченемдик белгилөө; (iii) ишкердик субъектти жоюу процессин созгондугу үчүн мамлекеттик органдын административдик жоопкерчилигин мыйзамдык киргизүү; (iv) каттоодо «бирдиктүү терезе» принцибин киргизүү боюнча ченемдик укуктук актылардын пакетин иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (v)

административдик жол-жоболорду «бирдиктүү терезе» принцибине ылайык келтирүү.

Экинчи маселени чечүү үчүн төмөнкү чаралар көрүлөт: (i) тамеки продукцияларын импорттоого лицензияны алып салуучу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) мамлекеттик орган тарабынан чечим кабыл алуунун жана кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтүн азайтуу; (iii) кызмат көрсөтүү боюнча өз ара мамилелерди электрондук форматка которуу боюнча атайын порталды түзүү максатында министрликтердин жана ведомстволордун маалыматтык базасын бириктирүү; (iv) сатууга кара жана түстүү металлдардын сыныктарын жана калдыктарын жыйноого, сатып алууга жана берилген укугун жокко чыгаруучу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

Үчүнчү маселе төмөнкү чараларды ишке ашыруу аркылуу чечилет: (i) бизнестин айрым субъекттерине формалдуу эмес кол тийбестикти бергендиги үчүн чиновниктердин жоопкерчилигин катуулатуу жагынан ченемдик укуктук актыларга толуктоолорду киргизүү; (ii) ишкердик субъекттерин калкалаган, ошондой эле көмүскө схеманы колдонгон мамлекеттик структураларды табуу боюнча укук коргоо блоктору менен фискалдык органдардын күч-аракеттерин бириктирүү; (iii) 2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Өкмөттүн Планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоонун негизинде рекомендацияларды иштеп чыгуу жана саясий чечимдерди кабыл алуу.

Төртүнчү маселени төмөнкү чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) бизнес коомчулугунун катышуусу менен экономика секторун ашыкча жана натыйжасыз жөнгө салуунун негиздүүлүгүнүн предметине талдоо жүргүзүү жана баалоо; (ii) талдоонун негизинде, негизсиз жана натыйжасыз мамлекеттик жөнгө салуу болуп келген, экономиканын секторлорун биргелешип жөнгө салуунун принциптерин караган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу (бизнес + мамлекет); (iii) экономиканын бул же тигил секторлорунун өзүн-өзү жөнгө салуусунбизнеске өткөрүп берүүнү караган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ченемдерин киргизүү.

Бешинчи маселени төмөнкү чараларды аткаруунун эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) көмүскө экономиканы кыскартуу боюнча Өкмөттүн ишинин жыйынтыгы тууралуу маалыматтык кампанияны өткөрүү; (ii) көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруунун инструменттерин иштеп чыгуу боюнча туруктуу иштөөчү «ачык аянтчаларды» түзүү; (iii) көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруунун механизмдери боюнча саясий чечим кабыл алуу процессине бизнестин өкүлдөрүн тартуунун милдеттүү ченемин киргизүү; (iv) кайра байланышуу менен көмүскө экономикага каршы күрөшүү боюнча маанилүү мамлекеттик органдарда «түз байланыш» телефондук линияларын жана веб-сайттарды түзүү.

# III. ЭЛДИН БИРИМДИГИ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ САКТООНУН ЖАНА ИЙГИЛИКТҮҮ ӨНҮГҮҮНҮН ШАРТЫ КАТАРЫ

## 3.1. Этностор аралык ынтымакты камсыз кылуу, элдин биримдигин чыңдоо

Максаты: стабилдүүлүктү жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнү бекемдөө үчүн чыр-чатактардын алдын алуунун комплекстүү системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Чыр-чатактар Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн реалдуу коркунучу. 2008-2012-жылдардын аралыгында Кыргызстанда социалдык-экономикалык мүнөздөгү[3] 254 чыр чатак, анын ичинде зомбулук мүнөздөгү 1012 окуя менен этностор аралык негиздеги 30 чыр-чатак катталган. Диний мамиле чөйрөсүндө учурда 17 чыр-чатак катталган, анын ичинен үчөө (3) түздөн-түз террордук коркунуч менен байланышкан. Диний чөйрөдөгү чыр-чатактар, эреже катары тирешүүнүн саясий жана идеологиялык формасына өтүп кетиши менен потенциалдуу коркунучту жаратат.

Кыргызстанда чыр-чатактардын негизги үч тиби бар экендигин талдоо көрсөттү, алар бир эле учурда «аралаш» жана «бир формадан экинчи формага өтүүчү боло алышат: (i) ресурстарга (сууга, жерге, жайытка, пайдалуу кендерге) бирдей эмес же калыс эмес жетишүүдөн, чек ара жанындагы чыр-чатактарды жана инвесторлор менен болгон чыр-чатактарды кошо, пайда болгон чыр-чатактар; (ii) идентификациялык чыр-чатактар: этностор аралык чыр-чатактар, конфессиялар аралык чыр-чатактар; (iii) басмырлоону же четтетүүнү сезүүдөн пайда болгон чыр-чатактар: коомчулук менен ЖӨБдүн ортосундагы жергиликтүү деңгээлдеги чыр-чатактар, социалдык топтор менен мамлекеттик бийликтин институттарынын ортосундагы ж.б. чыр-чатактар.

Өлкөдө чыр-чатактардын алдын алуу боюнча артыкчылыктуу багыттар төмөнкүлөр болот: (i) мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлде чыр-чатактардын алдын алуунун натыйжалуу механизмин түзүү; (ii) этностор аралык мамилелер чөйрөсүндө чыр-чатактарды кыскартуу; (iii) башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине чыр-чатактан талылуу топтордун катышуусун кеңейтүү.

Биринчи артыкчылыктуу багыттын алкагында төмөнкү маселени чечүү белгиленүүдө: (i) чыр-чатактардын алдын алуунун жана тынчтыкты түзүүнүн механизмин институтташтыруу; (ii) тынчтыкты түзүү системасында иштеген адамдык ресурстардын потенциалын жогорулатуу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар пландаштырылууда: (i) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында түзүлгөн Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамиле боюнча мамлекеттик

---

[3] “Egalitee” (Эгалитэ) чыр-чатактарды башкаруу агенттиги

агенттиктин базасында социалдык жана башка мүнөздөгү, этностук багытка бурулуп кетиши мүмкүн болгон жаңжалдарды эртелеп алынктоочу жана алдын алуучу иштиктүү системаны түзүү; (ii) бул Агенттиктин алдында Жаңжалдардын алдын алуу жана тынчтыкты орнотуу боюнча улуттук координациялык борбор түзүү; (iii) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) жана жарандык коомдун институттарынын ортосундагы эриш-аркак иштешүүнүн координациялык механизмин иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) чыр-чатактуу жамааттарда "тынчтык келишим" практикасын киргизүү; (v) чыр-чатактардын чыгуу коркунучун баалоо методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Кадрлардын потенциалын жогорулатуу боюнча экинчи маселени чечүүнүн алкагында төмөнкү чаралар белгиленүүдө: (i) чыр-чатактардын алдын алуу жана чечүү боюнча иш-милдеттерди табуу үчүн министрликтердин, ведомстволордун жана ЖӨБнын кызматкерлеринин компетенцияларына аудит жүргүзүү; (ii) чыр-чатактардын алдын алуунун маселелери менен иштеген кызматкерлерге карата квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу; (iii) конфликтологиянын маселелерин кадрларды тандоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча квалификациялык талаптарга киргизүү;(iv) кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун программасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Экинчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү маселелерди чечүү пландаштырылууда: (i) «Тынчтыктын тили» Улуттук программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; (ii) этностор аралык консолидация жана диний сабырдуулук боюнча демилгелерди жылдыруу үчүн кинематографиянын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, билим берүүнүн жана маданияттын мүмкүнчүлүктөрүн кошо аракетке келтирүү.

Биринчи маселени чечүү үчүн төмөнкү чаралар белгиленген: (i) ченемдик укуктук актыларды мамлекеттик тилге которууда бирдиктүү бир түргө келтирилген тилдик стандартты иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) мамлекеттик тилдин котормочуларын даярдоонун, кайра даярдоонун жана сертификациялоонун программасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (iii) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн мамлекеттик тилди билүүсүнүн деңгээлин баалоонун стандартташтырылган системасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) тилди билүүсүнүн деңгээлин эске алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге мамлекеттик тилди окутуу жана улуттук иш кагаздардын ченемдерин үйрөтүү; (v) чоңдорду мамлекеттик тилге интенсивдүү окутуу боюнча натыйжалуу программаларды жана окуу куралдарын иштеп чыгуу жана киргизүү; (vi) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн расмий тилди окутуу боюнча кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу; (vii) алыскы жана бир этностуу райондордо расмий тилин интенсивдүү окутуу боюнча натыйжалуу программаларды жана окуу куралдарын иштеп чыгуу жана киргизүү (viii)

(мамлекеттик тилдин негизинде эки тилдүү жана үч тилдүү) сөздүктөрдү, көп этностуу коомчулукта иштеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн сүйлөшмөлөрдү түзүү жана таркатуу; (ix) көп этностуу коомчулукта иштеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн улуттук азчылыктардын тилдерине үйрөтүү боюнча кыска мөөнөттүү интенсивдүү лингвистикалык тил курстарын уюштуруу жана өткөрүү.

Экинчи милдетти чечүү төмөнкү чараларды ишке ашырууга негизделет: (i) улуттук маданиятты өнүктүрүүнүн келечеги боюнча перспективалуу илимий изилдөөлөрдү колдоо; (ii) Кыргызстанда жашаган этностордун маданий мурастарынын эң мыкты үлгүлөрүн жайылтуу; (iii) Кыргызстан элинин маданиятынын эң мыкты үлгүлөрүн жайылтуу боюнча сынактарды уюштуруу; (iv) телекөрсөтүүнүн улуттук каналдарында жаңылыктарды жана маалыматтык программаларды расмий тилден мамлекеттик тилге жана тескерисинче синхрондук котормосун ишке киргизүү; (v) жалпыга маалымдоо каражаттарынын (мындан ары – ЖМК) ишинде этностук аспектини чагылдыруунун редакциялык саясатынын стандартын иштеп чыгуу жана таркатуу; (vi) бийликтин мамлекеттик органдарынын жана муниципалдык бирдиктеринин бардык сайттарын эки жана үч тилдүү стандартка которуу; (vii) коомдун этностор аралык консолидациясы боюнча демилгелерди жылдыруу жагында театр, кино жана искусствонун башка түрлөрүн маданий продуктыларына мамлекеттик заказды түзүү; (viii) этностук азчылыктын тилиндеги адабияттар менен региондордогу китепканалардын ишин кайра уюштуруу.

Үчүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү эки негизги милдетти чечүүнүн эсебинен жылдырылат: (i) экономикага жана саясатка чыр-чатактан аярлуу этностук топтордун катышуусуна багытталган «Улуттук кадр» сынамык программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; (ii) аярлуу топтордун региондорду жана өлкөнү экономикалык жана саясий өнүктүрүүгө кошкон салымын эсепке алуунун системасын жүргүзүү.

Биринчи милдет боюнча төмөнкүдөй конкреттүү иш-чараларды ишке ашыруу каралган: (i) «Улуттук кадр» программасын иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) аярлуу топтордун экономикалык жана саясий процесстерге катышуусунун форматын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу жана киргизүү; (iii) тийиштүү маалыматтык кампанияларды өткөрүү; (iv) аярлуу топтордун жана этностук азчылыктын өкүлдөрүнүн арасынан ишкердикти стимулдаштыруу боюнча чаралардын планын иштеп чыгуу.

Төмөнкү чараларды ишке ашыруу менен экинчи милдетти чечүү пландаштырылууда: (i) региондорду жана өлкөнү өнүктүрүүгө аялдардын жана этностук азчылыктын өкүлдөрүнүн салымдарын эсепке алууга басым жасоо менен аярлуу топтордун салымын эсепке алуунун методологиясын иштеп чыгуу; (ii) чыр-чатактардан экономикалык жоготууларды эсептөөнүн методологиясын иштеп чыгуу.

# IV. СОЦИАЛДЫК МИЛДЕТТЕРДИ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ

Адамдык өнүгүү жана жакырчылыктан чыгуу менен байланышкан маселелерди чечүү туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу саясаты экономикалык өсүштү камсыз кылуу жана курчап турган чөйрөнү сактоо боюнча чаралар менен тыгыз байланышта болот. 2012-жылга карата өлкөнүн калкынын 38 % жакырчылыктын чегинде жашаган жана 2008-жылдан тартып жакырчылыктын деңгээли 6,3 пайыздык пунктка өскөн. Мында жакырчылыктын тереңдигинин көрсөткүчү ошол эле деңгээлде калды жана 7,7 % түздү.

Жакыр калктын чоң бөлүгү айыл жергесинде турат, эгерде 2012-жылы өлкө боюнча жалпысынан алганда жакырчылыктын чегинде 2153 миң адам жашаса, анда алардын 66% айылдык калктуу конуштардын тургундары болгон. Мында, айыл жергесиндеги жакыр үй-бүлөлөрдүн жашоо каражаттары жана кирешеси жаратылыш ресурстарынан жана курчап турган чөйрөдөн көзкаранды жана калктын жашоо деңгээли олуттуу даражада курчап турган чөйрөнүн тазалыгынан жана өнүмдүүлүгүнөн көзкаранды. Республиканын бийик тоолуу райондорундагы жакырчылыктын деңгээли түздүктөгү райондор үчүн окшош көрсөткүчтөн жогору (37,3% салыштырганда 39,3%).

Балдардын жогорку жакырчылыгы өзгөчө коркунучту туудурат. 0-17 жаштагы балдардын жалпы санынан 44,6 % жакырчылык шарттарында жашашкан, алардын ичинен 5,6% өзгөчө жакырлардын категориясында болуп калган. Айыл жергесинде балдардын жакырчылыгынын деңгээли 47,6% түздү, бул шаардык конуштарга караганда 8,9 пайыздык пунктка жогору. Жакыр үй чарбачылыгында жашаган балдардын үлүшү жакырчылыктын жалпы деңгээлинен жогору. Бул жагдайды багууда болуунун коэффиценти түшүндүрөт, ал жакыр үч чарбаларда жогору келип, анын чоңдугуна 0-17 жаштагы балдардын саны ири таасир көрсөтөт. Ошентип, эгерде бир жакыр эмес үй чарбасына 1,9 бала туура келсе, жакыр үч чарбасында бул көрсөткүч 2,7 балага жетет.

Жакырчылыктан чыгуу калктын жашоо сапаты маселеси менен түздөн-түз байланышта. Жашоо сапатынын актуалдуу маселелеринин бири болуп сапаттык жана сандык курамы боюнча баланстуу тамактануу саналат.

1990-жылдан 2011-жылга чейин калктын жан башына тамактануунун негизги продуктыларын керектөө деңгээлин салыштырсак, калктын тамактануу сапатынын начарлашы анык көрүнүүдө. Эгерде 1990-жылы калктын жан башына этти жана сүт азыктарын керектөө айына 3,5 түзсө, 2011-жылы бул көрсөткүч дээрлик эки эсеге чейин кыскарган жана айына

1,7 кг түзгөн. Андан дагы сүт жана сүт азыктарын керектөө кыскарган- 1990-жылы айына 20,1 кг дан 2011-жылы 6,9 кг.

Туруктуу өнүктүрүүгө өтүү калкка курчап турган чөйрөнүн факторлорунун таасирин баалоону гана эмес, адамдын курчап турган чөйрөгө таасирин дагы баалоону болжолдойт. Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнүн жетишсиздиги тиричилик деңгээлде курчап турган чөйрөгө адамдын терс таасирин күчөтүүгө алып келет.

Жашоо сапатын жогорулатуу жана жакырчылыкты кыскартуу көйгөйү комплекстүү ыкманы талап кылгандыгын эске алып, Өкмөт туруктуу өнүктүрүүнүн принциптерине негизденип, курчап турган чөйрөгө таасир этүүнү эске алуу менен экономикалык жана социалдык блоктордун ортосунда теңдештикке жетишүүгө багытталган реформалоо саясатын жүргүзүүнү белгилөөдө.

### 4.1. Эмгек рыногу жана иш менен камсыз кылуу

Максат: эмгек ресурстарынын сапатын жогорулатуу, калкты иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү жаатында сунушталуучу кызматтардын сапатын жана спектрин кеңейтүү.

Учурдагы абалды талдоо. Экономикалык активдүү калк 2,5 млн., жумуштуулардын санынан -9,1% түзөт. Жумушсуздардын саны 212,4 миң адам, алардын 52%ы аялдар. Жалпы жумушсуздуктун деңгээли 8,5%. Жаштар экономикалык активдүү калктын 68% түзөт. Ар түрдүү куракттагы жаштардын топторунун арасында жумушсуздук 10дон 19% чейин өзгөрүп турат. Республика боюнча орточо айлык кызмат акысы 236 АКШ долларын түзөт, бул Россия жана Казакстандагы орточо айлык кызматы акыдан 3-4 эсеге аз. Өлкөнүн чегинен тышкары эмгек миграциясында баалоо маалыматтары боюнча жыл сайын Кыргызстандын жарандарынын жарым миллиону болушат, расмий эмес эксперттик маалыматтар боюнча бул цифра миллионго чейин жетет. Көз карандысыздыктын бардык жылдарында 500 миңге жакын кыргызстандыктар Россияга туруктуу жашоого кетип, анын жарандыгын алышкан.

Экономиканын формалдуу эмес сектору, мында эмгектин айрыкча начар шарттары, укуктук жана социалдык коргоонун төмөн деңгээли, төмөн өндүрүмдүүлүк, эмгектеги машыгууну өнүктүрүү жана окутуу үчүн чектелген мүмкүнчүлүктөр олуттуу чакырып болуп саналат. Иштегендердин жалпы санынан 24% гана же 548,2 миң адам эмгек ишин экономиканын формалдуу секторунда ишке ашырышат, ошол эле мезгилде экономикалык активдүү калктын 76%, анын ичинде фермерлер жана эмгек миграциясындагы адамдар жеке эмгек менен алектенет.

Жумуштуулук боюнча кызматтарды көрсөтүүнүн институттук системасын куруу аякталган эмес; беш жылдагы өзгөрүүлөр ички жана тышкы эмгек рынокторунда функцияларды бөлүштүрүүнүн ишенимдүү эместигин көрсөттү. Эмгекти коргоону мамлекеттик башкарууну ишке

ашырган орган жок. Бул жагымсыз шарттагы жумуш орундарынын өсүшүнө; травмалардын жана кесиптик оорулардын санынын өсүшүнө, калктын айрым топторунун: жаштардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын (мындан ары – ДМЧА), аялдардын жумушка орношуу көйгөйлөрүнүн курчушуна алып келет.

Республиканын ар бир районунда иш менен камсыздоо кызматтары иштешет, алар эмгектик укук мамилелери, жумушсуздарды каттоо жана учётко алуу, жумушсуздук боюнча жөлөк пулду төлөөгө байланыштуу кызматтарды көрсөтүп, жумушсуздарды кесиптик даярдоо чөйрөсүндө калкка мамлекеттик кызматтарды көрсөтүшөт, ошондой эле, чет өлкөдө ишке орношууну каалаган адамдарга консультациялык-укуктук кызматтарды көрсөтүшөт. Иш менен камсыздоо кызматтары бош орундар банкын толтуруу менен өзүнүн районунун жумуш берүүчүлөрүн менен өз ара аракеттенет, анда ар жыл сайын сунушталуучу 50 миңден 70миңге чейин жумуш орундар бар. Ага карабастан, региондор аралык деңгээлдеги начар байланыш, республика боюнча бош орундардын жана иш иштеп жүргөндөрдүн бирдиктүү маалымат банкынын жоктугу борбордон оперативдүү жөнгө салуунун натыйжасыздыгын көрсөтүүдө. Сунушталуучу иш орундар, эреже катары, сапаты төмөн жана аз төлөнүүчү иш орундары, анын натыйжасында Бишкекте бош орундарды толтуруу 60% деңгээлинде калууда, калган региондордо 80ден 100% чейин. Жаштардын эмгек биржасы (мындан ары - ЖЭБ) ар ай сайын «бош орундардын жарманкесин» өткөрөт, мында жылына жаштардын 10дон 15 миңге чейинкиси кесиптик багыт алуу жана ишке орношуу боюнча консультацияларды алышат. Мындан тышкары, ЖЭБ ата-энелеринен кароосуз калгандарды кошо, жаш өспүрүмдөрдү жана окуучуларды убактылуу жана бир жолку иштерге орноштурат.

Экономиканын тармактары үчүн жумушчу кадрлардын кесиптик даярдыгы өзүнө өлкөнүн бардык региондорундагы 110 кесиптик лицейлерди камтыган, баштапкы кесиптик техникалык билим берүү (мындан ары – КТБ) системасы аркылуу ишке ашырылат. Жыл сайын КТБ окуу жайларында 30-32 миң жаштар окутулат, мындан тышкары, КТБ системасы жумуш жарандарды жана жаңы кесипке ээ болууну самагандарды кыска мөөнөттү негизде окутуу боюнча кызматтарды көрсөтөт. Жүргүзүлүп жаткан реформалар жана материалдык-техникалык базаны жана окуу программаларын модернизациялоо боюнча масштабдуу эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу кесиптик-техникалык билим берүү системасынын жумуш күчүнө болгон сурамдын өзгөрүшүнө, ийкемдүү таасирленишине алып келген жок.

Калктын иш менен камсыз болушун колдоого, жумушсуздукту төмөндөтүүгө жана эмгек рыногунда активдүү чараларды ишке ашырууга карата ресурстардын чектелгендигинен улам, кайрылгандарды камтуу 55% түзөт. 2012-жылы активдүү чаралар менен (кесиптик окутуу, коомдук акы төлөө иштери, микрокредиттөө) 30,8 миң жумушсуздар, же жумушсуздун

расмий статусуна ээ болгондордун санынан 51% жана иш менен камсыздоо кызматтарына кайрылгандардын 21% тартылган. Иш менен камсыздоо кызматтары жумушсуздарды жеңилдетилген күрөөсүз микро кредиттөө системасы аркылуу жаңы иш орундарын түзүү боюнча микро кредиттик уюмдар менен кызматташат. Ар жыл сайын 3500дөн 5 миңге чейин жумушсуздар 10-15% менен 1 жылга 15тен 30 миңге чейинки өлчөмдө жеңилдетилген микро кредит ала алышат. 2012-жылы иш менен камсыз кылуу кызматынан микрокредит алуу эсебинен жаңы жумушчу орундарын 4479 адам ачышты. Орто эсеп менен бир жумушсузга 1 жылга 15%дык пайыз менен 10 миң сомдон 30 миң сомго чейин берилүүдө .

Чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору жумуш берүүчүлөр жана жумуш издөөчүлөр боюнча өзүнүн маалымат банкына ээ, консультациялык-укуктук кызматтарды, баруу алдындагы даярдоону, ошондой эле уюшулган жалдоонун негизинде ишке орношууну каалаган потенциалдуу эмгек мигранттарын окутуу жана тесттен өткөрүү боюнча кызматтарды сунуш кылат. Борбор жеке агенттиктердин ишине мониторинг жүргүзөт. Бишкекте Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөгө ишке орноштуруу боюнча иш менен камсыздоонун 20 жеке агенттиги бар. Орточо алганда, жылына ишке орноштуруунун мамлекеттик жана мамлекеттик эмес агенттиктери аркылуу 2 миңге жакын адам ишке орношот. Ар жылдык миграциялык агым соңку 5 жылда 30 миңден 50 миңге чейин өзгөрүүдө, 2012-жылы агым 3 эсеге кыскарган.

Бүгүнкү күндө чет өлкөдө ишке орношуунун негизги ыкмасы болуп жеке байланыштар саналууда. Бул жалпыга маалымдоо жана мигранттарды жана алардын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүн окутуу үчүн ресурстардын чектелгендиги көрсөтөт. чет өлкөдө эмгек миграциясында болгон Кыргызстандын жарандарына алардын социалдык укуктарын коргоо боюнча кызматтарды штатында эмгек укугу боюнча адиске ээ болбогон, Кыргыз Республикасынын консулдук кызматтары ишке ашырат, жана эреже катары иштин көптүгүнөн улам, кайрылуулардын бардыгына жооп кайтара албайт, ошондой эле эмгек рыногу боюнча маалымат бере албайт. 2010-жылы түзүлгөн Эмгек атташе институту эмгек, жумуш менен камсыздоо жана миграция министрлигин кайра уюштурууга байланыштуу жоюлган. Ошентип, мамлекет кандайдыр бир деңгээлде эмгек мигранттары менен байланышты жоготту, бул чөйрөдө кыргызстандыктардын көп сандуу диаспоралары жашаган жерлерде уюшулган ар түрдүү ассоциациялар жана коомдук бирикмелер активдүү иштөөдө.

2006-2010-жылдарда Кыргызстанда «2010-жылга чейин калкты иш менен камсыз кылуунун улуттук саясаты» жүргүзүлгөн, эмгек рыногундагы саясаттын ушул программанын алкагында каралган чаралары эмгек чөйрөсүндө көйгөйлөрдүн социалдык кесепеттерин жумшартууга багытталган. Соңку 2 жылдын ичинде иш менен камсыз кылуу саясатынын мамлекеттик программасы жок. 2020-жылга чейин Кыргыз

Республикасынын тышкы эмгек миграциясын жөнгө салуу стратегиясынын долбоору талкуулоо стадиясында. Соңку 5 жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси көп жолу өзгөргөн.

Секторлор аралык деңгээлде эмгек чөйрөсүндөгү жаңы көрүнүштөргө жана тенденцияларга жооп катары комплекстүү, экономикалык жактан текшерилген жана макулдашылган чечимдерди кабыл алуу тажрыйбасы түптөлгөн жок. Республикадагы эмгек рыногу аймактар жана талап кылынган кесиптердин түрлөрү боюнча сурам менен сунушту тиешелүү баалоосуз стихиялык түрдө түзүлүүдө. Эмгек рыногуна жөнгө салуучулук чаралардын (бизнес чөйрөсү, соода жана кызмат көрсөтүү) таасирин талдоо, ачык жана стабилдүү эмес экономиканын шарттарында кирешени жана социалдык укуктарды бөлүштүрүү жүргүзүлбөйт. Инвестициялык долбоорлорду долбоорлоодо түзүлүүчү жумуш орундарынын санына жана сапатына, ошондой эле алардын стабилдүүлүгүнө; жергиликтүү жумуш күчүнүн шыгын жана квалификациясын жогорулатууга деталдуу баалоо жүргүзүлбөйт.

Экономиканын керектөөлөрүн эсепке алуусуз, негизинен, материалдык-техникалык базаны түзүүнү талап кылбаган, гуманитардык жана экономикалык адистиктерге кабыл алууну жогорулатуу жагына өсүп кеткен жогорку билим берүү системасы квалификациялуу инженердик-техникалык кадрларга болгон тартыштыкты пайда кылууда. Массалуулуктун артынан түшүү билим берүүнүн сапатынын төмөндөшүнө, дипломдордун девальвациясына (дипломдун билимге шайкеш келбегендиги), кесиптик техникалык билим берүү системасынан потенциалдуу кадрлардын кетишине алып келди. Дээрлик ЖОЖдун бардыгы экономисттерди жана менеджерлерди чыгарат, бирок, мамлекеттик башкарууну кошкондо, иштин бардык чөйрөлөрүндө «жаңы формациянын» орто жана жогорку звеносунун кесипкөй башкаруучулары жок. Көйгөй «акыл-эстин ооп кетишине» каршы туруу боюнча натыйжалуу чаралардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу менен күчөтүлүүдө. Айлык акыны көтөрүүгө карабастан, кесипкөй кадрлардын кетишин токтотууга жана жаш социалдык чөйрөгө жаш квалификациялуу адистердин аз келишин көбөйтүүгө мүмкүн болбой жатат.

Жумушсуздук боюнча учурдагы статистика жумушсуздуктун чыныгы (олуттуу) масштабдарын чагылдырбайт, жумушсуздукту квалификациялар, узактыгы боюнча классификациялоо үчүн мүмкүнчүлүк бербейт.

Калктын өсүп бара жаткан кайдыгерлигинин себептерин, аз төлөнүүчү жана төмөн квалификациялуу иштин секторун изилдөө үчүн маалыматтар жок, жакырчылык менен чектелген аз кирешелүү калктын көбөйүп жаткан сегментине баалоо жүргүзүү зарыл. Ошондой эле, сезондук жана толук эмес жумуштуулукту, эмгек ордун тез алмаштырууну баалоо талап кылынууда.

Жогоруда берилген көйгөйлөрдү эске алуу менен өлкөнүн орто мөөнөттүү саясаты төмөнкү артыкчылыктуу багыттардын тегерегинде бириктирилет: (i) калкты иш менен камсыз кылууну мамлекеттик колдоо; (ii) эмгектин тышкы рынокторунда иштеген Кыргыз Республикасынын жарандарын мамлекеттик колдоо; (iii) аярлуу катмар: аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн эмгекке укугун камсыз кылуу.

Биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү милдеттерди чечиш керек: (i) эмгек рыногунда туруктуу өнүгүүнүн принциптерин ишке ашырууга багытталган ченемдик-укуктук базаны иштеп чыгуу; (ii) эмгекке жарамдуу калктын кызмат менен камсыз болуусун жогорулатуу үчүн шарт түзүү; (iii) эмгек рыногунун муктаждыктарына ылайык жумушсуз жарандарды окутууну уюштуруу; (iv) ички жана регионалдык эмгек рыногунун керектөөсүнө ылайык кадрларды даярдоону камсыз кылуу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн Өкмөт төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) «2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калкын иш менен камсыз кылуунун улуттук саясаты» узак мөөнөттүү улуттук программаны иштеп чыгуу; (ii) республиканын региондору боюнча адистерди алганда экономиканын эмгек ресурстарына болгон муктаждыгын болжолдоо картасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) «Калкты иш менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамын бекитүүгө киргизүү жана иш менен камсыз кылуунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу (иш менен камсыз кылуунун бардык чөйрөлөрүн, коомдун ишке кошо тартылган бардык субъекттеринин иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүүгө жоопкерчиликтин чараларын жана катышуу формаларын камтуу) (iv) эмгек рыногунда мамлекет менен жеке сектордун өз ара аракеттенүү механизмин караштыруучу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу; (v) сапатка багытталган, мамлекеттик кызматтардын (13 стандарт) стандарттарын (паспорт) иштеп чыгуу; (vi) формалдуу эмес секторго топтоо менен эмгек рыногунун бардык сегменттери боюнча жетиштүү деталдаштыруунун көрсөткүчтөрүн эске алуу методикасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Экинчи милдет эмгекке жарамдуу калктын кызмат менен камсыз болуусун жогорулатуу үчүн шарт түзүү төмөнкү чаралар аркылуу чечилет: (i) республиканын социалдык объекттеринде акы төлөнүүчү коомдук иштердин долбоорлорун иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу; (ii) алыскы, бийик тоолуу жана чек ара пункттарында аялдардын жана жаштардын санынан элдик өнөрчүлүккө окутулган жумушсуздарды ишке орноштуруу боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу; (iii) кесиптик ориентациялоо иш-чараларын өткөрүү, калкты иш менен камсыз кылуу боюнча каттоо жана кеңеш берүү боюнча иш менен камсыз кылуунун көчмө кызматтарынын ишин уюштуруу; (iv) жумушсуз жарандарды, жаштарды, аялдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды ишке орноштуруу

максатында «Бош орундардын (вакансиялардын) жарманкелерин» уюштуруу жана жылына 15тен кем эмес жолу өткөрүү; (v) кызматка орноштуруу кызматтарында микрокредиттөө үчүн бизнес планын иштеп чыгуу мезгилинде калкка кеңеш берүү боюнча материалдардын пакетин иштеп чыгуу жана таратуу (vi) кызматка орноштуруу кызматтары аркылуу жергиликтүү эмгек рынокторундагы эмгек рыногуна квалификациялуу кадрларга суроо-талаптарды изилдөө үчүн мезгил-мезгили менен текшерүү жүргүзүү.

Эмгек рыногунун муктаждыктарына ылайык жумушсуз жарандарды окутуу боюнча үчүнчү милдет төмөнкүлөрдүн эсебинен чечилет: (i) алыскы, бийик тоолуу, чек ара пункттарындагы жумушсуз аялдарды жана жаштарды элдик кол өнөрчүлүккө, маркетинг шыгына жана жеке ишти уюштурууну окутуунун жөнөкөйлөтүлгөн программаларын ишке киргизүү; (ii) эмгектин жергиликтүү рынокторунда талап кылынган кесиптерге жумушсуз жарандарды окутуунун жөнөкөйлөтүлгөн программаларын ишке киргизүү; (iii) жумушсуздарга курчап турган чөйрөгө экономиканын таасирин азайтуу маселелери (айыл чарба, чакан энергетика, экотуризм) боюнча тааныштыруучу кыска мөөнөттүү курсту иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) туруктуу өнүгүү үчүн кесиптерге жумушсуздар үчүн кыскача тааныштыруу курстарын иштеп чыгуу жана киргизүү (айыл чарбасында, кичи энергетикада, экотуризмде).

Эмгектин ички жана региондук рынокторунун муктаждыктарына ылайык «жашыл» экономикага басым жасоо менен кадрларды даярдоону камсыз кылуу боюнча төртүнчү милдетти чечүү алкагында төмөнкү иш-чаралар аткарылат: (i) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде кесиптик билим берүүнү оңдоп-түзөө максаты менен эмгектин ички, региондук рынокторунун муктаждыктарына мезгил-мезгили менен баалоону жүргүзүү; (ii) иш берүүчүлөрдүн ири заказдары боюнча программаларды/ билим берүү модулдарын оңдоп-түзөөнүн механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) туруктуу өнүгүү шартында талап кылынган кесиптер боюнча жаңы билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү (айыл чарба өндүрүшүндө, жаңы энергияны иштеп чыгууда, экологиялык таза продукция иштеп чыгууда, экотуризмде ж.б.); (iv) окутуучу курамды окутуунун жаңы методикаларына окутуу жана ийгиликтүү окуу жайлардын оң тажрыйбаларын жайылтуу; (v) билим берүүнүн жаңы стандарттары менен иштөө боюнча методикалык жана окуу пособиесин иштеп чыгуу жана таратуу.

Эмгектин тышкы рынокторунда иштеген Кыргыз Республикасынын жарандарын мамлекеттик колдоого багытталган экинчи артыкчылык боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү уюшулган жалдоо аркылуу чет өлкөдө ишке орноштуруу жол-жоболорун стандартташтыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү боюна милдетти чечүүнү пландаштырууда. Бул үчүн төмөнкү иш-чаралар жүзөгө ашырылат: (i) Бажы союзуна (мындан ары – БС) кирүүнүн эмгек рыногуна таасирин изилдөө жана уюшулган

жалдоо, социалдык камсыздандыруу жана эмгек мигранттарын коргоо боюнча Кыргыз Республикасы менен БС өлкөлөрүнүн ортосунда макулдашууларды түзүү; (ii) эмгек мигранттарын камсыздандыруунун регламенттөөчү мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана аларды колдоо боюнча фонддорду түзүү; (iii) соцфонд менен бирдикте чет өлкөдө убактылуу эмгек ишин ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын жарандарын пенсиялык жана социалдык камсыздоо механизмдерин жана формалары иштеп чыгуу; (iv) кыргыз эмгек мигранттарын кабыл алуучу негизги өлкөлөр менен бирдикте окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында окуу борборлорун түзүү жөнүндө макулдашууну демилгелөө; (v) эки тараптуу мамлекеттер аралык макулдашуулардын алкагында демилгелер аркылуу дипломдорду/сертификаттарды (жумушчу кесиптердин) өз ара таануу системасын ишке киргизүү.

Аярлуу катмар: аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн эмгекке укукту камсыз кылуу боюнча үчүнчү артыкчылыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) Социалдык өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды кыска мөөнөттүү окутуу үчүн билим берүү программаларын, аларды андан ары ишке орноштуруу максаты менен механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (ii) аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн ишке орноштуруунун максаттуу региондук программаларын (сынамык долбоорлорун) иштеп чыгуу; (iii) иштеп жаткан балдардын көйгөйлөрүн издеп табуу максаты менен социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү; (iv) балдардын эмгегин пайдалануу жана колдонуу үчүн жоопкерчилик жаатында мыйзамдардын аткарылышына контролдун механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (v) Бишкек шаарында 14-18 жаш курагындагы багуусуз балдарды окутуу, иш менен камсыздоо, эс алуу боюнча долбоорду иштеп чыгуу, иштеп жаткан балдардын негизги билим алышы үчүн ийгиликтүү атайын окуу программаларынын тажрыйбасын таркатуу.

### 4.2. Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү жана илим

Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн башкы максаты адамдын инсандык жана кесипкөй компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн ички жана тышкы ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун, өлкөнү туруктуу өнүктүрүү үчүн керектүү кадрлар менен мамлекетти жана коомду камсыз кылуунун эсебинен камсыз кылууда турат.

Илим үчүн эң маанилүү максат болуп фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүү үчүн актуалдуу көйгөйгө кайрадан багыт алуу жана Кыргызстандын туруктуу өнүгүүгө өтүшүнүн моделдерин түзүү саналат.

Учурдагы абалды талдоо. Билим берүү жаатында саясатты иштеп чыгуу жана башкарууну жана анын жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына мамлекеттик контролду ишке ашыруу Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ишке ашырылат. Ал бала бакчалардан тартып ЖОЖго чейинки - 3 миңден ашык билим берүү уюмдары менен түздөн-түз иштешет. Бирок, баштапкы кесиптик билим берүүнү башкаруу (ПТБА) Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлигинин функцияларынын бири болуп саналат жана башкаруу структураларынын алсыздыгы билим берүү жаатында бирдиктүү саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну кыйындатууда. Билим берүү уюмдарын башкаруу жана контролдоо процесстери билим берүүнүн райондук жана шаардык бөлүмдөрү аркылуу ишке ашырылат, алар педагогдорго дагы методикалык колдоону көрсөтүшү керек. ЖОЖду жана атайын кесиптик окуу жайларды (АКОЖду) башкаруу БИМ тарабынан түздөн-түз ишке ашырылат жана аралык структураларга ээ эмес. Калкка кызматтарды көрсөтүүчү агенттиктер болуп билим берүү уюмдары саналат. Билим берүү жаатында кызматтарды көрсөтүү функциялары жергиликтүү өз алдынча башкарууда дагы бар, алардын компетенциясына билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына ылайык мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүүнү камсыздоо жана билим берүүнүн аталган деңгээлдеринде кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыздоо кирет.

Кыргызстандын билим берүү системасы өнүккөн инфраструктурага, даярдалган педагогикалык кадрларга (80% ашыгы- жогорку билимдүү), балдарды окутуу жана тарбиялоонун олуттуу салттарына ээ. Бирок, билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде бир катар көйгөйлөр бар: балдардын 15 гана % мектепке чейинки уюмдардын колдоосун алышат. Балдардын эрте жетилишине көңүлдүн бөлүнүшүнүн жетишсиздигинде, бул аларды социалдаштырууну кыйындатат жана андан ары окууда жана жашоодо ийгиликтүүлүгүн төмөндөтөт. Мектептеги деңгээл үчүн негизги көйгөйлөр- билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты. Мектептердин жайгашуусу жана инфраструктурасы (жетиштүү жалпы санында) калктын муктаждыктарына толук жооп бербейт. Эл аралык уюмдардын изилдөөлөрү мектепке ар дайым же убактылуу келбеген мектеп курагындагы 50 миңден ашык балдарды эсептеген. Ошол эле мезгилде, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматтарына ылайык, 2011-жылы 3 981 бала мектепке барган эмес. Релеванттык статистиканын жоктугу балдарга билим берүүнүн даректүү кызматтарын көрсөтүүнү кыйындатат. Билим берүүнүн учурдагы системасы өзгөчө муктаждыктары менен окуучулар/студенттер жана аярлуу үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн начар ыңгайлаштырылган. Натыйжада, Кыргызстандын жаш жарандарынын ири бөлүгүн билим берүү системасынан чыгарып салуу коркунучу бар, бул мындан ары өлкөнүн адамдык ресурсунун сапатынын начарлашына алып келиши мүмкүн. Өзгөчө муктаждыктагы балдар

инклюзивдик же атайын мектептерде, ата-энеси жок балдар - жатак мекемелерде билим алышы мүмкүн.

Билим берүүдөн ишке өтүү өзү менен кесиптик багыт алуунун өнүккөн системасынын жоктугу жана эмгектин анча өнүкпөгөн рыногу менен, ал эми башка жагынан бүтүрүүчүнүн жетишсиз компетенттүүлүгү менен татаалдашкан процессти сунуш кылат. Баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим алуу ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. БЕФ изилдөөсүнө (2012-ж.) ылайык, ОКБ же ЖКБ аяктагандан кийин ишке орношкондор 63,4% болгон, алгачкы гана билимге ээ болгондордун арасында -26,9%; тиешелүүлүгүнө жараша жумушсуз калгандар- 12,4% жана 16,7%. Мында АКБ же ОКБ бүтүрүүчүлөрү ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө караганда жумушту бат табышат. Чоң кишилердин билим алышы жана /же кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу формалдуу сектордо (кечкисин/сменалык/сырттан окуу мектептери), кесиптик билим берүү уюмдары сыяктуу эле, формалдуу эмес сектордо (курстар, ЖКОБ ж.б.) дагы мүмкүндүк болот. Каржылоо системасын башкаруу сапатын жогорулатуу үчүн кеңири сектордук ыкмага - бюджетти донордук каражаттар менен түз колдоого өтүү үчүн шарттар даярдалган. Бөлүнүп берилүүчү каражаттар өнөктөштөр менен макулдашылган жалпы жана атайын шарттардын Кыргызстан тарабынан аткарылышына ылайыктуу өлкөгө келип түшөт. Болжол менен жакынкы 5 жылда, жагымдуу шарттарда билим берүү системасына 50 млн. ашык еврону тартууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Билим берүү маселелери Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Билим берүү тууралуу», «Мугалимдин статусу жөнүндө», «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ошондой эле стратегиялык документтер (2012-2020-ж.ж. билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы) (БӨС- 2020), БӨС-2020 ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы менен жөнгө салынат.

Билим берүү системасынын негизги документтеринин катарына туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн бир катар маселелери киргизилген: БӨС-2020, Алкактуу Улуттук стандарт (куррикулум) [4], Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясы[5], туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн концепциясы ж.б. Кыргызстан ТӨМБ боюнча БУУнун ЕЭК стратегиясын аткаруунун жалпы дүйнөлүк процессинин жана туруктуу өнүктүрүү үчүн билим берүү боюнча БУУнун Глобалдуу декадасынын бөлүгү болуп саналат. Жалпы жонунан, ченемдик укуктук база жетиштүү болуп саналат, ага карабастан, билим берүүнү башкаруу органдарынын билим берүү уюмдары жана ЖӨБ менен өз ара аракеттенүүсүн жана инклюзивдүү билим берүү жана бир катар башка маселелерди начар жөнгө салат. Билим берүү жаатында контролдоо-көзөмөлдөө институттарынын бирдиктүү системасы жок: контролдоочу

[4] 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында кабыл алынган.

[5] 2007-ж. кабыл алынган.

функциялар билим берүүнү башкаруу органдарынын компетенциясына киргизилген, алар, тилекке каршы, контролдоо функцияларын административлык текшерүүлөр менен алмаштырып коюуда. 2013-жылдан тартып, билим берүүнүн аймактык башкармалыктарында билим берүүнүн финансылары жана сапатын контролдоо борборлорун түзүү башталат, бул мектепте билим берүү деңгээлинде контролдоо функцияларды күчөтүүгө мүмкүндүк түзөт. Орто билим берүүнүн деңгээлин контролдоо функциялары БИМде бар; жогорку билим берүүнүн сапатын ички жана тышкы контролдоо системасы (аттестация) иштейт. 2013-жылдан тартып аккредитациялоо системасы иштеп баштайт.

Билим берүү системасынын кадрлары 75502 мугалимди, 5 миңден ашыгы орто кесиптик билим берүү (мындан ары - ОКБ) педагогдору жана 12 миңи жогорку кесиптик билим берүүнүн профессордук-мугалимдик курамы (мындан ары – ЖКБ) профессордук окутуучулар курамын түзөт. Формалдуу көз караштa, мектеп мугалимдеринин сапаттык курамы жогорку деңгээлде калууда-80% ашыгы жогорку билимге ээ, бирок мугалимдерди сынамык тестирлөө көрсөткөндөй- 62% гана тесттерге туура жооп берди, калгандарыныкы- өзүнүн предметинде компетенттүлүгү жетишсиз. Мында педагогикалык (методикалык) шыктардын сапаты боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. ОКБ жана ЖКБ кадрлары алардын ишинин чөйрөсүндөгү акыркы илимий жана прикладдык иштеп чыгуулар менен жетиштүү тааныштыгы жок, бул студенттерди сапаттуу даярдоону камсыз кылбайт. Ошондуктан, болочок педагогдорду даярдоону, ошондой эле квалификация жогорулатууга ваучерди киргизүүнүн эсебинен мугалимдердин/педагогдордун муктаждыктарын эсепке алуу жана сунушталуучу кызматтардын ар түрдүүлүгүн көбөйтүү үчүн квалификациялоо системасын өзгөртүү зарыл. ОКБ жана ЖКБ педагогдору үчүн квалификацияны жогорулатуу системасын калыбына келтирүү керек.

Маалыматтын жеткиликтүүлүгү. Билим берүү жөнүндө маалымат керектөөчүлөргө 2010-жылдан тартып иштеп жаткан БИМдин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек миграция жана жаштар министрлигинин (КТБА) сайты, билим берүүнүн бир катар уюмдарынын сайттары, БИМдин отчёттук коллегиясынын ар жыл сайын жарыяланууучу материалдары, «Кут билим» тармактын гезит аркылуу сунушталат. Бирок, азыркы күнгө чейин билим берүү системасынын маалыматтык саясатынын бирдиктүү концепциясы түзүлгөн эмес, ал 2013-жылы иштелип чыгат. Соңку жылдарда БИМ стратегиялык документтердин аткарылышына мониторингди жана баалоону үзбөй жүргүзүүдө, бул саясий чечимдерди кабыл алуу үчүн маалымат берет. Бирок, азыркы мезгилге чейин билим берүү системасы тарабынан сунушталуучу кызматтардын сапатына системдик мониторинг жүргүзүлбөйт. Натыйжада, Улуттук статистика комитетинин, билим берүү системасында иштеген бей өкмөт уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын маалыматтары колдонулат. Бирок, алар тарабынын колдонулуучу, маалыматтарды чогултуунун

методологиясынын ар түрдүүлүгүнөн улам, ар түрдүү көйгөйлөрдү сандык жана сапаттык баалоодо олутту айырма бар (мисалы, балдардын мектепке барбашы). Маалыматтын жетишсиздиги же анын репрезентативдүү эместиги чечимдерди кабыл алууну кыйындатууда.

Илим. Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын илимий-техникалык потенциалын чындоо жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө илимдин жана техниканын салымын жогорулатуу үчүн илим чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгууда. Бирок, өлкөдө илимди башкаруунун бирдиктүү системасы жок- ал үч институтта бөлүп жайлаштырылган: Билим берүү жана илим министрлигинде, өзүнүн ишинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө»[6] Мыйзамын жана УИАнын Уставын[7] жетекчиликке алган Улуттук илимдер академиясында жана Кыргыз патентте.

Ченемдик камсыздоо жаатында илимди өнүктүрүү «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу», «Илимий-техникалык маалыматтын системасы жөнүндө» мыйзамдары менен аныкталат. Бирок, бул мыйзамдарда негизинен илимдин аракеттенишинин институционалдык көйгөйлөрү белгиленген жана илимде инновацияларды киргизүүнү, илимий иштин жаңы формаларын уюштурууну колдоого багыттала турган так жазылган аракет жок.

Илим жаатында кадр маселеси көбүн эсе экономикалык көйгөйлөргө, анын ичинде лабораториялык жабдуулардын эскириши жана аларда изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн мүмкүн эместигине; илимий иштин кадыр-баркынын төмөндөшүнө; таланттуу жаштарды илимий ишке тартуу үчүн аларды издөө жана тандоо системасынын начардыгына, натыйжасында илимий кадрларынын улгайышына, мурда аракеттенген илимий мектептердин начарлашына байланыштуу.болууда.

Соңку жылдарда чет өлкөлүк университеттерде жана башка окуу (илимий) мекемелерде стажировкадан өткөн же билим алган жаш изилдөөчүлөрдүн иштеп жаткан илмий структураларда иштешинин татаалдыгы көйгөйжаратып, бул таланттуу жаштарды өлкөдөн кетүүгө же иш чөйрөсүн алмаштырууга мажбур кылууда.

Ошол эле мезгилде, Кыргызстандын университеттеринин бүтүрүүчүлөрү изилдөө иши үчүн керектүү компетенцияларга дайым эле ээ болушпайт, мында Кыргыз Республикасынын ЖОЖда илимдин начар өнүккөндүгүнө жана профессордук- окутуучу курамдын жетишсиз квалификациясына байланыштуу- профессордук- окутуу курамдын жалпы санынан болгону 5 %- доктор, 23%- илим кандидаты окумуштуулук даражасына ээ.

---

[6] «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө» КР 2002-жылдын 25-июлундагы № 132 мыйзамы.

[7] КР Өкмөтүнүн 1997-жылдагы 9-декабрындагы № 719 токтому менен бекитилген.

Илимдин маалыматтык базасынын алсыздыгы сыяктуу эле, чет өлкөлүк окумуштуулар менен байланыштардын жетишсиздиги, жалпыга таанылган дүйнөлүк «келтирилген цитаталар индексинин» кыргыз окумуштууларынын иштерине шилтемелердин жоктугу Кыргызстандын илимин тар, локалдуу көйгөйлөргө алып келип, илимий изилдөөлөрдүн жайы методологияларын таанууну жана киргизүүнү кыйындатат, өлкө үчүн маанилүү тармактардын, иштеп чыгуулардын жаңы багыттардан бөлүнүүсүн бекемдейт.

Илимди жашыл экономиканы өнүктүрүүдө жана туруктуу өнүгүүдө инновацияларды колдоого кайрадан багыт алдыруу зарылчылыгына байланыштуу, Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн актуалдуу болгон көйгөйгө фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү кайрадан багыт алдыруу зарыл.

Максатка жетишүү төмөнкүдөй артыкчылыктарды ишке ашыруу аркылуу камсыздалат:

(i) билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

(ii) адамдын курактык муктаждыктарына ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билимди сунуштоо;

(iii) өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнү алга жылдырууга багыт алган конкреттүү заказчы менен ишке илимди, анын ичинде -жождук чөйрөнү кайрадан багыт алдыруу.

Билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө топтолгон:

(i) билим берүүгө жооптуу мамлекеттик органдын институционалдык өнүгүүсүн камсыз кылуу;

(ii) билим берүү чөйрөсүндө статистикалык учётту жана болжолдоону жакшыртуу;

(iii) керектөөчүлөр жана башкаруучулар үчүн билим алуунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө анык, жагымдуу жана сапаттуу маалыматка жетишүүсүн камсыздоо;

(iv) мониторинг жана стратегиялык пландаштыруунун негизинде билим берүү секторунда чечимдерди кабыл алуу системасын өркүндөтүү.

Билим берүүгө жооптуу мамлекеттик органдын институционалдык өнүгүүсү боюнча милдетти чечүү үчүн, Өкмөт төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашырууну белгилөөдө:

(i) БИМдин жана ошондой эле билим берүүнүн региондук башкармалыктарынын деңгээлинде функционалдык талдоону мезгил-мезгили менен жүргүзүү;

(ii) БИМдин жана ошондой эле билим берүүнүн региондук башкармалыктарынын потенциалын күчөтүү;

(iii) билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү системасына алардын ишин координациялоону жакшыртуу үчүн талдоо жүргүзүү.

Билим берүү чөйрөсүндө статистикалык учётту жана болжолдоону жакшыртууга жетишүү саясаттын төмөнкүдөй чараларын ишке ашыруу аркылуу болжолдонууда:

(i) SWAp, жан башына каржылоого ж.б. өтүү алкагында билим берүү чөйрөсүндө учётко алууну жакшыртуу үчүн статистикалык отчёттуулуктун формаларын (Улуттукстатком менен макулдашуу боюнча) жаңыртуу;

(ii) сектордун муктаждыктарынын улам, билим берүүдө изилдөөлөрдү туруктуу негизде жүргүзүү;

(iii) эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөргө суроо-талап боло тургандыгы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү;

(iv) Кыргыз Республикасындагы билим берүүчү уюмдардын маалыматтар базасын түзүү боюнча мектепке чейинки, орто, жогорку кесиптик билим алуу деңгээлинин индикаторлорун иштеп чыгуу;

(v) билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасын түзүү жана анын иштешин камсыздоо.

«Керектөөчүлөр жана башкаруучулар үчүн билим алуунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө анык, жагымдуу жана сапаттуу маалыматка жетишүүсүн камсыздоо» милдетин чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашыруу зарыл:

(i) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин сайтын ар дайым жаңыртып туруу;

(ii) БИМдин иштеп жаткан web-сайтына интеграцияланган билим берүү порталын иштеп чыгуу, анда «Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын маалыматтарынын маалыматтык базасы», изилдөөлөр, инновациялык иштеп чыгуулар, долбоорлор камтылат, ошондой эле, пикир алмашуу үчүн Форум колдоого алынат; (iii) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруунун стандарттары, администрациянын, Камкорчулук кеңешинин иши жөнүндө керектөөчүлөргө маалыматты сунуштоо.

Мониторинг жана стратегиялык пландаштыруунун негизинде билим берүү секторунда чечимдерди кабыл алуу системасы төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашыруунун эсебинен өркүндөтүлөт:

(i) чечимдерди кабыл алуу процессине БИМ иштеп чыккан стратегиялык мүнөздөгү тиешелүү документтерге, БИМдин структуралык бөлүмдөрүнүн, жер-жерлердеги башкаруу органдарынын ишине мониторинг жана баалоо системасын интеграциялоочу иштин ички регламентин иштеп чыгуу;

(ii) мониторингдин натыйжасында алынган маалыматтарды баалоо процессинде аналитикалык потенциалды күчөтүү максатында БИМдин кызматкерлерин окутуу;

(iii) реформалардын улантуучулугун жана билим берүү системасынын туруктуу аракеттенүүсүн камсыз кылуу үчүн 2012-2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашыруунун экинчи (2015-2017) жана үчүнчү (2017-2020) мезгилдерин жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу;

(iv) (iv) топтордун кызыкчылыктарын билим берүүнү башкаруу органдары менен диалогго жана билим берүү саясатын иштеп чыгууга кошо тартуу.

Адамдын курактык муктаждыктарына ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билим берүүнү сунуштоого багытталган экинчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкүдөй милдеттер чечилет:

(i) альтернативалуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын системасын өнүктүрүүнүн эсебинен калктын баардык топтору үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

(ii) мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдардын мектепке психология-педагогикалык даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу;

(iii) мектепте билим берүүнүн баштапкы (1-4-кл.), негизги (5-9-кл.) жана жогорку (10-11-кл.) тепкичтеринде окуучуларга сапаттуу билим берүү;

(iv) баштапкы (БКБ), орто (ОКБ) жана жогорку (ЖКБ) кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенттүлүгү менен эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы теңдемдин бузулушун четтетүү;

(v) чоңдордун көндүмдөрүнүн эмгек рыногуна ылайык келишин камсыз кылуу үчүн аларга формалдуу жана формалдуу эмес секторлордо билим берүүнү сунуштоо;

(vi) бардык деңгээлдеги билим берүүнүн курамына «туруктуу өнүктүрүү үчүн билим берүү» моделин түзүү үчүн туруктуу өнүктүрүү маселелерин киргизүү;

(vii) билим берүүгө социалдык жана медициналык инклюзиянын принциптерин ишке ашыруу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чаралар белгиленген:

(i) альтернативдүү мектепке чейинки уюмдарды ачуу;

(ii) мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын альтернативдүү түрлөрүнүн тарамдарынын туруктуу иштөөсүн, анын ичинде айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүүнүн эсебинен камсыздоо.

Экинчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүлөр белгиленген:

(i) мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдарды мектепке даярдоонун 240 саттык программасын ишке ашыруу;

(ii) балдарды мектепке даярдоонун жылдык программасын иштеп чыгуу;

(iii) мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдарды мектепке даярдоонун жылдык программасына апробация жүргүзүү жана аны 2016-жылдан тартып колдонууга киргизүү.

Үчүнчү милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу пландаштырылууда:

(i) 3 жана андан жогорку класстарга жаңы муундун (куррикулумду) стандарттарын киргизүү;

(ii) базалык (5-11-класстар) жана профилдик (10-11-класстар) деңгээлде жаңы муундагы стандарттарды иштеп чыгуу;

(iii) 9-11-класстарда ар бир бүтүрүүчүнүн даярдык сапатын аныктоо үчүн салыштырма форматта экзамендерди өткөрүү;

(iv) Окуучуларды тарбиялоонун концепциясын иштеп чыгуу жана аны Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарына киргизүү;

(v) «100 инновациялык мектеп» инфраструктуралык долбоорун ишке ашыруу;

(vi) 2015-жылга мектепте билим берүүнү Кыргыз Республикасынын бардык облустарында (Ош, Талас, Жалал-Абад жана Нарын облусунун мектептеринде) бирдей сапаттуу билим берүү үчүн ченемдүү бюджеттик каржылоого өткөрүү.

Төртүнчү милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чаралар пландаштырылууда:

(i) туруктуу өнүктүрүүнүн керектөөлөрүн эсепке алуу менен рыноктун керектөөлөрүнө жооп берген билим берүү үчүн ОКБ жана ЖКБ үчүн жаңы муундун стандарттарын иштеп чыгуу;

(ii) стандарттарды ишке ашыруунун сапатын баалоо үчүн мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын курамына иш берүүчүлөрдү киргизүү;

(iii) аккредитациялоо агенттигин түзүү жана ЖОЖдордун тапшырыктары боюнча аккредитациялоону өткөрүү.

Чоңдордун көндүмдөрүнүн эмгек рыногуна ылайык келишин камсыз кылуу үчүн аларга формалдуу жана формалдуу эмес секторлордо билим берүү боюнча бешинчи милдет төмөнкүдөй иш-чаралар аркылуу чечилет:

(i) чоңдорду өмүр бою окутуу үчүн ченемдик укуктук негизди камсыз кылуу үчүн колдонуудагы ченемдик укуктук базага тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду даярдоо;

(ii) туруктуу өнүктүрүүнүн көйгөйлөрүн кошкондо, билим берүүнүн курамын өзгөртүүнү эске алуу менен мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу;

(iii) өмүр бою квалификацияны алуу/ квалификациясын жогорулатуу мүмкүндүгүн камсыз кылуу.

Бардык деңгээлдеги билим берүүнүн курамына «туруктуу өнүктүрүү үчүн билим берүү» моделин түзүүдө туруктуу өнүктүрүү жана «жашыл

экономиканын» принциптеринин маселелерин киргизүү боюнча алтынчы милдетти ч төмөнкүдөй чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда:

(i) мектепке чейинки билим берүү уюмдарына «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартынын бардык типтерин, адам, коом, экология жөнүндө балдардын түшүнүгүн кеңейтүүнү камсыз кылуучу жаңыртылган программаларды киргизүү;

(ii) бардык деңгээлдеги жаңы муундун стандарттарына туруктуу өнүктүрүү маселелерин (климаттын өзгөрүшү, энергия жактан натыйжалуулук, энергиянын калыбына келүүчү булактарын пайдалануу; экологиялык коопсуздук, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу ж.б.) киргизүү;

(iii) туруктуу өнүктүрүүнүн маселелерин эске алуу менен жаңы муундун окуу- методикалык комплекстерин (ОМК) иштеп чыгуу жана 3-6-класстар үчүн ОМКны басып чыгаруу;

(iv) жалпы билим берүү мектептерине жана кошумча билим берүү түзүмдөрүнө Ресурстарды жана энергияны пайдалануу боюнча мектептик долбоорунун долбоордук материалдарын (РЭПМД) киргизүү;

(v) ОКБ жана ЖКБ уюмдарында ишке ашырылуучу даярдоо багыттары боюнча мамлекеттик стандарттардын гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклине жана кесиптик программаларга туруктуу өнүктүрүү маселелери боюнча тематиканы жана/же модулдарды киргизүү.

Билим берүүгө социалдык жана медициналык инклюзиянын принциптерин ишке ашыруу боюнча жетинчи милдетти чечүү алкагында төмөнкү чаралар аткарылат:

(i) өзгөчө билим алууга муктаж балдар менен иштөө боюнча ата-энелер, мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдардын адистери үчүн методикалык рекомендацияларды иштеп чыгуу;

(ii) социалдык жана медициналык көрсөткүчтөрдө барларды окутуунун кечкисин (сменалык) жана сырттан окуу (дистанциялык формасын кошо) формалары боюнча негизги/орто жалпы билимди алуу;

(iii) балдар жана чоң кишилер үчүн кечкисин (сменалык)/ сырттан окуу мектептерде негизги/орто билимди акысыз алууга конституциялык кепилдиктери камсыз кылуу;

(iv) кечкисин (сменалык)/ сырттан окуу мектеби үчүн ченемдик укуктук базаны (жоболор, окуу пландары, программалары) жаңыртуу;

(v) ийгиликтүү социалдаштыруу максатында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар билим алган мектептердин санын көбөйтүү;

(vi) ата-эненин камкордугусуз калган же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын кесиптик билим берүү уюмдарына тапшыруусу үчүн жеңилдиктерди сунуштоо.

3-артыкчылык. «Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнү алга жылдырууга багытталган конкреттүү тапшырыкчы менен иштөөгө илимдин - анын

ичинде ЖОЖдун чөйрөсүн кайрадан багыт алдыруу» төмөнкүдөй милдеттерди чечүү аркылуу алга жылдыруу пландаштырылууда:

(i) өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн тажрыйбага фундаменталдык жана прикладдык илимдердин жетишүүлөрүн киргизүү;

(ii) илимий институттарды функционалдык талдоо;

(iii) илимий-изилдөөчү иш үчүн жаш кадрларды даярдоо.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашыруу пландаштырылууда:

(i) ЖОЖго атайын каражаттардын 10% кем эмесин илимий изилдөөлөргө коротууну уруксат берүүчү ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу;

(ii) илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу - анын ичинде туруктуу өнүгүү долбоорлору боюнча мамлекет үчүн экономикалык жактан маанилүү багыттарын иштеп чыгуу (ЖОЖдун жана ЖОЖдук ИИИнин базасында).

Экинчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй чаралар ишке ашырылат:

(i) илимий изилдөөлөрдүн санын жана тематикасын оптималдаштыруу;

(ii) негизги дүйнөлүк рейтингдерге кирген, чет өлкөлүк ЖОЖдордун PhD дипломдорун өлкөдө таануу;

(iii) Кыргызстандын ЖОЖдорунда сабак берүүгө, аспиранттарды жетектөөгө, диссертациялык комиссияларга катышуу үчүн чет өлкөлүк адистерди жана эл аралык долбоорлордун алкагында эл аралык тажрыйбасы бар кыргызстандыктарды тартуу;

(iv) илимий изилдөөлөр жаатында макулдашылган саясатты жүргүзүү жана тармакты туруктуу өнүктүрүү үчүн илимди башкаруу системасына модернизациялоону жүргүзүү;

(v) ЖОЖдордун базасында илимий-изилдөө институттарын түзүү;

(vi) ачык конкурстун негизинде инновациялык изилдөөлөрдү камсыздоо жана илимий изилдөөлөргө каражаттарды топтоо үчүн Илим фондунун түзүлүшүн жана иштешин ченемдик укуктук камсыздоо;

(vii) илимий иштердин жыйынтыктарын документтештирүүнү, маалыматтар базасын илимий, илимий-техникалык жана кадрдык маалымат менен ар дайым толукталышын камсыз кылуу.

Илимий-изилдөө иши үчүн жаш кадрларды даярдоо (үчүнчү милдет) үчүн төмөнкүдөй чаралар ишке ашырылат:

(i) таланттуу жаштарды илимий ишке тартуу үчүн аларды издөө жана тандоо системаларын түзүү;

(ii) чет өлкөлүк университеттерде же башка окуу (илимий) мекемелерде стажировкадан өткөн же окуган жаш окумуштууларды, изилдөөчүлөрдү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тартуу;

(iii) илимий долбоорлорду экспертизалоо жана окумуштуулардын ишин баалоо процессине Кыргызстандын окумуштууларынын келтирген цитаталарынын индексин киргизүү.

### 4.3. Саламаттык сактоо

Саламаттыкты сактоо секторунун максаты калктын ооруга чалдыгуусунун, анын ичинде курчап турган чөйрөнүн факторлорунун таасирине байланыштуу оорулардын деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу болуп саналат.

Учурдагы абалды талдоо. 2008-2012-жылдары саламаттык сактоонун жетишкендиктери күтүлүүчү деңгээлден төмөн болгон. Саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатынын натыйжасына саясий туруксуздук жана жетекчиликтин тез алмашуусу таасирин тийгизген, алар реформаларды кезеги менен ишке ашырууга тоскоолдук жараткан. Калктын саламаттыгына ден соолуктун алдын-алуу, өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагдай жана жакырчылыктын деңгээлинин өсүшү маселелерине тийиштүү көңүл бурулбагандыгы өз таасир тийгизди.

Экинчи проблема болуп жетишсиз дем берүүнүн жана мотивациянын жоктугунан Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин системасынан кадрлардын көп кетиши, окутулган кадрлардын башка уюмдарга өтүшү жана квалификациялык адистер үчүн мамлекеттик кызматтын жагымдуулугунун төмөндөшү саналат. Медициналык кадрлардын кетишинин, медициналык кадрлардын шаарларда топтолушунун жана айыл жергесиндеги жетишсиздиги менен шартталган аларды туура эмес бөлүштүрүүнүн проблемалары, өзгөчө алыскы айыл райондорундагы калктын аялуу тобунун медициналык жардам алуусуна жана анын сапатына терс таасирин тийгизди. Мындан тышкары, адистерди даярдоо системасынын практикалык саламаттык сактоонун талаптарына жана заманбап эл аралык стандарттарга ылайык келбегендиги белгиленүүдө.

Өлкөдө медицинанын муктаждыктары үчүн маалыматтык-коммуникациялык инфраструктуранын негиздери түптөлгөн, саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө заманбап маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонуунун жана таркатуунун башталышына негиз салынды. Ошол эле мезгилде, Саламаттык сактоонун бирдиктүү маалымат системасын түзүү боюнча иш аягына чыга элек.

Саламаттык сактоонун экономикалык жактан натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөрү менен калкты максималдуу камтууну камсыз кылуу үчүн жетиштүү каржылоо айрыкча маанилүү болуп саналат. Саламаттык сактоо системасын өнүктүрүүдө маанилүү жетишкендик болуп 2006-2011-жылдары мамлекеттик чыгымдардын жалпы көлөмүндө саламаттык сактоого чыгымдардын 10%дан – 13%га чейин жыл сайын ырааттуулук менен өсүшү болду. Каржылоону жогорулатуунун натыйжасында, атап айтканда, төрөт боюнча, 5 жашка чейинки балдарга жана улгайган адамдарга медициналык кызмат көрсөтүүлөр үчүн кошумча төлөм жоюлган. Мындан тышкары, баштапкы деңгээлде дары-дармек

каражаттарынын экономикалык жана физикалык жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу максатында республиканын бүткүл аймагында амбулатордук деңгээлде камсыздандырылгандар үчүн Дары-дармек менен камсыздоо боюнча милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы жайылтылган. Бирок, эң негизги проблемалардын бири болуп ресурстарды пайдаланууда натыйжасыз жана сарамжалсыз калууда. Айлык акыны төлөөгө жана инфраструктураны каржылоого кеткен чыгымдардын көлөмү саламаттык сактоого бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттин 80%нан ашуунду түзөт. Пациенттин түздөн-түз чыгымы (дары-дармек, тамак-аш) 20-25%ды түзөт. Мында медициналык кызматкерге расмий эмес төлөмдөр көбөйүүдө.

Акыркы жылдарда өлкө ымыркай жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчүн жакшыртууга жетишти жана аларды мындан ары төмөндөтүү тенденциясын сактоодо. Ошондой эле, ымыркай өлүмү 2008-2011 жалдары 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата 27,1 ден 21,1 чейин кыскарган, ал эми балдардын өлүмү ошол эле мезгилде 1000 тирүү төрөлгөндөргө 31,5тен 24,5ке чейин төмөндөгөн. Республикада эмдөө системасы тартипке келтирилген жана вакцина менен жөнгө салынуучу бардык негизги оорулардан балдарды эмдөө өз убагында жүргүзүлүүдө.

Алгачкы медициналык жардам системасын жалпы алганда, эненин жана баланын ден соолугун коргоо боюнча кызматтарды колдонуу жогорку болууда. Бардык кош бойлуу аялдар төрөткө чейинки байкоо боюнча акысыз кызматтарды алууга укуктуу жана төрөттөрдүн 95% көбү медицина мекемелеринде кабыл алынат. Бирок, энелердин өлүмү боюнча көрсөткүчтөр жогору бойдон калууда жана туруктуу эмес динамикага ээ. Ошентип, 2008-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилде эне өлүмү жалпысынан 100 миң тирүү төрөлгөндөргө карата 58,9дан 47,5ке чейин кыскарган, бирок 2009-жылы 100 миң тирүү төрөлгөндөргө карата бул көрсөткүч 75,3 чейин кескин өсүшү белгиленген.

Адатка айланып калган ооруларды дарылоого кымбат баалуу чыгымдардын бир топ үлүшүн болтурбай коюуга болот, эгерде ден соолукту чыңдоо боюнча чаралар кабыл алынса жана саламаттык сактоо жана башка секторлордо натыйжалуу алдын алуу чаралар ишке ашырылса. Мындай чаралардын санына жүрүм-турумдун тобокелдүү формаларын чектөө, ден соолукту чыңдоо, дене тарбиялык активдүүлүк, курчап турган чөйрөнүн кооптуу факторлорунун таасирин төмөндөтүү кирет.

Инфекциялык жана мите ооруларынын абалы республикадагы санитардык-эпидемиологиялык жагдайынын туруктуулугунун негизги факторлорунун бири бойдон калууда, бул көбүн эсе калктын бөлүгүнүн ичүүгө жарактуу суунун коопсуз булактарына жетүүсүнүн чектелгендиги жана санитардык ченемдердин сакталбашы менен шартталган. Ичеги-карын инфекциялары менен, айрыкча республиканын түштүгүнүн айыл жергесиндеги балдардын оорушунун жогорку деңгээли сакталууда. Бул жагдай санитардык жана суу менен камсыздоо системасынын

бузулушунун жана иштин натыйжалуулугунун төмөндөшүнүн; калк тарабынан чарбалык-ичүүчү сууга жана рекреациялык муктаждык үчүн колдонулуучу суу менен камсыздоо булактарынын жана суунун канааттандырарлыксыз сапатынын натыйжасында пайда болду. Натыйжа катары, республиканын калкынын ичүүчү сууга жетүүсү 2013-жылдын башында 87,8%, анын ичинде айыл жергеси боюнча - 70,8%ды түздү. Ооруларды алдын алуунун жана экспертизалоонун аймактык бөлүмдөрүнүн маалыматтары боюнча 206 суу түтүктөрү (19,1%) санитардык ченемдердин талаптарына ылайык келбейт, санитардык коргоонун жетиштүү зоналары, жугушсуздандыруу орнотмолору, суу тазалоочу курулуштардын комплекси жок.

Республикада акыркы жылдарда тамактануу продуктуларынын коопсуздугун контролдоо боюнча кызматтарды сунуштоого тийиштүү көңүл бурулган эмес, ал эми суу менен адамдын организмине 70% ашык адамдын организмине коркунучтуу заттар кириши мүмкүн. Эгерде тамактануу продуктуларынын коопсуздук стандарттарынын талаптарын аткаруу жакшырбаса тамак-аштан ууланууу деңгээли жана дарылануууга чыгымдар, айлана-чөйрөнүн температурасынын көтөрүлүшү менен жогорулашы мүмкүн.

Коюлган милдеттен улам 2013-2017-жылдары мезгилинде саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттар боюнча милдеттерди чечүүгө багытталат:

(i) калкка сапаттуу медициналык кызматтарды сунуштоого багытталган саламаттык сактоо системасынын потенциалын чыңдоо;

(ii) калктын жана өзүнчө алганда ар бир адамдын ден соолугун коргоо жана бекемдөө үчүн керектүү шарттарды түзүү.

Калкка сапаттуу медициналык кызматтарды сунуштоого багытталган саламаттык сактоо системасынын потенциалын чыңдоо боюнча артыкчылыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү белгилөөдө:

(i) калктын аярлуу катмарынын адистештирилген медициналык жардамдын кызматтарына жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу;

(ii) калктын социалдык-аярлуу катмарын дары-дармек менен жеңилдетилген камсыздоого багытталган финансылык каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо;

(iii) калктын социалдык-аярлуу катмарына акысыз негизде базалык медициналык кызматтарды сунуштоого кепилдик берүү;

(iv) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн механизмдерин ишке ашыруу;

(v) кадрдык потенциалды күчөтүү үчүн медициналык жана фармацевтик сапатты жакшыртуу;

(vi) практикалык саламаттык сактоого бир түргө келтирилген жана стандартташтырылган медициналык маалымат системасын киргизүү.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чаралар белгиленген:

(i) Бирдиктүү төлөөчү системасына өткөрүлүүчү адистештирилген уюмдардын (онкология, гематология, психиатрия) бюджеттик чыгымдарын жана уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруу;

(ii) адистештирилген уюмдарды Бирдиктүү төлөөчү системасына этап менен интеграциялоо;

(iii) адистештирилген медициналык кызматтардын көрсөтүлүүчү түрлөрү боюнча каржылоонун ченемдерин иштеп чыгуу.

Экинчи милдетти чечүү алкагында төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу пландаштырылууда:

(i) калктын социалдык-аярлуу катмары үчүн Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасынын рецепттери боюнча берилген дары-дармек каражаттары үчүн пациенттерге кайтарып берүүнүн көлөмүн кайра карап чыгуу жана бекитүү;

(ii) бекитилген саламаттык сактоонун мамлекеттик программаларынын алкагында жеңилдиктерди жана кепилдиктерди сунуш кылуу боюнча калктын маалыматта болушунун деңгээлин жогорулатуу.

Акысыз негизде базалык медициналык кызматтарды сунуштоо боюнча калктын социалдык-аярлуу катмарына кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча үчүнчү милдет Базалык мамлекеттик медициналык камсыздандыруу системасын өнүктүрүү жолу менен ишке ашырылат, ал төмөнкү чараларды ишке ашырууну болжолдойт:

(i) Базалык медициналык камсыздандырууну түзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

(ii) медициналык кызматтарды сунуштоонун минималдуу стандарттарын иштеп чыгууну эсепке алуу менен бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарын кайра карап чыгуу жана ишке киргизүү;

(iii) Базалык медициналык камсыздандыруунун шарттарынан улам Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктердин ар жылдык программаларын иштеп чыгуу.

Медициналык жардамдын сапатын жана саламаттык сактоо ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган саламаттык сактоо секторунда мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн механизмдерин ишке ашыруу боюнча төртүнчү милдетти чечүү үчүн мамлекеттик-жеке өнөктөштүк алкагында сынамык долбоорлорду даярдоо жана киргизүү болжолдонууда.

Медициналык жана фармацевтик билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жана кадрлардын кетишин алдын алуу боюнча бешинчи милдет төмөнкү чараларды аткаруу аркылуу чечилет:

(i) дипломго чейинки жана кийинки деңгээлде жаңы ГОС иштеп чыгуу жана киргизүү, компетенттүү даярдыкка багытталган жумушчу окуу пландарын, окутуу жана методикалык камсыздоо программаларын иштеп чыгуу;

(ii) эгерде бүтүрүүчү жолдомо боюнча иштөөдөн баш тартса, бүтүрүүчүнү окутууга салынган мамлекеттин каражаттарын кайтарып берүүнүн укуктук жана экономикалык механизмдерин иштеп чыгуу;

(iii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын алыскы райондорунда, чакан шаарларында жана айыл жергесинде жайгашкан саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү чаралары жөнүндө» токтомун ишке ашыруу;

(iv) дарылоо-алдын алуучу уюмдун статусуна карабастан, жогорку жана орто медициналык билими менен адистердин бардык кызматкерлерди камтыган медицина кызматкерлерин каттоо.

Бир түргө келтирилген жана стандартташтырылган медициналык маалымат системаларын практикалык саламаттык сактоого киргизүү боюнча алтынчы милдети төмөнкүчаралар аркылуу чечүү зарыл:

(i) саламаттыкты сактоо секторуна маалыматтык коммуникациялык технологияны (мындан ары – МКТ) өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу;

(ii) стандарттардын бирдиктүү системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү жана маалыматтык системаны жана ресурстарды ага шайкеш келтирүү;

(iii) жекелештирилген эсепке алуу системасын түзүү үчүн маалыматтар базасын (ар түрдүү нозологиялар боюнча каттоону) түзүү жана ишке киргизүү;

(iv) негизги пайдалануучуларга жетишүүнү сунуштоо менен саламаттык сактоонун корголгон мультисервистик ведомстволук (корпоративдик) тарамын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Калктын жана өзүнчө алганда ар бир адамдын ден соолугун чыңдоо жана коргоо үчүн керектүү шарттарды түзүү боюнча экинчи артыкчылыктын алкагында, бул багытта Кыргыз Республикасынын Өкмөтү айрым категориялар сыяктуу эле, бүтүндөй калк үчүн бир катар милдеттерди чечүүнү белгилөөдө.

МӨМ-4 жетишүү үчүн, ымыркай жана балдар оорусун жана өлүмүн төмөндөтүү үчүн балдарга медициналык жардамды көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу, балдардын арасында ооруунү профилактикалоону камсыз кылуу боюнча аракеттерди улантуу зарыл. Бул милдеттин алкагында төмөнкүдөй иш-чаралар жүзөгө ашырылат:

(i) эмдөөлөрдүн улуттук календарына ылайык эки жашка чейинки балдарды эмдөө боюнча кампанияларды өткөрүү;

(ii) балдарда оорулардын пайда болушу жана дарылоо боюнча колдонмону/ клиникалык протоколдорду иштеп чыгуу, кайра карап чыгуу жана ишке киргизүү;

(iii) жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарын ишке кошо тартуу, маалыматтык-билим берүүчү материалдарды иштеп чыгуу жана тираждоо, айылдык саламаттык сактоо кызматкерлерин окутуу

аркылуу балдардын ден соолугун чыңдоо маселелери боюнча калкты маалымдоону жакшыртуу;

(iv) Гүлазык аралашмасы менен тамактануу продуктыларын микронутриенттик байытуу;

(v) 5 жашка чейинки балдар үчүн сунушталган профилактикалык кызматтардын стандарттык пакети боюнча медициналык кызматкерлер үчүн тренингдерди өткөрүү;

(vi) облустук төрөт үйлөрү үчүн реанимобилдерди сатып алуу;

(vii) балдарды ооруулурынын кооптуу белгилери жана маанилүү профилактикалык чаралар маселелери боюнча ата-энелерди кеңеш берүү механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

МӨМ-5 жетишүү (“энеликти коргоону жакшыртуу”) боюнча аракеттер төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө топтолот:

(i) саламаттыкты сактоо уюмдарында кызматтардын сапатын жогорулатуу;

(ii) акысыз энелик жана үй-бүлөнү пландаштыруу маселелери боюнча аялдарды жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүн маалымдоону жакшыртуу.

Биринчи милдетти төмөнкүдөй иш-чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу чечүү пландаштырылууда:

(i) колдонмону/клиникалык протоколдорду иштеп чыгуу, кайра карап чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) натыйжалуу перинаталдык кызматтар боюнча төрөткө жардамдашуу мекемелеринин персоналдары үчүн тренингдерди өткөрүү;

(iii) аял-мигранттардын медициналык кызматтарга жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн кошуп жазуу механизмин кайра карап чыгуу;

(iv) Бишкек шаарынын төрөт үйлөрүнүн, Бишкек шаардык перинаталдык борборунун жана Ош шаардык перинаталдык борборунун жабдылышын жакшыртуу;

(v) жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарын ишке кошо тартуу, маалыматтык-билим берүүчү материалдарды иштеп чыгуу жана тираждоо, айылдык саламаттык сактоо комитеттеринин, ден-соолукту чыңдоо кабинеттеринин кызматкерлерин окутуу, кепилденген кызматтарды алуу үчүн саламаттыкты сактоо системасына өз убагында кайрылуунун зарылдыгы, кош бойлуулуктун кооптуу белгилери, энелердин тамактануусу, аз кандуулукту профилактикалоо маселелери боюнча аялдарды жана алардын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүн маалымдоону жакшыртуу.

МӨМ-6 жетишүү үчүн, Өкмөт АИВ-инфекция, кургак учук менен күрөшүү боюнча саламаттыкты сактоо системасынын ар түрдүү деңгээлдеринде сунушталуучу медициналык кызматтардын сапатын жакшыртуу милдети турат. Мындан тышкары, артыкчылыктуу багыт катары жүрөк-кан тамыр ооруулары тандалган.

Бул милдетти чечүү төмөнкүдөй иш-чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу ишке ашырылат:

(i) практикалык саламаттыкты сактоо тастыктоочу медицинанын негизинде клиникалык протоколдорду жана колдонмолорду иштеп чыгуу, кайра карап чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) тамеки буюмдарынын пачкаларында жана таңгактарында жайгаштыруу үчүн арналган ден соолуктун тамекинин зыяны жөнүндө иллюстрациялуу алдын алуулардын тизмесин кайра карап чыгуу жана бекитүү;

(iii) кан тамыр ооруларын туура табууга жана каттоого жана шашылыш медициналык жардамды көрсөтүүгө медициналык кызматкерди окутуу;

(iv) облустук кардиологиялык кабинеттер үчүн медициналык жабдууларды сатып алуу;

(v) кургак учуктун диагнозун аныктоо алгоритмине ылайык медициналык жардамга кайрылган бардык адамдарды текшерүү жолу менен кургак учук менен ооругандарды эрте табууну камсыздоо;

(vi) медициналык жардамды көрсөтүүнүн бардык деңгээлинде кургак учукту лабораторияларда аныктоо тездетилген, заманбап методдорун ишке киргизүү;

(vii) кургак учукка эпидемияга каршы иш-чараларды жүргүзүү маселелери боюнча алгачкы медициналык-санитардык жардам менен коомдук саламаттыкты сактоо кызматы менен кургак учук кызматынын өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(viii) биринчи звенодогу уюмдардын 1 жана 2-катардагы кургак учукка каршы препараттар менен камсыздоо;

(ix) кургак учук оорусун аныктоону жакшыртуу үчүн улуттук референс-лабораториясын куруу;

(x) консультация менен толук камтуу жана калктын негизги катмарын АИВ тестирлөөгө жиберүү;

(xi) АИВ оң кош бойлуу аялдарды антиретровирустук препараттар менен камтуу;

(xii) АИВ-инфекциялуу пациенттерди дарылоо, багуу сапатын жогорулатуу боюнча, АИВ-кеңеш берүү жана медициналык жол-жоболордун коопсуздугу маселелери боюнча медицина кызматкерлерин окутуу.

Коомдук саламаттыкты сактоо системасын күчөтүү үчүн төмөнкүдөй милдеттерди ишке ашыруу пландаштырылууда:

(i) калктын муктаждыктарына багытталган коомдук саламаттыкты сактоо кызматынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;

(ii) суу менен камсыздоо обьекттерине мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү жана «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентти ишке киргизүү;

(iii) тамак-аш продуктыларына байланыштуу оорулардын деңгээлин төмөндөтүү.

Калктын муктаждыктарына багытталган коомдук саламаттыкты сактоо кызматынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча милдетти чечүү төмөнкүдөй чараларды ишке ашырууну караштырат:

(i) коомдук саламаттыкты сактоо кызматынын ишинин натыйжалуулугун камсыздоочу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу;

(ii) айылдык саламаттык сактоо комитеттерин түзүү жана Жалал-Абад облусунун 6 районунда ден соолук маселелери боюнча коомчулуктардын аракеттери программасын ишке киргизүү жолу менен ден соолукту чыңдоо жана коргоо маселелерине жергиликтүү коомчулукту кошо тартуу;

(iii) нан жабуучу унду витаминдик-минералдык кошумча (премикс) менен байытуу жана туз менен йоддоо;

(iv) лабораторияларды аккредитациялоо боюнча ченемдик документтерди иштеп чыгуу;

(v) лабораториялар үчүн сарптоо материалдарын (тест-система, реагенттер, анын ичинде ГМОго); сатып алуу;

(vi) HELI методологиясын (ден соолук менен курчап турган чөйрөнүн өз ара байланышы) киргизүү аркылуу адамга таасир тийгизүүчү курчап турган чөйрөнүн факторлорун изилдөө номенклатурасын кеңейтүү;

(vii) Кыргыз Республикасына ташылып келүүчү потенциалдуу уулуу заттардын регистрин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Суу менен камсыздоо обьекттерине мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү жана «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентти» тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу боюнча чараларды көрүү үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

(i) коопсуздуктун көрсөткүчтөрү боюнча ичүүчү сууну изилдөө номенклатурасын кеңейтүү;

(ii) суу жана саламаттык көйгөйлөрү боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу жана бекитүү;

(iii) суу менен байланышкан дарттарды мамлекеттик көзөмөлдөөнүн интеграцияланган системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(iv) суу жана саламаттык маселелери боюнча протоколго ылайык адамдын ден соолугуна суу сапатынын таасири боюнча Программаны иштеп чыгуу жана бекитүү;

(v) суу менен байланышкан дарттарды профилактикалоо чаралары жөнүндө калктын кабардар болгондугун жогорулатуу боюнча маалыматтык кампанияларды жүргүзүү.

Тамак-аш продуктыларынын коопсуздугуна байланыштуу оорулардын деңгээлин төмөндөтүү боюнча милдетти чечүү алкагында төмөнкүдөй иш-чараларды жүзөгө ашыруу пландаштырылууда:

(i) тамак-аш менен байланыштуу биологиялык, химиялык жана заттык зыяндуу факторлорго байкоо жүргүзүү үчүн тамак-аш продуктыларынын коопсуздугуна контролду камсыз кылуу боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу;

(ii) тиричилик деңгээлде коопсуз тамак-аш продуктыларын пайдалануу боюнча калк үчүн маалыматтык-билим берүү материалдарын иштеп чыгуу;

(iii) ташылып келүүчү жана өндүрүлүүчү товарлардын (продукциянын) тизмесин кеңейтүү жөнүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу;

(iv) адамдын ден соолугу үчүн коопсуз көрсөткүчтөр боюнча аталган продукциянын шайкештигин аныктоо боюнча санитардык-эпидемиологиялык экспертизанын милдеттүү жол-жобосу тууралуу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана бекитүү.

### 4.4. Калкты социалдык жактан коргоонун жана пенсия менен камсыз кылуунун натыйжалуулуугун жогорулатуу

Максат: социалдык коргоонун туруктуу мамлекеттик системасын түзүүнүн натыйжасында сапаттуу кызматтардын кепилдигинин бирдей мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү.

Учурдагы абалды талдоо. Социалдык өнүктүрүү министрлигинин системасында 1,5 миңге жакын адам эмгектенет, алардын 70% аймактык бөлүмдөргө туура келет. Соңку жылдардын ичинде министрлик тарабынан ар түрдүү структуралык өзгөртүүлөр ишке ашырылган, бул стабилдүү эмес кадрдык потенциалдын фактору болуп саналат. Азыркы учурда социалдык коргоонун заманбап системасын, анын ичинде иштин сапатынын жана натыйжалуулугунун көрсөткүчүн киргизүүнү кошо, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо, ошондой эле кызматкерди материалдык жактан кызыктыруу жана жүйөлүү себептерин белгилөө системасын уюштуруу көйгөйү турат.

Социалдык коргоонун функцияларын ишке ашыруунун экинчи маанилүү элементи болуп маалымат менен калкты максималдуу камтууга жетишүү саналат. Бул үчүн социалдык иштин субьекттеринин ишинин натыйжасына карата калктын мамилесин өзгөртүүгө, социалдык кызматкердин кесибинде жаңы функциялардын пайда болушунун зарылчылыгын таанууга жана калкты социалдык жактан коргоо институтунун пайда болушуна багытталган комплекстүү маалыматтык стратегияны түзүү зарыл.

Калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу боюнча иштин таасирдүүлүгү натыйжалуу маалыматтык системанын бар болуусуна көзкаранды. Социалдык коргоо чөйрөсүндө маалыматтык компьютердик системанын ишке жөндөмдүүлүгүнө жана өнүгүүсүнө терс таасир тийгизүүчү негизги көйгөйлөрдүн бири болуп жетишсиз каржылоо жана

маалыматтык системаларды колдонуу боюнча квалификациялык билимдин жана шыктын жоктугу саналат.

Пенсияларды төлөп берүү маселесине карата, муктаж болгон адам мамлекеттик бюджеттен жөлөк пулду алган социалдык жардамдан айырмаланып, бул жерде негизги финансылык булактар болуп кирешени бардык түрлөрүнөн камсыздандыруу төгүмдөрү саналат. Мындай ченемдерди ишке ашыруу камсыздандыруучудан ар бир камсыздандырылган адам боюнча сапаттуу жана анык маалыматтын жогорку деңгээлин талап кылат. Пенсиялык камсыздоонун кызматтарын сунуштоо системасынын мындан ары өнүгүүсү пенсионерлердин мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартибин жөнөкөйлөтүү боюнча маселени чечүүнү, ошондой эле жарандардын жана бардык деңгээлдеги чиновниктердин өз ара аракеттенүүсүнүн контактсыз методдорун ишке киргизүүнүн эсебинен коррупциянын фактыларынын санын кыскартууну талап кылат. Бул милдеттерди чечүү кагаз түрүндө берилүүчү социалдык коргоо күбөлүгүнөн Кыргыз Республикасынын жаранынын электрондук бирдиктүү социалдык картасына өтүүнү уюштуруу зарылчылыгын коёт.

2011-жылы жакырчылык шарттарында жашаган, 16 жашка чейинки балдардын саны республиканын калкынын 13,2 % түздү. Балдарга багытталган жана балалуу айрыкча жакыр үй-бүлөлөрдүн кирешелериндеги ажырымды кепилденген минималдык кирешенин деңгээлине чейин төмөндөтүүгө көмөк көрсөтүүчү социалдык коргоонун инструменттеринин бири болуп балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар айлык жөлөк пул саналат. Бүгүнкү күндө жөлөк пулдун ушул түрү менен 340,0 миң бала камтылган . Жөлөк пулдун өлчөмдөрү жыл сайын жогорулатылгандыгына карабастан (кепилденген минималдык кирешенин 580 сомго жогорулатылышы 2012-жылдын ноябрь айында болгон), жөлөк пулдун өлчөмдөрү инфляцияны гана жабууга жетишип, төмөн бойдон калууда жана баланын жашоо минимумунан 16% гана жана айрыкча жакырчылык чегинен 43,3% түзөт.

Балдарды тийиштүү түрдө багууга жана тарбиялоого жөндөмсүз үй-бүлөлөрдүн саны ар жыл сайын өсүүдө. Ата-энелери тирүү туруп жетимчилик б.а. «социалдык жетимчилик» деген аталыш өзү жөнүндө билдирди. Балдардын олуттуу саны квалификациясыз жумушчу күчтүн рыногуна дуушар болушат же багуусуз жана кароосуз балдардын катарын толукташат.

Кыргызстандагы балдардын эмгегин биринчи улуттук изилдөөнүн (2007-ж) жыйынтыгы менен 672 миң эмгектенген балдардын ичинен 592 миңи алардын жашына жана өсүүсүнө ылайык келбеген жумуштарда иштешет. Эмгектенген балдардын санынын ичинен - 57,9% эркек балдар. Эмгектенген балдардын дээрлик көпчүлүгү (95%) акысыз үй-бүлөлүк кызматкер катары иштешет . Алар негизинен айыл чарба иштерин камтыган үй өндүрүшүндөгү кызматтарга тартылган (76%).

Бүгүнкү күндө 11 миңге жакын балдар мамлекеттик, муниципалдык жана жеке менчик формасындагы интернаттык типтеги 117 балдар мекемелерине жайгаштырылган, алардын 80% бир же эки ата-энеси бар. Өлкөдөгү олуттуу экономикалык көйгөйлөрдөн улам, үй-бүлөнү колдоо боюнча социалдык кызматтарды сунуштоо өтө чектелген, асырап алган («фостердик») үй-бүлө сыяктуу үй-бүлөнү алмаштыруучу социалдык кызматтар көрсөтүлбөйт. Балдардын арасында майыптуулуктун себептеринин структурасында, акыркы жылдары, нерв системасынын оорулары, тубаса аномалиялар, психиканын бузулушу алдыңкы позицияларды ээлегенин улантууда. Бүгүнкү күндө республикада майыптуулуктун жалпы деңгээли калктын 2,6% түзөт.

Жакынкы мезгилге чейин «майыптуулуктун медициналык модели» үстөмдүк кылган, анда майыптуулук майыпка гана тийиштүү жана медициналык гана кийлигишүүнү талап кылган медициналык маселе катары каралчу. Азыркы учурда майыптуулуктун биопсихосоциалдык моделин ишке киргизүүнү пландаштырылууда, ал майыптуулук түшүнүгүн кеңейтүүдө жана медициналык, жеке, социалдык жана экологиялык факторлордун аракеттенүүгө жана майыптуулукка карата таасир этүүсүн изилдөөгө мүмкүндүк түзөт. бирок, социалдык коргоонун колдонуудагы системасы толук камтуунун камсыз кылбагандыгын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын бардыгын толук каттоого алуу жүргүзүлбөгөндүгүн таануу керек.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коомго жуурулуштуруунун олуттуу тоскоолдугу болуп дене-бой инфраструктурасына жетишүүдөгү чектөөлөр саналат. 2012-жылы пандустар жана атайын инструменттер Бишкек шаарынын 172 гана мамлекеттик жана муниципалдык органдарда, саламаттыкты сактоо жана билим берүү мекемелеринде орнотулган. Баардык региондордо 25 кесиптик лицейлерде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды окутууну эске алуу менен имараттарда жана өндүрүштүк устаканаларда ремонт иштери жүргүзүлгөн. Бирок, 2012-жылы 17 долбоордук уюмдарда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын тиричилигин камсыз кылуу үчүн ченемдердин жана эрежелердин сакталбагандыгы боюнча бузуулар табылган.

Жалгыз бой жашап жаткан 8,0 миңге жакын улгайган жаран үйүндө акысыз негизде социалдык тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүн алат. Социалдык тейлөө уюмдарынын системасына ошондой эле төмөнкүлөр кирет: социалдык тейлөөнүн мамлекеттик стационардык мекемелери (карыкартаңдар жана майыптар үчүн жатак үйлөр). Бардыгы болуп республикада 15 жатак үй бар, алардын ичинен 6 улгайгандар жана майыптар үчүн, аларда 900гө жакыны улгайган жарандар толук мамлекеттик камсыз кылууда турат. Алардагы жашоо шарттарын оор жана муктаждыктардын минималдык топтомун гана канааттандырган деп бааласа болот. Мындан тышкары жергиликтүү деңгээлде берилип жаткан

социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн өнүкпөгөндүгү, жергиликтүү бюджеттин тартыштыгы өздөрүнүн отчёттугуна берилген аймакта кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигинин төмөндөшүнө алып келүүдө.

Пенсиялык камсыздоо маселесине карата, 2003-жылдан тартып пенсияларды төлөө боюнча карыздар жок, пенсияларды төлөө учурдагы айда жана акчалай туюнтууда гана жүргүзүлөт. Соңку беш жылда пенсиянын өсүшү олуттуу болду: 2008-жылы пенсиянын орточо өлчөмү 1426 сомду түзсө, 2012-жылдын аягында 4208 сомду түздү жана орточо пенсиянын жашоо минимумуна карата катышы 45,7%дан 110% чейин өстү. Пенсиянын орточо өлчөмү пенсионердин жашоо минимумуна биринчи жолу 2007-жылы жеткен.

Пенсиялык системанын тилектештик-бөлүштүрүү шарттарында пенсиянын камсыздандыруу бөлүгүн жогорулатуу механизми камсыздандыруу принцибин колдоо маселесин гана эмес, жашоо минимумунан аз пенсия алган пенсионерлердин санын кыскартуу маселесин дагы чечүүгө мүмкүндүк түзөт. Эгерде 2009-жылы пенсионердин жашоо минимумунан аз пенсияны алган адамдардын саны 452,9 миң адамды (жалпы сандан 86,6%) түзсө, 2012-жылдын аягында бул санды 344,0 миң адам (жалпы сандан 62,2%) түзгөн.

2010-жылдын 1-январынан тартып пенсиялык системага топтолуучу компонент киргизилген. Иш берүүчүлөрдөн камсыздандыруу взносторунун тарифинин ставкасы 2% төмөндөтүлгөн, алар пенсиянын топтолуучу бөлүгүн түзүүгө багытталат. 2012-жылдан тартып топтолуучу бөлүккө курак цензи киргизилген пенсиянын топтолуучу бөлүгүн түзүүгө пенсия жана пенсия алдындагы курактагы адамдар катышышпайт.

Үй-жайсыздарды профилактикалоо жана социалдык реабилитациялоо маселеси коомдун алда канча курч жана орчундуу социалдык көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат, алардын ичинен төмөнкүлөр бөлүп көрсөтүлөт: мамлекеттин үй-жайсыздарды социалдык коргоо көйгөйлөрүн көңүлгө албагандыгы; үй-жайсыздарды социалдык коргоону жөнгө салуучу мыйзамдык демилгелердин жоктугу; региондор боюнча тобокелдик топторундагы адамдардын иликтөөнүн жана эсепке алуунун жоктугу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде тобокелдик топторунун алдын алуу жана реабилитациялоо боюнча акысыз мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жоктугу; мамлекеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коммерциялык эмес уюмдардын координациясынын жана өз ара аракеттенүүсүнүн жоктугу.

Коюлган максатка негизделип, 2012-жылга чейин социалдык коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаты төмөнкү артыкчылыктардын тегерегинде бириктирилет:

(i) жарандардын айрыкча аярлуу категориясы үчүн социалдык коргоо жаатында мамлекеттин кепилдиктерин камсыздоо;

(ii) калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү үчүн социалдык коргоо жана пенсиялык камсыздоо системаларынын потенциалын жогорулатуу.

Жарандардын айрыкча аярлуу категориясы үчүн социалдык коргоо жаатында мамлекеттин кепилдиктерин камсыздоого тийиштүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги аракеттери калктын ар түрдүү категорияларына жараша төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталат.

(1) Балдарды социалдык коргоону камсыз кылуу жаатында:

(i) аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдар үчүн мамлекеттик жөлөк пулдардын өлчөмдөрүн жогорулатуу;

(ii) турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар үчүн социалдык коргоонун схемасынан чыгарып салуу каталарын азайтуу;

(iii) альтернативалуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана айрыкча жергиликтүү деңгээлде социалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик эмес мекемелердин тармагынын пайда болуусу үчүн шарттарды түзүү;

(iv) ата-эненин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак мекемелерди оптималдаштырууну өткөрүү;

(v) жашы жете электердин кароосуз калгандыгын жана көзөмөлсүздүгүн, укук бузууларын профилактикалоо, алардын укуктарын коргоо, социалдык реабилитациялоо жана адаптациялоо көйгөйлөрүн комплекстүү чечүүнү камсыздоо;

(vi) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүсүн жакшыртуу.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн балдар үчүн мамлекеттик жөлөк пулдардын өлчөмүн жогорулатуу боюнча милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашыруу болжолдонууда:

(i) кепилденген минималдык кирешенин ар жыл сайын 10% өсүшүнүн эсебинен балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөк пулдарды жогорулатуу боюнча ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү;

(ii) экономикалык өсүштү эске алуу менен балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар айдык жөлөк пулдарды төлөөгө бюджетти түзүү жол-жоболорун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар үчүн социалдык коргоонун схемасынан чыгарып салуу каталарын азайтуу боюнча маселе төмөнкүдөй жолдор менен чечилет:

(i) баланы коргоонун жеке планын жана үй-бүлөө менен иштөөнүн жеке планын түзүүдө үй-бүлөнүн социалдык паспортун колдонуу үчүн аны пайдалануу механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) жергиликтүү деңгээлде калкка социалдык коргоону сунуштоону караштыруучу мыйзам долбоорун иштеп чыгуу.

Альтернативалуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана социалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик эмес мекемелердин тармагынын пайда болуусу үчүн шарттарды түзүү боюнча маселени чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чаралар ишке ашырылат:

(i) жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик социалдык заказдын механизмдерин ишке киргизүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу;

(ii) үй-бүлө менен иштөө жана баланы коргоо боюнча жеке пландарды иштеп чыгууну жана алгачкы баалоону караштыруучу, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды издеп табуунун тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу;

(iii) турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга кызмат көрсөтүүчү уюмдарды аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актынын пакетин иштеп чыгуу жана бекитүү.

Ата-эненин камкордугусуз калган балдар үчүн жатак мекемелерди оптималдаштыруу боюнча милдет үчүн төмөнкү иш-чаралар аныкталган:

(i) балдар мекемелерин каржылоосун оптималдаштыруу планын ишке ашыруу боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу;

(ii) Интернат тибиндеги балдар мекемесинде жашаган балдардын муктаждыктарын баалоо, мекеменин потенциалын баалоо, социалдык кызмат көрсөткөн интернаттык мекемелердин маалымат базасын түзүү;

(iii) жетим балдарды асырап багып алуучу (фостердик) үй-бүлөлөргө интеграциялоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(iv) ата-эненин камкордугусуз калган балдардын мүлктүк укуктарын коргоо боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана бекитүү, камкордук жана көзөмөл, ошондой эле балдарды интернат тибиндеги мекемелерге жөнөтүүнүн тартибин караган, ата-энесинин камкордугу жок калган балдардын мүлктүк укугун коргоо.

Жашы жете электердин кароосуз калгандыгын жана көзөмөлсүздүгүн, укук бузууларын профилактикалоо, алардын укуктарын коргоо, социалдык реабилитациялоо жана адаптациялоо көйгөйлөрүн комплекстүү чечүүнү камсыздоо боюнча милдеттүү чечүү төмөнкүдөй чаралардын ишке ашырылышын белгилөөдө:

(i) мыйзам менен чатагы бар балдар үчүн реабилитациялоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдарды, мыйзам менен чатагы бар балдарды реабилитациялоо борборлоруна, кризистик борборлорго региондордун муктаждыктарын баалоо боюнча изилдөөлөрдү өткөрүү;

(iii) Мамлекеттик социалдык заказ алкагында, турмуштун оор абалында калган балдарга жана үй-бүлөгө социалдык кызмат көрсөткөн аракеттенип жаткан борборлорду колдоо;

(iv)тарбилялоочу колонияда жаза өтөп жаткан жашы жете электерди реаблититациялоо жана социалдык реинтеграциялоо боюнча

программаларды иштеп чыгуу жана киргизүү менен сот адилеттигинен алыстатуу

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетишүүсүн жакшыртуу боюнча милдет төмөнкү чаралардын эсебинен ишке ашырылат:

(i) бардык деңгээлдерде окутуунун инклюзивдик формаларын түзүүнү жана өнүктүрүүнү караштыруучу, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана бекитүү;

(ii) ЖОЖдун жана АКОЖдун бюджеттик бөлүмдөрүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдары үчүн квоталарды көбөйтүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана бекитүү;

(iii) медициналык жана пенсиялык камсыздандыруу механизмдерин караштыруу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды баккан адамдарга эмгек акы төлөп берүү системасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Жогоруда берилген иш-чараларды ишке ашыруунун натыйжасында төмөнкүлөр күтүлүүдө: аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдар үчүн кепилдеген минималдык кирешенин деңгээлин 2018-жылга карата 60% кем эмес жогорулатуу; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын социалдык жөлөк пулдарынын өлчөмү баланын жашоо минимумунун деңгээлине жеткирилет; турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар үчүн социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн мамлекеттик стандарттары киргизилет; жатак тибиндеги балдар мекемелериндеги балдардын саны кыскартылат жана натыйжа катары мындай мекемелердин санын кыскартуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

(2) Эмгекке жөндөмдүү эмес жарандарды (ДМЧА) социалдык коргоону камсыз кылуу жаатында:

(i) ДМЧА социалдык колдоо деңгээлин жогорулатуу;

(ii) социалдык кызматтардын стандарттарынын деңгээлин жогорулатуу;

(iii) дене-бой инфраструктурасына жетишүүнү камсыз кылуу;

(iv) иш менен камсыздоо мүмкүнчүлүгүн түзүү жана демилгелөө.

Социалдык колдоонун деңгээлин жогорулатуу төмөнкүдөй чаралардын эсебинен пландаштырылууда:

(i) ДМЧА үчүн социалдык төлөмдөрдүн өлчөмдөрүн өтөт жакырчылык чегинин (жакырчылык) деңгээлине чейин этап менен жогорулатуу;

(ii) ДМЧА бирдиктүү маалымат базасын түзүү үчүн программалык камсыздоону иштеп чыгуу;

(iii) МСЭК уюштуруу структурасын өзгөртүү менен МСЭК функционалдык талдоо жүргүзүү;

(iv) эл аралык стандарттарды эске алуу менен майыптуулукту аныктоо методологиясы боюнча ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу

(v) ДМЧА жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн катышуусу менен атайын реабилитациялоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Социалдык кызматтардын стандарттарынын деңгээлин жогорулатуу боюнча милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу керек:

(i) калкка кызматтарды көрсөтүүчү социалдык коргоо мекемелер үчүн минималдык социалдык стандарттарды иштеп чыгуу жана бекитүү;

(ii) социалдык кызматтардын минималдык стандарттарын караштыруучу, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар күндүз болуучу борборлордун, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитациялоо борборлорунун типтүү жоболорун иштеп чыгуу жана бекитүү;

(iii) социалдык өнүгүү аймактык бөлүмдөрүндө жана стационардык социалдык мекемелеринде иштеген социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстарын түзүү

Дене-бой инфраструктурасына жетишүүнү камсыз кылуу үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу зарыл:

(i) инфраструктуранын обьекттерине ДЧМАлардын жеткиликтүүлүгү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылбаган юридикалык жактарга карата айып санкцияларын көбөйтүү жагынан «Административдик жоопкерчилик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

(ii) жаңы курулган обьекттерди пайдаланууга кабыл алуу боюнча комиссиянын курамына ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды киргизүү;

(iii) Менчигинде же карамагында турган инфраструктура обьекттеринде ДЧМАлардын жеткиликтүүлүгү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылбаган юридикалык жактарга карата айып санкцияларын көбөйтүү жагынан «Административдик жоопкерчилик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу.

Иш менен камсыздоо мүмкүнчүлүгүн түзүү жана демилгелөө боюнча милдетти чечүү алкагында төмөнкү иш-чаралар пландаштырылууда:

(i) жумуш орундарын ыңгайлаштыруу, узакка созулган дарылануудан кийин ДЧМАларга жумуш ордун сактоо жана кайра келүү методикасын иштеп чыгуу;

(ii) эмгек рыногунун ачыктыгы шарттарында ДЧМАлардын билимдерди жана жумуштун алгачкы тажрыйбасы алууга багытталган консультациялык жана тренингдик борборлорду түзүү.

(3) Улгайган адамдарды социалдык коргоо жана пенсиялык камсыздоо жаатында:

(i) улгайган адамдарга сунушталуучу социалдык кызматтардын минималдуу социалдык стандарттарын ишке киргизүү;

(ii) өздөрүнүн аймактарында кызматтарды өнүктүрүү, анын ичинде мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу аркылуу жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жогорулатуу;

(iii) пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу;

(iv) Социалдык фонддун жана республикалык бюджеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен пенсиялардын өлчөмдөрүн жогорулатууну жүргүзүү;

(v) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча укуктук мамилелерди өркүндөтүү.

Улгайган адамдарга сунушталуучу социалдык кызматтардын минималдуу социалдык стандарттарын ишке киргизүү үчүн төмөнкүлөр пландаштырылууда:

(i) жалгыз бой улгайган адамдар үчүн күндүзгү болуучу борборлордун типтүү жоболорун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) жалгыз бой улгайган адамдар үчүн күндүзгү болуучу борборлору сунуштаган социалдык кызматтарды карылоонун механизмин жана наркын аныктоо методикасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Өздөрүнүн аймагында жалгыз бой улгайган адамдарга кызматтарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча милдетти чечүү төмөнкүдөй чараларды ишке ашырылышын белгилейт:

(i) социалдык кызматкерлерди ар дайым окутуу жана квалификациясын жогорулатуу системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) мамлекеттик социалдык заказ механизми аркылуу жалгыз бой жарандарга социалдык жардам берүүдө бей өкмөт уюмдар менен өз ара аракеттенүү форматтарын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(iii) жатак мекемелерде улгайган адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтарды жан башына каржылоого этап менен өтүү боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу үчүн төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу пландаштырылууда:

(i) рейддик контролдоону киргизүү менен «Ишкердик субьекттерине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү;

(ii) финансылык-чарбалык ишке текшерүү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу органдардын тизмесине СФв киргизүү жөнүндө

толуктоону «Кыргыз Республикасындагы эркин экономикалык зоналар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына киргизүү;

(iii) рыноктордо жана айыл чарба секторунда иштеген жеке ишкерлер үчүн камсыздандыруу төгүмүнүн тарифтеринин ставкасын этап менен теңдөө боюнча «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

(iv) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасын аркылуу мигранттарды тартып келүү боюнча мамлекеттер аралык макулдашууларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун жана республикалык бюджеттин финансылык мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен пенсиялардын өлчөмдөрүн жогорулатуу боюнча милдетти чечүү үчүн:

(i) пенсиянын базалык бөлүгүн өткөн жыл үчүн орточо бир айлык эмгек акы 12% кем эмес деңгээлде кармап туруу;

(ii) пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүн ар жыл сайын индексациялоо;

(iii) пенсиялык камсыздоого, пенсияларды дайындоонун камсыздандыруу принциптерин күчөтүүгө, пенсияларды дайындоонун эрежелерин өркүндөтүүгө республикалык бюджеттин чыгымдарынын натыйжалуулугун жана даректүүлүгүн жогорулатууга багытталган «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү керек.

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча укук мамилелерди өркүндөтүү боюнча милдет Кыргыз Республикасында пенсия системасын мындан ары реформалоо программасын иштеп чыгууну белгилейт.

Ушул артыкчылык боюнча сунушталган иш-чараларды ишке ашыруу төмөнкүдөй натыйжаларга алып келет:

(i) пенсиянын өлчөмүнүн үзгүлтүксүз өсүшүн камсыз кылуу

(ii) пенсиялык системанын теңдештиги;

(iii) пенсионердин жашоо минимумунун деңгээлинен аз пенсияны алуучу пенсионерлерин үлүшүн 2018-жылы 57,6% чейин кыскартуу;

(iv) Социалдык фонддун каражаттарын жана пенсиялык топтолуунун каражаттарын башкаруунун комплекстүү автоматташтырылган системасын түзүү.

(4) тобокелдик тобундагы адамдарды социалдык коргоо жаатында: үй-жайсыздар менен иштеген социалдык тейлөө мекемелеринин тармактарынын керектөөлөрүнө байланыштуу өнүктүрүү.

Бул маселени чечүү өзүнө төмөнкүдөй чараларды камтыйт:

(i) үй-жайсыздарды социалдык тейлөө боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) муктаждыктарга жараша региондордо убактылуу болуу борборлорун, башпаанектерди ачуу;

(iii) үй-жайсыздарга алгачкы жардам көрсөтүү боюнча мобилдүү топторду түзүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү үчүн социалдык коргоо жана пенсиялык камсыздоо системасынын потенциалын күчөтүү боюнча артыкчылыктардын алкагында Өкмөт төмөнкү маселелерди чечүүнү белгилөөдө:

(i) кадрлардын квалификациясын жогорулатуу системасын түзүү;

(ii) социалдык коргоо чөйрөсүндө бирдиктүү маалымат системасын түзүү;

(iii) камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу, пенсияларды чектөө жана кайрадан эсептөө процессин автоматташтыруу.

Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу системасын түзүү боюнча маселени чечүү төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашырууну белгилейт:

(i) социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча окутуу программаларын иштеп чыгуу;

(ii) Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү министрлигинин кадрларды кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу борборун түзүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу.

Социалдык коргоо чөйрөсүндө бирдиктүү маалымат системасын түзүү боюнча маселе төмөнкүдөй иш-чаралардын ишке ашырылышын болжойт:

(i) социалдык коргоо чөйрөсүндөгү корпоративдик маалымат тарамы боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(ii) социалдык коргоого муктаж болгон жарандардын бирдиктүү маалымат банкын түзүү боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(iii) социалдык коргоого муктаж болгон жарандардын маалымат банкын коргоо боюнча мыйзам долбоорун иштеп чыгуу.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу, пенсияларды чектөө жана кайра эсептөө процессин автоматташтыруу үчүн төмөнкүлөр боюнча чараларды ишке ашыруу белгиленүүдө:

(i) «Төлөмдөр», «Пенсияларды дайындоо жана кайрадан эсептөө» блоктору боюнча программаны өндүрүштүк пайдаланууга даярдык көрүү;

(ii) пенсиялык системасынын топтолуучу бөлүгү жана тиешелүү финансылык отчёттуулук боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана пайдаланууга киргизүү.

### 4.5. Маданий потенциалды күчөтүү

Максат: калктын жашоо сапатын жакшыртууга, руханияттын өсүшүнө, маданият чөйрөсүн өнүктүрүүнүн негизинде өлкөнүн заманбап имиджин түзүүгө көмөк көрсөтүү.

Учурдагы абалды талдоо. Бүгүнкү күндө Кыргызстан маданият мейкиндигине интеграцияланган, эл аралык байланыштар жаңы сапатты алышты, көптөгөн өлкөлөр менен маданият жана искусство жаатында кызматташуу боюнча эки тараптуу макулдашууларга кол коюлган. Маданият чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын оң натыйжасы болуп өлкөнүн маданият институттарынын тарамын сактап калуу, маданият обьекттерин менчиктештирүүгө жол бербөө саналат. Өлкөдө 20 кесиптик театр, 3 филармония, 1055 китепкана, 700 стационардык клубдук мекемелер, балдардын 72 музыкалык, 3 көркөм өнөр мектептери, 11 искусство мектептери, 58 музей, 7 маданият жана эс алуу парктары, 2 жогорку жана 8 орто атайын окуу жайдары иштейт.

Бирок, музейлердин жана китепканалардын учурдагы иш-аракеттерин каржылоо толук токтотулгандыктын натыйжасында, маанилүү, баарынан мурда фонддорду толуктоо жана жаңыртуу, алардын сакталышын, коопсуздугун жана керектөөчүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу сыяктуу багыттар боюнча жагдай кыйын болууда. Республиканын музейлеринин биринде дагы реставрациялык лаборатория, жана тиешелүү кадрлар жок. Дасыккан искусство таануучулардын жана музей кызматкерлеринин жоктугунан улам, илимий-изилдөө иштери жүргүзүлбөйт жана коллекциялар менен иштөө формалары эскирген. Азыркы учурга чейин Мамлекеттик тарых музейинде туруктуу экспозиция жок, 58 музейдин арасынан 10ну атайын курулган имараттарда жайгашкан. Китепкана фонддорунун 60% ашыгын окулбаган, моралдык жана физикалык жактан эскирген китептер түзөт.

Көптөгөн жылдар бою иштелип чыккан, балдарга адистештирилген билим берүү системасы бузулууда. Музыкалык, көркөм өнөр мектептеринин жана искусство мектептеринин көпчүлүгү ыңгайлаштырылбаган жайларда иштөөдө, алардын абалы стандарттык талаптарга жооп бербейт. Окутуучулардын класстык комнаталары жетишсиз. Негизги жана курч көйгөйлөрдүн бири болуп музыкалык мектептердин музыкалык аспаптар, ноталык басылмалар, китептер жана окуу пособиелери, ошондой эле сабак берүү методикалары менен жабдылышы саналат.

Республикада республикалык маанидеги 583 эстелик катталган. ЮНЕСКО дүйнөлүк мурас тизмесине бир гана эстелик «Сулайман-Тоо ыйык тоосу» киргизилген, Чүй өрөөнүндөгү үч эстелик боюнча 2013-жылдагы досье Казакстан менен Кытай менен бирдикте «Жибек жолу» дүйнөлүк мурастын улуттар аралык номинациясынын алкагында кароодо кабыл алынган. Бирок, эстеликтердин көпчүлүк бөлүгү интенсивдүү түрдө бузулуп жатат жана заманбап маданият процессине кошо тартылган эмес. Мониторингдин тиешелүү системасынын жоктугу, эстеликтерди

реставрациялоодо жана консервациялоодо узак үзгүлтүктөр (15-20 жыл), эстеликтердин жанында коргоо зоналарынын жоктугу, коргоо келишимдерин түзүү менен эстеликтерди коргоону юридикалык тариздөөнүн жоктугу негизги себептер болуп саналат. Эстеликтерге чектеш аймактарда системасыз курулуулар жаратылыш-маданий ландшафтты кошо алганда, бүтүндүктү жана аныктыкты жоготууга алып келүүдө.

Соңку жылдарда «Материалдык эмес маданий мурасы жөнүндө», «Манас» эпосу тууралуу» мыйзамдар кабыл алынган, 2012-2017-жж. мезгилге «Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча улуттук программа кабыл алынган. «Кыргыз Республикасынын музейлери жана музей фонду жөнүндө» «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө» «Китепкана иши жөнүндө» мыйзамдарга иштин шарттары жана жоопкерчилик бөлүгүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Ченемдик-укуктук базанын маданият чөйрөсүндөгү жаңы шарттарга адаптациялоо процесси аякталган эмес, мыйзамдарды аткаруу механизмдери толук иштелип чыккан эмес, аймактык органдар, жергиликтүү коомчулук, жеке структуралар менен өз ара аракеттенүү жөнгө салынган эмес. Кыргыз Республикасынын «2010-жылга чейин айыл жергесинде маданиятты жана искусствону өнүктүрүү» Мамлекеттик программасы өзүнүн акыркы максатына жетпей калган жана маданият чөйрөсүн өнүктүрүүгө олуттуу түрдө таасир тийгизген жок. (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 11-январындагы № 4 токтому менен бекитилген).

Акыркы жылдары Кыргызстандын маданий жашоосу ар түрдүү өзгөргөндүгүнө карабастан, искусство чөйрөсүнүн абалы анын ишмерлерин сыяктуу эле республиканын калкын дагы аз канааттандырат. Драмалык, музыкалык жана көркөм чыгармаларга карата мамлекеттик заказ практикасы жок, анын натыйжасында театрлардын жана филиалдардын учурдагы репертуары начар жаңыртылууда.

Азыркы учурда театрларды каржылоо корголгон гана статьялар боюнча жүргүзүлүүдө, репертуарды жана инвентарды жаңыртууга каражаттар бөлүнбөйт. Мындан тышкары, театрларда, маданияттын башка мекемелеринде дагы заманбап башкаруучулар жетишсиз. Маданият чөйрөсүндө кадрларды комплектилөө жана квалификацияны жогорулатуу, өзгөчө айыл жергесинде, олутту көйгөй. Бул чөйрөдө бүтүндөй өлкө боюнча дипломдору бар (андан дагы адистиги боюнча) адистердин аздыгы, өзгөчө региондордо жана айыл жергесинде байкалууда. Маданият чөйрөсүндө ишти пландаштыруу жана программага салуунун методдоруна, маркетингдин негиздерине, каражаттарды тартуунун заманбап методдоруна ээ болгон кызматкерлер жокко эсе. Кадрлар менен камсыз болбогондук көйгөйүнө талдоо жүргүзүлгөн эмес, адистерди тартуу, өзгөчө райондук, айылдык маданият мекемелерине тартуу механизми иштелип чыккан эмес. Азыркы учурда аймактык органдардын,

мекемелердин ишинин жана иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоо методикасы жок.

Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү эске алып, өлкөнүн орто мөөнөттү саясаты төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттарга топтолот:

(i) калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу, маданий жашоого катышуусун кеңейтүү чөйрөсүндө структуралык реформаларды жүргүзүү;

(ii) өлкөнүн маданий жана жаратылыш мурасын сактоо;

(iii) маданий чөйрөнү өнүктүрүүнүн негизинде өлкөнүн имиджин түзүү.

Калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу, маданий жашоого катышуусун кеңейтүү чөйрөсүндө структуралык реформаларды жүргүзүү алкагында төмөнкүдөй маселелер чечилет:

(i) маданият чөйрөсүндө институттук баалоону жана кайра уюштурууну өткөрүү;

(ii) кадрларды окутуу жана кайра даярдоо;

(iii) маданият чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүү үчүн максаттуу стратегиялык жана ченемдик укуктук документтерди иштеп чыгуу.

Маданият чөйрөсүндө институттук баалоону жана кайра уюштурууну жүргүзүү боюнча маселени чечүү төмөнкүдөй чаралар жүзөгө аркылуу чечилет:

(i) маданият мекемелеринин натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү;

(ii) жүгүртүүгө контролду күчөтүү үчүн баалуу фонддорду инвентаризациялоо жана мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу;

(iii) маданият чөйрөсүндөгү мекемелердин ишине мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү киргизүү механизмин иштеп чыгуу;

(iv) кесипкөйлүк искусствонун чыгармаларын: театрдык постановкаларды, цирк программаларын; телекөрсөтүүлөрдү; адабий чыгармаларды түзүүгө мамлекеттик заказды ишке киргизүү механизмин иштеп чыгуу;

(v) айылдарда кино көрсөтүү жана кинолук тейлөөнү уюштуруунун жаңы форматтарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(vi) маданияттын райондук жана айылдык мекемелеринин тарамдарын оптималдаштыруу жана модернизациялоо планын иштеп чыгуу: материалдык база, жабдуу;

(vii) оптималдаштыруу планынын алкагында балдардын жана чоң кишилердин чыгармачылыгын кеңейтүүнү караштыруу;

(viii) республиканын бардык облустарында маданияттын айыл чарбалык мекемелерин оптималдаштыруу жана модернизациялоо боюнча сынамык долбоорлорду ишке киргизүү.

Кадрларды окутуу жана кайра даярдоо боюнча маселени чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү пландаштырууда:

(i) маданият чөйрөсүнүн окуу жайларынын стандарттарга шайкештигине карата инвентаризация жүргүзүү жана анын натыйжалары боюнча шарттарды камсыздоо боюнча пландарды иштеп чыгуу;

(ii) балдардын музыкалык мектеби, искусство мектеби жана балдардын көркөм өнөр мектептери үчүн окуу адабиятын басып чыгаруу; тираждын санын көбөйтүү үчүн каражаттарды тартуунун планын иштеп чыгуу;

(iii) ЖӨБ жолдомо боюнча адистерди окутуу механизмин иштеп чыгуу; ар жыл сайын маданият чөйрөсүндө адистерге республиканын керектөөлөрүн эсепке алуу менен гранттык окутууга заказды түзүү;

(iv) эл аралык келишимдердин алкагында чет өлкөлүк окуу жайларга өлкөдөн жолдомо боюнча адистерди максаттуу окутуу/кайра даярдоо боюнча макулдашууларды түзүү;

(v) материалдык жана материалдык эмес мурастарды сактоо, маданият мекемелеринин финансылык туруктуулугун башкаруу чөйрөсүндө менеджерлерди окутуу/ кайра окутуу.

Маданият чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүү үчүн ченемдик-укуктук чөйрөнү жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр болжолдонууда:

(i) 2010-жылга чейин маданиятты өнүктүрүү стратегиясын; 2020-жылга чейин кинематографияны өнүктүрүү стратегиясын; телерадио берүү комплексин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу;

(ii) «Маданият жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын музейлери жана музей фонду жөнүндө», «Кыргыз Республикасында китепкана иши жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын кинематографиясын мамлекеттик колдоо жөнүндө», «Меценаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлорун иштеп чыгуу;

(iii) маданият чөйрөсүн максаттуу стратегиялык каржылоо программасын иштеп чыгуу;

(iv) маданият чөйрөсүндөгү колдонуудагы ченемдик-укуктук базага инвентаризация жүргүзүү жана жүргүзүлгөн талдоонун негизинде ченемдик укуктук актынын бирдиктүү жыйнагын даярдоо.

Өлкөнүн маданий жана жаратылыш мурастарын сактоо боюнча артыкчылыктын алкагында төмөнкүдөй милдеттерди чечүү болжолдонууда:

(i) маданий мурастын обьекттерин эсепке алуунун, изилдөөнүн, мониторинг жүргүзүүнүн, коргоонун жана пайдалануунун комплекстүү методдорун ишке киргизүү;

(ii) керектөөнүн жана жаратылышты пайдалануунун жогорку маданиятын пропагандалоо жана түзүү.

Маданий мурастын обьекттерин эсепке алуунун, изилдөөнүн, мониторинг жүргүзүүнүн, коргоонун жана пайдалануунун комплекстүү методдорун ишке киргизүү боюнча маселени төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүү болжолдонууда:

(i) маданий мурастын обьекттерин эсепке алуу, документтөө жана мониторинг жүргүзүү боюнча бирдиктүү электрондук маалыматтар базасын түзүү боюнча каражаттарды тартуу үчүн программаларды иштеп чыгуу;

(ii) коргоо зоналарын, жаратылыш жана антропогендүү факторлордун өз ара аракеттенишин төмөндөтүү боюнча планды, келүүчүлөрдү кабыл алуу жана контролдоо үчүн инфраструктураны түзүү боюнча планды кошо, башкаруунун узак мөөнөттүү пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү;

(iii) башкаруу пландарынын алкагында жергиликтүү коомчулукту коргоо жана киреше алып келүүчү ишке, кеңири жайылтуу жана коргоо ишине каражаттарды тартуу боюнча долбоорлорду жана иш-чараларды иштеп чыгууну;

(iv) археология эстеликтерин коргоо жана пайдалануу шарттары боюнча жерди пайдалануучулар менен келишимдик милдеттердин формасын этап менен ишке киргизүү;

(v) Дүйнөлүк мурас тизмесине номинациялардын досьесин даярдоо: Жибек Жолу (экинчи этап), Борбордук Азиянын петроглифтери, Батыш Тянь-Шань (жаратылыш эстелиги);

(vi) Материалдык эмес дүйнөлүк мурастын тизмесине номинациялардын досьесин даярдоо: Айтыш, Бозүй.

Керектөөнүн жана жаратылышты пайдалануунун жогорку маданиятын пропагандалоо жана түзүү боюнча маселени төмөнкү иш-чаралар аркылуу чечүү белгиленип жатат:

(i) туруктуу өнүгүү идеологиясын массалык маалымдоо каражаттарында ар тараптан түшүндүрүү жана талкуулоо;

(ii) китеп каналардын, музейлердин жана башка мекемелердин базасында калкты экоагартуу үчүн маалыматтык борборлорду түзүү;

(iii) экологиялык тарбия берүү жана агартуу, балдарда жана чоң кишилерде жаратылышка жоопту мамилени түзүү боюнча видео роликтерди, илимий популярдуу фильмдерди тартуу;

(iv) маданий жана жаратылыштын көрөсөндүү жерлерин изилдөө боюнча клубдук жана кружоктук иштин негизинде балдардын жана өспүрүмдөрдүн жергиликтүү кыймылын (топторун) түзүү;

(v) музейлердин базасында жергиликтүү коомчулукту экотуризмге, маданий жана жаратылыштын көрөсөндүү жерлерди коргоого тартуу боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(vi) музейлердин жана китепканалардын базасында эстетикалык, экологиялык дүйнө таанууну тарбиялоо жана балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды, туруктуу аракеттене турган лекторийлерди, кружокторун уюштуруу.

### 4.6. Дене тарбияны жана спортту өнүктүрүү

Максат: дене тарбияны жана спортту туруктуу өнүктүрүү.

Учурдагы абалды талдоо. Дене тарбия жана спорт соңку жылдары активдүү түрдө өнүгүүдө, муну дүйнөлүк спорт аренасында Кыргызстандын спортчуларынын ийгиликтүү чыгууларын көрсөтүүдө, бул жаштарды дене тарбия жана спорт менен машыгууга тартат.

Бүгүнкү күндө өлкөдө 100 жакын дене тарбия жана спорт мекемелери иштөөдө, аларда 50 миңге жакын адам машыгат. Дене тарбия жана спорт менен машыгуунун массалуулугу 6-7% түзөт. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматтары боюнча дене тарбия жана спорт менен массалуулугу 15% кем болгондо улуттун генофондуна коркунуч пайда болот.

20 жылдын ичинде мамлекеттик бюджеттин эсебинен стандарттык спорттук обьекттин бири дагы курулган жок, спорттук инвентарды сатып алууга каражат жетишсиз бөлүнөт. Жалпы билим берүүчү мектептердин спорт залдар менен камсыздалышы - 48,3 % түзөт, стадиондор жана жөнөкөй тегиз аянтчалуу курулуштар менен - 91,3%, спорт обьекттеринин 37% абалы канааттанарлык эмес деп бааланат; мектептердин 70% инвентарь жана жабдуулар 15-20 жылдын ичинде жаңыртылган эмес; спорт курулуштары менен калктын камсыздалышы 16% жогору эмес.

Орточо алганда, өлкө боюнча 1500 тренер иштейт. Мында 21 жашка чейинки калктын саны 1,6 млн. адам, бул тренердик-окутуучу курамдын курч жетишсиздигин көрсөтөт. Дене тарбия жана спорт тармагында кадрлар картаюуда, жаш кадрларды кайра даярдоо системасы натыйжасыз түзүлгөн. Тренердик-окутуучу курамдын жарымынан көбүнүн атайын билими жок. Дагы бир көйгөй - заманбап спорттук базанын жоктугу. Ысык-Көл облусунун потенциалы толук көлөмдө пайдаланылбай жатат, бул жерде окутуу-машыгуу процессин жүргүзүү үчүн идеалдуу шарттар бар.

Дене тарбия жана спорт тармагы спорттук мдицина боюнча профессионал кадрларга абдан муктаж.

Ушул көйгөйлөрдү эске алганда Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спортту өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары төмөнөкүдөй:

(i) дене тарбия жана массалык спортту өнүктүрүү;

(ii) жогорку жетишкендиктер спортун өнүктүрүү.

Тармактын биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкүдөй милдеттерди чечүү зарыл:

(i) мектеп окуучулардын дене тарбиялык жактан даярдыгынын сапатын жогорулатуу: бул үчүн республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде дене тарбиянын ченемдик негиздери иштелип чыгат жана ишке киргизилет. Спорттук инвентарлар менен камсыз болуунун минималдык стандарттары иштелип чыгат.

(ii) дене тарбия жана спорт тармагына сарпталуучу бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу: эл аралык

спорт аренасында биздин спортчулар реалдуу түрдө медаль утуп ала турган спорттун артыкчылыктуу түрлөрүн аныктоочу спорттун түрлөрүнүн реестри иштелип чыгат. Ошондой эле, реестр менен өздүк каражаттардын эсебинен өнүгө турган спорттун профессионалдык түрлөрүн жана улуттун ден соолугун чыңдоо максатында мамлекет өнүктүрө турган спорттун массалык түрлөрүн бекитүү зарыл.

(iii) республиканын калкын, өзгөчө региондордо, дене тарбия жана спорт менен машыгууга тартуу: бул үчүн ири спорттук-массалык оюн көрсөтө турган иш-чаралар өткөрүлөт. Ар бир облустук борбордо бирден энергия жактан натыйжалуу дене тарбия-ден соолукту чыңдоо комплексин куруу белгиленүүдө.

Тармакты өнүктүрүүнүн экинчи артыкчылыктуу багыты боюнча төмөнкүдөй маселелерди чечүү пландаштырылган:

(i) тренердик-окутуучу курамдын квалификациясын жогорулатуу. Бул үчүн тренерлердин жогорку мектебин ачуу пландаштырылууда, бул жерде алардын квалификациясы жогорулатылат. Мындан тышкары, тренердик-окутуу ишине кесипкөй эмес кадрларга уруксат бербөө боюнча пландуу ишти жүргүзүү керек.

(ii) Ысык-Көлдүн жээгинде врачтык диспансери бар заманбап спорттук базаны куруу. Бюджеттин тартыштыгын эсепке алуу менен, спорттук базаны куруу үчүн мейманкана жана тамак-аш блоктору бар болгон, иштеп жаткан мамлекеттик пансионаттардын бирин аныктоо керек.

(iii) медициналык коштоонун сапатын жогорулатуу. Бул үчүн Кыргыз медицина академиясынын базасында спорттук врачтарды даярдоо системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, ата-мекендик спортчуларды тейлеген, заманбап жабдуусу менен комплекстүү медициналык топту түзүү пландаштырылууда.

## 4.7. Үй-бүлөнүн ролун жогорулатуу жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу

Максат: Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү процессинде калктын адамдык потенциалын толук ишке ашыруу үчүн аялдар менен эркектердин бирдей укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу үчүн институттук базаны бекемдөө.

Учурдагы абалды талдоо. Гендердик теңчилик маселелери башкаруунун бардык тармактары жана деңгээлдери үчүн өтмө болуп саналат, гендердик саясаттын сезилээрлик саясаты улуттук да, аймактык деңгээлде да ар кандай министрликтердин, ведомстволордун бул багыттагы күч-аракеттеринен түптөлөт. Бул гендердик саясат чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу орган тарабынан ишти координациялоонун зарылдыгын шарттайт.

Гендерлик экспертизанын формалдаштырылган инструменти мамлекеттик органдардын ишинин бөлүгү болуп калган жок.

Гендердик теңсиздик чөйрөсүндө кыйла курч жана байкалаарлык болуп аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жүзөгө ашырууга жеткиликтүүлүгүнүн кескин тарышы саналат. Эгемендүүлүктүн жыйырма жыл аралыгында эмгекке жарамдуу курактагы аялдардын экономикалык активдүүлүгү эки эсеге төмөндөгөн, ал эми бир катар облустарда ал тургай андан да көбүрөөк. (Нарын облусунда - 30,6 %га чейин). Аялдар тобокелдиктер жогору жана социалдык кепилдиктер жок эмгектин формалдуу эмес рыногунда, тейлөөнүн жана соода-сатыктын айрым секторлорунда басымдуулук кылышат.

Кыргыз Республикасынын үй-чарбаларын иргеп изилдөөдө үй эмгегин кошпогондо иштин акы төлөнүүчү эки же андан көп чөйрөсүндө аялдардын салыштырмалуу салмагы эркектерге караганда көп экендигин көрсөттү. Бирок аялдардын иши жана салымы коом үчүн көрүнбөгөн бойдон калууда.

Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун жогору деңгээли көп аял алуу, күч колдонуу менен эрте никеге туруу, жумуш орундарында асылуу фактыларынын таркалышынан көрүнүүдө, эмгектик жана сексуалдык эксплуатациялоо максатында аялдарды сатуу сыяктуу гендердик зомбулуктун жаңы түрү пайда болду. Мында зомбулуктун курмандыктарына жардам берүү боюнча мамлекеттик жана муниципалдык институттардын бутактаган тармагы жок. Башкаруу органдарында, өзгөчө жетектөөчү позицияларда гендердик дисбаланс сакталууда, бул атайын чараларды кеңири колдонуу жана аларды сактоо боюнча мамлекеттик контролдоону күчөтүүнүн зарылчылыгын актуалдаштырат.

Артыкчылыктуу багыттар. Жогоруда баяндалган проблемаларды эске алып, 2017-жылга чейинки гендердик саясат төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга басым жасайт:

(i) гендердик теңчиликти камсыз кылууну мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

(ii) аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

(iii) аялдар менен эркектердин бирдей мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу үчүн функциялык билим берүү системасын түзүү;

(iv) гендердик кодулоону төмөндөтүү жана аялдардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү;

(v) чечимдерди кабыл алууда гендердик паритетти алга жылдыруу жана аялдардын саясый катышуусун өнүктүрүү.

Гендердик теңчиликти камсыз кылууну мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча артыкчылыктуу багыт төмөнкү маселелерди чечүүгө топтолгон:

(i) башкаруунун бардык деңгээлдеринде гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук институттук механизмди өркүндөтүүнү камсыз кылуу;

(ii) гендердик саясатты ишке ашыруу үчүн ченемдик-укуктук базаны жана мыйзам колдонуу практикасын жакшыртуу;

(iii) улуттук гендердик статистиканы стандартташтырууну жана көрсөткүчтөрдү эл аралык милдеттенмелер менен гармониялаштырууну жакшыртуу.

Башкаруунун бардык деңгээлдеринде гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук институттук механизмди өркүндөтүүнү камсыз кылуу боюнча маселелерди чечүү үчүн Өкмөт төмөнкүлөргө ниеттенүүдө:

(i) гендердик теңчилик маселелери боюнча институционалдык механизмдин өркүндөтүлгөн моделин иштеп чыгуу жана пилоттоштурууну өткөрүү (вертикаль жана горизонталь боюнча);

(ii) иштелип чыгуучу саясатка, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын пландарына комплекстүү гендердик мамилени киргизүү боюнча инструментарийди иштеп чыгуу жана апробациялоо;

(iii) гендердик сезимталдык предметине мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү инвентаризациялоо өткөрүүнүн нормативдерин бекитүү;

(iv) гендердик компетенцияны баалоо критерийлерин эске алуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын квалификациялык талаптарынын тизмесине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

(v) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн гендердик сезимталдыгын баалоо методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү;

(vi) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына гендердик-сезимтал стандарттарды иштеп чыгуу;

(vii) аялдардын жана эркектердин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүнүн бөгөттөрүн жоюу боюнча атайын долбоорлорду иштеп чыгуу жана пилоттоштуруу.

Гендердик саясатты жүзөгө ашыруу үчүн ченемдик-укуктук базаны жана укук колдонуу практикасын жакшыртуу боюнча экинчи милдетти төмөнкү саясий чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу чечүү болжолдонууда:

(i) улуттук ченемдик-укуктук актыларды эл аралык милдеттенмелер менен гармониялаштыруу жана синхрондоштуруу;

(ii) гендердик теңчилик боюнча улуттук жана эл аралык милдеттенмелердин аткарылышы үчүн парламенттик контролдоону күчөтүү;

(iii) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү гендерлештирүү үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун пакетин иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

(iv) көзөмөлдү жана контролдукту, анын ичинде контролдоонун жол-жобосун жана методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү аркылуу гендердик чөйрөдөгү мыйзамдардын, улуттук укуктук-ченемдик актылардын аткарылышы үчүн жарандык контролдоону жогорулатуу.

Улуттук гендердик статистиканы стандартташтырууну жана көрсөткүчтөрдү эл аралык милдеттенмелер менен гармониялаштырууну

жакшыртуу боюнча үчүнчү милдетти чечүүнүн алкагында Өкмөт тарабынан төмөнкүлөр пландаштырылууда:

(i) өнүгүүнү талдоо, пландаштыруу, мониторинг жана баа берүү системасында бир түргө келтирилген гендердик индикаторлорду иштеп чыгуу;

(ii) гендердик индикаторлорду төмөнкүлөргө (чек-баракча түрүндө) киргизүү: АРВ системасына АРВ ыкмасы жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу; мамлекеттик органдардын саясатын иштеп чыгуу жана талдоо боюнча усулдук сунуштарга;

(iii) эл аралык стандарттар менен улуттук статистиканын ортосундагы шайкештикке жана ажырымга талдоо жүргүзүү;

(iv) өнүгүү программасынын стандарттарына жана керектөөлөрүнө ылайык статистикалык көрсөткүчтөрдү (анын ичинде жаңыларын) иштеп чыгуу.

Аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча экинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) эмгектик жана үй-бүлөлүк милдеттерди айкалыштыруу үчүн эмгектин шарттарын жакшыртуу; (ii) эмгек рыногунда аялдардын жана эркектердин иш менен камсыз болушун диверсификациялоо аркылуу гендердик сегрегацияны азайтуу; (iii) аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө булактарын кеңейтүү аркылуу аялдарды иш менен камсыз кылуу; (iv) улуттук эсептөөлөрдү оптималдаштыруу аркылуу аялдардын коомдук өнүгүүгө экономикалык салымын эсептөөнү камсыз кылуу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөргө ниеттенет: (i) эки министрликтин жана эки ЖӨБО базасында «Мамлекет – үлгүлүү иш берүүчү» программасын пилоттоштуруу; (ii) үй-бүлөлүк жана эмгектик милдеттенмелерди колдоо инфраструктурасын өнүктүрүү; (iii) экономикалык ишке аярлуу топтон аялдарды интеграциялоо үчүн атайын чараларды киргизүү.

Экинчи милдет саясаттын төмөнкү чараларынын эсебинен чечилет: (i) уландарга жана кыздарга салттуу эмес кесиптерди, адистиктерди окуу жана өздөштүрүү үчүн дем берүү; (ii) аялдардын эмгек рыногунда жаңы келечектүү адистиктерди алуусу боюнча шарттарды түзүү.

Үчүнчү милдетти төмөнкү чаралардын эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) аялдардын ишкердигин микрокредиттөө боюнча жаңы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жайылтуу; (ii) аялдардын ишкердигин, анын ичинде аялдар бизнесин колдоонун региондук инфраструктурасын түзүүнү кошо алганда колдоо чараларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу; (iii) узак мөөнөттү кредиттерди берүү, аялдардын ишкердиги үчүн босоголук пайыздык ставкаларды белгилөө аркылуу кредиттик каражаттарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.

Аялдардын коомдук өнүгүүгө экономикалык салымын эсепке алууну камсыз кылуу боюнча төртүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды жүзөгө ашырууну

пландаштырууда: (i) үй жана формалдуу эмес эмгектин коомдук өнүгүүгө экономикалык салымына баа берүү; (ii) аялдардын коомдук өнүгүүгө салымын медиа жана эдвокаси өнөктүгүн иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу аркылуу чагылдыруу.

Бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу үчүн функциялык билим берүү системасын түзүү боюнча үчүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолгон: (i) билимдүү ата-энелер жагында функциялык билим берүү системасын өнүктүрүү; (ii) репродуктивдүү ден-соолук маселелери боюнча функциялык билим берүү системасын өнүктүрүү; (iii)көп түрдүүлүк коомдогу турмушка көндүмдөрдү жакшыртуу үчүн функциялык билим берүү системасын өнүктүрүү; (iv) гендердик теңчилик, аялдардын лидерлиги жана саясый катышуучулук жагында функциялык билим берүү системасын түзүү; (v) айылдык аялдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын арасында компьютердик сабаттуулук жана ИКТ өздөштүрүү жагында функциялык билим берүү системасын түзүү (пилоттук аймактарда).

Бул милдеттерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкү чаралар жүзөгө ашырылат: (i) Ысык-Көл жана Ош облустарында ата-энелер үчүн функциялык билим берүү боюнча 2 сынамык долбоорду ишке киргизүү; (ii) Талас жана Баткен облустарында репродуктивдүү ден соолук маселелери боюнча функциялык билим берүү боюнча 2 сынамык долбоорду ишке киргизүү; (iii) Жалал-Абад жана Чүй облустарында көп түрдүү коомдо жашоо-турмуш көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн функциялык билим боюнча 2 сынамык долбоорду ишке киргизүү; (iv) Ош жана Нарын облустарында аялдардын лидерлиги жана саясый катышуучулугу жагында билим берүү көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн функциялык билим берүү боюнча 2 сынамык долбоорду ишке киргизүү; (v) Чүй жана Баткен облустарында айылдык аялдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын арасында компьютердик сабаттуулук жана ИКТ өздөштүрүү жагында функциялык билим берүү боюнча 2 сынамык долбоорду ишке киргизүү.

Гендердик кодулоону азайтуу жана аялдардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү боюнча төртүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) гендердик кодулоо жана гендердик зомбулук учурларында сот адилеттигине жеткиликтүүлүк механизмдеринин укуктук жана институционалдык механизмдерин бекемдөө; (ii) гендердик зомбулукту алдын-алуу жана компетенттүү жооп кайтаруу үчүн укук коргоо структураларынын, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо органдарынын жана ЖӨБОнын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу; (iii) гендердик кодулоо жана гендердик зомбулуктун курмандыктарына жардам көрсөтүү системасын өнүктүрүү; (iv) кодулоону жана гендердик зомбулукту кабыл албоо маданиятын өнүктүрүү.

Биринчи милдетти чечүүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкүлөр пландаштырылууда: (i) гендердик кодулоону жана зомбулукту алдын-алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү; (ii) гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын-алуу жана андан жапа чеккендерге жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Экинчи милдет төмөнкү саясат чараларын жүзөгө ашыруу аркылуу чечилет: (i) укук коргоо структураларынын, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо органдарынын кадрларын даярдоонун окуу программаларына экспертиза жүргүзүү; (ii) укук коргоо структураларынын, социалдык коргоонун жана ЖӨБОнын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу программаларына окутуунун атайын модулдарын ишке киргизүү; (iii) гендердик компетенттүүлүктүн деңгээлин аныктоого багытталган укук коргоо структураларынын кызматкерлерин аттестациялоодо тапшырмаларды киргизүү; (iv) укук коргоо структураларынын, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо жана ЖӨБОнун кызматкерлеринин гендердик компетенттүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана жарыялоо.

Гендердик кодулоонун жана гендердик зомбулуктун курмандыктарына жардам көрсөтүү системасын өнүктүрүү боюнча үчүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды жүзөгө ашырууну пландаштырууда: (i) гендердик кодулоонун жана зомбулуктун курмандыктарын коргоо боюнча адвокаттардын жана коомдук уюмдардын потенциалын жогорулатуу; (ii) гендердик кодулоонун жана зомбулуктун курмандыктарына жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик заказды жайгаштыруу моделин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктун күнөөкөрлөрү менен иштөө боюнча программаларды иштеп чыгуу жана пилоттоштуруу; (iv) гендердик зомбулуктун курмандыктары үчүн “түз байланышты” түзүү.

Төртүнчү милдет басмырлоого жана гендердик зордук зомбулукка жол бербөөнүн маданиятын өнүктүрүү боюнча төртүнчү милдет төмөнкүдөй сыяктуу чараларды ишке ашырууну болжолдойт: (i) мамлекеттик заказ жолу менен гендердик зомбулуктун курмандыктары үчүн акысыз юридикалык консультация берүү кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүү; (ii) ЖМКларды, формалдуу жана формалдуу эмес билимди колдонуу жана калктын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу жолу менен гендердик кодулоого жана зомбулукка жол бербөө маданиятын өнүктүрүү; (iii) мамлекеттик заказ жолу аркылуу гендердик кодулоо жана зомбулук үчүн жоопкерчилик жөнүндө басылма маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана жарыялоо; (iv) мектеп окуучуларынын жана билим берүүнүн баардык деңгээлдериндеги студенттерине кошумча билим берүүнүн программасына окутуунун интерактивдүү ыкмасын колдонуу менен

атайын лекцияларды, курстарды жана агартуу иштеринин башка формаларын киргизүү; (v) гендердик кодулоо жана зомбулук маселелери боюнча мамлекеттик Интернет-порталды ишке киргизүү.

Чечимдерди кабыл алууда гендердик паритетти алга жылдыруу жана аялдардын саясый катышуусун кеңейтүү боюнча бешинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүнү болжолдойт: (i) мамлекеттик жана муниципалдык кызматта кадр саясатына гендердик-сезимтал принциптерди ишке киргизүү; (ii) гендердик тең салмактуу улуттук жана ведомстволук кадрлар резервин түзүү жана ишке киргизүү; (iii) аялдардын саясый катышуусун жана лидерликти маалыматтык алга жылдыруу; (iv) бардык деңгээлдерде аялдардын саясый лидерлигин колдоого социалдык заказдын механизмин киргизүү жана аял-лидерлердин потенциалын жогорулатуу.

Бул милдеттерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкү чаралар колдонулат: (i) мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарында жетектөөчү кызмат орундарында гендердик квоталоо ченемин жана механизмдерин иштеп чыгуу жана мыйзам менен бекитүү; (ii) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кадр саясатына гендердик аудит механизмдерин киргизүү; (iii) бардык деңгээлдеги мамлекеттик/муниципалдык кызматчыларды гендердик тең салмактуу ротациялоо механизми катары улуттук/ведомстволук кадрлар резервин белгилөө; (iv) кадрлар резервин түзүүнү жана иштешин жөнгө салган улуттук-ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыгуу жана киргизүү; (v) аялдардын саясый катышуусун жана саясый лидерликти алга жылдыруунун маалыматтык стратегиясынын концепциясын иштеп чыгуу жана бекитүү; (vi) мамлекеттик заказ механизми аркылуу мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышкан аял-лидерлердин репрезентациялоосу үчүн коомдук мониторинг жүргүзүү системасын ишке киргизүү; (vii) жооптуу адамдар үчүн окутуучу компоненттери менен аялдардын саясый лидерлигин жогорулатуу үчүн социалдык заказды ишке киргизүү боюнча сынамык долбоорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу (ЭЭИМ, СӨМнын мисалында); (viii) сынамык долбоорду баалоонун жыйынтыктары боюнча сунуштардын негизинде мамлекеттик социалдык заказ механизмин ишке киргизүү.

# V. ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ ҮЧҮН КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО

## 5.1. Курчап турган чөйрөнү коргоо

Максат: экономикалык өсүштүн шарттарында жашоо үчүн жагымдуу курчап турган чөйрөнү сактоо.

Учурдагы абалды талдоо. Жаратылыш жана анын компоненттери өлкөнүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн маанилүү

түзүүчүсү болуп саналат. 2012-жылга карата Кыргызстан экологиялык жетишкендиктердин индекси боюнча (EPI)[8] Борбордук Азиянын өлкөлөрүн ашып, 101 орунду ээледи, бирок, экологиялык жетишкендиктердин индексинин объективдүү төмөн рейтинги жаратылыш ресурстарынын бузулуу процесстеринин жогорку деңгээлин көрсөттү, бул рационалдуу пайдалануу чөйрөсүндө мамлекеттин жана өз алдынча органдардын ишинин натыйжалуулугунун төмөндөшү жөнүндө күбөлөндүрөт.

Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча улуттук орган, Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып, бир катар структуралык кайра өзгөртүүлөргө дуушар болгон, алар статусун төмөндөтүү сыяктуу эле функцияларды өзгөртүүгө тийиштүү болгон. Азыркы учурда Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болбостон, бир эле убакытта жаратылыш коргоо саясатын иштеп чыгат жана кызматтарды көрсөтөт, мында экологиялык контролдун жана көзөмөлдүн функциялары алсызданган.

Азыркыга чейин ыйгарым укуктарды бөлүшүү жана экологиялык контролду бөлүштүрүү маселелерине тактык эмес бар, ведомстволор аралык саботаж пайда болууда. Курчап турган чөйрөнү коргоонун улуттук жана региондук деңгээлдериндеги органдар штаттык кызматкерлердин тартыштыгын жана билимдерди жана тажрыйбаны өткөрүп берүүнүн улантуучулугунун жоктугун сезүүдө. Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда курчап турган чөйрөнү коргоо жаатында ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү так эмес бойдон калууда.

Туруктуу өнүктүрүү саясатын ишке ашыруу ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү жана улуттук да, сектордук дагы стратегиялык документтерди ишке ашырууда комплекстүү ыкманы талап кылат. Бирок, бүгүнкү күндө мындай механизмдер жок, же таасирдүү натыйжаларды бербейт.

Экологиялык коопсуздуктун маселелерин эсепке албастан, бизнеске талаптарды жөнөкөйлөтүү багытында саясий чечимдерди кабыл алуунун туруктуу тенденциясы бар. Ушундай коллизиялардын бар болушу жергиликтүү калк менен чарбакер субъекттердин ортосунда конфликттерди пайда кылууда. Мүмкүндүү терс натыйжаларды алдын алуу үчүн курчап турган чөйрөгө таасирди баалоо (мындан ары КЧТБ), мамлекеттик жана коомдук экологиялык экспертизалар өткөрүлөт. Бирок, бул инструменттердин процесстик жана техникалык аспекттери эл аралык ыкмалардын негизинде «жашыл» өнүгүүнүн жаңы чакырыктарына байланыштуу кайра карап чыгууну талап кылууда.

Жоопкерчилик чаралары бузуучулардын жүрүм-турумун өзгөртүүгө алып келбейт, курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаңы экологиялык

[8] «2012 - Environmental Performance Index and Pilot Trend Environmental Performance Index», Yale Center for Environmental Law and Policy.

айрыкча натыйжалуу технологияларды ишке киргизүү боюнча алдын алма иш-чараларды жүзөгө ашырууга демилге бербейт. Айыптар менен доолордун суммалары чарбалык иштин курчап турган чөйрөгө келтирген зыяндын ордун толук толтуруу үчүн керектүү реалдуу чыгымдардан бир топ төмөн.

Өлкөдө курчап турган чөйрөнүн абалына экологиялык мониторинг жүргүзүү системасы бузулган жана бытыранды болуп калган. Ысык-Көлдүн жээгиндеги зонанын суусуна мамлекеттик мониторинг программасы 11 точкага кыскартылган, аларда суулардын үлгүлөрүн алуу курорттук сезондо гана алынат, мында 2012-жылы КЖЧнын 4,6 эсеге жогорулашы байкалган. Экологиялык маалыматтарды чогултуу, иштетүү системасында да, ошондой эле, алардын андан кийин пайдаланууда дагы маанилүү көйгөйлөрү бар.

Жаратылышты коргоо иши каржылоонун төмөнкү деңгээли менен чектелет жана мамлекеттик бюджеттен курчап турган чөйрөнү коргоо каражаттардын азаюунун туруктуу тенденциясы байкалууда. Ошентип, «2012-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2013-2014-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2012-жылга карата «Курчап турган чөйрөнү коргоо» багыты боюнча чыгымдар 2011-жылдын такталган бюджетинен 9,7% аз каралган жана ИДПга карата 0,1% же республикалык бюджеттин жалпы чыгымдарына карата 0,4% түздү. Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу атайын фонддордун жана максатка багытталган, бирок сынамык мүнөздөгү эл аралык уюмдардын долбоорлорунун каражаттарынын эсебинен жабылууда.

Токой баскан жерлер өлкөнүн аймагынын 5,61%[9] гана, ал эми ӨКЖА[10] аянты-6,006% түзөт, мында социалдык-экономикалык жагдай бар жана ЖӨБ органдарынын жаратылышты коргоо мыйзамдарын начар аткаруу токойлорду массалык кыюунун, браконьерчиликтин, айдоо жерлерин экстенсивдүү пайдалануунун себеби болуп саналат.

Курчап турган чөйрөнүн абалынын начарлашы, жаратылыш ресурстарынын жетишсиздиги адамдын ден соолугуна жана коосуз өнүгүүсүнө коркунуч пайда кылат. Булганган атмосфералык абанын таасирине дуушар болгон шаардагы калктын үлүшү 58,7% [11]жакынды түзөт, булгоочу заттардын 80% көбү автомобиль транспортунан болууда. Химиялык заттар булгоонун жана калдыктардын көлөмдөрүн көбөйтүп, коомдун өнөр жай, айыл чарба жана керектөө секторлорунда интенсивдүү түрдө пайдаланылууда. 2010-жылы Кыргызстанда 1114,5 миң тонна муниципалдык калдыктар пайда болгон, мында, бардык тиричилик калдыктарынын 1% жакыны экинчи сырьё катары колдонулат.

---

[9] «Кыргыз Республикасынын токойлорун улуттук инвентаризациялоо», КРӨнүн 2011-жылдын 26-июлундагы № 407 токтому.

[10] Өзгөчө корголуучу жаратылыш аянттары.

[11] «Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук доклад», КРӨнүн 2012-жылдын 7-августундагы № 553 токтому.

Жашаган жерин кескин түрдө өзгөртүү жана жаратылыш өсүмдүктөрүнүн жана жаныбарлардын 11 түрүнүн жок болушуна алып келди жана башкалардын жоголуу коркунучун пайда кылды. Кыргыз Республикасынын Кызыл Китеби бүгүнкү күндө эле сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучунда турган жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн 207 түрүн камтыйт.

Климаттын глобалдуу өзгөрүүсү көйгөйү өлкөнүн өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Бирок, жакынкы келечекте, азык-түлүк жана энергетикалык коопсуздуктун маселелери андан дагы актуалдуу болушу мүмкүн, алар жакырчылыктын деңгээлине түздөн-түз таасир тийгизет. Ушуга байланыштуу, климатты өзгөрүүсүн алдын алуу жана курчап турган чөйрөнүн өзгөрүшүнө калкты адаптациялоо боюнча системалуу иш керек.

Артыкчылыктуу багыттар жана чаралар саясаты. Коюлган максатка жетишүү жана жогоруда берилген көйгөйлөрдү чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иши төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттарга топтолот: (i) курчап турган чөйрөнү жана жаратылышты пайдаланууну коргоону мамлекеттик башкаруу системасына реформа жүргүзүү; (ii) экономикалык иштин терс таасирин төмөндөтүү жана терс экологиялык кесепеттерин минималдаштыруу; (iii) биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана климаттын өзгөрүү шарттарында жаратылыш экосистемаларын калыбына келтирүү; (iv) аз көмүртектүү өнүгүүнүн принциптерин алга жылдыруу.

Курчап турган чөйрөнү жана жаратылышты пайдаланууну коргоону мамлекеттик башкаруу системасына реформа жүргүзүү боюнча биринчи артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик органдын институционалдык өнүгүүсүн камсыз кылуу; (ii) экологиялык туруктуулуктун аспекттерин жана климаттын өзгөрүүсүн эл аралык экологиялык милдеттерди эске алуу менен сектордук жана региондук өнүктүрүү программаларына интеграциялоо; (iii) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнүн потенциалын күчөтүү; (iv) курчап турган чөйрөнүн абалы боюнча анык, сапаттуу маалыматка жетишүүнү камсыз кылуу.

Биринчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүүнү белгилөөдө: (i) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик органдын статусун жогорулатуу; (ii) экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция (мындан ары - Экотехинспекция) ортосунда өз ара аракеттешүү регламентин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) курчап турган чөйрөнү коргоо жана рационалдуу пайдалануу маселелери боюнча мамлекеттик структуралардын өз ара аракеттенүүсүн координациялоочу механизмди

иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iv) мамлекеттик структуралардын жана ЖӨБО функционалдык өзгөрүүлөрүнүн негизинде жаратылыш коргоочу ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү жана кайра карап чыгуу; (v) ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо критерийлерине экологиялык көрсөткүчтөрдүн системасын киргизүү аркылуу жергиликтүү деңгээлде экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн алардын жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча ченемдик укуктук актыларды кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Экинчи милдетти чечүү алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саясаттын төмөнкүдөй чараларын ишке ашырууну пландаштырууда: (i) өзгөрүп жаткан климаттын шарттарына карата өлкөнү адаптациялоо боюнча Улуттук стратегияны бекитүү жана ишке ашырылышын координациялоо; (ii) биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча улуттук стратегияны жана иш-аракеттер планын иштеп чыгуу жана бекитүү; (iii) катуу тиричилик калдыктарын башкаруу боюнча стратегияны жана иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана бекитүү; (iv) 2017-жылга чейин химиялык заттарды тийиштүү башкаруу боюнча улуттук планды иштеп чыгуу жана бекитүү; (v) Ысык-Көл экологиялык-экономикалык системаны туруктуу өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу; (vi) климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялоо жана курчап турган чөйрөнү коргоо маселелери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен коомчулуктун өкүлдөрүн окутуу; (vii) экологиялык туруктуулук жана климаттын өзгөрүүсү маселелерин сектордук стратегиялык пландаштырууга жана учурдагы ишке интеграциялоо боюнча мамлекеттик структуралардын кызматкерлерин окутуу.

Үчүнчү милдетти төмөнкүдөй чаралардын эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) коомчулук үчүн жыйынтыктарды угузуу менен курорттук мезгилде тазалоочу курулуштардын ишинин натыйжалуулугуна жана Ысык-Көлдүн жээгиндеги суулардын абалына мониторинг жүргүзүү (ii) Ысык-Көл облусунун стратегиялык пландаштыруусун колдоо үчүн Ысык-Көлдүн экосистемаларынын абалына изилдөө жүргүзүү; (iii) Бишкек, Чолпон-Ата, Ош жана Жалал-Абад шаарларында Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиктин экологиялык лабораторияларын техника жактан жабдуу жана аккредитациялоону кеңейтүү (iv) Бишкек шаарындагы Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиктин сертификатталган лабораториясы менен тазалоочу курулуштардан тазаланган агын сууларын жер үстүндөгү көлмөлөргө төгүүнүн таасирине талдоо жүргүзүү.

Төртүнчү милдетти төмөнкүдөй иш-чараларды жүзөгө ашыруу жолу менен чечүү пландаштырылууда: (i) экологиялык статистикалык отчёттуулуктун методологиясын, формаларын инвентаризациялоо, кайра карап чыгуу; (ii) жоголуу коркунучунда же өзгөчө коргоодо турган түрлөрдү кошо, жаныбарлардын жана канаттуулардын айрым түрлөрүнүн

санын статистикалык учётко алуу системасын кайра карап чыгуу; (iii) БУУнун ЕЭК эл аралык-макулдашылган көрсөткүчтөрүнө негизделген, курчап турган чөйрөнүн абалы жөнүндө улуттук докладды иштеп чыгуу; (iv) климатты өзгөртүү тууралуу БУУнун Алкактуу Конвенциясы боюнча Кыргыз Республикасынын Үчүнчү Улуттук кабарын иштеп чыгуу; (v) Орхус Конвенциясынын алкагында Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттикке караштуу Маалыматтык борборду түзүү жана ишин колдоого алуу; (vi) үч «РИО» конвенцияларын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча ГЭФ-ПРООН долбоордук сунушту иштеп чыгуу.

Экономикалык иштин терс таасирин төмөндөтүү жана терс экологиялык кесепеттерин минималдаштыруу боюнча экинчи артыкчылыктын алкагында төмөнкүдөй милдеттерди чечүү каралууда: (i) жаңы экологиялык коопсуз технологияларды колдонуунун жагымдуу шарттарын түзүү үчүн жаратылыш пайдалануу механизмдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу; (ii) өндүрүш жана керектөө калдыктарын тиешелүү башкаруу үчүн негизди түзүү.

Биринчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда: (i) эл аралык милдеттерге ылайык курчап турган чөйрөгө таасирди баалоону жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө инструкцияны бекитүү (ii) эл аралык милдеттерди эске алуу менен Кыргыз Республикасынын долбоор алдындагы материалдарына жана документтерине мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү жана ишке киргизүү; (iii) мамлекеттик экологиялык экспертизанын талаптарын сактоо үчүн жоопкерчиликти күчөтүү боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана бекитүү; (iv) жаратылыш коргоо мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчиликти күчөтүү боюнча ченемдик укуктук актыга өзгөртүү киргизүү; (v) жаратылыш коргоочу, ресурстарды үнөмдөөчү жана аз калдыктуу технологияны ишке киргизүү боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу жана талдоо жүргүзүү; (vi) ядролук материалдар, радиоактивдүү заттар, иондуу нурлануунун радиоизотоптуу булактары, радиоактивдүү калдыктар менен иш жүргүзүүнү жөнгө салуу боюнча квалификациялуу талаптарды иштеп чыгуу жана бекитүү.

Экинчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чараларды ишке ашырууну белгилөөдө: (i) «Өндүрүштүн жана керектөөнүн калдыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясын иштеп чыгуу; (ii) пластик калдыктарын чогултуу жана утилдештирүү тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү; (iii) энергия жактын натыйжалуу курамында сымап бар лампочкаларды чогултуу жана утилдештирүү тартибин иштеп чыгуу; (iv) ПЧК менен коопсуз иш жүргүзүү боюнча техникалык регламенттерди иштеп чыгуу жана бекитүү; (v) 150 тонна эскирген пестициддерди утилдештирүүгө

даярдоо (vi) СГС глобалдуу системасынын негизинде химиялык заттарды классификациялоо жана маркалоо системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (vii) ПЧК коопсуз сактоо үчүн убактылуу (2025-жылга чейин) кампаны уюштуруу (viii) өлкөгө келип түшүүчү кооптуу химиялык заттарды каттоону кайта баштоо боюнча ченемдик укуктук актыны кабыл алуу (ix) Ысык-Көл облусунда КТК башкаруу жана суу берүү системасын реабилитациялоо (x) алгачкы сымапты казып алуунун таасирин баалоо, Айдаркенде сынамык участоктордо рекультивациялык иштерди даярдоо жана өткөрүү.

Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана өзгөрүүчү климаттын шарттарында жаратылыш экосистемаларын калыбына келтирүү боюнча үчүнчү артыкчылыктуу багытты алга жылдыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) корголуучу аянттарды 7% чейин кеңейтүү жолу менен жаратылыш экосистемаларын сактоо жана алардын потенциалын бекемдөө үчүн шарттарды түзүү; (ii) 2017-жылга чейин өлкөнүн токой менен жабылган аймагынан 5,62%дан кем эмес деңгээлде токой ресурстарын сактоону камсыз кылуу.

Корголуучу аянттарды 7% чейин кеңейтүү жолу менен жаратылыш экосистемаларын сактоо жана алардын потенциалын бекемдөө үчүн шарттарды түзүү боюнча биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй чаралар пландаштырылган: (i) Ысык-Көл облусунда 187 миң га аянтында «Хан-Тенгри» улуттук жаратылыш паркын түзүү; (ii) ӨКЖАны башкарууну натыйжалуулугун баалоонун эл аралык системасын ишке киргизүү (Сарычат-Эрташ коругунун жана «Хан-Тенгри» жаратылыш паркынын үлгүсүндө) (iii) ӨКЖА ишин жакшыртуу жана кирешенин альтернативдүү булактарын түзүү боюнча жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин колдоо программасын иштеп чыгуу (Сарычат-Эрташ коругунун жана «Хан-Тенгри» жаратылыш паркынын үлгүсүндө);

(iv) өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тарамдарынын ишин колдоо; (v) заказниктердин аянтын инвентаризациялоо жана алардын статусун карап чыгуу; (vi) ООПТ улуттук кадастрын иштеп чыгуу жана бекитүү; (vii) Кыргыз Республикасынын Кызыл Китебин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу жана бекитүү; (viii) ак илбирсти сактап калуу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу жана бекитүү; (ix) биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча бешинчи улуттук отчётту иштеп чыгуу.

2017-жылга чейин өлкөнүн токой менен жабылган аймагынан 5,6% дан кем эмес деңгээлде токой ресурстарын сактоону камсыз кылуу боюнча экинчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чараларды ишке ашырууну белгилүүдө: (i) тез өсүүчү сорттордон социалдык токойду өстүрүүдө жергиликтүү коомчулукту колдоо; (ii) ар жыл сайын Мамлекеттик токой фондусунун 1000 га аймакта жерлеринде токой өстүрүүчү аянттарды түзүү; (iii) токойлорду бирдиктүү башкаруу принциптерин ишке киргизүү аркылуу Ош облусунда

жайылмалардагы токойлордун 27 га калыбына келтирүү; (iv) токой сорт өндүрүүчү борборун түзүү жана Фрунзе жана Жалал-Абад токой чарбаларында токой зыянкечтерине мониторинг жүргүзүү (v) климаттын өзгөрүү шарттарында 30 миң га аянтта тоодогу токойлорду жана жер участокторун туруктуу өнүктүрүү боюнча чараларды ишке киргизүү; (vi) жээк бойлой өзөндөрдө өскөн токойлорду жана Кыргызстандын суулуу-саздак жерлерин калыбына келтирүү боюнча программасы; (vii) Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарында ӨКЖА жана бирдиктүү токой фондунда токой күтүүнү жүргүзүү (viii) 2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаңгак өзөктүү өсүмдүктөрдү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү.

Аз көмүртектүү өнүгүүнүн принциптерин алга жылдыруу боюнча төртүнчү артыкчылыктуу милдет төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) климаттын өзгөрүшүн азайтуу боюнча улуттук алгылыктуу аракеттерди иштеп чыгуу (NAMA).

Бул милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкүдөй чаралар ишке ашырылат: (i) эл аралык стандарттар боюнча климаттын өзгөрүшүн азайтуу боюнча сектордук улуттук алгылыктуу аракеттерин иштеп чыгууга мамлекеттик структуралардын жана экспорттук коомчулуктун өкүлдөрүн окутуу (ii) эл аралык стандарттар боюнча климаттын өзгөрүшүн азайтуу боюнча сектордук улуттук алгылыктуу аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; (iii) муниципалдык менчиктеги имараттардын энергия жактан натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча тажрыйбалык рекомендацияларды иштеп чыгуу; (iv) жылуулукту иштеп чыгуунун энергия жактан натыйжалуулугун 38% жогорулатуу боюнча чакан көмүр отканаларын модернизациялоо программасын иштеп чыгуу; (v) аз көмүртектүү өнүгүү концепциясын иштеп чыгуу.

### 5.2. Суу жана ичүүчү суу менен камсыздоо

Максат: калктын коопсуз ичүүчү сууга жана санитариянын жакшыртылган шарттарына үзгүлтүксүз жетишүүсүн камсыз кылуунун ишенимдүү жана ийгиликтүү иштеген системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасында калктын 87,8% чарбалык-ичүүчү суу түтүктөрүнүн суусу менен камсыз болгон, анын ичинде, айыл калкынын жетишүүсүнүн деңгээли- 71,7%. Канализациянын борборлошкон системасына туруктуу жетишүүгө калктын 24% га ээ, анын ичинде Бишкек шаарында-78%, башка шаарларда-6%дан 27%га чейин. Канализация системасы менен камсыз болгон бир катар облустук жана райондук борборлордун тургундарынын салыштырма салмагы ар жыл сайын инфраструктуранын бузулуусунан улам, 1,5% кыскарууда.

Өлкөнүн 1891 айылдарынан 67% же 1272 айылы борборлошкон суу түтүк суусу менен жетиштүү түрдө камсыздалган эмес, ал эми 396 айылда

суу түтүктөрү тап-такыр жок, алардын калкы сууну ачык булактардан алат. Таза ичүүчү суу менен Бишкек шаары (100%), Чүй облусу (94,8%) жана Ысык-Көл облусу (93,4%) көбүрөөк камсыздалган. Аз камсыз болгондор- Баткен облусу (63,1%) Ош облусу (80,4%) жана Жалал-Абад облусу (82,1%) жана Талас облусу (82,3%). Мурдагыдай эле шаар жана айыл калкын суу менен камсыздоодо ажырым сакталууда. Айылдык конуш пункттарында суу менен камсыздоо системасын калыбына келтирүү жана куруу үчүн 600 млн АКШ долларынан ашык же 28 млрд. сомго жакын финансылык каражаттар талап кылынат.

Чарбалык ичүүчү суу менен камсыздоо чөйрөсүндө суу чарбасын мамлекеттик башкаруу системасы бүгүнкү күндө кыйла оор абалда турат. Ичүүчү суу менен камсыздоого жооптуу мамлекеттик орган болуп Айыл чарба жана мелиорация министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоо жана суу бөлүштүрүүнү өнүктүрүү департаменти саналат. Бул орган көптөгөн структуралык жана функционалдык өзгөрүүлөргө дуушар болгон, алар жогорку квалификациялуу кадрлардын кетишине, айлык акынын аздыгына жана эмгектин оор шарттарына байланыштуу кадрлардын жогорку агымына алып келген. Сууну бөлүштүрүү боюнча функцияны өткөрүп берүүдө Департаментте бул маселе боюнча атайын бөлүм түзүлгөн эмес. 2010-жылдан тартып программалык ишти ишке ашырууга бюджетти каражаттар бөлүнбөй калган. Билим берүү системасы суу менен камсыздоо жана суу бөлүштүрүү сектору алдында турган милдеттерди ишке ашыруу үчүн керектүү кадрларды сунуш кылбайт.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана канализация системасы. Азыркы учурда эл аралык донорлордун каражаттарына айыл жергесинде суу менен камсыздоо жана суу бөлүштүрүү системасын куруу боюнча долбоорлорду АРИС, бей өкмөт уюмдун статусуна ээ болгон уюм ишке ашырууда. АРИС өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Финансы министрлигине отчет берет.

Айыл чарбалык суу менен камсыздоо жана санитария боюнча Дүйнөлүк банктын долбоорунун алкагында, 2002-жылдан тартып, ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери түзүлгөн, алар айылдардын деңгээлинде суу менен камсыздоо системаларын башкаруу үчүн негизги уюм болуп саналат. Долбоордун аягында ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери сууну пайдалануу жана канализация системаларынын туруктуулугун камсыз кылуучу негизги структура болоору күтүлгөн. Бирок, азыркы учурда, ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери институционалдык жетишсиздигине байланыштуу, суу түтүктөрүнүн бир бөлүгү жараксыз болуп калды. 35 айылда донорлордун эсебинен курулган суу түтүктөрү иштебейт. Облустардын же райондордун деңгээлинде жетиштүү потенциалга ээ болгон, суу түтүк чарбасына сервистик-техникалык тейлөөнү камсыз кылууга жөндөмдүү болгон структуралар жок.

Ичүүчү суунун сапаты. Жалпысынан өлкө боюнча соңку 5 жылда суу түтүк тарамдарында ичүүчү суунун сапатынын ченемден четтөөсү санитардык-химиялык көрсөткүчтөр боюнча үлгүлөрдө 2,2-2,5%, микробиологиялык көрсөткүчтөр боюнча үлгүлөрдүн 10-13% белгиленген. Мында 2012-жылы микробиологиялык көрсөткүчтөр боюнча ченемден четтөөнүн төмөндөшү байкалган, бул «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчүнө кириши менен түшүндүрүлөт.

Ичүүчү суунун жетишсиз сапатынын көйгөйү төмөнкүлөр менен шартталган:

- Кыргыз Республикасында туруктуу финансылык жана материалдык-техникалык ресурстар менен камсыздалган, ичүүчү суунун коопсуздугун камсыздоо боюнча пландардын жоктугу;

- ичүүчү суу менен камсыздоо инфраструктурасынын, баарынан мурда насостук жабдуунун, тазалоочу жана жугушсуздандыруучу курулмалардын, суу түтүгүнүн магистралдык же бөлүштүрүүчү тарамынын техникалык бузулушу;

- берилүүчү суунун сапатына мониторинг жүргүзүүнүн, өзгөчө, айыл жергесинде суу менен камсыздоо системасында ченемдик жана техникалык базанын жетилбегендиги жана мониторинг жүргүзүүгө катышуучу уюмдардын кадрдык потенциалынын начардыгы;

- айыл жергесинде суунун сапатын контролдоонун лабораториялык-өндүрүштүк системасынын бузулушу.

Алынган маалыматтар суу ресурстарын, суу менен камсыздоо, сууну бөлүштүрүү системаларын башкарууга, санитария жана суу менен камсыздоо булактарын коргоого жооптуу мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдарынын жана ишканаларынын аракеттерин координациялоону күчөтүү зарылдыгы менен тастыкталат. Өлкөдө колдонулуучу тармактык ыкмалар актуалдуу көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө жөндөмдүү эмес.

Саясий чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде бизнеске, анын ичинде калкка кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө талаптарды жөнөкөйлөтүү багытында туруктуу тенденция бар, алар жарандар жана курчап турган чөйрө үчүн коопсуздук планкасынын төмөндөшүнө алып келет. Ченемдик укуктук база чөйрөсүндө «Ичүүчү суу жөнүндө» Мыйзам кайра каралууда, буга байланыштуу ичүүчү суунун сапатына карата талаптар планкасынын төмөндөө коркунучу бар. Ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын санитардык коргоо зоналарын жөнгө салуучу ченемдик акт жок. Суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү системаларын курулуш обьекттерине санитардык экспертиза жүргүзүлбөйт, бул калк үчүн коопсуздук планкасынын төмөндөшүнө алып келет.

Мурдагыдай эле, лабораториялардын кызматкерлеринин потенциалынын маселеси курч бойдон калууда. Айлык акынын аздыгына,кесипти улантуучулуктун жоктугуна жана жабдуулардын

эскиришине байланыштуу лабораториялардын потенциалы заманбап талаптарга жооп бербейт.

Артыкчылыктуу багыттар. Жогоруда берилген көйгөйлөрдү эске алуу менен өлкөдө ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча саясат төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттарга негизделет.(i) ичүүчү суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү системаларын башкаруу жана пайдалануу боюнча натыйжалуу механизмди түзүү (ii) суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү чөйрөсүн башкарууга комплекстүү ыкманы иштеп чыгуу; (iii) ичүүчү суунун сапатын жана коопсуздугун жогорулатуу.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү системаларын башкаруу жана пайдалануу боюнча натыйжалуу механизмди түзүү боюнча биринчи артыкчылык төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө багытталат:

Суу чарбасын башкаруунун мамлекеттик институттарын бекемдөө жана кадрларды даярдоо төмөнкүлөрдүн эсебинен пландаштырылууда: (i) Архитектура курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде суу чарбасын башкарууну мониторинг жүргүзүү жана баалоо бөлүмүн түзүү; (ii) кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча республикалык окуу борборун түзүү; (iii) «Жаш инженерлер» программасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iv) ичүүчү суу менен камсыздоону жана сууну бөлүштүрүүнү камсыздоочу пайдалануучу уюмдардын (ИЧКАКБ, ЖӨБО) потенциалын жогорулатуу; (v) суу түтүктөрүн жана канализацияны техникалык тейлөө боюнча райондук сервистик борборлорду түзүү; (vi) колдонуучу ишканалар үчүн суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү системаларын башкаруу боюнча методикалык пособиелерди даярдоо.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү чөйрөсүндө ченемдөө сапатын жогорулатуу боюнча экинчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чараларды аткарууну белгилөөдө: (i) агын сууларын канализациянын борборлошкон системасына кабыл алуу жана суу агындарын суу обьекттерине агызуу шарттарын жөнгө салуучу техникалык регламентти иштеп чыгуу; (ii) борборлошкон чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн булактарды тандоо боюнча техникалык регламентти иштеп чыгуу; (iii) «Суу менен камсыздоонун жана сууну бөлүштүрүүнүн сырткы тарамдарынын жана курулуштарынын коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентти бекитүү; (iv) алты айдын ичинде санитардык ченемдерди жана эрежелерди бекитүү.

Суу жана санитария маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга коомчулукту маалымдоо жана кошо тартуу боюнча үчүнчү милдет. Ушул максаттын натыйжаларына жетишүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) суу менен камсыздоо жана санитария боюнча улуттук маалыматтар базасын түзүү; (ii) коомчулукту маалымдоо үчүн веб-сайтты иштеп чыгуу; (iii) суу менен камсыздоо, санитария жана гигиена боюнча кызматтын сапатын жакшыртуу

прогрессине коомдук мониторинг жүргүзүү жана баалоо методологиясын иштеп чыгуу; (iv) пайдалануучу уюмдар үчүн финансылык каражаттарды башкаруу боюнча пособиени басып чыгаруу.

Суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү чөйрөсүн башкарууга комплекстүү ыкманы иштеп чыгуу жана калктын коопсуз ичүүчү суу менен камсыз болуусун жогорулатуу боюнча экинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө багытталат:

Ичүүчү суу жана санитария боюнча Кыргыз Республикасынын комплекстүү саясатын иштеп чыгуу боюнча биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү суу менен камсыздоо жана канализация боюнча негизги стратегиялык документтерди иштеп чыгууну пландаштырууда: (i) 2013-2023-жылдарга суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүү боюнча стратегияны жана 2013-2023-жылдарга ичүүчү суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу планын; (ii) Бишкек жана Ош шаарлары үчүн коопсуз ичүүчү суу боюнча пландарды иштеп чыгуу жана бекитүү; (iii) калктуу конуштарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарына калкты сапаттуу ичүүчү суу менен камсыздоо маселесин киргизүү; (iv) ичүүчү сууну ташып келүүчүлөрдүн өндүрүштү контролдоо пландарына «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын аткарууну киргизүү.

Коопсуз ичүүчү сууга жетишүү боюнча айыл тургундарын камтууну жогорулатуунун экинчи милдетин чечүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2017-жылга чейин төмөнкүлөргө күч жумшоону белгилөөдө: (i) коопсуз ичүүчү сууга айыл тургундарынын (2017-жылга карата 50 айыл) жетүүсүн жогорулатуу максатында ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын калыбына келтирүү жана куруу боюнча долбоорлорду даярдоонун жана ишке ашыруунун жүрүшүн контролдоо системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (ii) мектептердин жана балдардын мектепке чейинки мекемелеринин 100% суу менен камсыздоо системасын модернизациялоого инвестициялардын абалына жана көлөмүнө баалоону жүргүзүү жана ушунун негизинде 2020-жылга чейин ушул системаларды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу; (iii) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларында сууну рационалдуу пайдаланууну демилгелөө боюнча экономикалык, административдик жана техникалык чаралардын комплекстүү программасын иштеп чыгуу.

Канализациянын жана санитариянын жакшыртылган обьекттерине калктын жетишүүсүн 2013-жылдагы 24%дан 2017-жылы 40% чейин жогорулатуу боюнча үчүнчү милдетти чечүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) жакшыртылган, анын ичинде санитариянын чакан системаларын куруу жана пайдалануу маселесин жөнгө салуучу типтүү долбоорлорду жана пайдалануу эрежелерин иштеп чыгууну; (ii) АӨБдүн «Ысык-Көлдү туруктуу өнүктүрүү» долбоорун ишке ашыруу аркылуу Балыкчы, Кара-Кол,

Чолпон-Ата шаарларында сууну бөлүштүрүү системасын өнүктүрүүнү; (iii) канализация системаларынын жана санитария обьекттеринин абалына мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү ниети бар.

Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана жоготууларды азайтуу боюнча төртүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү аткарууну белгилөөдө: (i) ичүүчү суунун жоготууларына талдоо жүргүзүү, жыйынтыктарын коомчулук, Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери (ИСКАКБ) үчүн сунуштоо; (ii) профилактикалык иштердин методикасын жана графигин иштеп чыгуу аркылуу суу түтүк чарбасына учурдагы ремонтту өз убагында жүргүзүүнү демилгелөө; (iii) маалыматтык материалдарды басып чыгаруу жана ЖМК жарыялоо аркылуу ичүүчү сууну үнөмдүү пайдалануу боюнча калк арасында кеңири уюштурууучу –түшүндүрүүчү ишти жүргүзүү; (iv) көчөдөн сууну короого кошууга өтүү максатын ЖМК аркылуу калк арасында түшүндүрүү ишин жүргүзүү; (v) долбоорлоочуларды КСАКны сууну учётко алуу приборун орнотуу менен иштетүүгө, аларды кошуу менен орнотууга милдеттендирүү.

Ичүүчү суунун сапатын жана коопсуздугун жогорулатуу боюнча үчүнчү артыкчылыктын алкагында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү белгилөөдө:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү чарбалык ичүүчү суу менен камсыздоонун бардык системасын ченемдик жактан камсыз кылуу милдетин төмөнкүдөй чаралар менен чечүүгө ниеттенет: КЖЧ ашкан ар бир көрсөткүч боюнча борборлошкон суу менен камсыздоо системасында ичүүчү суунун лабораториялык изилдөөлөрүнүн натыйжаларын бөлүп учётко алуу тартибин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (ii) айылдык конуш пункттарында ичүүчү суунун сапатын өндүрүштүк контролдоо үчүн Суу менен камсыздоо жана сууну бөлүштүрүүнү өнүктүрүү департаментинин үч өндүрүштүк жана бир көчмө лабораторияларын уюштуруу; (iii) Чүй суусунун бассейнинде алардын булганышынын потенциалдуу булактарынын жана иштеп жаткан борборлошкон чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын санитардык коргоо зоналарынын абалына тандап изилдөө жүргүзүүнүн ведомстволор аралык механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iv) изилдөөлөрдүн негизинде Чүй суусунун бассейнинде борборлошкон чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын калыбына келтирүүнүн комплекстүү программасын иштеп чыгуу (v) Чүй бассейни үчүн ичүүгө арналган борборлошкон жана борбордон ажыратылган суу жыйноочулардын реестрин иштеп чыгуу.

### 5.3. Табигый жана техногендик мүнөздөгү кесепеттерден калктын жана аймактардын комплекстүү коопсуздугун камсыз кылуу

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүгө өтүү этабында Кыргыз Республикасынын Жарандык коргоосунун мамлекеттик системасынын башкы максаты калктын жашоо-турмушунун, курчап турган чөйрөнүн жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн алдын-алуучу жана комплекстүү коопсуздугун камсыз кылуучу кесепеттердин тобокелдиктерин башкаруунун туруктуу негиздеринин эл аралык стандарттарына ылайык калыптандыруу болуп саналат.

Өнүгүүнүн учурдагы тенденцияларын талдоонун жана баа берүүнүн жыйынтыктары боюнча Кыргызстандын ИДП үлүшүнүн 50%га жакыны бөөдө кырсыктардын тобокелдиктерине сезимтал болуп саналат. Эксперттик баа берүүлөр боюнча бөөдө кырсыктардан келтирилген жылдык экономикалык зыян жылына 30-35 миллион АКШ долларын түзөт, бир эле маалда жыл сайын 2000 ден ашык жабыр тарткан үй-бүлөлөрдү пайда кылат. Табигый жана техногендик тобокелдиктер социалдык-экономикалык чабалдыктан күч алат. Чабалдыктын негизги факторлоруна жакырчылык жана кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруу системасынын жергиликтүү деңгээлде өнүкпөгөндүгү менен катар эле жерди пайдаланууну сарамжалдуу эмес пландаштыруу, инфраструктуранын жалпы абалынын начарлашы, курулуш ченемдерин жана эрежелерин сактабоо жана эскиргендиги, алыскы региондордо байланыш жолдорунун жетишсиздиги кирет. Анын үстүнө курчап турган чөйрөнүн деградациясы жана натыйжасыз башкаруу табигый жана техногендик мүнөздөгү бөөдө кырсыктарга дуушарланууну жана чабалдыгын жогорулатат.

Адамдык өнүгүүгө, жакырчылыкты кыскартууга жана экономикалык өсүшкө терс таасирин тийгизген бөөдө кырсыктардын жана техногендик кыйроолордун кесепеттери өнүгүүнү пландаштыруунун ажыралгыс бөлүгү катары бөөдө кырсыктардын тобокелдигин натыйжалуу башкарууну талап кылат.

Азыркы учурда мамлекеттик органдардын иши негизинен тармактык максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруу менен чектелет, муну менен СРБ көз карашынан алганда өз ара байланышкан маселелердин аткарылышына бөгөт коюлат. Бул ар тараптуу жана комплекстүү СРБ идеясы анын маанилүүлүгүнө карабастан, азыркыга дейре туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу процессине, ошондой эле тармактык стратегияга жана чараларга киргизилбегендиги менен шартталган. Бул жагдай СРБга тиешелүү жагында децентралдаштыруу боюнча реформалар тармактык министрликтер боюнча өткөрүлбөгөндүгү менен тереңдейт. Натыйжада СРБ жагында мамлекеттик органдардын иши, тактап айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде чектелген эмес.

Табигый жана техногендик кесепеттердин тобокелдиктерин башкаруунун модели көп тараптуу өнөктөштүк, эл аралык стандарттарды ырааттуу киргизүү максатында коркунучтардын бардык түрлөрүн камтуу

менен тобокелдиктерди талдоо принциптеринде курулмакчы, бул акыр-аягында комплекстүү коопсуздук шарттарын орнотууну жана туруктуу өнүгүүгө өтүүнү шарттайт. Модель кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруунун улуттук системасын өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюудан алдын-алууга өтүүнү жана табигый жана техногендик кырсыктарга даярдыкты жогорулатууну божомолдойт. Сунуш кылынуучу моделдин башка бир айырмалоочу белгиси кырсыктардын тобокелдиктерин башкарууда децентралдаштырылган мамилелерди бийликтин борбордук жана жергиликтүү органдарынын функцияларын так чектөө менен киргизүү болуп саналат.

Эл аралык стандарттардын деңгээлинде тобокелдиктерди башкаруунун туруктуу негиздерин куруу үчүн төмөнкү беш артыкчылыктуу багытта алга жылдыруу керек: (i) кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүүнү туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу процессине интеграциялоо, жакырчылыкты кыскартуу жана климаттын өзгөрүүсүнө көнүктүрүү; (ii) табигый кырсыктардын тобокелдиктерин баалоодо жана мониторинг жүргүзүүдө мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу жана эртелеп билдирүү системасын өркүндөтүү; (iii) калктын жана мамлекеттик кызматчылардын кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруу боюнча түшүнүү жана билүү деңгээлин жогорулатуу; iv) кырсыктардын тобокелдиктерин кыскартуу максатында алдын-алуучу иш-чараларды (структуралык митигациялоо) өткөрүү; (v) кырсыктарга бардык деңгээлдерде натыйжалуу жооп кайтаруу максатында даярдыкты жогорулатуу.

Биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча кырсыктардын тобокелдигин туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу процессине интеграциялоо, жакырчылыкты кыскартуу жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

(i) Кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүүнү эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу үчүн натыйжалуу укуктук базаны түзүү. Коюлган милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралууга тийиш: (i) кырсыктардын тобокелдигин башкаруу аспекттерин туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу максатында, климаттын өзгөрүүсүнө көнүктүрүүнү, чыр-чатактарды алдын-алууну эске алуу менен ченемдик-укуктук актыларды, өнүгүүнүн тармактык программаларын жана стратегияларын инвентаризациялоону жана талдоону жүргүзүү; (ii) мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда кырсыктардын тобокелдигин башкаруу жагында функцияларды чектеп ажыратуу боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн түзөтүүлөрдүн долбоорун иштеп чыгуу.

(ii) Кырсыктардын тобокелдиктерин башкарууну туруктуу өнүктүрүү процессине киргизүү. Коюлган милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү чараларды аткаруу каралган: (i) кырсыктардын тобокелдиктерин

башкарууну эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу боюнча ЖӨБО үчүн усулдук сунуштарды даярдоо; (ii) кырсыктардын тобокелдиктерин башкарууну эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүнү пландаштыруу боюнча тармактык министрликтер жана ведомстволор үчүн усулдук сунуштарды даярдоо; (iii) кыйла аярлуу ЖӨБО үчүн кырсыктардын тобокелдиктерин башкарууну эске алуу менен социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн планын сынамык негизде иштеп чыгуу.

Экинчи артыкчылыктуу багыт боюнча бөөдө кырсыктардын тобокелдиктерин баалоодо жана мониторинг жүргүзүүдө мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчтөндүрүү жана эртелеп билдирүү системасын өркүндөтүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

(i) Жарандык коргонуу жагында мамлекеттик башкаруу органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда маалыматты топтоо, иштетүү жана өз ара алмашуу боюнча жол-жоболорду жакшыртуу. Коюлган милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралууга тийиш: (i) Жарандык коргоонун мамлекеттик системасынын тийиштүү тармактары боюнча мамлекеттик статистикалык, административдик отчеттуулуктун түрлөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) туруктуу өнүктүрүүнү жергиликтүү бюджеттөөнү жана пландаштырууну эске алуу менен Жарандык коргоо жагында маалыматтарды топтоо жана талдоо боюнча усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу; (iii) коркунучтарга, анын ичинде гидрометеорологиялык ишке мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо боюнча ишти жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларга аларды эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү үчүн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (iv) бөөдө кырсыктардан жана техногендик кыйроолордон экономикалык зыянды баалоо методикасын иштеп чыгуу.(ii) Гидрометеорологиялык көрүнүштөр менен шартталган бөөдө кырсыктарды эртелеп божомолдоо үчүн атмосферанын жана жер үстүндөгү суулардын булгануусу үчүн гидрологиялык, метеорологиялык, көчкүнү алдын алуу кызматтарынын потенциалын күчтөндүрүү, бул климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялоо үчүн натыйжалуу чечимдерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү чаралар каралууга тийиш: (i) гидрометеорологиялык кызматты өнүктүрүү боюнча аракеттенүү программасын иштеп чыгуу; (ii) гидрометеорологиялык маалыматты жана божомолдоону топтоодо, иштеп чыгууда жана божомолдоодо ГИС технологиясын жана автоматташтырууну киргизүү; (iii) байкоо жүргүзүүнүн негизги пункттарын: 30 гидрологиялык, 32 метеорологиялык, 5 кар көчкү станцияларын техникалык жактан жабдуу; (iv) атайын адистешкен гидрометерологиялык маалыматтын 20 түрүн алуучуларды системалуу негизде камсыз кылуу (министрликтер жана ведомстволор, ЖӨБО, жеке агрардык сектордун өкүлдөрү жана ЖМКлар).

Коркунучтуу табигый процесстерди геомаалыматтык технологиялардын жана дистанциялык байкоо жүргүзүүнүн негизинде комплекстүү мониторингдин жана болжолдоонун мамлекеттик системасын өнүктүрүү боюнча милдет төмөнкү чаралар аркылуу чечилет: (i) коркунучтуу табигый процесстерди геомаалыматтык технологиялардын жана дистанциялык байкоо жүргүзүүнүн негизинде комплекстүү мониторингдин жана болжолдоонун Мамлекеттик программасын иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бекитүүгө киргизүү; (ii) алдыңкы эл аралык методология жана тажрыйбанын негизинде кырсыктарга мониторинг жүргүзүүнүн жана болжолдоонун стандарттарын иштеп чыгуу; (iii) Комплекстүү мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо боюнча Мамлекеттик программанын сынамык багыттарын (кар көчкү, жер көчүүлөр ж.б.) ишке ашыруу.

Үчүнчү артыкчылыктуу багыт боюнча кырсыктардын тобокелдиктерин башкаруу боюнча калктын жана мамлекеттик кызматчылардын түшүнүүсүн, билүүсүн жана билимин жогорулатуу үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

(i) Жарандык коргонуу жагында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын потенциалын чыңдоо. Коюлган милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: (i) Жарандык коргонууну уюштуруу жана алып баруу боюнча усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жана жайылтуу; (ii) кырсыктардын тобокелдигин башкарууну туруктуу өнүктүрүү менен өз ара байланышын эске алуу менен муниципалдык кызматчылар жана мамлекеттик кызматчылар үчүн Жарандык коргоо боюнча окуу модулдарын, окутуу программаларын иштеп чыгуу жана жайылтуу; (iii) аярлуу шаарларды жана айылдык аймактарды камтуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды туруктуу окутуу.

(ii) Коомдук кабардар болуу деңгээлин жогорулатуу. Коюлган милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: (i)Жарандык коргонуу жаатында маалыматтык жана коммуникациялык саясат боюнча аракеттенүү планын иштеп чыгуу; (ii) 7 жана 11-класстар жана жогорку окуу жайлары үчүн «Жашоо-тиричилик коопсуздугунун негиздери» окуу программасын иштеп чыгуу жана жайылтуу; (iii) телерадио берүү компаниялары жана башка жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу бөөдө кырсыктардын тобокелдиги жөнүндө социалдык роликтерди берүүнү ишке ашыруу.

Төртүнчү артыкчылык боюнча кырсыктардын тобокелдиктерин кыскартуу максатында алдын-алуучу (структуралык митигациялоо) иш-чараларды өткөрүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү каралган:

Кырсыктардын алдын алуу боюнча авариялык-калыбына келтирүүчү жана алдын алуучу (коргоочу) инженердик иштерди өткөрүү боюнча биринчи милдетти төмөнкү чаралар аркылуу чечүү болжолдонууда: (i) өндүрүштүк жана социалдык объекттердин табигый жана техногендик мүнөздөгү кырсыктардын ар кандай таасир этүүчү факторлоруна

туруктуулугун иликтөө жана баа берүү; (ii) потенциалдуу коркунучтуу объекттерде биринчи кезектеги коргоочу иш-чаралардын тизмесин аныктоо; жүзөгө ашыруу үчүн финансылык-техникалык чыгымдардын көлөмдөрүн аныктоо менен инженердик-техникалык чечимдерди иштеп чыгуу; (iii) иштелип чыккан пландарга ылайык (АВР и СПЛМ) кырсыктардын тобокелдиктерин кыскартуу боюнча биринчи кезектеги иш-чараларды жүзөгө ашыруу; (iv) радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды көмүү объекттерин реконструкциялоо жана рекультивациялоо боюнча чараларды ишке ашыруу (калдык сактоочу жайлардагы авариялык-калыбына келтирүү иштери-АВР).

Сынамык негизде “жашыл” долбоорлорду жүзөгө ашыруунун негизинде алдын алуучу иш-чаралардын системасына киргизүү боюнча милдетти төмөнкү чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) туруктуу экономикалык өнүгүү жана курчап турган чөйрөнү коргоону эске алуу менен кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүүгө багытталган долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу боюнча усулдук сунуштарды иштеп чыгуу; (ii) экологиялык тобокелдиктердин алдында кыйла чабал аймактарда сынамык негизде долбоорлорду ишке ашыруу.

Бешинчи артыкчылыктуу багыт боюнча кырсыктарга даярдыкты жогорулатуу үчүн бардык деңгээлдерде натыйжалуу жооп кайтаруу максатында төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда Бирдиктүү маалыматтык-башкаруучу системаны (БМБС) түзүү. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: (i) Бирдиктүү маалыматтык-башкаруучу системаны (ККББ, БМКДК, КМКЖРКС) түзүү үчүн ТЭН иштеп чыгуу; (ii) 7 облустук борборлордо күнүмдүк башкаруу органдарынын бирдиктүү телекоммуникациялык тармагын ККББ) кеңейтүү; (iii) Бишкек жана Ош шаарларында БМКДК, (система 112) ишке киргизүү; (iv) Бишкек жана Ош шаарларында КМКЖРКС ишке киргизүү.

Жооп кайтаруу кызматтарынын башкаруу түзүмүн оптималдаштыруу. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралган (i) өрттөн сактоо кызматтарынын ишин жөнгө салган ченемдик документтерди иштеп чыгуу; (ii) өрттөн коргоо иштерин өткөрүү боюнча иштеп жаткан түзүмдөрдүн кызматкерлерин окутуудан өткөрүү; (iii) иштеп жаткан өрттөн сактоо бөлүктөрүнүн жана сактоо бөлүмдөрүнүн негизинде өрттөн сактоо кызматтарынын 21 бөлүмүн түзүү; (iv) өрттөн сактоо кызматтарын техника, жабдыктар, мүлк менен жабдуу.

Бүлгүндүү кесепеттери менен табигый жана техногендик кырсыктар келип чыккан учурда гуманитардык жардамдын логистика системасын иштеп чыгуу. Бул милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: (i) жабыр тарткан калк үчүн гуманитардык жардамдын минималдуу стандарттарын иштеп чыгуу; (гуманитардык жардамды кабыл алуу, ташуу

жана бөлүштүрүүнүн операциялык жол-жоболорун иштеп чыгуу; (ii) эл аралык гуманитардык уюмдардын атынан потенциалдуу донорлор менен макулдашууларды түзүү; (iii) негизги транспорттук түйүндөрдө (авиациялык, темир жол жана автотранспорттук) жүк терминалдарын камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтом долбоорун иштеп чыгуу; региондук бириккен кампаларды түзүү.

# VI. ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРУКТУУ ӨСҮШ ЖАНА МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ТУРУКТУУЛУК

## 6.1. Макроэкономикалык саясат

2013-2017-жылдардын мезгилине макроэкономикалык саясаттын башкы максаты туруктуу өнүктүрүү үчүн макроэкономикалык стабилдүүлүктү камсыз кылуу болот. 2013-2017-жылдардын аралыгында макроэкономикалык саясатты иштеп чыгуунун негизине төмөнкүдөй өбөлгөлөр жана шарттар киргизилген:

Өнүгүүнүн дүйнөлүк тенденцияларынын Кыргызстандын экономикасына таасир этиши менен байланышкан тышкы өбөлгөлөр жана шарттар:

Таасир этүүнүн болжолдонуучу жагымдуу факторлору: (i) региондо жана негизги соода өнөктөшү болгон өлкөлөрдөгү саясий стабилдүүлүк; (ii) дүйнөлүк экономиканын акырындык менен оңолуусу (экономиканын жылына 4% га чейин болжолдонгон өсүшү); (iii) коңшу мамлекеттерде болжолдонгон экономикалык өсүш – Россияда (3,0 % дан жогору), Казакстанда (6,0%дын деңгээлинде), Кытайда (7-8%); (iv) Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөшү болгон өлкөлөрдө болжолдонгон инфляциянын төмөнкү деңгээли, Россия жана Казакстанда (7,0% дан көп эмес); (v) Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ), ЕвАзЭСтин, КМШнын алкагында тышкы экономикалык кызматташтыкты кеңейтүү; (vi) Кыргыз Республикасынын Дүйнөлүк соода уюмуна мүчөлүгүн активдүү колдонуу; (vii) Бажы союзуна Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу саясий чечим; (viii) эл аралык экономикалык жана финансылык уюмдар менен кызматташууну тереңдетүү; (ix) Кытайдын жана Европанын бир катар мамлекеттеринде экономиканын темпинин өсүшү басаңдагандыктан, нефтиге суроо-талаптын кыскарышынын эсебинен бир баррель үчүн 100-110 доллардын деңгээлинде нефтиге дүйнөлүк баанын болжолдонгон стабилдешүүсү; (x) инвестицияларды инновацияга карай өсүшүнүн дүйнөлүк тенденциясы.

Өлкөнүн экономикасына жана бюджетине таасир көрсөтө турган тышкы терс факторлор: (i) Европанын бир катар өлкөлөрүнүн жана АКШнын финансылык туруксуздугу; (ii) АКШда жана Кытайда экономиканын өсүшүнүн басаңдашы; (iii) негизги өнөктөштөр, БСнын мүчөлөрү болгон өлкөлөр менен сооданын шарттарынын начарлашы; (iv) мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын жабууга тышкы карыздарга көз карандылыктын жогорку деңгээли; (v) бюджеттин тартыштыгын жабууга тыштан каржылоо келип түшпөгөн учурда Өкмөт тарабынан социалдык милдеттенмелерин аткарбай калуунун жогорку тобокелдиги; (vi) азык-түлүккө дүйнөлүк баанын болжолдогу өсүшү; (vii) алтындын баасынын төмөндөөгө карай өзгөрүшү.

Макроэкономикалык стабилдүүлүккө жетишүү жана сактоо үчүн ички өбөлгөлөр жана шарттар:

Жагымдуулары: (i) оңдоо-калыбына келтирүү иштеринен кийин «Кумтөр» кенин иштетүү боюнча ишканаларда ишти калыбына келтирүү; (ii) айнек такталарын өндүрүүнү толук ишке киргизүү; (iii) ири инвестициялык долбоорлорду ишке киргизүү; (iv) өлкөнүн соода өнөктөш-өлкөлөр менен стабилдүү өнүгүп жаткан соода-экономикалык мамилелери; (v) агрардык секторду жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүгө алып келүүчү айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жеңилдетилген кредиттерди берүү, бул агрардык секторду; (vi) айыл чарбасынын болжолдонгон өнүгүүсү; (vii) Бажы Союзуна кошулуу; (viii) кызмат көрсөтүү чөйрөсүн стабилдүү өнүктүрүү.

Терс өбөлгөлөр жана шарттар: (i) коомдук-саясий кырдаалдын мүмкүн болгон татаалданышы; (ii) бюджеттик-салык чөйрөдө абалдын туруксуздугу; (iii) узак мезгилге тартыштыктын жогорку деңгээлинин сакталып калышы; (iv) азык-түлүк товарларына баанын өсүшүнүн эсебинен инфляциянын деңгээлинин жогорулашынын тобокелдиги; (v) 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча экономиканы өнүктүрүүнүн иш жүзүндө түзүлгөн жагымсыз тенденциясы; (vi) Кумтөрдө алтын казып алууну кыскартуунун тобокелдиги; (vii) электр энергиясынын көлөмүн иштетип чыгарууга олуттуу таасир көрсөтө турган суунун аз болуусун болжолдогон тобокелдиктер; (viii) Өзбекстандан алынуучу газды сатып алуу баасынын жогорулашы; (ix) энергетика секторунда жоготуулардын жогорку деңгээлинин сакталып калышы.

Өнүктүрүүнүн келтирилген тышкы жана ички өбөлгөлөрүнөн жана шарттарынан улам, өнүктүрүүнүн макроэкономикалык сценарийлеринин, тиркемелерде берилген үч варианты иштелип чыккан. Базалык сценарий боюнча төмөнкү макроэкономикалык көрсөткүчтөр божомолдонот:

1-таблица

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2013-2017 ж. Кумулятивдүү 2012-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Алдын-ала факт. | Күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | |

| | | | | | | | Деңгээл-ине |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДП колдонууда баалар менен, млн. сом | 304350,1 | 355470,3 | 414501,4 | 483032,2 | 566779,2 | 659163,9 | |
| Реалдуу өсүш темпи, % менен | 99,1 | 107,2 | 107,6 | 107,5 | 107,5 | 107,5 | 143,3 |
| ИДПнын дефлятору | 107,4 | 109,0 | 108,4 | 108,4 | 109,1 | 108,2 | 151,2 |
| Калктын ар бир жан башына ИДП | 56,9 | 65,5 | 75,6 | 87,1 | 101,0 | 116,2 | |
| Инфляция | 107,5 | 108,5 | 107,8 | 108,3 | 108,2 | 107,0 | |
| Иштегендердин санынын өсүш темпи | 101,8 | 101,9 | 101,6 | 101,8 | 102,1 | 101,2 | 108,9 |
| Жумушсуздук | 8,4 | 8,2 | 8,1 | 7,7 | 7,1 | 6,5 | |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүш темпи | 90,3 | 105,2 | 105,9 | 105,6 | 105,3 | 106,3 | 131,5 |
| Орточо айлык эмгек акынын реалдуу өсүш темпи | 113,3 | 104,7 | 104,2 | 111,3 | 114,1 | 116,3 | 161,1 |
| Калктын акчалай кирешесинин өсүш темпи | 116,0 | 118,0 | 117,1 | 117,3 | 116,5 | 116,0 | 229,1 |
| Жакырчылык | 38,0 | 33,8 | 32,8 | 30,1 | 27,3 | 25,0 | |
| Өмүрдүн узактыгы, жаш | 70,9 | 71,4 | 71,8 | 72,3 | 72,7 | 73,2 | |

2013-2017-жылдары базалык сценарий боюнча ИДПнын өсүшү жылына орточо 7,5% дын деңгээлинде болжолдонууда. Инфляциянын динамикасын макроэкономикалык жагдайга тышкы соккулардын жана ички жана тышкы жалпы суроо-талап, тышкы конъюнктурадагы өзгөрүү сыяктуу факторлордун таасиринин сакталып калган тобокелдиктери, ошондой эле бюджеттик-салыктык жана тарифтик саясат алдын ала аныктайт. Макулдашылган акча-кредиттик, бюджеттик-салыктык, инвестициялык, монополияга каршы жана социалдык саясат 2013-2017-жылдары инфляцияны бир маанилүү көрсөткүчтөрдүн деңгээлинде кармап турууга мүмкүндүк берет деп болжолдонууда.

Инфляцияны кармап туруу үчүн төмөнкүдөй чаралар көрүлөт: (i) товарларды жана атаандаштыкты өнүктүрүүнү сунуштоого стимул боюнча чаралар (өзгөчө азык-түлүк жана айыл чарба рынокторунда); (ii) калктын аманаттарынын өсүшүнө стимул максатында банк системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоо боюнча чаралар; (iii) акчага суроо-талапка ылайык келген көлөмдө өтүмдүүлүк менен экономиканы камсыз кылуу боюнча чаралар.

Баа мүнөзүндөгү шоктон пайда болгон инфляциялык басым күчөгөн учурда, жана шок узакка созулса, акча-кредиттик саясат катаалдашат. 2013-2017-жылдардын аралыгында өзгөрүлүүчү алмашуу курсунун

саясаты сакталып калат. Валюталык интервенция алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн жумшартуу үчүн зарыл болгон көлөмдө ишке ашырылат.

2-таблица

**2013-2017 жылдарга ИДПны пайдалануунун структурасы**

| | 2012 ж. иш жүз. | 2013 ж. күтүл. | 2014 ж. болжол | 2015 ж. болжол | 2016 ж. болжол | 2017 ж. болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДП рыноктук баалар менен | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Керектөө | 117,3 | 113,3 | 111,5 | 108,6 | 107,5 | 106,1 |
| Мамлекеттик | 19,8 | 19,2 | 18,2 | 17,3 | 16,4 | 15,6 |
| Жеке | 97,5 | 94,1 | 93,3 | 91,3 | 91,1 | 90,5 |
| Дүң инвестициялар | 32,9 | 33,9 | 34,5 | 35,3 | 35,6 | 35,9 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 6,3 | 5,2 | 6,2 | 3,8 | 1,5 | 1,2 |
| Анын ичинен МТИ (тышкы) | 5,1 | 4,2 | 4,0 | 2,2 | 0,8 | 0,5 |
| Жеке инвестициялар | 26,6 | 28,7 | 28,3 | 31,5 | 34,1 | 34,7 |
| Экспорт (товарлар жана факторлук эмес кызмат көрсөтүүлөр) | 49,5 | 54,1 | 52,8 | 51,4 | 48,9 | 46,9 |
| Импорт (товарлар жана факторлук эмес кызмат көрсөтүүлөр) | 99,7 | 101,3 | 98,8 | 95,2 | 92,1 | 88,9 |
| Таза экспорт | -50,2 | -47,2 | -46,0 | -43,8 | -43,1 | -42,0 |

ИДПны колдонуунун структурасында дүң инвестициялардын үлүшү жеке ички жана чет өлкөлүк инвестициялардын келүүсүнө стимул берүүнүн эсебинен 2012-жылдагы 32,9% дан 2017-жылы 35,9% га чейин өсөт. Орто мөөнөттүк инвестициялык саясат дүң инвестициянын жыл сайын орточо 18,7 % га өсүшүн карайт. Инвестициялардын өсүшү төмөнкүлөрдүн натыйжасында жеке инвестицияларды көбөйтүүнүн эсебинен камсыз кылынат: (i) бардык административдик тоскоолдуктарды жоюу; (ii) жагымдуу бажы жана салык режимдерин түзүү; (iii) финансылык системага, банк секторуна жана камсыздандыруу рыногуна кошо, ишенимди реалдуу чындоо жана алардын туруктуулугун жогорулатуу, бул мүмкүн болуучу тобокелдиктерден инвесторлорду коргоонун механизмдеринин натыйжалуулугун жогорулатат жана узак мөөнөттүк инвестициялардын булагы болуп калат. 2013-2017-жылдары мамлекеттик инвестициялардын үлүшү жылына орточо 3,6% дын деңгээлинде болжолдонууда.

Өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугуна таасир эткен тышкы карыздын туруктуулугу маанилүү фактор болот. Бюджеттик саясаттын контекстинде карыздын туруктуулугу тышкы карыздын топтолгон ири көлөмүн жана аны тейлөөгө үзгүлтүксүз чыгымдардын көлөмүн

болжолдойт, алар боюнча төлөмдөр бюджеттин башка статьялары жана жалпы экономиканы өнүктүрүү үчүн зыян келтирбестен жүргүзүлөт. Экономиканын туруктуу өсүшүн камсыз кылууга потенциалдуу коркунуч келтирүүчү тышкы карыздын жүгүн жеңилдетүү максатында Өкмөт аны андан ары реструктуралаштыруунун бардык мүмкүнчүлүктөрүн карайт.

2013-2017-жылдары жеке керектөөнүн жылына орточо 6,0% өсүшү калктын акчалай кирешесинин өсүшү менен камсыздалат, бул реалдуу эмгек акынын болжолдонгон өсүшү менен жана ишкердик иштин кирешесинин өсүшү менен байланыштуу. Мамлекеттик башкарууну оптималдаштырууга багытталган реформаларды эске алуу менен мамлекеттик керектөөнүн салыштырма салмагы 2013-жылдагы 19,2% дан 2017-жылы 15,6% га чейин төмөндөйт, анын өсүш темпи жылына орточо 2% дын деңгээлинде кармалып турат (2-тиркеме).

Орто мөөнөттүк мезгилде товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жана импортунун өсүү тенденциясы сакталып калат. Ошол эле учурда таза экспорттун көрсөткүчү 2017-жылы 2012-жылга салыштырганда 8,2 пайыздык пунктка жакшырат жана ИДПнын 42,0%ын түзөт. Экспорттун орточо жылдык өсүшү 7,6%ды түзөт жана негизинен алтынды берүүнү көбөйтүү, ошондой эле экологиялык таза айыл чарба продукцияларын экспорттоонун үлүшүн акырындык менен кеңейтүү ен камсыздалат. Импорттун көлөмүн (жылына орточо 5,7%га) көбөйтүү, негизинен энергия продуктыларын жана башка аралыктагы товарларды импорттоонун өсүшүнүн эсебинен аныкталат.

2013-2017-жылдары каржылоонун бардык булактарынан капиталдык салымдын көлөмү жылына орточо 120,0 млрд. сомго өсөт деп пландаштырылууда, бул 2008-2012- жылдардагы ушул көрсөткүчтүн маанисинен (46,3 млрд. сом) 2,6 эсе көп. Ошол эле учурда мамалекеттик бюджеттен (кошо каржылоону эске алуу менен) капиталдык салымдардын көлөмү 2013 -2017-жылдарда жылына орточо эсеп менен 8,2 млрд. сомдон ашык же 2008-2012-жылдардагы ушул эле көрсөткүчтүн маанисинен 1,5 эсе көп.

Орто мөөнөттүк бюджеттик саясат чыгашалар бөлүгүнө салыштырганда бириктирилген бюджеттин киреше бөлүгүнүн озуп өсүшүнө багытталат, бул жылына орточо ИДПга карата 5% дан ашпаган, бюджеттин тартыштыгын сезилерлик азайтууга (Социалдык фонду эске алуу менен) алып келет.

Стабилдүү макроэкономикалык кырдаалды сактап калуу, салыктык жана бажылык башкарууну жакшыртуу, салык салынуучу базаны көбөйтүү бюджеттин туруктуу жана стабилдүү кирешелерин камсыз кылууга көмөк көрсөтөт. Бюджеттер аралык мамилелерди андан ары реформалоо ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин кирешесине оң таасир көрсөтөт. Мамлекеттик чыгымдардын саясаты ушул Программада аныкталуучу өнүктүрүүнүн долбоорлоруна топтолот.

2013-2017-жылдардын аралыгына 2013-2017-жылдарга өлкөнү макроэкономикалык өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй үч сценарийи иштелип чыккан: (1) оптимисттик- 8,3% дын деңгээлинде ИДПнын орточо жылдык өсүш темпи менен; (2) базалык - 7,5% дын деңгээлинде ИДПнын орточо жылдык өсүш темпи менен, ал 2014-2016-жылдарга үч жылдык бюджеттин негизине киргизилген жана (3) пессимисттик сценарий экономикага тышкы жана ички терс факторлордун мүмкүн болуучу таасирин эске алуу менен ИДПнын жылына орточо 5,1%га өсүшү менен.

### 6.2. Мамлекеттик финансыны башкаруу

Максаты: бюджеттик туруктуулукка жетишүү, натыйжалуу жана ачык-айкын бюджеттик системаны куруу, мамлекеттик бюджеттин каражаттарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, аны экономикалык өсүшкө стимулдаштырууга багыттоо, бюджеттик чыгымдардын жыйынтыктуулугу жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу.

Учурдагы абалды талдоо. Акыркы беш жылда өлкөнүн бюджети анын туруктуулугу менен байланышкан катаал тобокелдиктерге дуушар болду. 2010-жылдагы саясий окуялардын кесепети, негизинен апрель жана июнь окуяларынан кийин өлкөнүн түштүгүндө калыбына келтирүүчү иш-чараларга жана зыян тарткандарга социалдык төлөмдөрдү төлөөгө кошумча чыгымдардын өтө олуттуу өсүшү болду. Мындан тышкары, бюджеттин чыгашалары социалдык чөйрөнүн жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине эмгек акыны жогорулатуу жана өнүктүрүү долбоорлорун каржылоону көбөйтүү менен байланыштуу олуттуу көбөйдү.

Өкмөттүн өнүктүрүү боюнча салттуу өнөктөштөрү жана бюджетти колдоо маселелери боюнча эл аралык донор коомчулук менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүнүн, ошондой эле бюджетке кошумча кирешелердин булактарын тартуу боюнча бир катар чараларды ишке ашыруунун натыйжасында, 2010-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы ИДПга карата 4,9 %дын деңгээлинде түзүлдү, бул күтүлүп жаткан деңгээлден 0,7 % га аз болуп калды, ал эми 2011-жылы тартыштыктын ИДПга карата пландаштырылган 7,5 % көрсөткүчүндө, иш жүзүндө бул көрсөткүч 5% дын деңгээлинде түзүлдү. Бирок, тартыштык 2012-жылы бюджеттин чыгашасын көбөйтүүгө байланыштуу бюджеттик туруктуулукка терс таасирин берген чекке жетти.

Жалпысынан мамлекеттик финансыны башкаруу саясаты бул мезгилде төмөнкү түзүүчүлөр менен мүнөздөлдү: (i) бюджеттин олуттуу тартыштыгынын болушу; (ii) бюджеттин социалдык багытталышы (жалпы чыгымдын үлүшү 50 %дын тегерегинде); (iii) жергиликтүү бюджеттин республикалык бюджетке айрыкча көз карандылыгы (бюджеттер аралык өз ара мамилелердин дотациялык мүнөзү); (iv) бюджеттин тартыштыгын

каржылоодо тышкы булактарга айрыкча көз карандылыгы; (v) өнүктүрүү максаттарына бюджеттик каражаттардын чектелгендиги.

Өлкөнүн бюджети социалдык-багытталгандыгын улантууда. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого бюджеттен бөлүнүүчү каражаттар жыл сайын анын инвестициялык мүмкүнчүлүгүнүн азайышынын фонунда көбөйүүдө.

Бюджеттик өз ара мамилелерди жөнгө салуучу колдонуудагы мыйзамдар эскирген жана жаңылоону жана системалаштырууну талап кылат. Азыркы учурда «Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бюджеттик мыйзамдын негизи болуп саналат. 1999-жылдан баштап 2012-жылга чейин аталган мыйзамга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун өтө көп саны киргизилген, натыйжада мыйзамдын тексти олуттуу өзгөртүлгөн, (58 статьядан) өзгөртүлбөгөн 7 гана статья калган. Бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор системасыз киргизиле берген. Ошондуктан мамлекеттик финансыны башкаруу процессин жөнгө салуучу бирдиктүү ченемдик документти иштеп чыгуунун зарылдыгы бышып жетилди.

Мамлекеттик органдарда программалык бюджеттөөнү жайылтуу боюнча иш аткарылууда. Сунуш кылынган программалык бюджеттерди талдоо көрсөткөндөй, министрликтердин жана ведомстволордун кызматкерлерин секторалдык талдоо жана программалык бюджеттерди иштеп чыгуу боюнча мындан ары комплекстүү окутуу талап кылынат. Көпчүлүк учурда бюджетти программалык негизде түзүү, программанын жыйынтыктары боюнча индикаторлорду аныктоо боюнча татаалдыктар пайда болуп жатат.

ЖӨАБ органдарынын финансылык-экономикалык өз-алдынчылыктары жогорулаган мезгилде жергиликтүү бюджеттерди башкаруу жаатында алардын потенциалын жогорулатуу талап кылынууда.

Бюджеттик процесстер жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана калктын маалыматка жетишүүсү үчүн жана бюджеттик процесстин ачык-айкындыгы маселелери өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташууну активдештирүү менен жылда жарандык бюджетти даярдоо аркылуу жетишүү талап кылынат.

Артыкчылыктуу багыттар. Талдоого жана табылган көйгөйлөргө таянып өлкөнүн бюджеттик саясаты жакынкы беш жылда төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга топтолот: (i) бюджеттик туруктуулукту камсыз кылуу; (ii) мамлекеттик финансыны башкаруунун системасын реформалоо.

Бюджеттик туруктуулукту камсыз кылуу боюнча артыкчылыктуу багыттар төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталат: (i) бюджеттин ресурстук потенциалын көбөйтүү; (ii) мамлекеттик чыгымдарды оптималдаштыруу; (iii) бюджеттин тартыштыгын кыскартуу.

Бюджеттин ресурстук потенциалын көбөйтүү боюнча биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чараларды көрүүнү белгилөөдө: (i) импорттолуучу көпчүлүк товарды

салмактык негизде бажылык тариздөөнүн системасынан баа негизинде тариздөөгө которуу аркылуу бажылык башкарууну жакшыртуу; (ii) акциздик саясатты натыйжалуу ишке ашырууну улантуу; (iii) акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштырууга жана мамлекеттик менчикти жана жаратылыш ресурстарын натыйжалуу башкарууга багытталган салыктык эмес төлөмдөрдү реформалоону ишке ашыруу; (iv) бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө көмөк көрсөтүүчү салыктык демилгелерди ишке ашыруу.

Мамлекеттик чыгымдарды оптималдаштыруу боюнча экинчи милдет саясаттын төмөнкүдөй чараларын ишке ашыруу аркылуу чечилет: (i) бюджетти пландаштыруу процессин өркүндөтүү; (ii) социалдык багытталган бюджеттен өнүктүрүү бюджетине өтүү; (iii) мамлекеттик чыгымдарды кыскартуу жана тиешелүү финансылык жактан колдоого алынбаган жаңы чыгымдардын демилгелерин кабыл алууну токтото туруу.

Бюджеттин тартыштыгын кыскартуу боюнча үчүнчү чечимдин алкагында Өкмөт төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) бюджеттик тартипти күчөтүү; (ii) «каражатына жараша жашоо» принцибине негизделген бюджеттин балансташкандыгын камсыз кылуу; (iii) мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун контролдоону күчөтүү.

Мамлекеттик финансыны башкаруу системасын реформалоого багытталган экинчи артыкчылыктуу багыттар боюнча төмөнкү милдеттер чечилет: (i) программалык бюджеттештирүүгө этап боюнча өтүүнү ишке ашыруу; (ii) бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүү; (iii) бюджеттер аралык мамилелерди реформалоону улантуу; (iv) казыначылык системасын модернизациялоону ишке ашыруу; (v) мамлекеттик сатып алуулардын натыйжалуулугун камсыз кылуу.

Программалык бюджеттештирүүгө этап боюнча өтүүнү ишке ашыруу боюнча биринчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда: (i) программалык бюджетти секторалдык талдоо жүргүзүү жана иштеп чыгуу боюнча сынамык министрликтердин кызматкерлерин комплекстүү окутууну өткөрүү; (ii) бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануунун финансылык жана финансылык эмес индикаторлорун аныктоо; (iii) бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануунун жыйынтыктарынын индикаторлоруна мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган экинчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саясаттын төмөнкүдөй чараларын ишке ашыруу аркылуу чечүүнү белгилөөдө: (i) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин долбоорун иштеп чыгууну аяктоо; (ii) Бюджеттик кодекстин долбооруна адистешкен, анын ичинде экологиялык экспертиза жүргүзүү; (iii) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Бюджеттик кодекстин долбоорун кабыл алууну демилгелөө.

Бюджеттер аралык мамилелерди андан ары реформалоо боюнча үчүнчү милдетти төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын көбөйтүүгө жана чыгымдардын натыйжалуулугун жакшыртууга кызыкчылыктарын жогорулатуу; (ii) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти башкаруу боюнча ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу; (iii) жергиликтүү бюджеттердин дотациялуулугун этап боюнча кыскартуу.

Казыначылык системасын модернизациялоо боюнча төртүнчү милдетти чечүү төмөнкү иш-чараларды ишке ашырууну болжолдойт: (i) Казыначылыкты башкаруунун маалыматтык системасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) Казыначылыкты пакеттик клиринг системасына кошуу жана Бирдиктүү казыначылык эсебине өтүү аркылуу мамлекеттик финансыны борбордук башкарууну ишке ашыруу.

Мамлекеттик сатып алуулардын натыйжалуулугун камсыз кылуу боюнча бешинчи милдетти чечүү үчүн Өкмөт төмөнкүлөргө ниеттенүүдө: (i) сатып алуулардын мамлекеттик саясатына ревизия жүргүзүү; (ii) мамлекеттик сатпы алууларды жүргүзүү үчүн электрондук соодалашууну киргизүүнү ишке ашыруу; (iii) электрондук сатып алуулардын системасын бюджеттик процесске интеграциялоо.

### 6.3. Мамлекеттик карызды башкаруу

Максаты: мамлекеттик карыздын оптималдаштырылган[12] структурасын түзүүнү эске алуу менен туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнүн алкагында каржылоого болгон муктаждыктарды камсыз кылуу.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын структурасында тышкы карыздын үлүшү мурдагыдай эле үстөмдүк кылат. 2008-2012-жылдары тышкы карыз алуунун салыштырма салмагы 90%дан жогору болгон. Ошону менен бирге эле мамлекеттик карыздын структурасында тышкы каржылоонун көбүрөөк болушу Кыргыз Республикасынын тышкы карыздарга көз карандылыгы дагы деле жогору деңгээлде экендигин көрсөтөт.

Ички карыздардын үлүшүнүн көбөйүшүн токтотуп турган негизги фактор Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун өнүгүүсүнүн деңгээлинин төмөндүгү жана тардыгы болуп саналат. 2008-2012-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруунун, жүгүртүүнүн жана тындыруунун (мамлекеттик баалуу кагаздардын түрлөрүн унификациялоо жана жөнөкөйлөтүү), мамлекеттик карыздардын инструменттери менен

[12] Ушул Стратегиянын максаттары үчүн мамлекеттик карыздын оптималдаштырылган структурасы деп чыгымдар менен тобокелдиктердин оптималдаштырылган комбинациясы менен карыздын структурасын түшүнөбүз. Чыгымдар мисалы, карызды тейлөөгө кетүүчү бюджеттик каражаттардын көлөмү болуп саналат. Тобокелдик – бул жагымсыз кырдаалдарда (мисалы, карыздын пайыздык ставкасы жогорулаганда же алмашуу курсу өзгөргөндө) пайда болуучу кошумча чыгымдар.

иштөөнүн мөөнөтүн акырындык менен улантуунун (2009-жылы мамлекеттик казыначылык облигацияларды - МКО чыгаруу) рыноктук мамлекеттик баалуу кагаздардын үлүшүн өстүрүүнүн ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү боюнча чаралар көрүлгөн. Бирок, азыркы мезгилге чейин мамлекеттик бюджетти ири зайымдык каражаттар менен камсыз кылууда мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүүнүн төмөн деңгээли сакталып калууда.

Азыркы учурда 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун орто мөөнөттүк стратегиясына ылайык мамлекеттик кепилдиктерди берүүгө мораторий жарыяланган. Ошону менен бирге туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнүн алкагында ири финансылык ресурстар тарал кылынат, алардын бир бөлүгүн мамлекеттик кепилдиктин алдында жеке мамлекеттик карыз алуунун эсебинен тартууга болмок. Бирок бюджеттик саясаттын муктаждыктарын, чектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле мамлекеттик карызды натыйжалуу башкаруунун максаттарын эсепке албастан мамлекеттик кепилдиктерди чечүү жана берүү Кыргыз Республикасынын карыздык туруктуулугунун оор проблемаларын түзүшү мүмкүн. Буга байланыштуу мамлекеттик кепилдиктерди берүүнүн саясаты жаатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн андан аркы кадамдары ойлонулган жана салмактанган чечимдерге жана тобокелдиктерди жана пайданы терең талдоого негизделүүсү керек.

Акыркы учурда тышкы карыздын структурасында эки тараптуу карыздардын бирдей эмес өсүшү байкалууда. Ошентип, тышкы карыздын эки тараптуу компонентинин көбөйүшү бир-эки кредитор тараптан алынган ири карыздын эсебинен болууда. Акыркы 4 жылда байкалган карыздардын топтолуусунун улантылышы, ушул кредиторлордон карыздык көз карандылыктын жогорку тобокелдиги менен байланышкан жана кредитор-өлкөлөр менен кызматташтыктын ар түрдүү (тышкы саясат, соода ж.б.) аспектилери ушул карыздын маселелери менен байланыштырып каралышы мүмкүн.

Артыкчылыктуу багыттар мамлекеттик карызды башкаруунун жетишилген оң натыйжаларын сактап калууга жана өлкөнүн мамлекеттик карызынын жаңы артыкчылыктуу багыттарын ишке ашырууга негизделет, атап айтканда: (i) мамлекеттик тышкы карыздын туруктуулугун сактап калуу; (ii) ички карыз алуунун көлөмүн көбөйтүү.

Мамлекеттик тышкы карыздын туруктуулугун сактап калуу боюнча артыкчылыктуу багыттар төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталат: (i) тышкы карыздардын болгон калдыктарын оптималдаштыруу; (ii) тышкы карыздардын жаңы агымын оптималдаштыруу.

Тышкы карыздардын болгон калдыктарын оптималдаштыруу боюнча милдеттерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилейт: (i) 2005-жылдагы Париж клубунун Протоколун ишке ашыруунун алкагында эки тараптуу тышкы карызды

реструктуралаштыруу; (ii) Кыргыз Республикасынын эки тараптуу карызы менен конверсиялык операциялардын механизмдерин демилгелөө; (iii) учурдагы тышкы карыздар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздын түзүлүшүнө жол бербөө[13].

Тышкы карыздардын жаңы агымын оптималдаштыруу боюнча экинчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саясаттын төмөнкү чараларын ишке ашыруу аркылуу чечүүнү пландаштырууда: (i) 35% менен карыздардын жеңилдиктеринин минималдуу деңгээли (грант-элемент) сакталган учурда мамлекеттик жаңы тышкы карыздарды тартуу; (ii) ИДПнын 60%нан ашпаган тышкы карыздын ар жылдык калдыктарын сактап калууну эске алуу менен жаңыдан тартылып жаткан тышкы карыздардын жылдык көлөмүн чектөө.

Ички карыздардын көлөмүн көбөйтүү боюнча артыкчылыктын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленген: (i) ички карыздын рыноктук инструменттеринин үлүшүн көбөйтүү жагына ички карыздын структурасын өзгөртүү[14]. Бул милдетти чечүү төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу аркылуу белгиленүүдө: (i) мамлекеттик ички карыздын рыноктук инструменттерин чыгаруунун жана жайгаштыруунун гана эсебинен бюджеттин муктаждыгын каржылоо; (ii) 2 жылдан ашык жүгүртүү мөөнөтү менен мамлекеттик ички карыздын инструменттерин чыгаруу; (iii) мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы ишти жөнгө салуучу жаңы ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана колдонуудагыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

## VII. БИЗНЕС-ЧӨЙРӨНҮ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТТЫ ЖАКШЫРТУУ

### 7.1. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүү

Максаты: 2017-жылга карата лицензиялардын жана уруксааттардын санын 2 эсе (240тан 130 түрүн) кыскартуу, мамлекеттин контролдоо-көзөмөлдөө ишин жумшартуу жана башкаруучулук чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда регулятивдик таасирди баалоонун системасында жаңы ыкмаларды түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Акыркы жылдарда экономиканын жеке сектору жай темп менен болсо дагы өнүгүүнү улантты. 2007-2011-жылдар мезгилинде Чакан жана орто ишкердик (ЧОИ) чөйрөсүндө иштегендердин жалпы саны 35% га (284,2 миң адамдан 384,5 миң адамга) өстү. Демек, иштеп жаткан чакан жана орто ишканалардын саны үч эсеге (9 миңден 12 миңге) көбөйдү. 2011-жылы чакан жана орто бизнестин салыштырма салмагы ИДПнын жалпы көлөмүнүн 42% түздү.

---

[13] Карызды реструктуралаштыруу менен байланышкан төлөмдөрдү токтотуунун жол-жоболору менен түзүлүшү түшүндүрүлгөн, «техникалык» деп аталган мөөнөтүн кечиктирүүдөн башкалар

[14] Карыздын «рыноктук» инструменттери деп бааны түзүүнүн рыноктук механизмдерин, мисалы аукционду колдонуу менен жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздарды түшүнөбүз.

2011-жылы Ишкердик ишти мамлекеттик жөнгө салуунун системасын реформалоо боюнча ведомстволор аралык комиссия лицензиялык- уруксат берүү чөйрөсүн оптималдаштыруунун процессин бүтүрдү, натыйжада лицензиялардын жана уруксаттардын санын этап-этабы менен кыскартуу жүргүзүлдү (2008-жылы - 500дөн ашык түрү, 2012-жылы - 240 калды).

Бирок, жүргүзүлгөн реформаларга карабастан азыркыга чейин дагы эле ЧОИ үчүн көптөгөн, алардын ички жана тышкы рынокторго киришин чектеген жана бизнес жүргүзүүдө проблемаларды түзүүчү, анын ичинде лицензиялоонун так эмес жана бүдөмүк жол-жоболору, иштеп жаткан ири рынок катышуучулар тарабынан конкуренцияга каршы көрүнүштөр сыяктуу тоскоолдуктар бар.

Бизнеске бюрократиялык басымды кыскартуу жана чарбакер иштин бардык катышуучулары үчүн экономикалык эркиндиктин деңгээлин жогорулатуу максатында 2008-жылдан баштап чакан жана орто бизнестин өнүгүүсүн токтотуучу ченемдик укуктук актыларды алып салууну караган ишкердик иштин ченемдик укуктук актыларынын регулятивдик таасирин талдоо (РТТ) жол-жобосу киргизилген

Мыйзамдардын колдонуудагы системасы жана административдик чөйрөдө анын аткарылышы бир катар кемчиликтерге ээ, алардын катарына бири-бирин кайталап калган, бири-бирине карама-каршы келген ченемдик укуктук актылардын олуттуу саны, юридикалык коллизиялардын болушу, кабыл алынып жаткан мыйзамдан келип чыккан актылардын ишкердик чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамга шайкеш эместиги, же алардын ченемдеринин бузулушу кирет. Бизнес ишин жөнгө салуучу кабыл алынган мыйзамдар, алардын регулятивдик таасиринин көз карашынан алганда талданган эмес. РТТны жүргүзүүнүн методологиясынын өркүндөтүлбөгөндүгү проблема болуп калууда, ошондуктан РТТны жүргүзүүнүн жол-жоболору бүгүнкү күндө формалдуу мүнөзгө ээ.

Ишкердик субъекттеринин ишине мыйзамсыз кийлигишүүдөн укугун коргоо үчүн 2012-жылы мамлекеттик контролдоочу органдардын саны 21ден 12ге чейин кыскартылган. Ишкердик субъекттерине жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгүн жөнгө салуучу жана «жапырт текшерүү» жүргүзүүнү жокко чыгаруучу тобокелдиктердин деңгээлин баалоонун критерийлери жана текшерүү баракчалары активдүү киргизилди. Текшерүү жүргүзүүнүн мөөнөтү эки жолу кыскартылды. Текшерүү жүргүзүүнүн эрежелери жана жол-жоболору жөнүндө региондор боюнча кеңири маалыматтык кампания өткөрүлдү. Натыйжада 2012-жылы жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн саны (24,4 миңден 13,5 миңге чейин) дээрлик 2 эсеге кыскарды.

Ошону менен бирге эле бүгүнкү күндө контролдоочу органдар тарабынан чакан жана орто бизнестин субъекттерин негизсиз текшерүүнүн тажрыйбасы дагы эле сакталып келүүдө. Контролдоо-көзөмөлдөө

чөйрөсүн мамлекеттик жөнгө салуу натыйжасыз, чыгымдуу, көпчүлүк учурда бири-бирин кайталаган, формалдуу мүнөздө болушу улантылууда. Тобокелдиктин критерийлери киргизилгендигине карабастан, контролдоочу органдар «жапырт текшерүү» жүргүзүүнү улантышууда, бул ишкердик субъекттеринин ишине терс таасир берүүдө. Текшерүүчү органдар тарабынан мыйзам ченемдеринин талаптарынын көпчүлүк учурда бузулушу ар кандай коррупциялык схемалардын түзүлүшүнө алып келет.

Артыкчылыктуу багыттар. Белгиленген проблемаларды эске алып, бизнес чөйрөсүн жөнгө салуу боюнча саясат төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттарга топтолот: (i) башкаруучу чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда регулятивдик, анын ичинде экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган таасирин баалоонун системасында жаңы ыкмаларды түзүү; (ii) чектелген жаратылыш ресурстарды туура пайдалануу жана курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мыйзамдардын талаптарын катуулатуу маселелерин жөнгө салуу саясатына акцент жасоо менен ишкердик ишке мамлекеттин кийлигишүүсүнүн деңгээлин кыскартуу.

Биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленген: (i) башкаруучу чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда регулятивдик таасирди баалоонун жаңы методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) регулятивдик таасирди баалоо процессине бизнес-структурасын жана жарандык коомчулуктун институттарын активдүү тартуу.

Регулятивдик таасирди баалоонун жаңы методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча милдеттерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү жүргүзүүнү белгиледи: (i) регулятивдик таасирди баалоонун колдонуудагы методологиясына талдоо жүргүзүү, (ii) регулятивдик таасирди баалоонун жаңы анын ичинде, экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган методологиясын иштеп чыгуу жана киргизүү.

Экинчи милдетти төмөнкү чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүү белгиленүүдө: (i) бизнес структуранын жана жарандык коомдун институттарынын катышуусу менен ишкердик чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ревизия жүргүзүү; (ii) рыноктук экономикага негизделбеген жана багытталбаган ченемдик укуктук актыларды жоюу боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү.

Чектелген жаратылыш ресурстарды туура пайдаланууну жана курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мыйзамдардын талаптарын катуулатууга акцент жасоо менен ишкердик иш-аракетин мамлекеттик жөнгө салууга багытталган экинчи багыттын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленген: (i) чектелген жаратылыш ресурстарды туура пайдаланууга акцент жасоо менен лицензиялоо-уруксат берүү чөйрөсүн реформалоо, (ii)

экология чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоо боюнча талаптарды катуулатуу бөлүгүндө контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсүн реформалоо.

Лицензиялоо-уруксат берүү чөйрөсүн реформалоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда: (i) «Кыргыз Республикасынын лицензиялоо-уруксат берүү системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын жаңы мыйзамын даярдоо жана киргизүү; (ii) колдонуудагы лицензиялардын жана уруксат берүүлөрдүн санын кыскартуу; (iii) жаратылыш ресурстарын туура пайдаланууга акцент жасоо менен лицензиялоонун так жол-жоболорун, лицензиарлардын жана лицензиаттардын милдеттерин жана укуктарын, лицензиялоонун жана башка ченемдерин аныктоого мүмкүндүк берүүчү мыйзамдан келип чыккан актыларды даярдоо жана киргизүү.

Экологиялык коопсуздук боюнча мыйзамдардын талаптарын катуулатуу жагынан контролдоо-көзөмөлдөө иш-милдеттерин реформалоо боюнча экинчи милдетти төмөнкүдөй чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүү белгиленди: (i) мамлекеттин бири-бирин кайталаган жана ашыкча контролдоо-көзөмөлдөө ишин табуу предметине контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсүндө ченемдик укуктук базасына инвентаризация жүргүзүү; (ii) мамлекеттин бири-бирин кайталаган жана ашыкча контролдоо-көзөмөлдөө иш-милдеттерин кыскартуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу; (iii) экологиялык коопсуздук боюнча мыйзамдардын талаптарын катуулатууга акцент жасоо менен контролдоочу органдар тарабынан тобокелдиктердин критерийлерин баалоонун жаңы системасын киргизүү; (iv) тобокелдиктердин критерийлеринин системасына негизделген, анын ичинде курчап турган чөйрөнү коргоого багытталган текшерүүнүн жаңы механизмдерин иштеп чыгуу; (v) текшерүүлөр боюнча автоматташтырылганн маалыматтар базасын түзүү жана этап-этабы менен киргизүү.

## 7.2. Мамлекеттик мүлктү башкаруу

Максаты: экономикалык жана социалдык натыйжалуулуктун критерийлерине ылайык келген мамлекеттик мүлктү башкаруунун натыйжалуу системасын куруу.

Учурдагы абалды талдоо. Бүгүнкү күндө мамлекет 59 акционердик коомдо акционер болуп саналат, анын ичинен 22 компания стратегиялык деп саналат жана экономиканын эң жогорку кирешелүү чөйрөсүндөгү ишти аткарышат. Компаниялардын ишинин натыйжалуулугу жалпы финансылык-экономикалык көрсөткүчтөр боюнча бааланат, негизинен дивиденддердин түшүүсүнүн жана бюджетке башка которуулардын планынын алар тарабынан аткарылышына акцент жасалат. Мамлекеттик ишканалардын жана мамлекетин катышуусу менен акционердик коомдордун ишине комплекстүү талдоо жүргүзүлбөйт. Мамлекеттик

компанияларда стратегиялык пландаштыруунун тажрыйбасы жок. Мамлекет тарабынан башкаруунун так максаты түзүлгөн эмес, мамлекеттик компаниялардын ишинин натыйжалуулугунун критерийлери аныкталган эмес. Кандай кампанияларда мамлекеттин катышуусу сакталып калышына, ал эми кайсылары толук же жарым-жартылай менчиктештирүүгө карата позиция аныкталган эмес.

Саны ашыкча болуп эсептелген мамлекеттик ишканалар менен кырдаал проблемалуу бойдон калууда. Токтоп турган, дотациялык, чыгашалуу жана социалдык жактан маанилүү иштин аткарбаган мамлекеттик ишканалар менен маселе чечиле элек.

Мамлекеттик ишканалардын иштешинин ченемдик укуктук базасында каталыктарга жол берилген. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси мамлекеттик ишканалар жөнүндө негизги жоболорду бекемдейт. Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу органдын, карамагында мамлекеттик ишканалар турган тармактык министрликтер менен ведомстволордун ишинде так чектөөлөр жок. Мамлекеттик ишканалардын финансылык-чарбалык ишин жана алар тарабынан мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдалануусу үчүн тийиштүү контроль камсыз кылынган эмес.

Мамлекеттик мүлктү эсепке алуунун борборлошкон системасы жоктугунан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик менчиктин толук наркы жана көлөмү тууралуу толук маалыматка ээ эмес. Статистика, юстиция органдары, мамлекеттик каттоо кызматы тарабынан берилген маалыматтар чачкын, толук эмес жана өлкөнүн мүлктүк активдери тууралуу толук реалдуу картинаны бере албайт. Акыркы жылдардын ичинде мамлекеттик мүлккө жалпы республикалык мүлк каттоо жүргүзүү аракети көрүлгөн, бирок бул милдет бүгүнкү күндө дагы чечилбеген бойдон калууда.

Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн киреше акыркы үч жылдын аралыгында жыл сайын орточо 170 млн сомдун деңгээлинде сакталып келүүдө. Мамлекеттик менчикте турган имараттарды жана жайларды ижарага берүүдөн келип түшүүлөр, ошондой эле өзгөрүүсүз бойдон калууда жана жылына 19,0 млн. сомду түзөт.

2011-жылы мамлекеттик ишканалар тарабынан таза пайданын бир бөлүгүн республикалык бюджетке которуу тажрыйбасы киргизилген. 2011-жылы мамлекеттик ишканалар тарабынан 257,6 млн. сом, 2012-жылы – 758,9 млн. сом которулган. Бирок мамлекеттик мүлктү башкаруудан түшкөн кирешенин структурасында негизги орунду акциялардын мамлекеттик пакетине чегерилүүчү дивиденддер ээлейт. Дивиденддердин максималдык суммасы – 2,9 млрд. сомдон ашык же республикалык бюджетин жалпы кирешесинин 4% 2011-жылы алынган. 2012-жылы мамлекеттик компаниялар тарабынан дивиденд түрүндө 1,8 млрд. сом чегерилген, бул 2008-жылы мамлекет тарабынан алынган дивиденддердин суммасынан 6 эсе алышкан.

Акыркы үч жылдын аралыгында мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн кирешелер орточо алганда жыл сайын 170 млн. сом деңгээлине сакталууда. Мамлекеттик менчикте турган имараттарды жана жайларды ижарага берүүдөн түшүүлөр ошондой эле практикалык жактан өзгөрүлбөгөн бойдон калууда жана жылына 19,0 млн.сомду түзөт.

2012-жылы мамлекеттик мүлктү башкаруудан келип түшкөн акчалай каражаттардын жалпы көлөмү 2,7 млрд. сомдон ашыкты же республикалык бюджеттин жалпы кирешесинин 3,4%ын түзгөн. Бирок мамлекеттик ишканаларда финансылык тартипти бекемдөө, мамлекеттик мүлктү пайдаланууга контролду күчөтүү боюнча чаралар кабыл алынган учурда, атап айтканда мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн кошумча резервдерди табуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Ошентип, мамлекеттик мүлктү башкаруу системасында төмөнкүдөй негизги проблемаларды бөлүп кароого болот: (i) мамлекеттик мүлктү башкаруунун ченемдик укуктук базасынын системага салынбагандыгы, боштуктардын жана карама-каршылыктардын болушу; (ii) бүтүндөй республика боюнча мамлекеттик мүлктү борборлоштуруп эсепке алуунун, мүлктү системалуу каттоонун жоктугу; (iii) мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдаланууну контролдоонун жана талдоонун методологиясынын жоктугу; (iv) мамлекеттин катышуусу менен компаниялардын башкаруу органдарында мамлекеттин өкүлдөрүнүн жетишсиз иши; (v) мамлекеттин катышуусу менен компаниялардын башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн жоопкерчилигинин жоктугу; (vi) мамлекеттик ишканалар жана мекемелер тарабынан мамлекеттик активдерди натыйжасыз пайдалануу.

Артыкчылыктуу багыттар. Бул проблемаларды көңүлгө алуу менен жакынкы беш жылда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иши төмөнкү артыкчылыктуу багытка багыт алат: (i) мамлекеттик менчиктин структураларын оптималдаштыруу; (ii) экономиканын мамлекеттик секторунун кирешелүүлүгүн өстүрүү жана туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

Мамлекеттик менчиктин структураларын оптималдаштыруу боюнча артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) Мамлекеттик мүлктүн бирдиктүү реестринин иштеши үчүн мамлекеттик мүлктү эсепке алуунун жана мүлктөрдү каттоонун механизмин иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) стратегиялык жана социалдык-багытталган мамлекеттик функцияларды аткарбаган мамлекеттик ишканаларды жоюу же менчиктештирүү жөнүндө негизделген сунуштарды даярдоо жана ченемдик актыларды кабыл алуу; (iii) мамлекеттик үлүшкө катышуу менен мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана чарбакер субъекттердин профилдик эмес активдерин реструктуралаштыруу тууралуу чечимди даярдоо.

Мамлекеттик мүлктү эсепке алуунун жана мүлктөрдү каттоонун механизмин иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү чараларды кабыл алуу пландаштырылууда: (i) мамлекеттик мүлктү эсепке алуунун жана мүлктөрдү каттоонун методологиясын иштеп чыгуу; (ii) мамлекеттик мүлктөрдү каттоо жана мүлктү эсепке алуу процессине катышуучу мамлекеттик органдардын ведомстволор аралык маалыматтык өз ара аракеттенүү механизмин иштеп чыгуу; (iii) “Кыргыз Республикасынын (МАИС “ЕРГИ”) мамлекеттик мүлктүн Бирдиктүү реестринин” ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык системасын иштеп чыгуу үчүн техникалык тапшырма түзүү. (iv) МАИС ЕРГИни иштеп чыгуу (v) МАИС ЕРГИ ишке киргизүү үчүн программалык-техникалык каражаттар жана жабдууларды сатып алуу (vi) МАИС ЕРГИни жүргүзүү жана тейлөө үчүн кадрларды окутуу (vii) Кыргыз Республикасынын бардык аймагында мамлекеттик мүлктү инвентаризациялоону жүргүзүү.

Экинчи милдетти чечүү төмөнкү чараларды аткарууну болжолдойт: (i) мамлекеттик ишканалардын ишине комплекстүү талдоо жүргүзүү; (ii) мамлекеттик менчигинде туруу максатка ылайык келбеген ишканаларды жоюу жана менчиктештирүү боюнча ченемдик актыларды кабыл алуу; (iii) жогоруда көрсөтүлгөн ишканаларды жоюу жана менчиктештирүү боюнча практикалык иштерди жүргүзүү.

Катышуунун мамлекеттик үлүшү бар профилдик эмес активдерди реструктуралаштыруу менен байланышкан үчүнчү милдетти чечүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү пландаштырууда: (i) мамлекеттик үлүшкө катышуу менен мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана чарбакер субъекттердин профилдик эмес активдерине мүлктү каттоону жүргүзүү; (ii) табылган профилдик эмес активдерди натыйжалуу тескөө боюнча чаралардын пакетин даярдоо; (iii) табылган профилдик эмес активдерди сатуу боюнча практикалык иштерди жүргүзүү.

Экономиканын мамлекеттик секторунун кирешелүүлүгүн өстүрүү жана туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча экинчи артыкчылыктуу багыттын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) мамлекеттин катышуусу менен мамлекеттик ишканалардын жана чарбакер субъекттердин финансылык-чарбалык ишин контролдоону күчөтүү; (ii) кыймылсыз мүлктүн пайдаланылбаган мамлекеттик объекттерин натыйжалуу тескөө үчүн шарттарды; (iii) мамлекеттик мүлктү башкаруу процессинин айкындыгын жана ачыктыгын камсыз кылууга багытталган механизмдерди иштеп чыгуу жана киргизүү.

Мамлекеттин катышуусу менен ишканалардын финансылык-чарбалык ишин контролдоону күчөтүү боюнча биринчи милдетти чечүү үчүн Өкмөт төмөнкүлөрү белгилөөдө: (i) мамлекеттик ишканаларды башкаруунун бирдиктүү тартибин иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) мамлекеттик ишканалардын ишинин натыйжалуулугунун маанилүү финансылык-экономикалык индикаторлорун иштеп чыгуу жана киргизүү;

(iii) мамлекеттин катышуусу менен чарбакер субъекттерди башкаруу органдарынын алардын ишине үзгүлтүксүз жана объективдүү баалоону жүргүзүүгө жоопкерчилигин жана жүйөөлөрүн жогорулатуунун механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү.

Пайдаланылбаган мамлекеттик объекттерди натыйжалуу башкаруу боюнча милдетти чечүү төмөнкү чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) мамлекеттик жайларды пайдалангандыгы үчүн ижаранын акысынын өлчөмү менен ушундай кыймылсыз мүлктү ижаралоонун рыноктук ставкасына салыштырып талдоо жүргүзүү; (ii) жүргүзүлгөн талдоонун негизинде мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөөнүн рыноктук принциптерине шайкеш келген ыкмасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (iii) мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн атаандаш жана ачык жол-жоболорун жүргүзүү боюнча ченемдик актыны иштеп чыгуу жана киргизүү.

Мамлекеттик мүлктү башкаруу процессинин айкындыгын жана ачыктыгын камсыз кылууга багытталган механизмдерди иштеп чыгуу боюнча үчүнчү милдетти чечүү үчүн төмөнкү чараларды аткаруу белгиленген: (i) мамлекеттик мүлктү электрондук форматта сатуу боюнча аукциондорду өткөрүүнү караган ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана киргизүү; (ii) интернет тармагында соода аянтчасын ишке киргизүү үчүн программалык-техникалык каражаттарды жана жабдууларды программалык камсыз кылууну иштеп чыгуу, сатып алуу жана орнотуу.

## 7.3. Инвестициялык климат

Максаты: жаңыдан ишке киргизилген инвестициялык долбоорлордо экологияга багытталган инвестициянын деңгээлин 10%га чейин жеткирүүнү кошкондо Кыргыз Республикасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу.

Учурдагы абалды талдоо. 2008-жылы чет өлкөлүк түз инвестициялардын (мындан ары - ЧТИ) келип түшүүсү, 866 млн АКШ долларын түзүп, эң жогорку көрсөткүчкө жетти. Кийинки 2 жылда, дүйнөлүк финансылык кризиске байланыштуу ЧТИнин келип түшүүлөрү 660,9 жана 666,1 млн АКШ долларын түзүп, 2009-2010-жылдары тиешелүүлүгүнө жараша, олуттуу кыскарды. Алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жыл үчүн ЧТИ 521 млн АКШ долларын түздү.

Бүгүнкү күндө инвестициялык саясаттын маселелерин жөнгө салуунун колдонуудагы системасы олуттуу кемчиликтердин бар экендигин көрсөттү, бул чет өлкөлүк түз инвестициялардын агымына түздөн-түз таасирин тийгизет. Функциялар жана айрым ыйгарым укуктар айрым мамлекеттик институттар: министрликтер, ведомстволор жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча бөлүштүрүлгөн. Мында бирдиктүү инвестициялык саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жалпы координациялоо жолго коюлган эмес. Мамлекеттик

башкаруу системасында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өлкөнүн инвестициялык мүмкүнчүлүгүн алдыга жылдыра ала турган, «бирдиктүү терезе» принциби боюнча чет өлкөлүк инвесторлорго анык маалыматтарды жана сапаттуу кызматтарды көрсөтө ала турган, өлкөдө инвестициялардын коопсуздугун камсыз кыла турган инвестицияларды тартуу жана колдоо боюнча өз алдынча аткаруучу орган жок.

Саясий, укуктук, экономикалык жана социалдык туруктуулук стабилдүүлүк инвестицияларды тартуу үчүн негиз салуучу фактор болуп саналат. Инвесторлор үчүн Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө саясий жана социалдык жактан туруктуу эмес мамлекеттин репутациясына ээ болгон, мында тез-тез эле бийликтин, мыйзамдардын алмашуусу болуп турат, кабыл алынып жаткан мамлекеттик чечимдерде өткөндү улантуучулук жана ырааттуулук жок. Инвестициялар чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдардын ченемдери көбүнчө каалагандай чечмеленет, инвесторлордун иши үчүн чыр-чатактар жана коррупция менен өзгөчө жергиликтүү деңгээлде коштолгон жасалма тоскоолдуктар түзүлөт. Инвесторлордун менчик укугун коргоонун төмөнкү деңгээли чет өлкөлүк түз инвестициялардын келиши үчүн олуттуу тоскоолдук болуп саналат.

Мындан тышкары, өлкөдө азыркы учурга чейин колдонуудагы жана пландаштырылган инвестициялык долбоорлордун бирдиктүү маалыматтык базасы жок. Ошондой эле потенциалдуу инвесторлордун Кыргыз Республикасынын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалыматка жетүү татаалданган. Инвестициялык долбоорлордун маалыматтар базасына, инвестициялардын потенциалдуу багыттары тууралуу маалыматка жетүүнү, ошондой эле инвесторлордун даттанууларын жана кайрылууларын топтоону жана ыкчам кароону камсыз кылуучу көп тилдеги интернет-порталды түзүүгө өтө зарыл муктаждык бышып жетилди.

Рыноктун аз өлчөмү, деңизге чыгуучу жолдун жоктугу сыяктуу инвестицияны тартып келүүгө тоскоолдук кылуучу бул проблемаларды жана объективдүү факторлорду эске алсак, Кыргыз Республикасынын инвестициялык рыногунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан инвесторлорго жеңилдиктерди берүүнүн маселелери актуалдуу бойдон турат.

Инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча кадрдык потенциал олуттуу кемчиликтерге ээ. Кызматкерлерди тандап алуу жалпы негизде, чет тилдерди билүү жана тийиштүү эмгек тажрыйбасы сыяктуу кошумча квалификациялык талаптарды көрсөтпөстөн жүргүзүлөт. Өлкөнү туруктуу өнүктүрүү үчүн экологияга багытталган инвестицияларды тартуу маселелерин кошкондо, өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденцияларына адистешкен, кесипкөйлөрдүн жетишсиздиги сезилерлик.

Артыкчылыктуу багыттар. Белгиленген көйгөйлөрдү эске алуу менен инвестициялык саясат 2017-жылга чейин төмөнкү артыкчылыктуу

багыттарга топтолот: (i) мамлекеттик инвестициялык саясаттын натыйжалуулугун арттыруу; (ii) инвестицияларды тартып келүүнүн жана колдоонун механизмдерин түзүү.

Биринчи артыкчылыктуу багыттын алкагында төмөнкүлөргө багытталган милдеттерди чечүү пландаштырылууда: (i) институттук потенциалды жогорулатууга; (ii) анык маалыматка жетүүнү жакшыртууга; (iii) стабилдүү мыйзамдарды түзүүгө жана (iv) кадрдык потенциалды жогорулатууга.

Натыйжалуу институттук механизмди түзүү боюнча биринчи милдетти чечүү төмөнкү чараларды ишке ашырууну болжолдойт: (i) инвестицияларды алга жылдыруу боюнча агенттикти түзүү, ал координациялоочу орган катары чыгат жана «бирдиктүү терезе» принциби боюнча иштейт, мында ар кандай потенциалдуу инвестор керектүү маалыматты ала алат жана долбоорду ишке киргизүүгө жана ишке ашырууга көмөк көрсөтө алат; (ii) дипломатиялык өкүлчүлүктөрдө инвестициялык өкүлдөрдүн институтун киргизүү, мында алар өлкөгө инвестиция тартуу боюнча максаттуу кампанияларды жеринде жүргүзүү үчүн агенттин ролун ойнойт.

Маалыматтарга жетүү боюнча экинчи милдетти төмөнкүлөр сыяктуу чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) өлкөнүн региондук жана тармактык белгилери боюнча инвестициялык артыкчылыктарына жыл сайын изилдөөлөрдү жүргүзүү; (ii) иштеп жаткан жана пландаштырылган инвестициялык долбоорлор боюнча бирдиктүү маалыматтык базаны түзүү; (iii) Интернет аркылуу аталган базага потенциалдуу инвесторлордун ачык кеңири тилкелүү жетишүүсүн камсыз кылуу; (iv) пландаштырылган жана иштеп жаткан долбоорлордун потенциалдуу пайдалары тууралуу жергиликтүү калкка маалымдоо.

Үчүнчү милдетти чечүү төмөнкүдөй демилгелер аркылуу инвестициялык мыйзамдардын стабилдүүлүгүн камсыз кылууну болжолдойт: (i) стабилдүү жана укуктук режимди тандап алууга инвестордун укугунун жазылышын тактоо жагынан мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (ii) мыйзам өзгөртүлгөн учурда мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу жолу менен айрыкча жагымдуу режимди тандап алууга инвестордун укугун ишке ашыруунун тартибин иштеп чыгуу; (iii) инвестордун абалын начарлатуучу ченемдик актыларды кабыл алууга мыйзамдык чектөөлөрдү киргизүү; (iv) алып коюунун жана компенсациялоонун калыс механизмдери каралган мүлктү мамлекет тарабынан мажбурлап алып коюу үчүн так негиздемелерди мыйзамдык белгилөө.

Инвестициялык процессти кадрдык камсыз кылуучу төртүнчү милдет төмөнкүлөр аркылуу чечилет: (i) инвестициялык саясатты иштеп чыгууга жана инвестицияны алга жылдырууга катышып жаткан кызматкерлердин кадрдык потенциалын үзгүлтүксүз жогорулатуунун системасын уюштуруу; (ii) инвестицияларды тартуу боюнча мыкты чет

өлкөлүк агенттиктердин тажрыйбасын үйрөнүү боюнча иш-чараларды уюштуруу; (iii) билим берүү системасында кадрларды кайра даярдоого мамлекеттик заказдарды жайгаштыруунун механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү.

Биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча пландаштырылган милдеттерди чечүү инвестицияларды тартуунун жана колдоонун механизмдерин түзүү боюнча экинчи артыкчылыктуу багытты ишенимдүү жылдырууга мүмкүндүк берет. Мында эки милдетти чечүү белгиленген: (i) инвестицияларды тартуу; (ii) инвестицияларды колдоо.

Биринчи милдет төмөнкү чараларды ишке ашырууну болжолдойт: (i) жеңилдиктерди алуу жана дем берүү үчүн долбоорлорду аныктоонун критерийлерин иштеп чыгуу; (ii) төмөнкү критерийлер боюнча инвестициялык дем берүүнүн картасын (ИСК) иштеп чыгуу: инвестициялардын көлөмү, аймак, экономиканын сектору; инвестициялык долбоорлордо экологиялык компоненттеринин болушу; (iii) ИСКнын негизинде инвестициялык жеңилдиктерди берүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу; (iv) дем берүү боюнча инвестициялык маалымдамаларды иштеп чыгуу жана таркатуу.

Экинчи милдетти чечүү төмөнкү чаралар аркылуу пландаштырылган: (i) инвестициялык визаны алуу үчүн чектик сумманы азайтуу, (ii) аныкталган шарттарга жооп берген инвестор тарабынан жеке менчикке батир сатып алуу боюнча комиссияны жоюу; (iii) инвесторлордун ишин баалоонун жана жыл сайын мисалы «Жылдын инвестору» наамды ыйгаруу аркылуу аларды колдоонун системасын иштеп чыгуу жана киргизүү.

## 7.4. Финансы-кредиттик секторду өнүктүрүү

### Банк секторун өнүктүрүү

Максаты: финансылык ресурстарды натыйжалуу мобилизациялоого жана калктын жана ишкерлердин узак мөөнөттүү жана арзан кредиттерге болгон керектөөлөрүн канааттандырууга жөндөмдүү финансылык-кредиттик мекемелердин туруктуу жана натыйжалуу системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банк жана коммерциялык банктардын 278 филиалы иштеп келген. Коммерциялык банктардын туруктуулугунун башкы булагы – капитал[15], ал 2012-2017-жылдары 26%га өстү, мында капиталдын жетиштүүлүгүн мүнөздөөчү негизги көрсөткүч 2012-жылдын акырында 28%ды түздү жана белгиленген (12%) ченемден эки эсе ашып кеткен. Глобалдуу финансылык кризистин таасирине жана белгилүү болгон 2010-жылдын апрель жана июнь окуяларынын кесепеттерине карабастан, иштеп жаткан коммерциялык банктарда жыл

[15] Төлөнгөн уставдык капитал

сайын депозиттердин өсүп жаткандыгы байкалды, бул калктын банк системасына болгон ишениминин өсүп жаткандыгын күбөлөндүрөт. Алсак, банк секторунун депозиттик базасы 2008-2012-жылдардын аралыгында 71,4% өсүш менен 29,6 дан 50,6 млрд. сом өскөн. Банк секторунун таза пайдасы 5 жылда 33%га, 1,8 млрд. сомдон 2,4 млрд. сомго чейин өстү. Коммерциялык банктардын кредиттик портфели 5 жылда 56,2% га, 25,6дан 40,0 млрд. сомго өскөн.

Мында узак мөөнөттүү (3 жылдан жогору) кредиттердин салыштырма салмагы азырынча төмөн (5 жылда орточо салыштырма салмагы - 24%) бойдон калууда. Коммерциялык банктар тарабынан экономиканы кредиттөө кредиттик портфелдин 5 жылдагы орточо салыштырма салмагынын 41% соода, 13,4% айыл чарбасы, 11% жана 8,4% тиешелүүлүгүнө жараша ипотека жана керектөө ээлейт. Ипотека жана курулуш боюнча ставкалардын тиешелүүлүгүнө жараша 19,1%дан 21,3% га, жана 21,1% дан 22,5%га өсүшүнөн башка, бир жылдан жогору улуттук валютада берилүүчү кредиттердин 24,4% дан 21,7%га чейин бир топ төмөндөсө да, берилген кредиттер боюнча коммерциялык банктардын пайыздык ставкалары жогору бойдон калууда.

Ошентип финансылык-кредиттик кызмат көрсөтүүлөрдөгү негизги көйгөйлөр төмөнкүлөр болуп саналат: (i) кредиттер боюнча жогору пайыздык ставкалар; (ii) узак мөөнөттүү кредиттердин тар сегменти; (iii) калктын жана ишкерлердин банк системасына болгон ишениминин деңгээлинин төмөндүгү; (iv) банк кызматтарын керектөөчүлөрдүн финансылык билиминин төмөндүгү.

Артыкчылыктуу багыттар. 2017-жылга чейин негизги артыкчылыктуу багыттар: (i) финансы кредиттик секторунун финансылык ортомчулук көрсөткүчүнүн көбөйүшү жана 2017-жылга чейин прогноздолгон деңгээлге жетүүсү, (ii) банк тутумунун орточо салмактанып алынган кредиттеринин пайыздык чендеринин болжолдонгон 16,5 пайыздык деңгээлге жеткизүү, (iii) инновациялык долбоорлордун критерийлерин иштеп чыгуу жана 2014-жылдан тартып бул түр боюнча кредиттерди берүү, (iv) Кыргыз Республикасынын экономикасындагы “узун акчалардын” үлүшүн көбөйтүү.

Биринчи приоритеттүү багыт (i) болжолдонгон сценарийге жараша ишке ашат, буга ылайык, финансы кредиттик секторунун активдеринин ИДПга болгон катышы көрсөткүчү 2014-жылга чейин Банк тутумунун өнүгүүсүнүн негизги багыттарындагы жана Микрофинансылоо секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүү стратегиясында болгон эсептерге ылайык өсөт, андан ары 2015- жылдан 2017-жылга чейин жыл сайын 0,5 пайызга өсөт;

Экинчи приоритеттүү багыт 2017-жылы банк тутумунун орточо салмактанып алынган кредиттеринин 16,5% чейин төмөндөшү бул сценарийлер ишке ашканда орундалат: (i) кредиттик каптын жыл сайын өсүшү 15 пайыз деңгээлинде болот, коммерциялык банктардын

кредиттеринин орточо салмактанып алынган пайыздык чендери 19 пайыздын деңгээлинде сакталып калат, (ii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн реалдуу секторду колдоосунун эсебинен жыл сайын банк тутумунун жалпы кредиттеринен көлөмүнөн 5 пайыздан кем эмес кредит берүү (7, 0 млрд. сом тегерегинде фонддорду түзүү же кредиттерге болгон пайыздык чендерди 700 млн. сом суммасында субсидиялоо, жана бул каражаттар мамлекеттик бюджетте каралышы зарыл).

Үчүнчү приоритеттүү багыт. (iii) Үч жылдан ашык мөөнөтү менен берилген кредиттердин салыштырма салмагы, кредиттик портфелдин өсүшүн эске алганда, 2017 жылга чейин 24% деңгээлинде сакталып калат. Узак мөөнөтүү кредиттердин үлүшүн көбөйтүү үчүн финансылык рынокту узун ресурстар менен камсыздандыруу зарыл. Узун финансылык ресурстардын булактарынын бири болуп дүйнө жүзүндө пенсиялык топтоо саналат, буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин жана Кыргызстандын экономикасынын мүмкүнчүлүктөрүнүн алкагында топтоо компонентин киргизүү боюнча биздин республиканын пенсиялык системасын реформалоону улантуу керек.

Муну менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жоопту министрликтер тарабынан финансылык сектор субъекттерине узак мөөнөткө карыздарды ички же тышкы рыноктордон алуу үчүн шарт түзүп берүү зарыл, жана Кыргыз-казак инвестициялык фондун капиталдаштыруу (296 миң АКШ доллары), бул аракет биринчи 30 млн. АКШ доллар траншты ишке ашырууга шарт түзөт, Евразия өнүктүрүү банкы менен ишти баштап жана Евразиялык инвестициялык банктын (EIB) Кыргыз республикасынын аймагында ишин алып баруу үчүн келишим түзүү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү айыл чарбасына жана соодага кредиттерди субсидияга берүүнү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине тапшырат.

Төртүнчү приоритеттүү багыт. 2013-жылы коммерциялык банктар тарабынан "экологияга багытталган инновациялар" багытындагы кредиттерди берилбей тургандыгы күтүлөт, анткени "экологияга багытталган инновациялар" долбоорлоруна критерийлерди иштеп чыгуу пландаштырылып жатат. 2014-жылдан тартып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тикелей катышуусунда "экологияга багытталган инновациялар" программасы боюнча долбоорлорду каржылоого кредиттер бериле баштайт жана бул кредит берүү түрүн колдоо максатында (субсидиялоо, каржылоо ж.б.) мамлекеттик бюджетте бул каражаттар каралат деген шарттар орундалат.

**Банктык эмес финансылык секторду өнүктүрүү**

Максат: экономиканын реалдуу секторун инвестиция менен камсыз кылуу үчүн трансформация жасоо жана каражаттарды тартуу банктык эмес секторду өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп саналат. Банктык эмес финансылык рынок Кыргыз Республикасынын финансылык рыногунун бөлүгү болуп саналат жана баалуу кагаздар рыногунан, камсыздандыруу ишинен жана пенсиялык топтоо системасынан, бухгалтердик эсептен жана аудиттен турат.

Учурдагы абалды талдоо. 2012-жылдын 31-декабрына карата баалуу кагаздардын 2674 чыгарылышы катталган. Эмиссиянын жалпы көлөмү 64 млрд. сомду түздү. Акыркы беш жыл ичинде баалуу кагаздар рыногуна тартылган каражаттардын көлөмү орточо эсепте жыл сайын 5 млрд. сомдон ашык түздү.

Бүгүнкү күндө тандоонун чектелгендиги жана каржылык куралдардын көп түрдүүлүгүнүн жоктугу сакталып келе жатат. Инвестициялык долбоорлорду, айрыкча улуттук долбоорлорду каржылоо үчүн баалуу кагаздар рыногунун мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз деңгээлде пайдаланылып жатат. Көптөгөн акционердик коомдордо корпоративдик башкаруунун принциптери жетиштүү деңгээлде сакталбайт. Фондулук рынок капиталды экономикага жумшоочу жана тартуучу курал катары татыктуу орунду азырынча ээлей элек, өтүмү тез акциялар (мамлекеттин үлүшү бар компаниялардыкы) эркин жүгүртүүдө жок. Рынокто калктын начар маалыматтуулугу фондулук рынокко карата ишенбөөчүлүктү жаратууда. Калк инвестициялоого карата кесипкөй даярдыктан өткөрүлгөн эмес.

Рынокто эки кайра камсыздандыруу уюмун кошкондо, 17 камсыздандыруу уюму иш жүргүзүп жатат. Акыркы беш жылда активдердин жыйындысы2,5 эсеге өстү жана 2013-жылдын 1-январына карата 1 376,5 млн. сомду түздү. Камсыздандыруу сыйлыктары үч эсеге өстү жана 2012-жылы 839,9 млн. сомду түздү. Камсыздандыруу суммаларын төлөө 1,6 эсеге өстү жана 2012-жылы 51,2 млн. сомду түздү. Бирок административдик чараларды кабыл алуучу механизмдердин жоктугунан улам жарандык жоопкерчиликтерди милдеттүү камсыздандыруунун 2010-жылы күчүнө кирген 4 түрү боюнча түзүлгөн келишимдер жаатындагы мыйзамдык талаптарды баардык эле субъекттер аткарбай тургандыгын практика көрсөтүп жатат (камсыздандыруу сыйлыктарынын жалпы көлөмүндөгү алардын үлүшү 9,1 пайызды гана түзөт).

Кайра камсыздандырууга берилген камсыздандыруу сыйлыктарынын көлөмүнүн абдан чоң үлүшү чет жакка кетип жатат. 2012-жылы камсыздандыруу уюмдары кайра камсыздандырууга болгону 583,7 млн. сомду (камсыздандыруу сыйлыктарынын жалпы көлөмүнүн 69,5 пайызын) берген, алардан чет өлкөлөргө 576,1 млн. сомду (68,6%) берген. Камсыздандыруу рыногун коргоо жана капиталдын чет жакка чыгып

кетишин азайтуу үчүн мамлекеттин катышуусу менен Кыргызстанда кайра камсыздандыруучу уюмдарды түзүү зарылдыгы жаралды.

Азыркы учурда рынокто жарандарды кошумча ыктыярдуу пенсия менен камсыз кылуучу мамлекеттик эмес бир пенсиялык фонд – МЭПФ “Кыргызстан” иштеп жатат..2013-жылдын 1-январына карата анын активдери 23 697,3 миң сомду түздү. 2010-жылдын январь айынан тартып пенсиялык топтоо системасы киргизилген. Социалдык фондго караштуу Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун (МПТФтин) эсебинде 2010-жылы 980 млн. сом, 01.01.2012-жылы 1,8 млрд. сом чогулган, бүгүнкү күнү 3 млрд. сомго жакын (белгиленген 2 пайыздык чегерүүнү өлчөмүндө) чогулду. Бул каражаттар мамлекеттик баалуу кагаздарга жана коммерциялык банктардын депозиттерине гана инвестицияланат.

2016-жылдан тартып пенсиянын топтоо бөлүгүн кесипкөй катышуучулардын (башкаруучу компанияларга) ишенимдүү башкаруусуна берүү жана инвестиция кылуунун багыттарын кеңейтүү пландаштырылып жатат. Кирешелүүлүктү көбөйтүү жана кооптуулукту жөнгө салуу үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын сактоонун механизмдерин кайра кароо зарыл.

Каржылык отчеттун эл аралык стандарттарын (КОЭАС) өздөштүрүү ишинде КМШ өлкөлөрүндө биринчилерден болуп Кыргызстан КОЭАСтын принциптерине ылайык өзүнүн эсептик саясатынын стратегиясын аныктады жана аны ушу күнгө чейин ишке ашырып келе жатат. Кээ бир ийгиликтерге жетишилди. Конверсия жүргүзүү жана КОЭАСты колдонуу учурунда ишканалардын бухгалтерлерине жардам көрсөтүү максатында бухгалтерлердин КОЭАС менен иштешине керектүү документтердин пакети иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын аудитордук уюмдарынын мамлекеттик реестринде бүгүнкү күндө 70 уюмдун эсеби бар. Ата мекендик аудитордук уюмдар менен бирдей “Чоң төрт илтикке” кирген 4 эл аралык аудитордук компаниянын өкүлдөрү аудитордук иштерди ишке ашырып жатат. Алдыңкы эл аралык аудитордук компаниялардын он илтигине кирген 2 компаниянын Кыргыз Республикасынын аудитордук кызмат көрсөтүү рыногунда 2011-жылы иштей башташы Кыргыз Республикасында аудит рыногунун ырааттуу өнүгүп баратканын көрсөтөт. 2011-жылы баардык ата мекендик аудитордук уюмдарына түшкөн акчалардын көлөмү 103 101,8 миң сомду түзгөн, ал эми чет элдик аудитордук уюмдарга түшкөн акчалардын көлөмү 118 533,4 миң сом болгон. Мына ушунун өзү рынок сапаттуу аудитке муктаж экендигин көрсөтүп турат. Эл аралык алдыңкы тажрыйбага ылайык келгендей кылып ата мекендик аудиттин сапатын жакшыртуунун жана аудиттин сапатына көп тепкичтүү көзөмөл коюу системасын куруунун зарылдыгы бышып жетилди.

Жеке сектордогу бухгалтердик эсепти жана аудитти андан ары өнүктүрүү жана системаны өркүндөтүү боюнча комплекстүү чараларды

жүргүзүү үчүн бухгалтердик эсепти жана аудитти өнүктүрүүнүн стратегиясын жана планын кабыл алуу керек.

Артыкчылыктуу багыттар. Негизги артыкчылыктар болуп төмөнкүлөр саналат: (i) Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуу өнүгүшүнө инвестицияларды камсыз кылуу үчүн улуттук фонддук рыноктун натыйжалуулугун жогорулатуу; (ii) Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу рыногун жана пенсиялык топтоо системасын өнүктүрүү; (iii) Кыргыз Республикасында каржылык отчеттун сапатын контролдоочу жана аудиттин сапатын контролдоону өнүктүрүү системасын түзүү

Биринчи артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнүн эсебинен ишке ашырылат: (i) фондулук рыноктогу каржылык куралдардын чөйрөсүн кеңейтүү; (ii) калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатуу жана инвесторлордун укуктарын коргоону камсыз кылуу; (iii) фондулук рынок аркылуу инвестициянын көлөмүн көбөйтүү.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй иш чараларды ишке ашыруу каралат: (i) исламдык каржылык куралдарды өздөштүрүү үчүн керектүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) мамлекеттик баалуу кагаздарды фондулук биржага которуп жайгаштыруу жана анда жүгүртүү үчүн керектүү ченемдик документтердин пакетин даярдоо.

Экинчи милдетти аткаруу үчүн төмөнкүдөй иш чараларды ишке ашыруу каралат: (i) калктын каржылык сабаттуулугун жогорулатуучу улуттук программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; (ii) баалуу кагаздар рыногунда маалыматтык борборду түзүү; (iii) инвесторлордун укуктарын коргоону камсыз кылуу үчүн керектүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

Үчүнчү милдетти аткаруу үчүн төмөнкүдөй иш чараларды ишке ашыруу каралат: (i) мамлекеттин үлүшү бар акционердик коомдордун фонддук рынокко катышуусу менен акцияларынын 5 – 15 пайызынын эркин жүгүртүлүшүн камсыз кылуу үчүн сунуштарды даярдоо; (ii) Ата мекендик компаниялардын тартуучулугун жогорулатуу үчүн корпоративдик башкаруу кодексинин эл аралык принциптерин киргизүү.

Экинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнүн эсебинен ишке ашырылат: (i) милдеттүү камсыздандыруунун жаңы түрлөрүн киргизүү жана жарандык жоопкерчиликтерди милдеттүү камсыздандыруунун колдонулуп жаткан түрлөрүн андан ары ишке ашыруу; (ii) улуттук камсыздандыруу рыногунан чет элдик камсыздандыруу рыногуна капталдын агып чыгышын азайтууга көмөк берген шарттарды түзүү; (iii) пенсиялык топтоо каражаттарын сактоонун жана анын кирешелүүлүгүнүн механизмдерин түзүү.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкүдөй иш чараларды ишке ашыруу керек: (i) “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү

тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу; (ii) милдеттүү камсыздандыруунун жаңы түрлөрүн киргизүү үчүн ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу. Экинчи милдетти мамлекеттин катышуусу бар кайра камсыздандыруу уюмунун же болбосо мамлекеттик кайра камсыздандыруучу уюмду түзүүнүн эсебинен чечүү каралат. Үчүнчү милдетти чечүү үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын инвестиция кылуунун тартибин жана пенсиялык топтоо каражаттарын сактоочу механизмдерди караган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу керек.

Үчүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө багытталат: каржылык отчеттун сапатын контролдоочу механизмдерди иштеп чыгуу жана аудиттин сапатын контролдоонун көп тепкичтүү системасын куруу. Бул маселени чечүү үчүн төмөнкүдөй иш чараларды ишке ашыруу каралып жатат: (i) "2013-2020-жылдарда корпоративдик каржылык отчет боюнча өлкөнүн аракеттенүү стратегиясын жана планын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун кароого киргизүү; (ii) бухгалтердик эсеп боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү; (iii) сапатты көзөмөлдөө системасын өркүндөтүү боюнча аудит жагындагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.

## 7.5. Салык жана бажы саясаты

Максаты: Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүүнүн шарттарында фискалдык жөнгө салуунун натыйжалуу системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. 2008-2012-жылдарда салыктык жана бажылык келип түшүүлөр 36 дан 64 млрд. сомго же 1,8 эсе көбөйдү. Алардын ИДПдагы салыштырма салмагы 19% дан 21,0%га чейин өстү. Эл аралык эксперттердин баалары боюнча Кыргызстанда салыктык жана бажылык келип түшүүлөрдү чогултуулар мүмкүн болгон деңгээлдин 70%ын түзөт.

Салыктык жана бажылык башкаруу чөйрөсүндөгү негиз салуучу мыйзамдык документтер Кыргыз Республикасынын Салык жана Бажы кодекстери болуп саналат. Салык кодексинин колдонуудагы редакциясы, жалпысынан ак ниет салык төлөөчүлөр үчүн либералдуу салык режимин карайт. Салык жүгү орточо 19%ды түзөт жана соода өнөктөшү болгон өлкөлөргө карата анча жогору эмес. Бул көрсөткүч Россия боюнча -35%, Казакстан боюнча - 23%, Молдова- 32%, Беларусь Республикасы боюнча – 34%ды түзөт.

Ошону менен бирге эле салыктын жүгү экономиканын тармактары боюнча бирдей бөлүштүрүлгөн эмес. Айрыкча чоң салык жүгү өнөр жайында - 21%, ошол эле учурда айыл чарба сектору иш жүзүндө, жер жана мүлккө салыктан башка салыктардан бошотулган.

Салык жана бажы кызматтарын башкаруунун бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан системасы олуттуу кемчиликтерге ээ. Мурдагыдай эле

бизнес субъекттеринин салыктык милдеттенмелерин аткарышы боюнча татаал административдик жол-жоболор жүргүзүлөт. Коррупциялык схемаларга аралашкан фискалдык органдардын иши бизнестин мамлекетке болгон ишенимин кетирет жана жалпысынан финансылык системанын туруктуулугун коркунучта калтырат. Тез-тез эле фискалдык саясаттын функцияларын мамлекеттик бир органдан башка органга өткөрүп берүү фискалдык органдардын ишинин натыйжалуулугуна, кадрдык потенциалды төмөндөтүүнү кошо, терс таасирин тийгизет.

Ченемдик укуктук базада олуттуу боштуктар бар. Салыктык мыйзамдардын өркүндөтүлбөгөндүгү, коррупция жана олуттуу салык жүгү бизнести «көмүскөгө» кетүүгө түртөт. Мындан тышкары стабилдүү салыктык мыйзамдардын жоктугу инвесторлор үчүн терс белги болуп саналат. Салык жана башка мамлекеттик кирешелерди жыйноо менен алектенген ведомстволордун ортосундагы тийиштүү маалымат алмашуунун жоктугунан улам салык жана бажы кызматтарынын ишинин натыйжалуулугу белгилүү даражада төмөндөйт.

Артыкчылыктуу багыттар. Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү эске алуу менен 2017-жылга чейин фискалдык саясаттын артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот: (i) натыйжалуу жана стабилдүү салык системасын түзүү; (ii) салыктык жана бажылык башкарууну жөнөкөйлөтүү жана өркүндөтүү; (iii) айкындуулукту жогорулатуу, коррупция үчүн шарттарды табуу жана жоюу; (iv) курчап турган чөйрөнү булганышын азайтууга көмөк көрсөтүүчү фискалдык чараларды кабыл алуу.

Натыйжалуу жана стабилдүү салык системасын түзүү боюнча биринчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот; (i) салык жана бажы кызматтарын модернизациялоо; (ii) салык жана бажы органдарынын кадрдын потенциалдарын жогорулатуу; (iii) укук коргоо органдарынын жана башка мамлекеттик органдарынын аракеттердин координациялоо.

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чаралар аткарылат: (i) бажы декларацияларын электрондук берүүнүн системасын камтыган бажы кызматынын автоматташкан маалыматтык системасын киргизүү иштерин улантуу; (ii) салыктык отчеттулукту электрондук берүүнүн системасын камтыган салык кызматынын автоматташкан маалыматтык системасын киргизүү иштерин улантуу; (iii) салык төлөөчүлөр тарабынан салыктык милдеттенмелерди аткаруунун жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү үчүн салыктык башкарууда заманбап технологияларды киргизүү боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү (тобокелдиктин критерийлерин колдонуу менен текшерүүлөрдү жүргүзүү, салыктын алмаштырылган түрлөрүн, милдеттүү патентти, салыктык контрактты тажрыйбада кеңири колдонуу).

Экинчи милдет төмөнкү чараларды ишке ашыруунун эсебинен чечилет: (i) салык жана бажы органдарынын кызматкерлерине дем берүү жана жоопкерчиликке тартуу боюнча колдонуудагы мыйзамдарга

өзгөртүүлөрдү киргизүү; (ii) салык жана бажы органдарынын кызматкерлеринин квалификацияларын жогорулатуу боюнча окутуучу семинарларды өткөрүү.

Укук коргоо жана башка мамлекеттик органдар менен аракеттерди координациялоо боюнча үчүнчү милдетти аткаруунун алкагында төмөнкүлөр пландаштырылууда: (i) Кыргыз Республикасынын Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү мамлекеттик кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен товарларды контрабандалык ташып келүү менен алектенген ТЭИнин катышуучуларын, салыктык карызы бар салык төлөөчүлөрдү табуу, салык органдарында эсепке турбаган чарбакер субъекттерди табуу жана каттоого тартуу боюнча биргелешкен рейддерди системалуу түрдө жүргүзүү.

Салыктык жана бажылык башкаруунун жөнөкөйлөтүү жана өркүндөтүү үчүн экинчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү эки милдетти чечүү белгиленди: (i) салык жүгүн теңдөө жана инвестициялык климатты жакшыртуу; (ii) салыкты жыйноонун толуктугун камсыз кылуу.

Биринчи милдетти төмөнкү чаралардын эсебинен чечүү пландаштырылууда: (i) ыктыярдуу жана милдеттүү патенттин негизинде ишке ашырылуучу иштердин түрлөрүн кайра кароо; (ii) КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты кайталап калууну жоюучу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу; (iii) колдонуудагы салыктык жеңилдиктердин системасын кайра карап чыгуу жана оптималдаштыруу боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу; (iv) 2014-2017-жылдарга фискалдык саясаттын концепциясын иштеп чыгуу.

Экинчи милдетти чечүүнүн алкагында төмөнкү чаралар пландаштырылууда: (i) салыктык жана бажылык башкарууну жөнөкөйлөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу; (ii) жалпыга бирдей салык декларациясын киргизүү; (iii) накталай эмес формада салыктык жана бажылык төлөмдөрдү бюджетке төлөөнү киргизүү боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу.

Фискалдык чөйрөдөгү айкындуулукту жана коррупция үчүн шарттарды четтетүүнү жогорулатуу боюнча артыкчылыктарды алга жылдыруу салыктык жана бажылык башкарууну өркүндөтүү жана отчеттуулук системасын автоматташтыруу боюнча милдеттерди чечүүнүн эсебинен пландаштырылууда.

Бул милдет төмөнкүлөрдүн эсебинен чечилет: (i) салыктык декларацияларды иштетүүчү электрондук борборлорду түзүүнүн; (ii) салык жана бажы органдарындагы коррупциянын деңгээли тууралуу ТЭИнин салык төлөөчүлөрүнө жана субъекттерине анкеталаштырууну жүргүзүүнүн; (iii) коррупциянын көрүнүштөргө байланышкан салык жана бажы органдарынын кызматкерлерине карата административдик

жазаларды колдонуунун; (iv) салыктык отчеттуулуктун системасын жөнөкөйлөтүү боюнча иштерди дайыма жүргүзүүнүн.

Фискалдык саясаттагы жаңылык курчап турган чөйрөнүн булганышын азайтууга көмөк көрсөтүүчү фискалдык саясаттын чараларына багытталган төртүнчү артыкчылык багытты жылдыруу болуп саналат. Мында төмөнкү чараларды көрүү белгиленди: (i) Кыргыз Республикасынын бажы аймагына кирүүдө атмосфералык абанын булганышы үчүн чет өлкөлүк авто транспорттор үчүн экологиялык жыйымдарды белгилөө боюнча ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) электрдик сүйрөгүчтө жана гибриттик кыймылдаткычтары бар транспорттук каражаттарды ташып келүүдө бажы алымдарынан бошотуу боюнча ченемдик укуктук актыны кабыл алуу; (iii) Кыргыз Республикасынын аймагына экологияга коркунуч келтирүүчү товарларды ташып келүүгө бажы алымдарын көбөйтүү боюнча ченемдик укуктук актыны кабыл алуу; (iv) эл аралык экологиялык конвенцияларды аткаруу боюнча бажы кызматынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуунун системасын түзүү.

## 7.6. Тышкы экономикалык ишти жана сооданы жөнгө салуу

### Тышкы экономикалык иш-аракеттер

Максаты: товар жүгүртүүнүн өсүшү жана өлкөнүн экономикасына түз инвестициялардын келиши үчүн тышкы экономикалык кызматташтыктын ченемдик укуктук базасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

Учурдагы абалды талдоо. Экономикалык жактан айрыкча пайдалуу кызматташтыкты Кыргыз Республикасы Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин, Евразиялык Экономикалык коомчулуктун жана Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен ишке ашырат. КМШ жана ЕврАзЭС мамлекеттери менен кызматташуудан артыкчылык шексиздиги ырас. КМШнын жана ЕврАзЭСтин жарандары туруктуу жашаган жерине карабастан КМШ мамлекеттеринин аймагына визасыз кирүүгө, чыгууга, транзит менен өтүүгө, жылып жүрүүгө жана анда болууга укуктуу. КМШнын айрым өлкөлөрүнүн ортосунда жарандык алууну тартибин жөнөкөйлөтүү жөнүндө Өкмөттөр аралык макулдашууга кол коюлган. Шериктештиктин алкагында төмөндөгүдөй маселелер чечилүүдө: КМШ мамлекеттеринин жарандарын билим берүү мекемелерине жетүүнүн бирдей шартын камсыз кылуу; билим тууралуу документтерди өз ара таануу жана эквиваленттүүлүгү, акысыз шашылыш медициналык жардамда алуу жөнүндө маселелерди чечүү.

Шериктештиктин өлкөлөрүнүн аймагында өндүрүлгөн товарларды КМШга кирген өлкөлөрдүн ички чек аралары аркылуу жылдырууда, бажы алымдары алынбайт. Трансакциялык чыгымдарды азайтуунун эсебинен Коомчулуктун өлкөлөрүнүн аймагында өндүрүлгөн товарлар үчүнчү

өлкөлөрдүн товарларына салыштырганда атаандаштыкка айрыкча жөндөмдүү болушат. Шериктештиктин мамлекеттеринин инновациялык технологияларын жана интеллектуалдык ресурстарын биргелешип колдонуу мүмкүнчүлүгү чоң роль ойнойт. Россия Федерациясы, Казакстан, Тажикстан жана Өзбекстан сыяктуу аймагы жагынан жакын болгон коңшулук соода-экономикалык мамилелердин айрыкча активдүү өнүгүүсүн шарттады жана бул өлкөлөрдү Кыргызстандын негизги соода өнөктөрүнүн категориясына чыгарды.

Борбордук Азия регионунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү олуттуу жакшыртууга жана дүйнөлүк экономикалык коомчулукка көбүрөөк тыгыз интеграциялоого энергетика, транспорт жана соода секторлорунда долбоорлорду ишке ашырууга багытталган Азия Өнүктүрүү банкынын «ЦАРЭС» программасы көмөктөшүүдө. «Кыргыз Республикасынын энергетикалык секторун калыбына келтирүү» долбоору Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын улуттук жана региондук энергетика системасынын бекемдигин көбөйтүүгө арналган, ал эми «Энергетика секторун өркүндөтүү» долбоору энергетикалык коопсуздукту, энергиянын натыйжалуулугун, электр энергиясын региондо сатуунун көлөмүн, ошондой эле Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын энергетикалык системасынын ишенимдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет .

Транспорт чөйрөсүндө ЦАРЭС долбоорлору региондук сатуунун көлөмүн көбөйтүүгө көмөк көрсөтөт. Атап айтканда улуттук (Ош-Баткен-Исфана) авто жолду калыбына келтирүүнүн долбоору калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана экономикалык иштерге ишенимдүү жетишүүсүн камсыз кылууга, өлкөдө жолдордун тармактарын башкарууну жакшыртууга багытталган; «ЦАРЭСтин транспорттук коридору» долбоору региондук, атап айтканда Кыргыз Республикасы менен КЭРдин ортосундагы сооданын көлөмүн көбөйтөт.

«ЦАРЭСтин региондук авто жол коридорун өркүндөтүү» долбоору транспорттук чыгымдарды төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет жана борбордук азия өлкөлөрүнүн ортосундагы региондук кызматташтыкка көмөк көрсөтөт, региондук рынокторго жетишүүнү жана коридорду жээктей жашаган адамдар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртат. Кыргызстандын экономикасы үчүн региондук энергетикалык «CASA-1000» долбоору абдан перспективдүү болуп саналат, ал Кыргызстандан жана Тажикстандан Пакистанга жана Ооганстанга электр энергиясын берүүнү жөнгө салат, Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын улуттук жана региондук энергетикалык системасынын ишенимдүүлүгүн көбөйтөт; энергетикалык коопсуздукту, энергиянын натыйжалуулугун, электр энергиясын региондук сатуунун көлөмүн, ошондой эле Кыргыз Республикасы менен Борбордук Азиянын энергетикалык системасынын ишенимдүүлүгүн жогорулатат деп таанылган.

Тышкы экономикалык иштеги негизги көйгөйлөр. Инвестициялык, финансылык кызматташуу, кош салык салуудан качуу чөйрөсүндө заманбап талаптарга дал келбеген жана жооп бербеген ченемдик укуктук база.

2017-жылга чейин бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн артыкчылыктуу багыттар интеграциялык байланыштарды натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылуунун милдеттерин чечүү аркылуу КМШнын, ШКУнун, ЕврАзЭСтин, ТМККнын алкагында интеграциялык процесстерди активдештирүү болуп калат, аларды чечүү үчүн төмөнкүлөр каралган: (i) ШКУну жана ТМККны өнүктүрүү фондун түзүү тууралуу Өкмөттөр аралык макулдашуулардын тексттерин макулдашуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жана консультацияларды жүргүзүү; (ii) Инвестицияларды колдоо жана коргоо жөнүндө, ошондой эле ТМККнын алкактарында кош салык салуудан качуу жөнүндө Өкмөттөр аралык макулдашуулардын тексттерин макулдашуу боюнча эксперттердин сүйлөшүүлөрүн жана консультацияларын жүргүзүү.

**Тышкы соода мамилелери**

Максаты: туруктуу экономикалык өсүү үчүн атаандаштыкка жөндөмдүү экспорттук потенциалды түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. 2008-2012-жылдардын аралыгында Өкмөттүн тышкы соода саясаты соода жүргүзүүнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөтүүгө багытталган. Тышкы соода жол-жоболорун кыскартуу жана оптималдаштыруу үчүн зарыл болгон бир катар ченемдик укуктук документтер кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүсүнүн дээрлик 45 %ын Бажы союзунун өлкөлөрү ээлей тургандыгын көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылы Кыргызстандын Бажы Союзуна (БС) жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке (БЭМ) кошулуусу жөнүндө чечим кабыл алган. Азыркы учурда Бажы Союзуна кирүү боюнча Иш-чаралардын планы макулдашылды. 2012-жылы кыргыз тарап Планга ылайык Бажы Союзунун келишимдик-укуктук базасына улуттук мыйзамдардын ылайыктуулугуна талдоону, ДСУнун алдындагы Кыргыз Республикасынын менен Россия Федерациясынын бажы тарифтери боюнча милдеттенмелеринин салыштырмаларын кошо, ошондой эле ченемдик укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин пакетин берген. Планды ишке ашыруунун максаты 2013-жылдын акырына Кыргыз Республикасынын Бажы Союзунун келишимдик-укуктук базасына кошулуусу боюнча Жол картасын даярдоо болуп саналат.

Кыргызстан БСнын соодага болгон таасирин, андан тышкары болуу менен, толук көлөмдө сезет. Кыргыз Республикасы менен өз ара соода жүргүзүүдө БСнын өлкөлөрү киргизүүчү ар түрдүү бажылык-тарифтик жана тарифтик эмес чектөөлөр орун ээлейт. БСнын Бирдиктүү бажы

тарифи менен ылайыкташтырган учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы бажы тарифи көбөйүү жагына өзгөрөт. ДСУнун алкагында бажы тарифтери боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин өзгөртүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү алдыда турат. Ошол эле учурда жогорку мүмкүндүк менен Кытайдан импорттолуучу керектөө товарларына баалар олуттуу өсө тургандыгы күтүүгө болот, анткени бул өлкөгө карата товардын салмагына эмес, анын наркы боюнча бажы алымдарынын ставкасы колдонулат. Бажы алымдарынын ставкасын жогорулатуу жана бажы контролун күчөтүү Кытайдан реэкспорттоонун кыскаруусуна таасир берет, тиешелүү түрдө дүң сатуучу рыноктордон салыктык келип түшүүлөр кыскарышы мүмкүн.

Импортту кыскартуудан салыктын азайышы кайсы бир деңгээлде бажы алымдардын ставкасын жогорулатуу менен компенсацияланат. Ички рынок башында товарлардын жана сырьёлордун (бул өндүрүш үчүн зарыл болгон азык-түлүк жана сырьёлук товарларга тиешелүү) тартыштыгын сезе турган тобокелдик бар, анткени ата мекендик товарлар чектелбестен ташылып чыгат. БСнын курамында болуу менен Кыргыз Республикасы БСнын өлкөлөрүнөн келүүчү товарларга каршы кандайдыр-бир коргоо чараларын киргизүүдө чектелип калат, буга байланыштуу ата мекендик товарлар ички рынокто атаандашууга жөндөмсүз болуп кала турган тобокелдик бар.

БСга жана БЭМге кирүүдөгү плюстар: (i) Бажы союзунун ички чек араларында формалдуулуктардын, жыйымдардын жана бажылык контролдоонун жоюлушу; транзиттин эркиндиги тышкы соода ишинин катышуучуларынын чыгымдарын кыскартууну камсыз кылат жана соода үчүн пайдалуу шарттарды түзөт; (ii) мурда бажы контролдугу бар экендиги менен токтоп турган чек ара жанындагы соода жүргүзүүдөн позитивдүү импульс алуу жана өнүгүүгө жетишүү; (iii) чек арага жакын райондордун калкы коңшу өлкөгө чектеш аймакта керектүү продукцияларды жана товарларды эч кандай ченеми жок сатып ала алат; (iv) коомчулуктун ичинде энергия алып жүрүүчү башка стратегиялык товарларды берүүлөр экспорттук жана импорттук алымдарсыз ишке ашырылат бул Кыргызстан үчүн өтө маанилүү.

Темир жол менен ташуунун бирдиктүү рыногу, импорттук жана экспорттук тарифтерге бөлбөстөн тарификациялоого карата бирдей ыкманы колдонуу, техникалык жөнгө салуунун бирдиктүү системасын түзүү тууралуу БС өлкөлөрүнүн макулдашуусу маанилүү болуп саналат. Товар өндүрүүчүлөр үчүн өндүрүлгөн товар экспорттолгон учурда БСнын бирдиктүү сертификаттары боюнча таризделе тургандыгы жана бул товарлар үчүн БСнын аймагында кошумча текшерүү жана контролдоо болбой тургандыгы чоң артыкчылык болуп кызмат кылат. Кыргызстандын БСга жана БЭМге катышуусу квотасыз жана чектөөлөрсүз эркин миграциялык саясатты камсыз кылат, бул эмгек мигранттарына алар

барган мамлекеттин жарандары ээ болгон бардык социалдык укуктарды пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Тышкы сооданы өнүктүрүү үчүн тоскоолдуктар кылган көйгөйлөр төмөнкүлөр болуп саналат: (i) Бажы Союзунун түзүлгөндүгүнө жана анын ишин өнүктүрүүгө байланыштуу негизги региондук соода өнөктөштөр менен тышкы соода жүргүзүү үчүн шарттардын өзгөрүшү; (ii) реэкспорттук иштин кыскаруусу, өлкөнүн дүң рынокторунун жагымдуулугунун төмөндөшү; (iii) БСнын техникалык жөнгө салуу, санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык чаралары боюнча кабыл алынган макулдашуулар жана талаптар ушул рынокко Кыргыз Республикасынын продукциялары үчүн жетишүүнүн шарттарын татаалданышы. Кыргыз Республикасынын ички рыногунда муктаж болгон импорттун эсебинен канааттандырыла турган товарларды экспорттоого чектеш өлкөлөр тарабынан киргизилген чектөөлөр бу товарлардын ички рынокто кымбатташына алып келет.

Ошондой эле сооданын өнүгүүсүнө экспортту мамлекеттик колдоонун өнүккөн системасынын жоктугу, анын ичинде сапаттын начар инфраструктурасы; экспорттук-импорттук документацияларды тариздөө боюнча жол-жоболордун өркүндөтүлбөгөндүгү, лабораториялык-сыноочу базанын мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги тоскоолдук кылат. Импорттук атаандаштык күчөйт, натыйжада ата мекендик өндүрүүчүлөргө баа фактору боюнча артыкчылыгы бар импорт менен атаандашууга туура келет. Ата мекендик өндүрүүчүлөр өндүрүү процессине колдонуучу сырьёну экспорттоонун көлөмү көбөйөт, натыйжада ушул товарларга чектеш өлкөлөрдө баалардын жогорку деңгээли жаралат.

Артыкчылыктуу багыттар: Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүү жана коюлган максаттарга жетүү үчүн артыкчылыктуу багыттар төмөнкүлөр болуп саналат: (i) өлкөнүн экспорттук потенциалын өнүктүрүү; (ii) Кыргыз Республикасынын БСга жана БЭМге кириши боюнча сүйлөшүү процессин жана жол-жоболорун жүргүзүүнү камсыз кылуу; (iii) техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын БСнын документтери менен ылайыктуулугун камсыз кылуу.

Өлкөнүн экспорттук потенциалын өнүктүрүү боюнча артыкчылыктардын алкагында төмөнкүдөй милдеттер коюлган: (i) айрыкча жагымдуу тышкы соода режимине жетишүү үчүн базалык негизди түзүү жана (ii) товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана чыгарылган продукция үчүн өндүрүүчүлөрдүн жоопкерчилигин арттыруу.

Биринчи милдетти төмөнкү чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүү болжолдонууда: (i) экологиялык таза продуктыларга багыттоого көңүл буруу менен жаңы бышкан жана кайра иштетилген жашылчалардын жана мөмө жемиштердин секторун кошо, Кыргыз Республикасынын экспортун өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу; (ii) жеңилдиктердин

(преференция) жалпыга бирдей системасында Кыргыз Республикасы үчүн бенефециардын статусун алуу, преференциялар + (ЖЖС+); (iii) ченемдик укуктук актылар аркылуу экспортту өнүктүрүү жана жылдыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине каратуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» Борбору» мамлекеттик ишкананын иш-милдеттерин кеңейтүү; (iv) эл аралык уюмдар менен эл аралык стандарттарды жана негизги соода-экономикалык өнөктөштөр менен эл аралык жана региондук стандарттарды кыргыз улуттук стандарттары катары колдонуунун маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү.

Товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана чыгарылган продукция үчүн өндүрүүчүлөрдүн жоопкерчилигин арттыруу боюнча экинчи милдетти төмөнкү чараларды ишке ашыруу аркылуу чечүү пландаштырылууда:

(i) улуттук стандарт жана Бажы союзунун өлкөлөрүнүн техникалык регламенти катары өлкөнүн аймагында эл аралык жана региондук стандарттарды колдонуу үчүн техникалык жөнгө салуу жана стандартташтыруу боюнча эл аралык келишимдерди даярдоо жана кол коюунун жол-жоболорун өткөрүү;

(ii) улуттук стандарттарды эл аралык нормалар жана эрежелер менен ылайыкташтыруу;

(iii) стандарттардын шайкештигин баалоонун жыйынтыктарын өз ара таануу тууралуу негизги соода-экономикалык өнөктөштөр менен макулдашууну түзүү;

(iv) донор уюмдардын каражаттарын тартуу менен лабораториялык-сыноочу жана эталондук базаны кайра жабдуу;

(v) продуктылардын сапатына жана коопсуздугуна менеджмент киргизген чарбакер субъекттерге стимул берүү боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.

Экинчи артыкчылык боюнча Кыргыз Республикасынын БСга жана БЭМге кириши боюнча сүйлөшүүлөр процессин жана жол-жоболорун камсыз кылуу милдети коюлган, аны чечүү үчүн төмөнкү чараларды кабыл алуу белгиленген:

(i) БС жана ДСУ менен сүйлөшүүлөр үчүн сүйлөшүүлөрдүн позицияларын иштеп чыгуу,

(ii) Кыргыз Республикасы үчүн БСга кошулуунун экономикалык натыйжасына жана кесепеттерине баалоо жүргүзүү;

(iii) Кыргыз Республикасы үчүн БСга жана БЭМге кошулуусу боюнча Жол картасын иштеп чыгуу;

(iv) Бажы Союзунун өлкөлөрүнүн рынокторуна товарлардын жетишинин маселелери боюнча жеке сектор үчүн консультациялык-маалыматтык иш-чараларды жүргүзүү.

Үчүнчү артыкчылыктын алкагында төмөнкүдөй конкреттүү чараларды кабыл алуу аркылуу техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндө БСнын документтери менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук

актыларын ылайыкташтырууну камсыз кылуу боюнча милдеттерди чечүү белгиленген, алар:

(i) ДСУнун макулдашууларына ылайык БС менен сүйлөшүүлөр үчүн позицияны иштеп чыгуу;

(ii) эл аралык жана региондук стандарттары улуттук стандарт катары колдонуу.

## 7.7. Экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн инновациялык иштин системасын түзүү

Максат: экономиканы өнүктүрүү жана анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн интеллектуалдык менчикти жана инновациялык ишти коргоонун натыйжалуу системасын түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Бизнесте инновацияларды колдонуу фактору боюнча Кыргызстан дүйнөнүн 144 өлкөсүнүн арасында 127-орунда[16] турат. Жана бул көрсөткүч начарлашын улантууда (2008-жылы 122-орун). 2010-жылы технологиялык инновацияларды иштеп чыгууну жана республиканын өнөр жайында ишке киргизүүнү 48 ишкана[17] жүзөгө ашырган (иштегендердин 1,8 пайызы). Айрыкча активдүү инновациялык иш 2010-жылы тамак-аш продуктыларын өндүрүү-13 ишкана, электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү-8, металлургия өндүрүшүндө жана даяр металл буюмдарын өндүрүүдө-5, башка металл эмес минералдык продуктыларды өндүрүү-4, целлюлоза-кагаз өндүрүшү жана басма иши боюнча ишканаларда-4 белгиленген.

Инновациялык-активдүү ишканалардын ири бөлүгү Бишкек шаарында (89,5 пайыз) жана Чүй облусунда (9,0 пайыз) топтолгон. Инновациялык продукциянын бардыгы менчиктин жеке формасы менен ишканаларда өндүрүлөт. Инновациялык иштин негизги бөлүгү технологияларды сатып алууга байланыштуу. Ошентип, 2010-жылы машиналарды жана жабдууларды сатып алууну 32 ишкана жүзөгө ашырышчы, мында алардын чыгымдарын 550 млн сомдон ашык болгон. Технологиялык, маркетинг жана уюштуруу инновацияларына чыгымдардын жалпы суммасында 91,6 пайызды ишканалардын жеке каражаттар түзөт, каржылоонун башка булактары-8,4%.

Өнөр жайда технологиялык инновацияларга чыгымдар анчалык көп эмес жана ата-мекендик экономиканын негизги өндүрүштүк фонддорду жаңыртууга жана прицbackwardsипиалдуу жаңы атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүүнү кеңейтүүгө реалдуу муктаждыктарына өлчөнгүс.

Өлкөдө инновациялык ишти өнүктүрүү бир катар себептер менен кармалып турууда:

---

[16]WEF «World Economic Forum: Global Competitiveness Report 2012-2013» билдирүүсү

[17]«Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2006-2010, КР УСК, Бишкек 2011» УСК маалыматтары.

(i) институционалдык колдоонун жана инновациялык иштин өнүгүүсүнүн адекваттуу системасынын жоктугу; илимдин төмөнкү натыйжалуулугу жана анын өнөр жайдан ажыратылгандыгы;

(ii) инновацияларды өнүктүрүү жаатында инженердик жана техникалык кадрлардын жана башка адистердин аз саны жана даярдоонун начар деңгээли;

(iii) техника жана технологиялар түрүндө чет өлкөлүк инновациялардын импортунан бир убакыттагы көз карандылыгында ата мекендик экономиканын инновацияны кабыл албастыгы;

(iv) технологияларды коммерциялаштыруу натыйжалуу системасынын жоктугу.

Азыркы учурда өлкөдө инновацияларды колдоо жана ишке киргизүү системасы түптөлүү стадиясында. Ушуга байланыштуу, өлкөнүн өнөр жай ишканаларынын инновациялык ишинин мүнөзүн жана өнүгүүнүн реалдуу тенденциясын эске алуу зарыл, алар негизинен, илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын базасында инновациялык продукттарды түзүүдө эмес, өндүрүштү технологиялык жаткан модернизациялоо көйгөйлөрүнө топтолгон.

Инновацияларды түзүү бул кредиттөөнү же «карызга» каржылоону талап кылган чыгымдуу процесс, ошондой эле, венчурдук каржылоонун өнүкпөгөндүгү, жаңы технологияларды колдоонун жана ишке киргизүүнүн мамлекеттик системасынын жоктугу менен катар эле изилдөөлөр үчүн жеке каражаттардын жоктугу инновацияны түзүүнү ата-мекендик ишканалар үчүн жетишсиз кылууда.

Түзүлгөн жагдайды эске алуу менен жана колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдөн улам Кыргызстан ата-мекендик ишканалар үчүн натыйжалуу жана инновациялык технологияларды издөө, сурап алуу, адаптациялоо жана таркатуу системасын жана механизмдерин түзүүгө көңүл коюшу керек.

Артыкчылыктуу багыттар. Ушул көйгөйлөрдү эске алуу менен, артыкчылыктуу багыттар болуп төмөнкүлөр аныкталган:

(i) инновациялык ишти өнүктүрүү жана ИС обьекттерин пайдалануу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

(ii) энергия үнөмдөөчү жана энергия жактан натыйжалуу (жашыл) технологияларды кошо, инновациялык ишти өнүктүрүү жаатында чечимдерди натыйжалуу кабыл алууга көмөк көрсөтүүчү системасын түзүү;

(iii) инновациялык иш жана МС обьекттерине укуктарды коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү;

(iv) окутуу, квалификацияны жогорулатуу жана коомчулукту ИС жана инновациялык иштин ролу жана маанилүүлүгү жөнүндө маалымдоону үчүн шарттарды түзүү.

Инновациялык ишти өнүктүрүү жана интеллектуалдык менчиктин обьекттерин колдонуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча

артыкчылыктуу багыт инновациялык, энергия үнөмдөөчү жана энергия жактан натыйжалуу технологияларды издөө, тандоо жана каттоого алуу системасын түзүү боюнча милдетти чечүүгө багытталат.

Бул милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү чараларды ишке ашырууга ниеттенүүдө:

(i) технологияларды инновациялык, энергия үнөмдөөчү, энергия жактан натыйжалуу технологиялардын катарына киргизүү критерийлерин иштеп чыгуу

(ii) инновациялык, энергия үнөмдөөчү, энергия жактан натыйжалуу (жашыл) технологиялардын реестрин түзүү;

(iii) өнөр жайдын муктаждыгынын жана иштеп чыгуулардын тизмесин (реестрин) түзүү;

(iv) инновациялык технологияларды издөө, тандоо жана маркетинг жүргүзүү боюнча кызматтарды көрсөтүү.

Энергия үнөмдөөчү жана энергия жактан натыйжалуу технологияларды кошо, инновациялык ишти өнүктүрүү жаатында чечимдерди натыйжалуу кабыл алууга көмөк көрсөтүүчү системасын түзүү боюнча экинчи артыкчылыктын чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Инновациялар боюнча кеңештин базасында инновациялык саясатты ишке ашырууну координациялоо жана чечимдерди кабыл алуу системасын түзүү боюнча милдетти чечүү белгиленген, аны төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу жолу менен чечүү пландаштырылууда:

(i) өлкөдө экономиканын калыптанышына көмөк көрсөтүүчү инновациялык иштин абалына комплекстүү талдоо жүргүзүү;

(ii) инновациялык өнүгүүнү жаатындагы ата-мекендик статистикалык көрсөткүчтөрдү дүйнөлүк стандарттарга адаптациялоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

(iii) инновацияны өнүктүрүү жана технологиялардын трансфери боюнча программанын долбоорун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү.

Инновациялык иш жана ИС обьекттерине укуктарды коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү артыкчылыктуу багыты боюнча инновациялык иш жана интеллектуалдык менчикти коргоо жаатында мыйзамдык базаны өркүндөтүү боюнча милдет чечилет, аны Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөр аркылуу чечет:

(i) интеллектуалдык менчикти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

(ii) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде Салык жана бажы кодекстерине инновациялык, энергия үнөмдөөчү жана энергия жактан натыйжалуу технологияларды колдонуучу ишканаларды мамлекеттик колдоону жана дем берүүнү караштыруучу өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү.

Окутуу, квалификацияны жогорулатуу жана коомчулукту ИС жана инновациялык иштин ролу жана маанилүүлүгү жөнүндө маалымдоону үчүн шарттарды түзүү боюнча артыкчылыктын чегинде Кыргыз патентке караштуу Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун базасында инновацияларды (билимдерди) таркатуу үчүн окуу борборун түзүү боюнча милдет чечилет, ал төмөнкүлөрдү эсебинен чечилет:

(i) Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун адистерин чет өлкөдө инновациялык менеджмент, маркетинг жана инновацияларды баалоо, патенттик-маалыматтык издөө жана талдоо сыяктуу тармактарда окутуу;

(ii) Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун базасында окутуунун жана тренингдердин программаларын иштеп чыгуу;

(iii) инновациялык өнүгүү маселеси боюнча максаттуу аудитория жана башка кызыкдар жактар үчүн окутууну жана тренингдерди өткөрүү;

(iv) инновациялык өнүгүүнү пропагандалоо максаты менен инновациялык идеялардын ар жылдык конкурсун өткөрүү;

(v) инновациялар саясатына оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү максаты менен инновациялык саясатты кабыл алуу предметине калкты жана бизнести анкеттөөнү, социологиялык сурамжылоону жүргүзүү;

(vi) «жашыл» инновациялар маселеси боюнча маалыматтык-билим берүү иш-чараларды өткөрүү.

## VIII. ЭКОНОМИКАНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ТАРМАКТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

### 8.1. Энергетика

Максаты: Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыздоо жана экспорттук потенциалды өнүктүрүү.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасы отун-энергетикалык ресурстардын жетиштүү запасына ээ. 252 ири жана орто суулардын гидро энергетикалык потенциалы 18,5 млн. кВт кубаттуулукта, 140 млрд. кВт/с электр энергиясына барабар деп бааланат. 7 гидро электр станция, улуттук маанидеги 2 жылуулук станция жана менчиктин ар кандай түрүндөгү 11 чакан ГЭС электр энергиясын өндүрүүнү ишке ашырышат, алардын белгиленген жалпы кубаттуулугу 3784 МВтты, ээлик кылууда 3315 МВт кубаттуулукту түзөт, 93% электр энергиясы суу ресурстарын колдонуу менен кайра иштетилүүчү булактарынын эсебинен иштелип чыгат.

Акыркы 5 жылда электр энергиясын иштеп чыгаруу 28% га өстү жана 2012-жылы 15, 3 млрд. кВт/с түздү, электр энергиясын экспорттоо дээрлик 3 эсе өстү жана 1,6 млрд. кВт/с түздү. Электр энергиясын керектөөнүн түзүмү өзгөрдү. Отундун (газ, көмүр) түрлөрүнө баалардын өсүшү жана республиканын калкынын саны 4% га өсүшү менен калктын керектөөсүнүн салыштырма салмагы 8 пайыздык пунктка өстү жана 65%

ды түздү. Калган керектөөчүлөрдүн керектөөлөрүнүн салыштырма салмагы төмөнкүлөрдү түзөт: өнөр жайы-12%, бюджеттик уюмдар-10%, кызмат көрсөтүү чөйрөсү-12% жана айыл чарбасы-1% (насостук станциялар). Иштелип чыккан электр энергиясынын көпчүлүк бөлүгү (65%) өлкөнүн түндүгүндө керектелет.

Күз-кыш мезгилинде жайкы мезгилдерге караганда калктын керектөөсү 3 эсе көбөйүшүнө байланыштуу тармактагы жүктүн ашыкча болушу байкалат. Электр энергиясын авариялык өчүрүү механизми электр энергиясын бөлүштүрүү секторун жөнгө салуунун жакшы ыкмасы болуп саналбайт. Акыркы жылдарда электр энергиясынын жоготууларын кыскартуу боюнча ырааттуу иштер жүргүзүлдү. Жыйынтыктары олуттуу болду, электр энергиясынын жоготуулары 2008-2012-жылдары 31,6% дан 21,2% га чейин кыскарды.

Акыркы беш жылда калктын ар бир жан башына электрди керектөө 4% га өстү жана 1 миң кишиге шарттуу отундун 2,28 тоннасын түздү, бул европа өлкөлөрүндөгү көрсөткүчтөн 6 эсе ашат. Учурдагы рыноктук бааларда акыркы беш жылда ИДПдагы электр сыйымдуулуктун көрсөткүчү 49% ды жана 1 млн. сомго 43,3 миң кВт/с түзгөндүгүнө карабастан, ал европа өлкөлөрүнүн көрсөткүчтөрүнөн 10 эсе ашык.

Кыргыз Республикасынын энергетикалык тармагы бир катар жылдардын аралыгында көп сандаган көйгөйлөргө дуушар болууда. Акыркы беш жылда энергетика секторунун бюджетинин тартыштыгы азайган жок жана жыл сайын 2,0 млрд. ашык сомду түзөт, бул анын туруктуу иштөөсүн жана негизги фондду модернизациялоо үчүн мүмкүндүктү төмөндөтөт.

Бул көйгөйлөрдүн кесепети электр энергиясын иштеп чыгарууну, берүүнү жана бөлүштүрүүнү эске алуу менен жалпы өзүнө турган наркы 1 кВт/с үчүн 1,16 сом өлчөмүндө болсо да, калк үчүн белгиленген, социалдык-багытталган тариф (1 кВт/с үчүн 0,70 сом) боюнча электр энергиясынын кызмат көрсөтүүсүнүн колдонуудагы системасы болуп саналат. Тиричиликтик абоненттердин электр энергиясын үнөмдөөсү үчүн стимул жок. Кирешелери ар кандай деңгээлдеги керектөөчүлөр керектөөнүн көлөмүнө карабастан бирдиктүү ставкадагы тариф боюнча төлөшөт. Балансташпаган тарифтик саясат энергетикалык компаниялардын кирешелеринин экономикалык зарыл деңгээлин азайтат жана энергетиканы өнүктүрүү үчүн инвестицияларды толук көлөмдө тартууга мүмкүндүк бербейт. Электр энергиясын сатуудан түшкөн киреше жылуулук энергиясын өндүрүүнү субсидиялайт.

Кызмат көрсөтүүнүн даректүүлүгүн күчөтүү жана жеңилдиктерди оптималдаштыруу максатында 2010-жылдан тартып жарандардын 25 категориясына жеңилдиктердин ордуна ай сайын акчалай компенсация, анын ичинде электр энергиясына киргизилген. Жеңилдиктерди монетизациялоо социалдык жеңилдиктерге чыгымдарды ачык жана даректүү кылат. Жеңилдиктерди акчалай компенсация менен алмаштыруу

үй-бүлөлөрдү кошумча материалдык колдоо болуп калды. Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялоого республикалык бюджеттин чыгымдарынын жалпы суммасы жыл сайын 1,5 млрд. сомдун тегерегинде.

Оор, бийик тоолордо жана барууга кыйын алыскы аймактарда жаратылыш-климаттык жагымсыз шарттарда жашаган 164 миң абонент үчүн тиричилик муктаждыктарына электр энергиясын, керектөөнүн төмөнкүдөй ченемдеринин чегинде: жайкы мезгилде 1 майдан 1-октябрга чейин айына 100 кВт/с, кыш мезгилинде 1-октябрдан 1-майга чейин ай сайын 220 кВт/с электр энергиясын пайдаланганды гы үчүн 50% өлчөмүндө компенсация белгиленген. Жыл сайын бул компенсациялардын суммасы республикалык бюджеттен 117 млн. сомду түзөт. Пенсионерлердин 83% нын жашоо деңгээлин социалдык жактан колдоо максатында (532 миң адам) пенсиянын негизги өлчөмү менен бирге ай сайын электр энергиясы үчүн 200 сомдон, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы суммасы 1, 8 млрд. сом максаттуу компенсация төлөнүп берилет.

Электр энергетикалык тармактын активдери орточо 50-70% эскирүүнүн жогорку деңгээлинде, тармактын туруктуу иштеши үчүн, мезгилдүү ашыкча жүк келтирүү эң жогорку чекке жеткен убакта энергетикалык жабдуулардын авариясынын жана иштебей калышынын өсүшүнүн жогорку тобокелдигин түзөт. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бириктирилген энергетикалык системасы аркылуу керектөөнүн 40% на чейин электр энергиясын берүү менен байланышкан кышкы мезгилде керектөөчүлөрдү электр менен туруктуу камсыз кылуунун көйгөйү толук бойдон чечилген жок. Республиканы жаратылыш газы менен камсыз кылуудагы үзгүлтүктөр электр энергетикалык сектордо авариялык жагдайлардын санынын көбөйүшүнө, коомдо социалдык чыңалуунун пайда болушуна, жарандардын ден соолугунун начарлаган учурларынын өсүшүнө алып келди.

Негизги операциялык көйгөйлөрдүн бири электр энергетика секторун ачык-айкынсыз башкаруу болуп саналат, агымын жана төлөмдөрдү эсепке алуунун керектүү деңгээли жетишилген жок. Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменттин (регулятордун) иши саясий факторлорго көз каранды абалда. «Кыргызэнерго» АКны кайра өзгөртүү боюнча жүргүзүлгөн реформалар керектөөчүнү сапаттуу жана үзгүлтүксүз электр менен камсыз кылуу, колдонуудагы линияларды жана чыңалуусу 35-0,4 кВ болгон көмөкчү чордондорду модернизациялоо жана реконструкциялоо, бөлүштүрүүчү тармактарда электр энергиясын эсепке алууну жакшыртуу боюнча маселелерди чечкен жок.

Электр энергиясын өндүрүү жогорку деңгээлде гидро энергетикага көз каранды, өздүк отун-энергетикалык ресурстар жана энергиянын адаттан тышкаркы кайра иштелип чыккан булактары толук көлөмдө

колдонулбайт, анда иштелип чыккан кайра иштелип чыккан булактарды пайдалануу менен электр энергиясынын көлөмү 1% ды түзөт.

2017-жылга карата орто мөөнөттүү келечекте жаңы өндүрүштөрдү, анын ичинде кен казуу тармагын кошо, пайдаланууну баштоо менен, 586,6 млрд сомго ИДПнын өсүшүндө жана учурдагы рыноктук баада ИДПнын электр сыйымдуулугунун динамикасын эске алсак, 1500 млн. кВт/с электр энергиясынын көлөмүндө кубаттуулукту генерациялаган тартыштык түзүлөт. Энергияны үнөмдөөнүн маанилүү факторлорунун бири энергияны үнөмдөө болуп саналат. Республикада жылуулукту жоготуунун негизги булагын турак жана коомдук имараттар кирет, аларды жылытууга бардык отун-энергетикалык ресурстардын 60% сарпталат. Бул сегментте электрди керектөөнүн көрсөткүчтөрү европа өлкөлөрүнүн көрсөткүчтөрүнөн 5 эседен көп ашат. Бүтүндөй республиканын масштабында турак үйлөрдө жана коомдук имараттарда энергия натыйжалуулугун жогорулатуунун эсебинен энергия үнөмдөөнүн реалдуу потенциалы 4-5 млрд. кВт/с электр энергияны түзөт.

Коюлган милдеттерден жана белгиленген көйгөйлөрдөн улам энергетикалык секторду өнүктүрүүнүн саясаты төмөнкү төрт артыкчылыктуу багытка топтолот:

(i) энергетикалык секторду өнүктүрүүнү жөнгө салууну өркүндөтүү;

(ii) энергия үнөмдөөнү стимулдаштыруу үчүн шарттарды түзүү;

(iii) энергиянын кайра иштелип чыгуучу булактарын өнүктүрүү;

(iv) аз көмүртектүү энергетика жана экологиялык коопсуздуктун ченемдерин сактоо аркылуу энергетикалык секторду туруктуу өнүктүрүү.

Биринчи артыкчылык боюнча төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө:

(i) Регулятордун көз карандысыздыгынын статусуна жетишүү;

(ii) энергетика секторунун ишканаларынын финансылык-экономикалык туруктуулугун жогорулатуу;

(iii) энергетикалык компанияларда корпоративдик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

(iv) энергетикалык сектордо ачык-айкындуулуктун жана отчеттуулукту деңгээлин жогорулатуу.

Биринчи милдетти чечүү төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруунун эсебинен чечүү белгиленүүдө:

(i) энергетикада мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы эрежелерин белгилөө үчүн «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

(ii) энергетика ишинин субъекттеринин лицензия алуунун алдында жана лицензия алгандан кийинки милдеттенмелери жөнүндө Регулятор менен Лицензиаттын ортосундагы макулдашууларды түзүү;

(iii) эсептешүүнүн бирдиктүү борборун түзүү.

Энергетика секторунун ишканаларынын финансылык-экономикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн (экинчи милдет) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө:

(i) 2014-2017-жылдардын мезгилине электр жана жылуулук энергиясына Орто мөөнөттүк тарифтик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

(ii) 2014-2017-жылдардын мезгилине энергияны түпкү керектөөчүлөр үчүн тарифтер өзгөртүлгөндө ички керектөөчүлөргө даректүү социалдык коргоонун программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

Энергетикалык компанияларды корпоративдик башкаруунун натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча үчүнчү милдетти чечүүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкүлөр пландаштырылууда:

(i) жетекчи орундарга ачык жана айкын сынактарды өткөрүү;

(ii) энергетика тармагын башкаруунун колдонуудагы моделине талдоо жана баалоо жүргүзүү;

(iii) ушул жыйынтыктардын негизинде энергетика секторунда башкаруу моделин реформалоонун андан аркы кадамдары тууралуу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

Энергетика секторунда ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатуу үчүн (төртүнчү милдет) конкреттүү чаралар белгиленди:

(i) отун-энергетикалык комплекс, энергетикалык ишканалардын чарбалык жана башкаруучулук иштеринин негизги жыйынтыктары боюнча мамлекеттик органдардын негизги чечимдери тууралуу маалыматтарды интегрирлөө менен мамлекеттик маалыматтык ресурстун (web-site) жаңы дизайнын иштеп чыгуу жана киргизүү;

(ii) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги менен энергия компанияларынын аткаруучу органдарынын ортосундагы иштер жөнүндө макулдашууларды түзүү.

Энергия үнөмдөөнү стимулдаштыруу үчүн шарттары түзүү боюнча экинчи артыкчылыктын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленген: (i) энергияны үнөмдөө саясатын жүргүзүү үчүн бирдиктүү органдын институционалдык өнүктүрүүнү камсыз кылуу; (ii) энергия үнөмдөөнү жылдырууга көмөк көрсөтүү.

Биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгиледи:

(i) энергияны үнөмдөөнүн маселелерин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттеринин колдонуудагы системасына талдоо жүргүзүү;

(ii) энергияны үнөмдөөнүн маселелери боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоонун жаңы системасын иштеп чыгуу;

(iii) энергияны үнөмдөө саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча бирдиктүү органды түзүү тууралуу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу.

Энергияны үнөмдөөгө көмөк көрсөтүү боюнча экинчи милдетти чечүүнүн алкагында төмөнкү чараларды аткаруу пландаштырылууда:

(i) керектөөнүн социалдык ченемдерин белгилөө менен электр энергиясына тарифтерди киргизүүнү иштеп чыгуу жана киргизүү;

(ii) энергиянын чоң көлөмүн керектөөчү (жылына 25 тоннадан ашык шарттуу отун) ишканаларды, мекемелерди, анын ичинде турак үйлөрдү жана коомдук имараттарды, аларга энергетикалык паспортторду берүү менен милдеттүү энергетикалык изилдөөнүн (энергоаудит) ченемдерин киргизүү жагынан «Энергия үнөмдөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

(iii) экономиканын ар түрдүү секторлорунда энергияны үнөмдөөнүн потенциалын баалоо үчүн БУУнун «Туруктуу энергетика бардыгы үчүн» эл аралык программасы боюнча каржылоону алуу максатында потенциалдуу инвестициялык долбоорлорго жана парниктелген газдардын бүркүлүп чыгышын азайтуунун механизмдерине талдоо жүргүзүү;

(iv) энергияны үнөмдөө боюнча комплекстүү программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

(v) энергия үнөмдөөнүн пайдасы жана заманбап технологиялар тууралуу керектөөчүлөргө маалымдоо үчүн энергияны үнөмдөө боюнча бирдиктүү маалыматтык порталды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Энергиянын кайра иштелип чыккан булактарын өнүктүрүү боюнча үчүнчү артыкчылыктуу багыттын негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

(i) энергиянын кайра иштелип чыккан булактарынын өлкөнүн энергетикалык балансындагы үлүшүн көбөйтүү;

(ii) чакан гидроэнергетиканы өнүктүрүү.

Биринчи милдетти чечүү үчүн иш-чаралар төмөнкүлөргө топтолот:

(i) энергиянын кайра иштелип чыккан булактарын колдонуу менен электр энергиясын өндүрүүдө компенсациялоонун механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү;

(ii) Кыргыз Республикасынын шамал, күн жана биогаз атласын иштеп чыгуу.

2017-жылга чейин чакан гидро энергетиканы өнүктүрүү боюнча экинчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө:

(i) региондорду өнүктүрүүнүн планына ар бир облуста чакан ГЭСтерди курууну киргизүүнү эске алуу менен 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын чакан гидро энергетикасын өнүктүрүүнүн Концепциясын иштеп чыгуу;

(ii) Европа Өнүктүрүү жана реконструкция банкынын долбоорлорунун алкагында төрт чакан ГЭСти куруу үчүн инвестициялык сынак жүргүзүү.

Төртүнчү артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү милдеттерди чечүү пландаштырылган:

(i) өлкөнүн экономикасынын электр энергиясына болгон муктаждыгын камсыз кылуу жана энергетикалык көз карандысыздыгына жетишүү;

(ii) керектөөчүлөрдү энергия менен камсыз кылуунун туруктуулугун жогорулатуу жана чыгарылган жана бөлүштүрүлгөн электр энергиясынын так эсепке алынышын камсыз кылуу;

(iii) өлкөнүн отун-энергетикалык комплексин квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу.

Биринчи милдетти чечүүнүн алкагында ири улуттук долбоорлорду ишке ашыруу боюнча төмөнкүдөй чаралар пландаштырылган:

(i) 500 кВ «Датка» көмөкчү чордонун жана Кыргызстандын түштүгүндө 220 кВ электр берүү линиясын куруу;

(ii) 500 кВ «Датка-Кемин» электр берүү линияларын жана 500 кВ «Кемин» көмөкчү чордонун куруу;

(iii) Камбарата 1 ГЭСин куруу;

(iv) төрт чакан ГЭСти куруу;

(v) Жогорку-Нарын каскадында ГЭС (4 ГЭС) куруу;

(vi) Камбарата 2 ГЭСин экинчи гидроагрегатын пайдаланууга берүү;

(vii) «CASA-1000» долбоору боюнча ишти улантуу;

(viii) көмүрдү газификациялоо технологиясын колдонуунун мүмкүндүгү менен Кара-Кече жылуулук электр станцияларын куруунун ТЭАсын иштеп чыгуу үчүн инвестицияларды издөө.

Энергия менен камсыз кылуунун жана так эсепке алуунун туруктуулугун жогорулатуу үчүн (экинчи милдет) электр энергиясы жагында долбоорлор ишке ашырылат:

(i) Бишкек жана Ош шаарларын электр менен камсыздоону жакшыртуу;

(ii) энергетика секторун калыбына келтирүү (Токтогул ГЭСин калыбына келтирүү);

(iii) электр бөлүштүрүүчү тармактардын (жаңы муундагы 110 миң электрондук эсептегичтерин берүүнү кошо) натыйжалуулугун жогорулатуу;

(iv) Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо;

(v) Үч-Коргон ГЭСин реконструкциялоо, (vi) экологиялык жана энергия үнөмдөөчү технологияларды киргизүү менен кыргыз көмүрүн пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Бишкек 1 ЖЭБни, анын кубаттуулугун көбөйтүү жана буу казандарын модернизациялоо менен реконструкциялоо;

(vi) электр энергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташкан системасын орнотуу менен энергетика секторун өнүктүрүү (ЭКЭАС).

Кадрлардын потенциалын жогорулатуу боюнча үчүнчү милдетти чечүү үчүн төмөнкү:

(i) республиканын техникалык ЖОЖдорунда энергетиканын инженерди кадрларын даярдоого мамлекеттик заказды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

(ii) 500 окуучулук орунга отун-энергетикалык комплекс үчүн кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо боюнча региондор аралык борборду түзүү.

## 8.2. Айыл чарбаны өнүктүрүү

Максаты: өндүрүүнүн өсүшү, продукциялардын сапатын жогорулатуу жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Айыл чарбасы- бул кошумча наркы түзүүнүн өлчөмү боюнча кандай болсо, анда иштегендердин саны боюнча дагы өлкөнүн экономикасынын алдыңкы тармагы. 2011-жылы ИДПдагы тармактын үлүшү 17,5% ды, анда иштегендердин саны 31%ды түздү. Ошол эле учурда 2001-2011-жылдардын аралыгындагы дүң кошумча нарктын орточо жылдык өсүш темпи өлкө боюнча 3,2% дын ордуна, тармакта 2,1% ды түзүп тийиштүү көрсөткүчтөн олуттуу артта калууда. Айыл чарбасында орточо эмгек акы экономиканын башка тармактарына салыштырганда өтө төмөн.

Айыл чарбасын өнүктүрүүнү мамлекеттик башкаруу негизинен учурдагы иштерди жана бул секторду мамлекеттик колдоонун ресурстарын бөлүштүрүүнү камсыз кылууга багытталган. Башкаруучулук институттардын структурасы мында иштин бардык керектүү багыттарын камтыйт, бирок алардын ар биринин потенциалы каржылоонун чектелгендигинен улам төмөн болуп эсептелет. Жогорку квалификациялуу кадрлар жетишсиз. Тармакта реформа жүргүзүүнү талап кылган системалуу көйгөйлөр топтолгон

Көйгөйлөрдүн биринчи тобу 1991-жылдан кийин жүргүзүлгөн жер-агрардык реформалардын кесепеттери менен байланышкан. Жер реформасынын негизине кирген социалдык адилеттиктин принциптери жер участокторун өлчөөсүз майдалоого алып келген. Айыл чарба сектору азыркы учурда айдоо аянты орточо 2,7 га өлчөмү менен, анын ичинде 1,9 га сугат жерлерге бөлүнгөн 334 миңден ашык дыйкан (фермердик) чарбалардан турат. Бул айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүштүк потенциалын өстүрүүдө тоскоолдук болуп калды. Жер участокторун консолидациялоого көмөктөшүүчү институттар иштебейт. Жерди трансформациялоодон, кунары качкандыктан чарбалык жүгүртүүдөн чыгарылгандыгынан улам айдоо аянттарынын азайган процесстери орун

алган. Жердин түшүмдүүлүгүн калыбына келтирүү боюнча иштер жетиштүү натыйжалуу жүргүзүлгөн жок.

Көйгөйлөрдүн экинчи тобу айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө, материалдык-техникалык жана финансылык ресурстарга жетишүүсү чектелгендиги менен байланышкан. Айыл чарба өндүрүшүнүн уюмдарынын муктаждыктарына мамлекеттик органдардын иштеп жаткан структураларынын мүмкүнчүлүктөрүнүн ылайык келбестиги бул көйгөйлөрдү тереңдетүүдө. Ошол эле учурда тейлөө кызматтарын көрсөтүүчү жеке менчик структуралардын түзүлүшү артта калып жаткандыгы байкалат.

Бүгүнкү күндө айдоо жерлеринин мелиорациялык деңгээли, колдонуудагы сугат системаларын оңдоо-калыбына келтирүү жумуштарын каржылоонун көлөмү айыл чарба өндүрүшүн суу ресурстары менен керектүү түрдө камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт. Тармак жаныбарларды коргоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуунун маселелерин чече албайт. Бул тамак аш коопсуздугунун көйгөйлөрүн түзөт жана продукцияларды экспорттоону токтотуп турат. Ата мекендик айыл чарба продукцияларын сертификациялоонун көйгөйлөрү чечилбеген.

Үрөндүк жана асыл тукумдук материалдардын сапаты төмөн. Өлкөдө жер семирткичтерди өзүбүздө өндүрүү жок, ар жыл сайын жерге чачылган жер семирткичтердин көлөмү азаюуда. Мунун бардыгы өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнө жана жаныбарлардын өнүмдүүлүгүнө терс таасир берет.

Көрүлүп жаткан чараларга карабастан айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн финансылык ресурстарга, айыл чарба техникаларынын лизингдерине жетишүүсү чектелген. Айыл жерлеринде иштеген финансылык-кредиттик уюмдар каржылоого муктаждыктын орто деңгээлин дагы камсыздай алышпайт.

Көйгөйлөрдүн үчүнчү тобу өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүүдөгү кыйынчылыктар, ошондой эле ата мекендик тамак ашты кайра иштетүүчү ишканаларда аны кайра иштетүүнүн төмөн деңгээли менен байланышкан. Айыл чарба продукцияларын жана кайра иштетүүчү продуктыларды керектөө рыногуна берүү өндүрүүчүлөр, соодалык-ортомчу компаниялар, продукцияларды кайра иштетүүчүлөр ж.б. менен узак мөөнөттүк келишимдин мамилелер менен байланышпастан ишке ашырылат. Кайра иштетүүчү өнөр жайы жана сатуу, кошумча нарктын чынжырчасы (КНЧ) боюнча айыл чарба кооперацияларынын ар түрдүү формаларын түзүү боюнча мамлекеттин көп сандаган аракети күтүлгөн натыйжаларды берген жок. Натыйжада продукция берүүчүлөрдүн рынокко бардык чынжырча боюнча түзүлгөн кошумча нарк акыйкатсыз бөлүнөт, анын үстүнө барынан көп айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кызыкчылыгы басмырланып калат.

Артыкчылыктуу багыттар. Айыл чарбасын өнүктүрүү төмөнкү артыкчылыктуу багыттарга топтолот:

(i) айыл чарбасын башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү жана кадрларды даярдоо, айыл чарба өндүрүшүн концентрациялоо үчүн өбөлгөлөрдү түзүү;

(ii) өндүрүштүн өсүшүн жана агроөнөр жай продукцияларын экспорттоону колдоо;

(iii) айыл чарба өндүрүшүн тейлөө кызматтары менен камсыз кылуу;

(iv) суу жана жер ресурстарын рационалдуу пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

Айыл чарбасын башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү жана кадрларды даярдоо, айыл чарба өндүрүшүн концентрациялоо үчүн өбөлгөлөрдү түзүү боюнча биринчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот:

(i) айыл чарба тармагын башкаруунун жана кадрларды даярдоонун системасын өркүндөтүү;

(ii) кооперацияны, кластерлерди өнүктүрүү, продукциянын сапатын жакшыртуу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү.

Биринчи милдетти чечүүдө төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

(i) Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жана ушул программаны эске алуу менен айыл чарба министрлигинин ишине функционалдык талдоо жүргүзүлөт;

(ii) анын жыйынтыгы боюнча айыл чарба министрлигинин оптималдуу структурасы түзүлөт.

Айыл чарба товарларын өндүрүүчү кадрларды даярдоо жана кайра даярдоонун туруктуу системасын түзүү үчүн төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

(i) айыл чарба адистиктери боюнча эмгек рыногундагы жагдайга талдоо жүргүзүлөт;

(ii) ар түрдүү адистиктеги адистердин санына суроо-талаптан улам кадрларды даярдоого мамлекеттик заказ, окутуу ыкмасын өнүктүрүүгө, илимий иштеп чыгууларды жүргүзүүгө заказ жайгаштырылат;

(iii) фермерлерди окутуунун жана профессордук-окутуучу курамдын квалификациясын жогорулатуунун программалары иштелип чыгат жана ишке ашырылат.

Экинчи милдетти чечүүдө төмөнкүдөй ченемдик укуктук актылар иштелип чыгат жана кабыл алынат:

(i) айыл чарба багытындагы жерлердин рыногунда операцияларды ишке ашырууда менчик укугун коргоонун механизмдерин күчөтүү боюнча,

(ii) айыл чарба багытындагы жерлерди мамлекеттик кадастрлык баалоону киргизүү боюнча;

(iii) аларга баалоо жүргүзүү боюнча методикалык рекомендацияларды киргизүү боюнча.

Чакан дыйкан-фермердик чарбаларды чоңойтуу жана кооперативдерге консолидациялоо үчүн төмөнкүлөр болот:

(i) айыл чарбалык жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин колдонуу, атап айтканда консолидациялоонун алкагында жер участоктору менен алмашуу үчүн аларды колдонуу, кунары качкан жерлерди өздөштүрүү үчүн жеке менчикке берүү, чек араларга жакын эмес жерлерден Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга мөөнөттүү пайдаланууга укук берүү жагынан «Кыргыз Республикасынын Жер кодексине» өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштар иштелип чыгат;

(ii) консолидациялоонун алкагында жеке менчикте турган жерлерди Мамлекеттик фонддун айыл чарба жерлерине алмашуунун тартиби тууралуу жобонун долбоору иштелип чыгат жана кабыл алынат.

Кооперацияны өнүктүрүү үчүн төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

(i) айыл чарбасында кооперативдерди өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын иштелип чыгат жана кабыл алынат;

(ii) кооперативдик мамилелердин потенциалдуу катышуучуларынын жеке менчигин коргоону камсыз кылуучу ченемдик укуктук базасына толуктоолор, өзгөртүүлөр жана айыл чарбасында кооператив түзүүнү стимулдаштыруу үчүн салыктык жана башка экономикалык чаралардын пакети иштелип чыгат жана кабыл алынат;

(iii) кооперативдик секторду окутуунун программасы иштелип чыгат жана алар үчүн кесипкөй кадрларды даярдоо камсыздалат, маалыматтык-билим берүү чаралардын пакети ишке ашырылат;

(iv) жеке менчигинде же башкаруусунда (болжол менен: өсүмдүк өстүрүү секторунда -100 га дан аз эмес жери, мал чарбачылыгынын секторунда -500 дөн кем эмес майда жандыктары жана 300 баш ири мал жандыктары) олуттуу жер аяттары, малынын башы болгон айыл чарба өндүрүүчүлөрдү артыкча колдоо жөнүндө жобо иштелип чыгат.

Кошумча нарк удаалаштыгы (КНУ) жана кластерди өнүктүрүү төмөнкүдөй колдоого алынат:

(i) айыл чарбасында КНУну жана кластерди өнүктүрүүнүн программасы иштелип чыгат;

(ii) айыл чарбасында КНУну жана кластерди түзүүнүн ыкмасы, айыл чарбасынын КНУсун жана кластерин өнүктүрүүнү колдоонун инструменти катары мамлекет-жеке өнөктөштүктү жана мамлекеттик заказды колдонуунун механизми иштелип чыгат;

(iii) кластерлердин инновациялык инфраструктурасын (инкубаторлорду, технопарктарды ж.б.) өнүктүрүүнү колдоо, эң маанилүү кластердик институттарды түзүү жана ишке киргизүү (өнөктөштүк өз ара аракеттенүү, корпоративдик маданият, жоопкерчилик ж.б.) аркылуу КНУну жана кластерлерди түзүүнү мамлекеттик колдоо (техникалык колдоо, окутуу) боюнча ченемдик укуктук актылар иштелип чыгат жана кабыл алынат.

Продукциянын коопсуздугунун параметрлерин баалоо боюнча лабораторияларды өнүктүрүү жана чыңдоо, продукцияны

сертификациялоонун жол-жоболорун өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөр жүргүзүлөт:

(i) айыл чарба продукцияларынын жана азык-түлүктөрүнүн коопсуздугунун параметрлерин баалоо боюнча заманбап лабораториялык комплекстердин ишин каржылоонун механизмдерин түзүү боюнча;

(ii) ошондой эле, айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүнө жетишүүнү жогорулатуу үчүн продукцияларды сертификациялоо боюнча лабораториялардын тармагын түзүү боюнча ченемдик укуктук актылар иштелип чыгат жана кабыл алынат.

Агроөнөр жай продукцияларын өндүрүүнү жана экспорттоону өстүрүүнү колдоо боюнча экинчи артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) агроөнөр жай комплексинин продукцияларын ири масштабдуу өндүрүүнү жана экспорттоону өнүктүрүү; (ii) кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү; (iii) органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү.

Биринчи маселени чечүү үчүн кооперативдерди жана кластерлерди, ирилештирилген фермердик чарбаларды өнүктүрүү боюнча чаралардын төмөнкү комплекстери аткарылат:

(i) ар бир чөйрөдө мамлекеттик-менчик өнөктөштүктүн механизмин колдонуу менен артыкчылыктуу кооперативдерди (“өсүүнүн чекиттери”) түзүүгө жардам көрсөтүлөт;

(ii) агрардык кластерлерди ишке киргизүү боюнча иш-чаралар турмушка ашырылат;

(iii) менчигинде же башкаруусунда жердин олуттуу аянттары бар же малдын саны көп болгон айыл чарба өндүрүүчүлөргө артыкчылыктуу жардам көрсөтүлөт (болжол менен: өсүмдүк өстүрүү секторунда - 100 гектардан кем эмес жер, мал багуу секторунда – кой-эчки 500 баштан кем эмес жана бодо малдан 300 баштан кем эмес).

Айыл-чарба продукциясын экспортунун географиясын кеңейтүү үчүн төмөнкү иштер аткарылат:

(i) агроөнөр жай продукциясын тышкы рынокко жылдырууга көмөктөшүү боюнча чаралардын пакети иштелип чыгат жана кабыл алынат;

(ii) Кыргыз Республикасынын айыл чарба продукциясын экспорт кылуу боюнча Россиянын жана Казакстандын региондорунун мамлекеттик администрациялары менен макулдашууга жетишүүгө аракеттер жасалат.

Кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүнүн экинчи маселесин чечүү үчүн чаралар төмөнкүлөргө топтолот:

(i) айыл чарба продукциясын кайра иштетүү үчүн техникалык регламенттер иштелип чыгат жана кабыл алынат;

(ii) мамлекеттик-менчик өнөктүк принциптерин колдонууда же жабдууларды лизингге жана насыяга берүүдө финансылык субсидияларды берүү менен кайра иштетүү өнөр жайына (жем өндүрүү, эт жана сүттү иштетүү, продукцияны консервациялоо ж.б.) мамлекеттик түз көмөктөшүү

чараларын финансылоону түзүү жана анын механизми боюнча укуктук-ченемдик актылар иштелип чыгат жана кабыл алынат.

Органикалык айыл чарба өндүрүшүн (мындан ары - ОАЧӨ) өнүктүрүүнүн үчүнчү маселесин чечүү үчүн:

(i) ОАЧӨнү өнүктүрүү боюнча Улуттук иш планы жана “Органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бекитилет;

(ii) органикалык айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча техникалык регламент бекитилет;

(iii) шайкештигин текшерүүнү турмушка ашырууга мүмкүнчүлүк берген потенциалды сертификатталган борборлордо финансылоону түзүү жана анын механизми боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iv) өндүрүштүн бардык этабында органикалык өсүмдүк жана сүт-эт продукцияларды өндүрүүнүн технологияларын колдоо боюнча чаралардын пакети бекитилет;

(v) мамлекеттик-менчик механизмдерин, техникалык жана финансылык жардамды колдонуу менен органикалык семирткичтерди жана биопрепараттарды өндүрүүнү өздөштүрүүгө чаралардын түз көмөктөштүгүн финансылоо механизми жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт бекитилет;

(vi) мамлекеттик-менчик механизм, техникалык жана финансылык жардам аркылуу органикалык өсүмдүк өстүрүүнүн жана жаныбарларды багуунун пилоттук кластерлерин жана кошумча нарктын чынжырын түзүү боюнча чараларды финансылоо механизми жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт бекитилет, ошондой эле “органикалык аймактарды” түзүүгө колдоо көрсөтүлөт.

Айыл чарба өндүрүшүндө сервистик кызмат көрсөтүү жана рыноктук инфраструктура менен камсыз кылуу боюнча үчүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү маселелерди чечүүгө топтолот: (i) айыл чарба үчүн сервистик жана техникалык кызмат көрсөтүүлөрдүн курамын жана сапатын жакшыртуу, айыл чарба өндүрүшүн техникалык жана технологиялык жактан жаңыртуу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү; (ii) агроөндүрүш комплекси үчүн заманбап рыноктук инфраструктураны түзүү.

Биринчи маселени чечүүдө чаралардын төмөнкү комплекси турмушка ашырылат: ветеринарияны өнүктүрүү, өсүмдүктөрдү коргоо жана менчик ветеринарияны колдоо үчүн:

(i) жаныбарларды идентификациялоо механизми жана программалар иштелип чыгат;

(ii) менчик ветеринардык кызматтар үчүн гана ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү боюнча ченемдик талаптар кабыл алынат;

(iii) өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо боюнча практикалык иш-чаралардын комплекси өткөрүлөт.

Ветеринардык жана фитосанитардык бейпилдикти камсыз кылуу, ченемдик талаптардын деңгээлин Бажы биримдигинин ченемдик талаптарына шайкеш келтирүү үчүн:

(i) атайын мал сойгон ишканалар аркылуу өтпөгөн эттин базарга жетишине тыюуну акырындык менен киргизүү үчүн укуктук-ченемдик база даярдалып, малды вакцинациялоо талаптарынан баш тартуу малдын коркунучтуу оорууларын жашыруу үчүн фермерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу ж.б.

(ii) ведомство аралык комиссиянын ишинин алкагында Кыргызстандын санитардык эрежелерин жана ченемдерин, техникалык регламенттерин Бажы биримдигине кирген өлкөлөрдө кабыл алынган окшош ченемдер менен гармонизация кылуу боюнча практикалык иш өткөрүлөт.

Кыргызстандын жаратылыш-климаттык шарттарына көнгөн жана продуктивдүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жана малдын эң жакшы сортторун калыбына келтирүү жана аларды чыгаруу үчүн:

(i) үрөндүн жогорку продуктивдүү сортторун чыгарууга, жаныбарлардын бар болгон породаларын өркүндөтүү жана жаңы тукумдарын чыгарууга тендер аркылуу мамлекеттик тапшырык жайгаштырылат;

(ii) өсүмдүктөрдүн генетикалык ресурстары жана сортторун текшерүү боюнча мамлекеттик борборду өнүктүрүү жана ишине көмөктөшүү боюнча чараларды финансылоо механизми жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат жана айыл чарба жаныбарларын жасалма уруктандыруу жана селекциялык-асыл тукум ишти уюштуруу жана координациялоо боюнча борбор түзүлөт;

(iii) 12 таяныч урук чарба жана 7 асыл тукум чарба уюштурулат (ЮСАИД долбоорлорунун алкагында);

(iv) талаа инспекциясы, сортторду текшерүү жана сыноо, балык запастарды сактоо боюнча чаралар турмушка ашырылат.

Үрөн фондун жана айыл чарба жаныбарлардын тукумун жаңыртууга көмөктөшүү үчүн:

(i) үрөн өстүрүү чарбаларына сорт жаңыртуу жана сорт алмаштыруу иштерди өткөрүү үчүн буудай жана арпанын элиталык жана супер-элиталык үрөнү түрүндө мамлекеттик товардык насыяларды берүү турмушка ашырылат;

(ii) товардык малды жогорку продуктивдүү тукум менен жаңыртуу жана жаңы породалардын биопотенциалын натыйжалуу пайдалануу үчүн экономикалык стимулдар иштелип чыгып, кабыл алынат.

Айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөр үчүн айыл чарба техникасынын жана финансылык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн:

(i) мамлекеттик-менчик өнөктүк механизмин колдонуу менен машиналык-техникалык станцияларды (МТС) түзүүгө колдоо көрсөтүү чараларын финансылоо механизми жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик актылар иштелип чыгып, кабыл алынат;

(ii) Кыргыз Республикасына өздөрүнүн айыл чарба техникаларын сатуу үчүн машина куруучу ишканалардын өкүлчүлүктөрүн тартуу үчүн чаралардын пакети иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iii) айыл жерлеринде финансылык-насыя мекемелердин тармагын кеңейтүү үчүн экономикалык стимулдар иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iv) мамлекеттик лизинг компаниясын түзүүнүн максатка ылайыктуулугуна экономикалык баа берүүнү өткөрүүгө тендер аркылуу мамлекеттик тапшырык жайгаштырылат;

(v) айыл чарба товарларды өндүрүүчүлөргө жана кайра иштетүүчү өндүрүшкө түз финансылык колдоону турмушка ашыруунун натыйжалуу механизми түзүлөт.

Агро өнөр жай комплекси үчүн заманбап рыноктук инфраструктураны түзүү боюнча экинчи маселени чечүү үчүн төмөнкү иштер аткарылат:

(i) дүң фьючер рыноктордун ишинин жана өнүгүшүнүн укуктук-ченемдик жөнгө салуунун механизми иштелип чыгат;

(ii) рыноктук бааларды стабилдештирүү үчүн товардык интервенциялардын, мамлекеттик тапшырыктардын механизми иштелип чыгат;

(iii) айыл чарба продукциясына жергиликтүү жана региондук рыноктордо сурамга жана сунуштарга ар жылдык божомол иштеп чыгуу боюнча чараларды финансылоо механизми жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iv) ири калктуу пункттарда айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн чекене рынокторго чыгуусун жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча иш (чара) планы иштелип чыгат;

(v) айыл товар өндүрүүчүлөргө керектүү маалыматы бар мамлекеттик маалымат ресурстарын түзүү боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(vi) ар бир облуста айыл товар өндүрүүчүлөргө консультациялык жардам көрсөтүү боюнча окуу-усулдук борборлорду түзүү боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат.

Жерди сатуу-сатып алуу рыногун колдоо үчүн:

(i) аттандаштык тооруктар аркылуу айыл чарба багытындагы жерлерди мамлекеттин жана коомчулуктун контролунда сатуу-сатып алуу актыларды турмушка ашыруу үчүн торук аянтчасын уюштуруу боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(ii) мейкиндик маалыматтарына жетишүүнү, аларды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуучу шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын мейкиндик маалыматтарынын Улуттук инфраструктурасын өнүктүрүүнүн стратегиясы иштелип чыгат;

(iii) жер рыногу жөнүндө маалыматка on-line режиминде жетүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Жер жана суу ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча төртүнчү артыкчылыктуу багыт төмөнкү маселелерди чечүүгө топтолот:

(i) жыл сайын жаңы сугат жерлерин ишке киргизүү, колдонуудагы ирригациялык тарамды жана суу ресурстарын пайдалуунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

(ii) жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

Жыл сайын жаңы сугат жерлерин ишке киргизүүнүн биринчи маселеси төмөнкү чаралардын комплексин аткарууну талап кылат:

(i) суу чарба объектилерди куруу жана жаңы сугат жерлерин өздөштүрүү ишке ашырылат (мелиорация системаны өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын турмушка ашыруу);

(ii) “Ички чарбалык сугат - 2” долбоорун ишке ашыруу улантылат (Дүйнөлүк Банк).

Суу пайдалануунун натыйжалуулугун өсүшү жана ирригациялык тарамдын ишин колдоо үчүн:

(i) ирригациялык системанын ишин колдоо боюнча иш-чаралардын комплекси жыл сайын турмушка ашырылат;

(ii) суу ресурстарынын жана ирригациялык тарамдын абалына аларды натыйжалуу пайдалануу боюнча чаралардын пакетин даярдоо үчүн баа берилет;

(iii) сууну сарамжалдуу пайдалануунун натыйжалуу технологиялары киргизилет.

Суу пайдаланууну башкарууну өркүндөтүү үчүн:

(i) Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин талаптарына ылайык укуктук-ченемдик базага өзгөртүүлөрдү киргизүү процесси аяктайт;

(ii) Бассейн суу чарба кеңештерди түзүү, гидрографиялык принциптин негизинде бардык суу пайдалануучулар/федерацияларынын чек араларын бекитүү, өлкөнүн бардык сугат жерлеринде Суу пайдалануучулар ассоциацияларын (мындан ары – СПА) жана алардын федерацияларын түзүү процесси аяктайт;

(iii) ирригациялык системаларды, улуттук ирригациялык фонддун объектилеринен тышкары СПА/федерацияларынын балансына (же узак мөөнөттү башкарууга) акырындык менен өткөрүп берүү турмушка ашырылат;

(iv) суу пайдаланууда тарифтик саясатты регламенттеген укуктук-ченемдик жөнгө салуу долбоорлору иштелип чыгат;

(v) сарамжалдуу эмес суу пайдаланууга тоскоолдук кылган административдик-экономикалык чаралар жана укуктук ченемдер күчөтүлөт.

Жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун экинчи маселесин чечүүдө төмөнкүлөр турмушка ашырылат. Айыл чарба багытындагы жерлерди эсепке алууну жана мониторингин өркүндөтүү үчүн:

(i) мамлекеттик жана менчик жерлердин чыныгы чек араларынын, айылдык округдар арасындагы жайыттардын чек араларынын так эмес белгилөө, укуктарды бекитүү документтеринде чек араларды чагылдыруу көйгөйлөрүн чечүү боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(ii) жер ресурстарынын абалынын мониторингинин натыйжалуу системасын түзүү, жерлерди паспортизациялоо жана түшүм берүүчүлүгүнө агрохимиялык баа берүү, жерлердин бузулушунун деңгээлин жана көлөмүн, аймактарын ачуу, жерлердин маалымат банкын түзүү боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iii) айыл чарба багытындагы жерлерди, айрыкча айдоого жарактуу жерлерди трансформациялоо толугу менен токтотулат.

Айыл чарба багытындагы жерлердин асылдуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү үчүн:

(iv) жер бузулушунун өсүшүнө, жерди сарамжалдуу эмес пайдаланышына тоскоолдук кылган административдик-экономикалык чаралар жана укуктук ченемдердин системасы иштелип чыгат, жер ресурстарын сактоо нормативдери жана стимулдары түзүлөт;

(v) жерлерди сактоо боюнча ченемдик талаптарды күчөтүү, булганычтардын ар кандай түрлөрү менен булганган жер кыртышы жана суу булактары булгануунун жол берилген деңгээлдери, бузуулар үчүн контролду жана жазаны күчөтүү боюнча чаралар иштелип чыгат;

(vi) жердин асылдуулугун жогорулатуу боюнча жергиликтүү программалар иштелип чыгып, турмушка ашырылат, жер пайдалануунун заманбап ыкмалары боюнча окутуу программалар иштелип чыгып, турмушка ашырылат, жерлердин асылдуулугун сактоо зарылчылыгы жөнүндө калкты маалымдоо турмушка ашырылат;

(vii) "Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүүлөр" долбоорун турмушка ашыруу улантылат;

(viii) жер күтүү боюнча долбоордук-чалгындоо жана иликтөө иштерди, айыл чарба багытындагы жерлердин асылдуулугун сактоо жана рекультивациялоо боюнча иштер жыл сайын аткарылат;

Мамлекеттик жайыттарды башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү үчүн:

(i) жайыт пайдалануучу уюмдардын (жайыт комитеттер) потенциалын бекемдөө жана кадрларды даярдоо боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат, жайыттарды туруктуу башкаруу ыкмаларына жайыт пайдалануучуларды окутуу;

(ii) чарба аралык жана район аралык мааниге ээ болгон жайыт инфраструктура объектилеринин (көпүрөлөр, жолдор, каптаждар, маданий борборлор, байланыш, транспорт ж.б.) реабилитациясына максаттуу финансылык жардам көрсөтүү, жайыттардын бузулушун жокко чыгаруу жана калыбына келтирүү, табигый жайыттардын оттуулук касиетин жакшыртуу (эгин эгүү, сугаруу, семирткичтер ж.б.) боюнча чараларды финансылоо боюнча механизм жана аны турмушка ашыруу боюнча укуктук-ченемдик акт иштелип чыгып, кабыл алынат;

(iii) жайыт экосистемаларын өркүндөтүү жана сактоо боюнча чаралар турмушка ашырылат.

## 8.3. Азык-түлүк коопсуздугу жана тамак-аштын сапаты

Максат: бардык жарандардын зарыл сандагы тамак-аш азыктарын дайыма алуусун, анын ичинде алардын болуусун, колдонуунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун камсыз кылуу.

Учурдагы абалды талдоо. Бүгүнкү күнү азык-түлүк коопсуздук маселеси “Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2008-жылдын 4-августундагы № 183) жана саналуу укуктук-ченемдик актылар менен жөнгө салынат.

Азык түлүк коопсуздугунун деңгээлин баалоо үчүн негиз катары азыктардын 9 түрү (Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 3-мартындагы №138 токтому) аныкталган:

(i) нан жана нан азыктары,
(ii) картөшкө,
(iii) мөмө жана жер жемиш,
(iv) жашылча жана бакча өсүмдүктөрү,
(v) кант,
(vi) өсүмдүк майы,
(vii) сүт жана сүт азыктары,
(viii) эт жана эт азыктары,
(ix) жумуртка.

Азыркы учурдагы азык түлүктүн коопсуздук маселелеринин институттук жөнгө салуу механизми, ведомстволор аралык иш аракеттерин көңүлдөгүдөй камсыз кылбайт. Акыркы жылдары Айыл чарба министрлигинин потенциалынын бошоңдоп кеткендигинен негизги министрликтер жана ведомстволор өздөрүнүн иш чөйрөсүнөн азык-түлүк коопсуздугу маселелерин чечүүнү чыгарып салышкан.

Социалдык маанилүү тамак-аш азыктарына баалардын негизсиз көтөрүлүшү фактыларына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү азык-түлүккө бааны монополияга каршы жөнгө салуу жагында мыйзамдардын сакталышына мамлекеттик көзөмөлдүн натыйжалуу системасынын жоктугунан алым таасир бере албай жатат. Азык-түлүккө болгон баанын мамлекеттик мониторинги жана алдына ала эскертүү системасы жок.

Мамлекеттик материалдык резервге дан сатып алууга каражаттын көлөмү мыйзамдарга ылайык пландаштырылбайт. Бул максатта иш жүзүндө каржылоо бюджеттин чыныгы мүмкүнчүлүгүнүн негизинде, “калдык принциби” боюнча каржыланат.

Мамлекеттик резервдеги запастар элдин социалдык жакыр катмарларынын негизги азык-түлүк продукцияларына болгон керектөөсүнүн 90 күндүгүн камсыз кылганда гана азык-түлүк коопсуздугу камсыз кылынды деп эсептелинет. Бирок бул мыйзамдуу ченем бюджеттин тартыштыгынан жылдан жылга аткарылбай келет.

Андан тышкары, мамлекеттик резервдеги материалдык баалуулуктардын номенклатурасы жана чогултуунун ченемдери эскирип бүтүп, жаңылануунy талап кылат. Ошондуктан материалдык техникалык ресурстарды башкаруу системасынын азыркы абалы азык-түлүктүн керектөөнүн көлөмүн санын гана эмес, номенклатурасын, сакталып жаткан азык-түлүктөрдүн сапатын да камсыз кыла албайт. Мамлекеттин резервинин запасын жаңылоо жагынан бирдиктүү стандарт жана регламент иштелип чыга элек.

Азык-түлүктүн коопсуздугуна жана алардын техникалык талаптарга ылайык келүүсүнө болгон көзөмөл төмөн абалда болууда, бул мамлекеттин калкынын ден-соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаратууда. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышынын кеңейүүсү негизинен мамлекетке ар кандай айыл-чарба продукциясын жана аны кайра иштеткен продукцияларын импортоону көбөйүшүнө алып келди. Ошол эле учурда ген-модификациялык жана контрафакттык товарлардын үлүшү көбөйүүдө, алардын бир бөлүгү адамдын ден соолугуна түз зыян келтирет же болбосо маркировкадагы сапатына туура келбейт. Кыргызстанда азыркыга чейин улуттук жана эл аралык стандартка аккредитацияланган, ветеринардык-санитардык жана тамак-аш, диагностикалык лабораториялар жок. Ошондуктан азык-түлүктү ГМОго, радиациялык фонго, антибиотикалык калдыктарга изилдөө жүргүзүлбөйт.

Ошону менен бирге эле өлкөдө азык-түлүктүн негизги түрлөрү менен камсыздоонун деңгээли төмөн бойдон калууда. 2012-жылы ички рыноктун камсыздануусу: нан азыктары менен- 46,7%, өсүмдүк майы менен - 31%, кумшекер менен - 12%, жумуртка менен - 38%, мөмө-жемиш менен - 18%, эт менен - 37% түздү. Азык-түлүк коопсуздугундагы негизги продуктулардын тогуз түрүнүн үчөөсү менен гана өзүбүздү камсыздай алабыз: булар картошка -120%, сүт - 112,0%, жашылча - 125%.

Азык-түлүк менен камсыздоонун деңгээлинин төмөндүгү, сөзсүз импорттук көз карансыздыктын жогорку деңгээлин түзөт. Кыргызстандын Рим декларациясынын негизинде азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо милдети боюнча алган милдетинин сунушу боюнча, азык-түлүктүн импорттоонун көлөмүнүн деңгээли, бардык керектелген азык-түлүктүн 16% ашпаш керек. Учурдагы импорттун үлүшү 2012-жылы ички базарда: ун - 45,7%, эт - 26,2%, кумшекер-85% жана өсүмдүк майы - 65% түздү.

Дүйнөдөгү азык-түлүк проблемаларынын мындан аркы курчушу, тамак-аш менен мамлекеттин толук эмес камсыздалышы жана аны импорттоого мүмкүн болуучу тоскоолдуктар Кыргызстандын азык-түлүк рыногунда реалдуу коркунуч жаратып, ал инфляциянын көзөмөлсүз өсүшүн жана социалдык кыйынчылыктардын күчөшү менен коштолушу мүмкүн.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселелерин эффективдүү жана системалуу чечүү үчүн өлкөдө азык-түлүк коопсуздук суроолорун жөнгө салуучу институттарды реформалоо бышып жетилди:

(i) жаңы координациялык механизмди түзүү, (ii) эффективдүү мыйзамдар, (iii) кадрлар потенциалын жогорулатуу жана (iv) такталган саясий чечимди кабыл алуу үчүн анык маалыматты алуу.

Мамлекеттик башкаруу системасын реформалоонун жыйынтыгы болуп ФАО стратегиясында орун алган концепциясында негизделген 4 таянычка негизделет: (i) азык-түлүктүн болушу, (ii) ага жетишүү, (iii) азык-түлүктүн сапатын жана коопсуздугун камсыз кылган эффективдүү колдонуу жана (iv) стабилдүүлүк мамлекеттин азык –түлүк коопсуздук деңгээлине жетишүүсү.

Алдыга коюлган максаттарга жана белгиленген көйгөйлөргө ылайык, 2013-2017-жылдарга негизги артыкчылык багыт болуп азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо болуп саналат, концептуалдык 4 таянычтын натыйжасы менен, таасир этүүчү чаралар жана аракеттердин жардамы менен төмөндөгү маселелер чечилет:

1. Төмөнкүлөрдүн болушу:

Айыл чарба продукцияларын жана кайра иштетүүчү өнөр жайы продукциялары менен мамлекеттин ички муктаждыгын камсыз кылуу. Бул тапшырманы чечүү үчүн төмөндөгү чаралар каралган: (i) айыл чарба продукцияларын өндүрүчүлөрдүн өндүрүшүнүн өсүүсү үчүн мамлекеттик колдоону бөлүштүрүүнүн эффективдүү механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү;

(ii) өсүмдүк өстүрүүчүлүктү өнүктүрүүчү жана жер кыртышын жакшыртуу боюнча жаңы программаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(iii) мамлекеттик жөнгө салуу чаралары аркылуу айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү үлүшүн 25 пайызга чейин жеткирүү, ал эми экспортту жалпы өндүрүштүн көлөмүнүн 20 пайызына жеткизүү,

(iv) күздүк буудайды себүүчү аянтты жылына 300 миң гектарга чейин кеңейтүү;

(v) асыл тукум-селекциялык иштерин бекемдөө жана калыбына келтирүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү,

(vi) 2017-жылга чейин кайра иштетүүчү жана тамак өнөр жайын өнүктүрүүчү программаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

(vii) агробизнести өнүктүрүүгө заманбап ыкмаларды үйрөтүүчү окууларды өткөрүү,

(viii) айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө тобокелдиктерди камсыздоо системасын түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү;

Товардык-материалдык баалулуктарды түптөөнү жана сарпталышын өз убагында жүргүзүү. Бул тапшырманын аткарылышы: (i) мамлекеттик материалдык сактоочу жайларда азык-түлүктүн запасын (ун, буудай) бекителген мыйзамдарга ылайык нормаларга жеткирүү; (ii) мамлекеттик материлдык сактоочу жайларда товардык-материалдык баалулуктардын номенклатурасын жана толтуруу нормаларын иштеп чыгуу жана бекитүү; (iii) дандын сапатын аныктоочу жаңы лабораторияны ишке киргизүү;

(iv) импорттон көз карандысыздыкты кыскартуу боюнча жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн азык-түлүк сатып алууга мамлекеттик заказдар системасын киргизүүнү аныктайт.

2. Жетиштүүлүк

Монополияга каршы жөнгө салуу жана мамлекеттик баа саясатын өркүндөтүү. Бул маселени төмөндөгү чаралар аркылуу чечүү пландалууда: (i) мамлекеттин базарларында дайыма аракеттенүүчү керектелүүчү бааларды мамлекеттик жөнгө салуу системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (ii) НУА аркылуу монополияга каршы мыйзамдуулукту колдонууну көзөмөлдөөнү күчөтүү; (iii) нан продуктулар базарында суроо талап күчөгөн мезгилде бааны стабилдештирүү үчүн интервенция жүргүзүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик каржылоо башкаруусун эффективтүү жогорулатуу төмөндөгү чаралар аркылуу чечилет: (i) жазгы жана күзгү талаа иштерин жүргүзүү үчүн өз убагында каржылоо; (ii) белгиленген мыйзамга ылайык данды толуктоо үчүн өз убагында мамлекеттик материалдык сактоо фондун каржылоо; (iii) мамлекеттик сатып алуу системасынын эффективдүү аракеттениши үчүн нормативтик укуктук базаны иштеп чыгуу; (iv) бардык жарандар үчүн азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн каржы чөйрөсүн колдоо; (v) электрондук сатып алуунун системасын киргизүү жана эффективтүү аракеттенүү.

3. Пайдалануу

Өндүрүлгөн жана тыштан алынып келинген айыл чарба продукциясына мамлекеттик коопсуздук контролун камсыз кылуу. Бул маселе төмөнкү иш-чаралар менен ишке ашат: (i) үрөн жана көчөт

материалдарын түшүмдү жыйнагандан кийин тазалоо жана сактоо эрежелерин жана талаптарын аткарууда мамлекет тарабынан көзөмөлдү камсыз кылуу; (ii) адамдардын ден соолугуна жана айлана чөйрөгө зыянсыз болгон пестицидтердин жана айыл чарба химикаттарынын колдонууда биологиялык, токсикологиялык жана экологиялык регламенттерге текшерүүнү жана изилдөөнү уюштуруу; (iii) фитосанитардык жана агрохимиялык кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо; (iv) санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөлгө баш ийген кампаларда убактылуу сакталып турган товарларды, экспортоо жана импортоо убагында мамлекет тарабынан нормаларга жана регламенттерге тура келүүсүнө көзөмөлдү камсыз кылуу; (v) мамлекеттик материалдык резервге жана менчигине карабастан чарбакер субъекттерге сатып алуучу тапшырылуучу жана жүктөлүүчү дан жана анын кайра иштетилген продукцияларына сапатын көзөмөлдөөчү мамлекеттик системасын түзүү.

Ден соолук үчүн коопсуз азык- түлүктүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу. Бул тапшырманы чечүү үчүн төмөндөгү иш-чараларды аткаруу керек: (i) тамак аштан уулануунун тез жайылышын жокко чыгаруучу жана токтотуу үчүн профилактикалык иш чаралардын жана мамлекеттик эпидемиялогиялык көзөмөлдөө системасын түзүү; (ii) ден-соолук үчүн коопсуз болгон базалык продукциялар менен адекваттуу камсыз кылууну кепилдөө механизимдерди иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) калкта баланстуу тамактануу боюнча традицияны түптөө үчүн системалык түрдөө маалымат компанияларын жүргүзүү; (iv) мал чарба продукциясын өндүрүүдө жана соода жүргүзүүдө дайыма аракет кылуучу ветеринардык, санитардык экспертиза механизмин киргизүү; (v) тамак аш коопсуздугун камсыз кылуу жана базарларда өсүмдүк продукцияларын изилдөөнүн эрежелерин күчөтүү боюнча НУА иштеп чыгуу.

4. Туруктуулук

Макроэкономикалык туруктуулукту сактоо үчүн азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу. Бул тапшырманын чечилиши төмөндөгү чаралар аркылуу пландалууда: (i) макроэкономикалык туруктуулукка жетишүүдө жаңы инструменттерди иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. (ii) инфляциянын деңгээлине таасир тийгизүүчү азык түлүктүн бааларын өзгөрүүсүнө дайым аракеттенүүчү мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын түзүү; (iii) азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн, жагымдуу макроэкономикалык чөйрөнү колдоо; (iv) акча-кредит инструменттери аркылуу керектөө бааларынын туруктуулугун жөнгө салуу.

Социалдык коргоого алынбаган калкты нормаларга ылайык азык түлүк менен камсыз кылуу боюнча саясат төмөндөгүлөргө багытталат: (i) мамлекеттик социалдык нормативдерди жана кепилденген минималдык социалдык стандарттарды киргизүү; (ii) рационалдуу физиологиялык нормаларга ылайык жетиштүү азык-түлүккө жетишүү үчүн кепилденген

кирешени камсыз кылуу; (iii) кепилделген минималдуу кирешенин өлчөмүн жогорулатуу.

Азык-түлүк коопсуздугу боюнча маалыматка жетүүнүн сапатын жана деңгээлин жогорулатуу. Бул маселе ФАОнун долбоорунун тикеден тике катышуусу менен ишке ашат: (i) айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн жылдык түшүмдүүлүгүн жана аны тапшыруунун болжомолун даярдоо үчүн гидрометеорология боюнча Агентствонун мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу; (ii) азык түлүк коопсуздугу боюнча статистиканы жакшыртуу боюнча Улуттук статистика комитетине жардам көрсөтүү; (iii) дүйнөлүк тенденцияларга жана ички таасир этүүчү факторлорду кошкондо азык түлүккө болгон бааны мониторингөө жана баалоо системасын иштеп чыгуу жана киргизүү; (iv) Кыргыз Республикасынын АЧжММ азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча узак мөөнөттүү Стратегияны иштеп чыгууда жардам көрсөтүүнү камтыйт.

## 8.4. Иштетүү өнөр жайы үчүн ресурс үнөмдөөчү технологиялар

Максаты: иштетүү өнөр жай ишканаларынын потенциалын ресурс үнөмдөөчү технологияларды киргизүү аркылуу 20%га жогорулатуу.

Учурдагы абалды талдоо. Соңку жылдары экономикага өнөр жайдын салымынын жогорулашы байкалууда, бул анын потенциалы жөнүндө талдоого мүмкүнчүлүк берет. Өнөр жайдын айрым секторлору рыноктук реформалар жылдардын да татаал экономикалык шарттарга карабастан (эки дүйнөлүк финансылык кризис) багытын алмаштырып иштеп кетишти, мындан сырткары өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүшүп, эң негизи продукцияларын экспорттоону жөнгө сала алышты. Өнөр жай бюджетке чегерүү жана экспорттук ташып келүүлөрдүн көз карашында эң негизги тармак болуп калууда, ал өзүнө абдан көңүл бурууну талап кылат жана мамлекеттин колдоосуна муктаж.

Мамлекеттик органдардын штаттык санынын мезгил-мезгили менен азайтылышы бүгүнкү күнү 13 иштетүү өнөр жай тармагында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу эки түзүмдүк бөлүмдөрдүн күчү менен ишке ашырылат, бул мамлекеттик өнөр жай саясатын ойдогудай иштеп чыгууга жана турмушка ашырууга мүмкүнчүлүк бербейт

Ошону менен бирге, маалыматты өткөрүп берүү, жаш кадрларды даярдоо жана мамлекеттик органдын институционалдык эсте тутуусу жок.

Өнөр жайды иштетүү өлкөнүн бүткүл өнөр жай өндүрүшүнүн салыштырма салмагынын 75% түзүп, өлкөнүн экономикасынын негизги сектору болуп саналат. Соңку жылдардын ичинде өнөр жайды иштетүүдө олуттуу түзүмдүк өзгөртүүлөр болду: айрым тармактар жокко чыгарылып, жаңылар пайда болду. Мисалы, пахта-кагаз жана жибек кездемелерди өндүрүү тармактары жоголду; бут кийимдер булгаарыдан эмес резинадан жасала баштады; машиналарды куруу продукцияларын – ири электромашиналар, электрокыймылдаткычтар, металлдарды кесүүчү

станоктор, пресс-подборщиктер, жүк ташуучу машиналар, темир уста-пресс машиналарды өндүрүү иш жүзүндө толугу менен токтотулган

Жабдуулардын эскилигинен улам текстиль өнөр жайы төмөндөп кетти (пахта-буласын, жүндү кайра иштетүү, жибек өндүрүү) жана уруктун сортунун сапатынын өзгөрүлүшү жана анын натыйжасында продукциянын башкаларга аттандаштыгы жок болду. Мурда бардык тигүү жана трикотаж өндүрүшүн жиптер жана кездемелер менен камсыз кылган текстиль ишканалары азыркы күнү убактылуу иштебейт же банкрот абалында. Рыноктун шарттары жаңы, талапка ылайык өндүрүштөрдү өнүктүрүүнү негиздеди, тактап айтканда: табигый минералдык ресурстарды (алтын, айнек, сымап, сурьма), тигүү индустриясын, тактай иштетүү, полиграфия, пластмассалардан жасалган буюмдарды ж.б. иштеп чыгуу боюнча.

Бүгүнкү күнү өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүндө беш тармак экономиканы түзүүчү болуп эсептелинет, анын ичиндеги төрт тармак өнөр жай иштетүү чөйрөсүнөн. Бул – металлургия жана тамак-ашты кайра иштетүү тармактар, текстиль жана тигүү өндүрүш, башка металл эмес минералдык продукциялардын өндүрүшү (куруу материалдар) жана өнөр жайдын өзүнчө тармагы катары -энергетика. Жалпысынан көрсөтүлгөн тармактар өнөр жай продукциясынын 90% ашыгын чыгарат.

Алардын ичинен республиканын иштетүү өнөр жай продукциясын экспорт кылуу түзүмүндө эң көп бөлүгүн алтын, азык-түлүк товарлар жана чийки зат, тигүү тармагы жана курулуш материалдарын өндүрүү ээлейт.

Негизинен алтын өндүрүү менен көрсөтүлгөн металлургиялык өндүрүштүн өндүрүүдөгү салыштырма салмагы 44,5%. Ушул тармактын жетектөөчү ишканалары бул: «Кумтор Голд Компани» ЖАК жана «Кыргызалтын» ААК филиалдары: « Макмалалтын Комбинаты», «Солтон-Сары» кени, «Терексай кени». Металлургиялык өндүрүштү өнүктүрүү боюнча чаралар “Тоо кен казып алуу тармагы” бөлүмүндө берилген.

Тигүү өндүрүшү өлкө үчүн жогорку социалдык мааниге ээ, себеби ал жумуш күчүн колдонуу планында социалдык жакка багытталган жана ресурсту көп талап кылган тармак болуп саналат. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча тармакта 150 миңден ашык адам иштейт. Негизги жумушчу күч бул айыл жериндеги жарандар. Тармакта иштегендердин көпчүлүк бөлүгү аялдар, бул гендердик балансата оң көрүнүш.

Бүгүнкү күнү тигүү өнөр жай ишканалардын негизги көйгөйлөрү бул ресурстардын натыйжалуулугунун төмөндүгү жана өзгөчө тармакта энергияны көп талап кылган деңгээлдин бийиктиги. Эскилиги жеткен технологиялар жана физикалык жактан эскирген фонддор ресурстардын чыгымдарын көбөйтүп, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун азайтат. Иштетүү өнөр жайдын технологияларынын жана жабдууларынын эскилиги өтө эле жогору, 90% жетет. Ушулар менен бирге ресурстарды үнөмдөө технологияларын киргизүү жана иштетүү, өнөр жай ишканаларында ресурстардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн

финансылык каражаттардын жок болушу тармак үчүн негизги тоскоолдуктардын бири. Продукцияны экспорттоо үчүн тоскоолдуктарды азайтуу менен экспорттук потенциалды жогорулатуу, адистерди окутуу системасын түзүү, ресурстарды үнөмдөө технологияларын киргизүү зарылчылыгы бар. Мында, орто мөөнөттүү мезгилге туруктуу айгине салык саясаты жана жеткиликтүү кредиттер менен камсыз кылуу боюнча механизмди иштеп чыгуу зарыл.

Максатка жетүү үчүн артыкчылыктуу багыттардын бири бул тармактын энергия чыгымдарын азайтуу жана ресурстарды үнөмдөө технологияларын киргизүүгө демилге берүү боюнча механизмдерди түзүү, жергиликтүү эмгек ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жана айлана чөйрөгө тийгизген таасирди минималдаштыруу.

Бул багыттын алкагында төмөнкү маселелер чечилет: (i) иштетүү тармактын кызматкерлеринин ресурстарды үнөмдөө технологиялар жөнүндөгү маалымдоосун жогорулатуу; (ii) өндүрүштө энергия натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча типтүү нускамаларды иштеп чыгуу; (ii) башка өлкөлөрдүн окшош тармактарынын энергия натыйжалуулугун салыштыруу жана талдоо; (iv) энергия натыйжалуулугу маселелери боюнча тажрыйба менен алмашуу жана талкулоо үчүн тармактык аянтчаны түзүү; (v) энергия натыйжалуулугу жана экологиялык таза өндүрүштүн артыкчылыгы тууралуу кенен маалымат кампанияларды өткөрүү.

Ресурстарды үнөмдөө технологияларды киргизүүгө демилге берүү боюнча механизмдерди түзүү маселесинин алкагында, Өкмөттүн максаты: (i) өндүрүштүн ресурстарды үнөмдөө технологияларын колдонгон текстиль жана тигүү өндүрүш ишканалары үчүн жеңилдеткен шарттарды киргизүү үчүн укуктук ченемдик акт иштеп чыгуу.

Кийинки артыкчылыктуу багыт бул иштеп жаткан өнөр жайдын экспорт потенциалын жогорулатуу. Тигүү тармагынын экспортун мындан ары илгерилетүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Технополис түзүүгө ниеттенүүдө. Мында төмөнкүлөр пландаштырылган: (i) Чүй облусунда “Тигүү Технополиси” долбоорун уюштуруу үчүн анын юридикалык статусун аныктоо менен укуктук ченемдик актыларды иштеп чыгуу; (ii) логистика, айлана чөйрөнү коргоо жана энергияны үнөмдөө боюнча тиешелүү талаптарды камсыз кылуу менен техникалык-экономикалык негиздемени даярдоо; (ii) тигүү тармагынын орто жана жогорку баскычтагы адистери үчүн окутуу системасын түзүү.

Чүй облусунун Сокулук районунун Военно-Антоновка айылдык кеңешинин 2012-жылдын 1-октябрындагы отурумунда 50 гектар аянтка экологиялык коопсуз жана экономикалык жактан максатка ылайыктуу объект катары текстиль жана тигүү өндүрүшү үчүн Технополис куруу долбоору жактырылган. Алдын ала эсептөөлөр боюнча Технополистин аймагына 10 миң жумуш орундарды түзүү менен 35ден ашык өндүрүш объектилерди жайгаштырууга болот. Ушул сыяктуу долбоор өндүрүш

өнөр жайды диверсификациялоо жана продукцияны сатуу рыногу үчүн натыйжалуу, себеби, текстиль жана тигүү өндүрүшүндө гана эмес, иштетүүчү өнөр жайдын башка тармактарына дагы жаңы технологияларды тартуу менен өнөр жай зонасынын модели катары иштей алат. Долбоорду орто мөөнөттүү перспективада ийгиликтүү турмушка ашыруусу салык салуунун патенттик формасын сактоо эсебинде камсыздалат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү экспорт потенциалын төмөнкүлөр аркылуу жогорулатат: (i) даяр продукцияны жеткирүү жана чийки затты жана материалдарды импорт кылуу боюнча Технополистин ичинде бирдиктүү логистикалык борборду түзүү; (ii) «Made in Kyrgyzstan» брендин жылдыруу жана коргоо боюнча стратегияны иштеп чыгуу; (iii) даяр продукцияга жана чийки затка карата ийкемдүү дифференциалдуу бажы төлөмдөрүн түзүү.

Артыкчылыктуу тармакты өндүрүүдөгү энергия менен жабдуунун бузулушунун натыйжасында бракты азайтуу жолу менен туруктуу өнүктүрүү жана ресурстун натыйжалуулугу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү аткарууга ниеттенүүдө: (i) Технополиске электроэнергияны үзгүлтүксүз берүүнү камсыз кылууга; (ii) Технополисти стратегиялык ишканалардын тизмесине киргизүүгө; (iii) тармакка ресурстарды үнөмдөө технологияларын киргизүүгө, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана калдыктарды минимизациялоо боюнча чет өлкөлүк ийгиликтүү алдыңкы тажрыйбанын мисалдары менен сунуштамаларды иштеп чыгууга.

Курулуш материалдарды өндүрүүнүн экспорттук потенциалын жогорулатуу жана Бажы биримдигине кирген өлкөлөрдүн аймактарына продукцияны жигердүү жылдыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкүлөр каралган: (i) Бажы биримдигинин техникалык регламенттеринин талаптары менен курулуш материалдарынын коопсуздугу боюнча техникалык регламенттерди гармонизациялоо боюнча протоколдорду жана укуктук ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу; (ii) цемент өндүрүшүндө отундун альтернативдүү түрүнө өтүү (Кант цемент заводу).

## 8.5. Кен казуу секторун өнүктүрүү

Максаты: курчап турган чөйрөгө тийгизүүчү таасирди минималдаштыруу жана минералдык-чийки зат потенциалын сарамжалдуу падалануудa тоо-кен казып алуу тармагынын туруктуу өнүгүшүнө жетүү.

Учурдагы абалды талдоо. Азыркы учурда жер казынасын пайдалануу жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу, турмушка ашыруу жана контроль кылуу боюнча функциялар үч мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга бөлүштүрүлгөн: (i) Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги жер казынасын пайдалануу жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгат; (ii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги жер казынасын пайдалануу жаатындагы мамлекеттик саясатты турмушка ашырат; (iii) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экологиялык жана өнөр жай коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекция экологиялык жана өнөр жай коопсуздугуна контроль кылууну ишке ашырат. Жалпысынан, мындай институционалдык механизм коррупциялык көрүнүштөрдү жокко чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Бирок, тоо-кен казып алуу тармагын өнүктүрүүгө мамлекеттик жөнгө салуу саясатын турмушка ашырууда мамлекеттик органдардын ортосунда ведомстволор аралык көптөгөн келишпестиктер бар, Мындан тышкары, мамлекеттик башкаруу органдар менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликүү коомчулук дагы мамлекеттен бөлөк институт катары иштешет. Натыйжада ушул кубулуштардын бардыгы кызыкчылыктардын кагылышууусуна алып келет жана инвесторлор үчүн жагымсыз белги болуп саналат. Колдонуудагы мыйзамдардын талаптары көбүн эсе аткарылбайт, бул коррупциялык көрүнүштөрү жана контролдук-көзөмөлдөө органдардын институционалдык алсыздыгы менен негизделет.

Мамлекет дагы, ата-мекендик бизнес дагы азыркы учурда көпчүлүк пайдалуу кендер чыккан жерлерди өздөштүрүү үчүн зарыл финансылык, техникалык жана кадрдык ресурстарга ээ болбогондуктан, азыркы этапта биздин өлкөнүн тоо-кендеринин өнүгүшү чет мамлекеттин инвестицияларын түз тартуунун эсебинен гана жүргүзүүгө мүмкүн. Кыргызстан тоо-кендерин казып чыгаруучу өнөр жайын өнүктүрүү, жаңы ишканаларды ишке киргизүү жана жумуш орундарын түзүү үчүн зор потенциалга ээ болуп, бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү толук турмушка ашыра албайт.

Ушундай абалдын көп түрдүүлүгүнүн себептери: (i) мындан ары өркүндөтүүгө муктаж болгон жер-казынасын пайдаланууну жөнгө салган укуктук-ченемдик системасы. Укуктук ченемдер ар кайсыл мыйзамдарда бөлүнүп берилген жана мамлекет менен инвесторлордун карым-катнашынын ар түрдүү ыкмаларына төп келбейт. (ii) Инвестицияларды кайтарып берүүнүн мамлекеттик кепилдиктери төмөн болууда, бул тармактын инвестициялык жагымдуулугун азайтат. (iii) Мамлекеттик жөнгө салуунун деңгээли өтө эле жогору жана коррупциянын өнүгүшүнө түрткү берет. (iv) Инвестициялык жагымдуулуктун эл аралык рейтингдери өтө эле төмөнкү деңгээлде. (v) Жер казынасын пайдаланууга жер участкаларын берүү жол-жоболору, документтерди толтуруу татаалдаштырылган жана көптөгөн макулдашууларды, экспертизаларды талап кылат. (vi) Энергоресурстар боюнча чектөөлөр, өлкөнүн транспорт инфраструктурасынын жетишсиз өнүгүшү, квалификациялуу кадрлардын жетишпестиги тоо-кендерди казып чыгаруучу тармактын өнүгүшүнө тоскоолдук кылат. (vii) мамлекеттин позициясынын так эместиги жана жер казынасын пайдалануучулардын жоопкерсиздиги көп сандуу сот текшерүүлөргө алып келди, алар узак мөөнөткө лицензияларды берүү жана

пайдалуу кендерди өздөштүрүү процессин токтотту. (viii) инвестор жана жергиликтүү коомчулук тараптарынын өз ара катнаштыгын жөнгө салуучу ченемдердин жок болушу, анын тараптар арасындагы жаңжалга алып келиши. (ix) Тоо-кен казып алуу ашкере саясатташып кетти, жергиликтүү коомчулуктун бөлүгүнүн пайдалуу кендердин чыккан жерлерди иштетүү долбоорлорду турмушка ашыруу маселелеринде башкаруунун борбордук органдардын жана мыйзамдардын карамагында болбогон өз алдынча саясий күчкө айланып кетүү коркунучу бар. (x) Жаратылыш ресурстарды пайдаланууга контролдун жок болушу жана айлана чөйрөгө түз зыян келтирүү.

“Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1997-жылдан бери аракетте экендигине карабастан тоо-кен тармагы өнүккөн жок. Жаңы тоо-кен чыккан жерлерди иштетүү процесси иш жүзүндө токтоп калган. Мында, бардык лицензиялык аянттар жер казынасын пайдалануучулардын пайдалануусунда. Бирок, пайдалануучулар тез казып алууга жана киреше алууга умтулушпайт. Өлкөдө жаңы пайдалуу кен чыккан жерлерди ачуу жана чалгындоо боюнча олуттуу жетишкендиктер жок. Административдик жөнгө салуу оң натыйжаларды берген жок. Жөнгө салуунун административдик ыкмаларын экономикалык ыкмалар менен алмаштыруунун курч зарылчылыгы пайда болду.

2012-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан тармакты реформалоо боюнча бир катар чаралар демилге кылынды, себеби тоо кен казып алуу тармагын жөнгө салуучу эски мыйзамдар заманбап чындыкка ылайык келбегендиктен “Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы жана мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган. “Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы менен катар жер казынасын пайдаланууну жөнгө салган экономикалык механизми катары лицензияны кармап калуу үчүн жаңы акы төлөм киргизүү бөлүгүндө мыйзамдар кабыл алынган, жер казынасын пайдалануу үчүн жер участкаларын берүү жол-жобосу жөнөкөйлөштүрүлгөн, алтын кенин, алтын концентратын, алтын эритмесин жана аффинаждалган алтынды казып алуу жана сатуу боюнча иштерди турмушка ашырган тоо-кен казып алуучу жана тоо-кен кайра иштетүүчү ишканалардын кирешелерине карата жаңы салык киргизилген, ошондой эле отчетторду берүүдө жана тоо иштердин планын бекитүүдө “унчукпоо – макулдуктун белгиси” механизми киргизилген жана көптөгөн башка нерселер.

Мындан тышкары, жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө таразаланган саясий чечимдерди талап кылуучу көйгөйлөр калууда, атап айтканда, бул жергиликтүү коомчулуктун жогорку деңгээлде саясатташып кеткендигинин көйгөйү. Ушундай учурда пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүдөн жергиликтүү калк үчүн анык пайдасына карабастан, жергиликтүү деңгээлде ачык кастыктын, ал эми айрым учурларда инвестролор менен түздөн-түз чыр-чатактардын орду бар. Бул жерде

себептер көп, бирок негизинен бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарга жана мамлекеттик башкаруу институттарга карата болгон ишенимсиздиги.

Бул жерде өзөктүү көйгөй болуп мамлекеттин, инвесторлордун жана жергиликтүү калктын кызыкчылыктарынын теңдеминин жок болушу саналат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн мыйзамдардын алкагында тиешелүү "эрежелерди" жана мыйзамарды аткаруу үчүн мамлекеттик жөнгө салуунун жана көзөмөлдөөнүн тиешелүү институттарын түзүү зарыл

Жер казына пайдалануу чөйрөсүндөгү кадр потенциалы өтө эле төмөн болуп саналат. Бүгүнкү күнгө төмөнкү көйгөйлөр аныкталууда: (i) мамлекеттик кызматкерлердин кесипкөйлүгүнүн жана менеджменттин жетишсиз деңгээли; (ii) квалификациялуу техникалык жана башкаруу кадрлардын жетишсиздиги; (iii) жаш кадрлардын жетишсиздиги; (iv) кадрларда ордун басуучулуктун жок болушу; (v) менеджменттин курамына компетенттүү эмес адистерди дайындоо; (vi) ЖОЖ студенттери үчүн өндүрүш жана өнөр жай ишканаларындагы практикасынын жоктугу.

Геологиялык маалыматтарды жана геологиялык-чалгындоо, издөө иштердин карталарын кагаз булактарында сактоо өнөкөт көйгөй болуп саналат, кийинки жылдарда бул геологиялык фонддун бүткүл архивин жок кылышына алып келүүгө мүмкүн, аларды тезинен электрондук булактарга өткөрүү зарыл.

Артыкчылыктуу багыттар. Милдеттер жана чаралар. Жогоруда баяндалган көйгөйлөр эске алынып, өлкөнүн орто мөөнөттүк саясаты төмөнкү артыкчылыктуу багыттарда топтолот: (i) жер казына чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуу системасын түзүү жана институционалдык жактан бекемдөө; (ii) өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө салымды көбөйтүү жана айлана чөйрөгө болгон терс таасир этүүнү азайтуу менен мамлекеттик бюджетти толуктоо.

Биринчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү маселелерди чечүү каралган: (i) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү, кийин кодификация кылуу менен мыйзамдар алдындагы актыларды иштеп чыгуу аркылуу жер казынасын пайлануууну жөнгө салган Кыргыз Республикасынын жаңы мыйзамдарын турмушка ашыруу; (ii) конкурс жана аукцион өткөрүү аркылуу лицензияларды берүү жол-жоболорунун ачыктыгын камсыз кылуучу шарттарды түзүү; (iii) калк жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен белгилүү бир районду же калктуу пунктту өнүктүрүү үчүн тоо-кен казып алуу тармагына инвестициялардын маанилүүлүгү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү; (iv) Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануусуна карата контролду өркүндөтүү жана күчөтүү

Биринчи маселени аткаруу үчүн төмөнкү чаралар турмушка ашырылат: (i) "Орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү келечекте тоо-кен казып алуу тармакты өнүктүрүү стратегиясын" иштеп чыгуу; (ii) тоо-кен казып алуу тармактын объектилерине АТББ өткөрүү тартиби жөнүндө

укуктук документти иштеп чыгуу жана кабыл алуу, ал ошол эле учурда калк жана коомчулуктун АТББ[18] өткөрүү процессине катышууга, пландашылган жумуштар жөнүндө өз убагында жана толук маалымат алуу укуктарын жөнгө салат; (iii) жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануусун контролдоо боюнча төмөнкүдөй ченемдик документтердин пакетин иштеп чыгуу жана киргизүү: i) Кыргыз Республикасынын көмүр чыккан жерлердеги көмүр казып алган ишканалардын жер казынасын иштетүүдө, консервациялоодо жана жоюуда, коргоо жана пайдалануу боюнча нускамалар, ii) Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендерин өздөштүрүүдө жер казынасын коргоонун бирдиктүү эрежелери, кымбат баалуу металлдарды эсепке алуу жана сактоо тартиби жөнүндө нускамалар, iii) газ жана нефть чыккан жерлерди иштетүүнүн эрежелери, iv) курамында алтыны бар пробаларды алтынга карата талдоого даярдоо технологиялары боюнча усулдук сунуштамалар жана Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендерин геологиялык иликтөө, казып чыгуу жана иштетүү процессинде кендерди жана концентраттарды сынап көрүү эрежелери, v) Кыргызстандын руда эмес пайдалуу кендер чыккан жерлерин иштетүүдө жер казынасын коргоо эрежелери,vi) Кыргыз Республикасынын курамында алтын бар чачырандыларын иштетүүдө жер казынасын коргоо эрежелери, vii) Кыргыз Республикасынын жер астындагы тузсуз жана минералдык сууларын тандап алууда жана пайдаланууда жер казынасын коргоо эрежелери.

Конкурс жана аукцион өткөрүү аркылуу лицензияларды берүү жол-жоболорунун ачыктыгын камсыз кылуучу шарттарды түзүү боюнча экинчи маселени аткаруу үчүн төмөнкүдөй чаралар турмушка ашырылат: (i) “Жер казынасын пайдалануу укугуна аукцион өткөрүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жана “Жер казынасын пайдалануу укугуна конкурс өткөрүүнүназынасын пайдалануу укугуна аукцион өткөрүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жана “Жер казынасын пайдалануу укугуна конкурс и аткаруу үчүн төмөнкүдөй чаралар турмушка ашырылат: далануу боюнча нускамал (ii) конкурс жана аукцион өткөрүү жол-жобосун ЖМК аркылуу чагылдыруу.

Үчүнчү маселе боюнча төмөнкүлөр белгиленген: (i) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө өткөрүлгөн реформалар жана киргизилген жаңылыктар жөнүндө маалыматты коомчулукка жеткирүү үчүн маалыматтык өнөктөрдү өткөрүү боюнча жумушчу топторду түзүү ; (ii) экология маселелери, региондорду өнүктүрүү, долбоорлордун маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтарды камтыган брошюраларды жана буклеттерди иштеп чыгуу.

Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануусуна карата контролду өркүндөтүү жана күчөтүү боюнча төртүнчү маселени чечүүнүн алкагында, төмөнкү чаралар турмушка ашырылат: (i) мамлекеттин контролдук-көзөмөлдөө функцияларынын ачык механизмин иштеп чыгуу

---

[18] АТББ – айлана чөйрөгө таасир берүсүн баалоо.

жана киргизүү жана улуттук экологиялык талаптарды сактоо талаптарын күчөтүү жарандык сектордун өкүлүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен; (ii) өнүккөн мамлекеттерде бүгүнкү күнү колдонулбаган техниканы жана технологиялык жабдууларды ташып келүү талаптарынын инвентаризациясын өткөрүү;

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салымды көбөйтүү жана айлана чөйрөгө болгон терс таасир этүүнү азайтуу менен мамлекеттик бюджетти толуктоо боюнча экинчи артыкчылыктуу багыт боюнча төмөнкү маселелердин чечилиши каралууда: (i) 2013-2017-жылдарда Кумтөр долбоорунун экономикалык көз карандылыгынан чыгуу максатында, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн салык жана салык эмес түшүүлөрдүн, ВВПнын өсүшүнүн, тоо-кен казып алуу тармактын диверсификациясынан жана чет мамлекеттик түз инвестицияларды тартуунун эсебинен жогорулатуу, ii) тоо-кен казып алуу чөйрөсүндө иштеген ишканалардын айлана чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтуу жана мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү калк менен чыр-чатактуу мамилелерди жокко чыгаруу боюнча то-кен казып алуу ишканаларынын администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте системалык иштерди жүргүзүү; (iii) региондордун социалдык – экономикалык өнүгүүсү

Биринчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү иш-чаралар жүзөгө ашырылат: (i) 2013-жылдан 2017-жылга чейинки мезгилде пайдалуу кендердин жаңы ири жана орто кендерди[19] колдонууга киргизүү үчүн шарттарды түзүү: <u>алтын жана башка кендер</u>:- “Жерүй”, “Талдыбулак Сол жээк”, “Андаш”, “Бозымчак”, “Иштамберди”, “Куру-Тегерек”, “Шамбесай”, “Зардалек”, “Талды-Булак-Талас”, калай-вольфрам кендери – “Трудовое”, “Кеңсуу”; көмүр кендери - “Туюк-Каргаша”, “Кара-Кече”, “Сүлүктү 11-аянты”, “Миң-Теке”, “Көк-Кыя”, Кара Төбө аянты; нефть жана газ чыккан кендери: “Майлисай”, “Майлисай-Ш”, “Майлисай-IV-Чыгыш избаскенти”, “Избаскент”, “Чаңгырташ”, “Чигирчик”, “Сузак”, “Карагачи”, “Тамчы”, "Бешкент-Тогап-Ташрабат", “Түндүк-Каракчыкум”, “Майлису-111”, “Борбордук жана Чыгыш аянтчалары”, “Майлису – II”, “Чарвак аянтчасы, Чангырташ нефть чыккан кени”; (ii) 2013-2017-жылдары Жерүй, Тоголок алтын кендерин иштетүү максаты менен жер казынасын пайдалануу укугуна ачык конкурсту өткөрүү; (iii) «Кум-Төр», «Макмал», «Солтон-Сары», «Тереккан» алтын кендерин иштетүүнү улантуунун шарттарын түзүү; (iv) геологиялык тармакка чет өлкөлүк түз инвестициялардын агымынын эсебинен минералдык- сырьелук базаны толтуруу; (v) өнүккөн чакан тоо-кен өнөр жайы мененки өлкөлөрдүн чакан кендерди өздөштүрүү тажрыйбасын изилдөө.

Экинчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар ишке ашырылат: (i) жергиликтүү калктын жашоо турмушунун социалдык шарттарын

---

[19]Бул кендерди иштетүү алтын өндүрүүнү 5-6 тоннага, толук кубаттуулукка чыгууда –жылына 10-12 тоннага, көмүр казууну 1-1,5 тоннага чейин жогорулатууга мүмкүндүк түзөт.

жакшыртуу боюнча иштер тууралуу үзгүлтүксүз отчеттуулукка мониторинг жүргүзүшү керек; (ii) мамлекеттик башкаруу органдарынын кызмат адамдары кен казуу ишканалары тарабынан экологиялык талаптардын бузулушунун алдын-алуу боюнча чараларды кабыл алышы, экологиялык мыйзамдардын сакталышына текшерүүлөрдү дайыма жүргүзүшү жана коомчулукту тааныштыруу үчүн текшерүүнүн жыйынтыктарын сунушташы керек; (iii) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары жергиликтүү калк арасында долбоорлордун маанилүүлүгү жана регионду өнүктүрүү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүшү керек; (iv) пайдалуу кендердин жаңы кендерин колдонууга киргизүүдө жаңы жумуш орундарын түзүү жана регионду өнүктүрүү максатында инвесторлор менен макулдашуу боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну кендер жайгашкан жерлер боюнча гана ишке ашырышы керек.

## 8.6. Курулуш тармагын өнүктүрүү

Максаты: урбанизацияланган жагымдуу чөйрөдө сейсмикалык коопсуз турак жайга калктын жетишүү деңгээлин жогорулатуу жана имараттарда энергия жактан натыйжалуулукту жакшыртуу шарттарында адамдардын иш аракети жана жашоосу үчүн жайлуу шарттарды камсыз кылуу.

Учурдагы абалды талдоо. Соңку беш жылда Кыргыз Республикасында турак жайды пайдаланууга берүүнүн айрым өсүшү белгиленди. Бул мезгилде 39,7 миң батир жана жалпы аянты 3995,9 миң. чарчы метр жеке турак үйлөрү пайдаланууга берилди. Ишке киргизүүнүн ар жылдык өсүшү орточо алганда 6,5% түзөт, бирок, турак жайларды ишке киргизүү колдо болгон фонддун 1% ашпайт жана өлкөнүн калкынын турак жайга болгон керектөөсүн бир аз эле деңгээлде камсыз кылат. Турак жайды сатып алууга калктын каражаттарынын жоктугу арзан турак жай менен камсыздоо шарттарын иштеп чыгууну биринчи планга алып чыгат.

Аймактын жогорку сейсмикалуулугу республиканын курулуш тармагына өзгөчө талаптарды коёт. Орточо алганда ишке киргизилип жаткан турак жайдын 80% жарандардын каражаттарына жана көпчүлүк учурларда жергиликтүү сейсмикалык туруктуу эмес жана энергияны үнөмдөбөгөн курулуш материалдарын жана технологияларды колдонуу менен жеке үй курулуштары менен сунушталган.

Калктуу конуштардын узак мөөнөттүк башкы пландары аймактык пландаштыруу жана шаар курууну зоналарга бөлүү саясатын эске алуусуз түзүлгөн, ал боюнча документтерди иштеп чыгуу алдыда турат.

Кыргыз Республикасынын негизги имараттары энергия жактан натыйжалуулукту эске алуусуз 30-60 жыл мурун курулган. Азыркы учурда бул имараттар эскирди жана жашоо үчүн минималдык санитардык жана жайлуу шарттарды караштырбайт. Жалпысынан республика боюнча

электр жана жылуулук энергиясын, газды жана көмүрдү кошо алганда, имараттар тарабынан энергияны керектөө жылына 16-18,5 млрд. кВт.с түзөт. Чарчы метрге энергияны колдонуу Евросоюзга караганда дээрлик 3-5 эсеге жогору жана өлкө боюнча орточо алганда жылына чарчы метрге 145-170 кВт с, ал эми Бишкекте жылына чарчы метрге 320-450 кВт с чейин жетүүдө.

Энергия үнөмдөөчү, сейсмотуруктуу жана экономикалык жаткан калк үчүн жеткиликтүү курулуш өлкөнүн туруктуу өнүгүүгө карата жылышынын негизги механизмдеринин бири болуп саналат. Ушул багыттын өнүгүүсүн токтотуп туруучу негизги көйгөй болуп ушул сектордо тийиштүү мыйзам базасынын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу жана саясаты түзүүчү институттун өлкөдө жоктугу, мамлекеттик башкаруу системасында кадрлардын начар даярдыгы, жана туруктуу өнүгүү форматында тармакты өнүктүрүүнүн максаттарын жана милдеттерин калкка маалымдоонун жоктугу саналат.

Курулуш тармагын өнүктүрүүдө энергия жактан натыйжалуулук жолуна өтүү жана төмөнкүлөр аркылуу калктын сейсмикалык коопсуз турак жайга экономикалык жактан жетишүүсүн акырындык менен жогорулатуу: (i) саясатты иштеп чыгууну камсыз кылуучу институционалдык структураны түзүү; (ii) мыйзам базасын өркүндөтүү; (iii) башкаруу, долбоорлоо, курулуш жана ишке киргизилүүчү имараттардын энергия керектөөсүн азыркы учурдагы абалына салыштырмалуу 2017-жылы 30-40% төмөндөтүүнү камсыз кылуучу инновациялык иш-чаралар жаатында адистердин потенциалын жогорулатуу; (iv) калкка маалымдоо.

Саясаттын артыкчылыктуу багыттары, милдеттери, чаралары:

Энергия жактан натыйжалуулукту жакшыртууда жана имараттарды көмүртектин эмиссиясынан азайтууда сейсмикалык коопсуз жайлуу турак жайга калктын экономикалык жетишүүсүн акырындык менен жогорулатууга багытталган саясатты иштеп чыгууну камсыз кылуучу институционалдык структураны түзүү.

1-милдет. Турак жайдын арзандыгын, курулуш секторунда энергия жактан натыйжалуулукту жана сейсмикалык коопсуздукту жогорулатууга карата өзгөртүү үчүн жагымдуу шарттарды камсыз кылуучу институционалдык негиздерди түзүү. Чаралар: (i)энергия үнөмдөө жана энергия жактан натыйжалуулук боюнча, анын ичинде курулуш секторунда саясатты иштеп чыгууну камсыз кылуучу институционалдык структураны түзүү (ii) курулуш секторунда саясатты иштеп чыгуу жана калк үчүн турак жайдын экономикалык жактан жеткиликтүүлүгү, сейсмикалык коопсуздугу, энергия жактан натыйжалуулук тажрыйбасын башкаруунун системасын түзүү; (iii) калк үчүн турак жайдын экономикалык жактан жеткиликтүүлүгү жана сейсмикалык коопсуздук, энергия жактан натыйжалуулук милдеттерин ишке ашыруу үчүн мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө системасын түзүү.

2-милдет. Мыйзам базасын өркүндөтүү. Чаралар: (i) турак жайдын арзандыгына, шаар куруу, курулуш секторундагы энергия жактан натыйжалуулукка жана сейсмикалык коопсуздукка карата институционалдык өзгөртүүлөр үчүн жагымдуу шарттарды түзүүчү колдонуудагы базалык мыйзамдарды жана ченемдик мыйзамдык актыларды өнүктүрүү жана жаңыларын иштеп чыгуу; (ii) 2013-2017-ж.ж. карата Турак жайларды куруу программасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) 2017-жылга чейин өнүктүрүү менен «2012-2015-жылдарга Кыргыз Республикасында сейсмикалык коопсуздук» мамлекеттик программасын ишке ашыруу; (iv) сейсмикалык туруктуулуктун жана энергия жактан натыйжалуулуктун ченемдерин жана стандарттарын сактабагандыгы үчүн катуу санкцияларды киргизүү механизмин иштеп чыгуу; (v) курулуш ченемдеринде энергетикалык коопсуздук боюнча талаптардын деңгээлин дайыма (мүмкүн 3-5 жылда бир жолу) кайрадан карап чыгуу; (vi) имараттардын энергия жактан натыйжалуулугу боюнча милдеттүү сертификациялоо жана энергетикалык аудит системасын ишке киргизүү; (vii) ченемдик актыларда каралган, имараттарды милдеттүү энергетикалык классификациялоону тажрыйбага киргизүү; (viii) курулуш материалдарын, буюмдарды жана жабдууларды энергетикалык классификациялоону жана маркалоону киргизүү; (ix) имараттардын энергетикалык натыйжалуулугуна массалык аудитти жүргүзүү, маалыматтар базасын түзүү жана мониторингди камсыз кылуу.

3-милдет: Колдо болгон имараттардын энергиялык таасирдүүлүгүн жана сейсмикалык туруктуулугун жакшыртуу. Чаралар: (i) реконструкциялоодо жана капиталдык оңдоодо энергия жактан натыйжалуулукту жана сейсмикалык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча талаптарды белгилөөчү, энергия жактан натыйжалуулуктун жана сейсмикалык туруктуулуктун белгилүү бир деңгээлин камсыз кылуу шарттарында капиталдык оңдоого жана реконструкциялоого уруксат берүүчү ченемдерди иштеп чыгуу; (ii) типтүү сериялар боюнча тургузулган, колдо болгон фонддун энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун типтүү долбоордук чечимдерин иштеп чыгуу, аларга кеңири жетишүүнү камсыз кылуу; (iii) энергия жактан натыйжалуулукту жогорулатуу максатында колдо болгон фондду модернизациялоо программаларын, аларды бардык мамлекеттик стратегияларга, республикалык жана жергиликтүү программаларга киргизип, иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

4-милдет. Энергия жактан натыйжалуулук аспекттерин аймактык-мейкиндик өнүгүү стратегиясына, шаарды пландаштыруу жана курулуш тажрыйбасына интеграциялоо. Чаралар: (i) имараттардын энергия жактан натыйжалуулук аспектисин иштелип жаткан шаар куруу комплексине жана аймакта имарат курууну архитектуралык-пландаштыруу процессине киргизүү; (ii) энергия керектөөнү кыскартуу көз карашынан оптималдуу аймактык-мейкиндик параметрлерине ээ болгон долбоорлорго имарат

курууга уруксат берүүнү караштыруучу ченемдик актыларды иштеп чыгуу, кабыл алуу жана ишке киргизүү; (iii) тендерди өткөрүүдө энергия натыйжалуулугунун жана сейсмикалык туруктуулуктун айрыкча жогорку деңгээлин караштыруучу долбоорлордун артыкчылыктарын тажрыйбага киргизүү.

5-милдет. Имараттар үчүн энергияга бааны түзүү системасын өнүктүрүүнүн чаралары: (i) имараттардын сектору үчүн энергияга тарифтерди белгилөөнүн адекваттуу жана жооптуу системасы түзүлсүн; (ii) энергия кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөнүн белгиленген системасы жоюлсун, керектөөчүлөр иш жүзүндө керектеген энергия үчүн төлөшсүн; (iii) прогрессивдүү тариф менен системаны киргизүү, мында кандайдыр бир чектүү деңгээлден ашканда керектелүүчү энергиянын бирдигин эсептөөдө көбүрөөк төлөйт; (iv) сутканын жана мезгилдин убактысына жараша энергияга белгиленген тарифтин мүмкүнчүлүгүн изилдөө жана зарылчылык болсо киргизүү.

6-милдет. Турак жай секторунда энергияны керектөөнү туруктуу башкаруу үчүн технологиялык потенциалды өстүрүү. Чаралар: (i) энергия (электр энергиясы, газ, жылуулук, ысык суу менен камсыздоо) керектөөнү ченөө жана жөнгө салуу системасын алдын ала орнотуу камсыз кылынсын, реалдуу убакыт режиминде баа маалыматын кошо алганда, маалыматты чагылдыруучу «акылдуу эсептегичтерге» өтсүн; (ii) жаңы имараттарды энергия керектөөнү жана ички климатты (микро климаттын параметрлери) башкаруу системалары менен милдеттүү жабдууга карата ченемдер (стандарттар) иштелип чыксын; (iii) энергия берүүчүлөрдүн арасында атаандаштык жөнүндө жобо иштелип чыксын жана колдонууга киргизилсин (керектөөчү энергиянын альтернативалуу булактарын кошо алганда, тандоо мүмкүндүгүнө ээ болуш керек).

Башкаруу, долбоорлоо, куруу жана ишке киргизилүүчү имараттардын учурдагы абалына салыштыруу боюнча 2017-жылга карата энергияны керектөөнү 30-40% га төмөндөтүүнү камсыз кылуучу инновациялык иш-чаралар жаатында кесипкөйлөрдүн потенциалын жогорулатуу;

1. Курулуш секторунун адистеринин потенциалын жогорулатууну камсыздоо. Чаралар: (i) курулушту мамлекеттик башкаруунун адистеринин квалификациясын жогорулатуу системасында «Туруктуу өнүгүү үчүн курулуш сектору» окутуу программасы иштелип чыксын жана колдонууга киргизилсин; (ii) «Туруктуу өнүгүү үчүн курулуш сектору» бөлүмүн киргизүү менен курулуш ЖОЖдорунун жана колледждеринин окутуу дисциплинасынын программасы кайрадан каралып чыксын; (iii) «Имараттарды жылуулук менен коргоо» адистигин кесиптик техникалык билим берүү системасына киргизүү; (iv) курулуш секторунда адистердин квалификациясын жогорулатуу үчүн имараттарда энергия натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча окутуу-методикалык окуу куралы иштелип чыксын жана басып чыгарылсын.

Маалымдоо, агартуу жана билим берүү.

Калкты маалымдоону жана агартууну камсыздоо. Чаралар: (i) энергетикалык кызматтарды керектөөчүлөрдүн көрсөтүлүп жаткан кызматтардын өздүк наркынын ачык-айкындуулугуна жана тарифтерди түзүүдө чыгымдарды түзүүчүлөр тууралуу маалыматка эркин жетишүүсүн камсыз кылуу; (ii) улуттук телеберүү каналында системалык негизде Туруктуу өнүгүү боюнча улуттук планды ишке ашыруу боюнча, анын ичинде имараттардын энергетикалык натыйжалуулугу жана сейсмикалык коопсуздугунун максатка ылайыктуулугу жана технологиялары жөнүндө программаны түзүү;
(iii) «Жылуу үй өзүңдүн колуң менен» брошюрасын иштеп чыгуу жана басып чыгаруу.

## 8.7. Туристтик индустрияны өнүктүрүү

Максаты: курчап турган чөйрөгө минималдуу зыян көрсөтүүдө маданий-тарыхый объекттерди сактоо менен туруктуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү туристтик продуктыны түзүү үчүн шарттарды түзүү.

Учурдагы абалды талдоо. Соңку беш жылда туризмдин кызмат көрсөтүүсүнүн салыштырма салмагы ИДПга карата 3,7-4,7%[25] чегинде өзгөрүлүп турат. Туризм жана саякат боюнча дүйнөлүк кеңештин (WTTC) баалоосу боюнча Кыргызстандагы туризм 2012-жылы 180 миң адамды же түз жана кыйыр жумуштуулукту[20] кошо алганда, экономикада иштегендердин жалпы санынан дээрлик 7,8% жумуш орундары менен камсыз кылды.

2012-жылы чет өлкөлүк туристтерди кабыл алуудан киреше 677,7 млн. АКШ долларын[27] түздү жана бул акыркы 5 жылда эң жогорку көрсөткүч. 2012-жыл үчүн туристтик иштен республикалык бюджетке салыктык төлөмдөрдүн келип түшүүлөрү 96,1 млн. сомду түздү (2011-жылдагыдан 2,1 эсеге аз).

Эл аралык эксперттердин баалоосу боюнча Кыргызстан өзүнүн туристтик потенциалын 15%дан ашык эмес пайдаланууда, бул туризмдин ИДПгы анча маанилүү эмес үлүшүн түшүндүрөт. Туризм жана саякат боюнча дүйнөлүк кеңештин маалыматтары боюнча Кыргызстан ИДПга туризмдин түз салымы боюнча өлкөлөрдүн рейтингинде 103-орунду ээлейт - 3 пайыздык пункт, ал эми дүйнөлүк орточо көрсөткүч - 5,2 пайыздык пункту[28] түзөт.

Туризм мамлекеттик деңгээлде бир нече жолу артыкчылык катары жарыялангандыгына карабастан, иш жүзүндө туризм төмөн статусу менен институттун (Мамагенттик) жоопкерчилигинин зонасында болгон же ар түрдүү министрликтин (маданият, өнөр жай, спорт ж.б.) коштондусу гана болуп саналган. Мунун кесепети ишти улантуучулуктун, институционалдык эс тутуму менен квалификациялуу кадрлардын жана

жаш кадрларды даярдоо системасынын жоктугу болуп саналат. Натыйжада, туризмди өнүктүрүү болжолдонбойт, статистикалык база толук эмес жана эң негизгиси ченемдик укуктук базада боштуктар бар.

Туризм тармагы ишкердик иштин түрү катары көптөгөн ченемдик-укуктук актылар менен жөнгө салынат. Ага карабастан, туризм тармагын жөнгө салуучу ченемдик укуктук базанын жетилбегендиги жана туристтерди жайгаштыруунун коллективдик каражаттарын классификациялоо жана стандартташтыруунун бирдиктүү системасынын жоктугу байкалууда, бул туристтик тармакты өнүктүрүүдө тоскоолдуктары түзөт жана сунушталуучу туристтик продуктынын сапатына кепилдикти камсыз кылбайт.

Ошол эле убакытта, мыйзамдардын болгон талаптары көбүн эсе аткарылбайт, бул коррупциялык көрүнүштөр жана контролдоо-көзөмөлдөө органдарынын институционалдык алсыздыгы менен шартталган. иринчи кезекте, бул фискалдык мыйзамдардын, санитардык-эпидемиологиялык, техникалык жана экологиялык талаптардын аткарылышына жараша болот. Мында аткарбоонун негизги себептери: талаптарды аткаруунун татаалдыгы, чанда өткөрүлүүчү текшерүүлөр, талаптарды аткаруунун кымбаттыгы жана пара берип кутулуунун[20] мүмкүндүгү болуп саналат. Колдо болгон административдик тоскоолдуктар дагы, мисалы, потенциалдуу инвестор туризмдин объектисине жер тилкесин алуу үчүн бир катар инстанциялардан (айыл өкмөтү, район, облус, республика) өтүүнүн зарылчылыгына дуушар болгондо коррупциялык схемалар үчүн мүмкүнчүлүктү түзүшөт. Ошондуктан, көмүскө иш-аракети кеңири таркалган, бюджетке келип түшүүлөр минималдуу жана реалдуу иштелип чыккан дүң кирешеге ылайык келбейт.

Финансылык ресурстардын чектелгендигинен улам, туризмди өнүктүрүүнү тездете ала турган мамлекеттик кызматтар начар аткарылып жаткандагы факт тынчсызданууну пайда кылат. Ошентип, колдо болгон инфраструктура (жол-транспорттук, маалыматтык, инженердик коммуникациялар) начар өнүккөн, эскирген жана көбүн эсе туризмди өнүктүрүүнү эске алуусуз курулган. Атап айтканда, ушул себеп боюнча Кыргызстан Улуу Жибек Жолун бойлото жайгашуунун артыкчылыгын колдонбойт, ал боюнча БУУга караштуу Дүйнөлүк туристтик уюмдун акыркы изилдөөлөрү боюнча эл аралык туристтердин 27% турларга кызыкдар.

Ысык-Көлдүн курорттук зонасындагы Кара-Кол, Чолпон-Ата, Балыкчы шаарларындагы тазалоочу курулмалар бузулган, эскирген, бул өлкөнүн башкы туристтик ресурсу болуп саналган көлдүн булгануусуна олуттуу тобокелдикти пайда кылат.

Азыркы мезгилге чейин өлкө өзүнүн туристтик-рекреациялык потенциалы жөнүндө так маалыматтарга ээ болгон эмес, бул туризм

[20]«Кыргыз Республикасында көмүскө экономика боюнча изилдөөлөр», 2012-ж. Маалыматтар экономиканын бардык тармактарына тийиштүү: юридикалык адамдардын жана жеке ишкерлердин.

чөйрөсүнө инвестицияларды тартуунун мүмкүндүгүн чектейт. Соңку беш жылда курорттук зоналардын табигый рекреациялык сыйымдуулугун баалоо жүргүзүлгөн эмес, бул жаратылыш ресурстарын чексиз пайдаланууга жана ушул зоналардын экосистемаларынын акырындык менен начарлашына алып келет.

Мамлекеттик органдардын, бизнестин жана окутуу мекемелеринин ортосундагы координациянын начардыгы тейлөөнүн жана туристтердин коопсуздугун камсыз кылуунун сапатынын жогору эместигин шарттайт. Дүйнөлүк туристтик рынокто Кыргызстанда эс алуу кооптуу болуп саналат, туристтик кызматтар жана продуктылар, ушул чөйрөгө инвестициялоо мүмкүндүгү жөнүндө маалыматты таркатуунун көлөмү жана кеңирилиги абдан чектелген. Жаратылышты пайдалануунун төмөн маданияты туристтик-рекреациялык ресурстарга карата рационалдуу эмес, керектөөчүлүк мамилени көкүтөт. Жергиликтүү маданий-тарыхый ресурстардын өзгөчөлүктөрүн билбестиги жана жергиликтүү калк тарабынан туристтерди кабыл алуунун төмөн маданияты Кыргыз Республикасын сапаттуу туристтик кызматтарды көрсөтүүчү өлкө катары имиджин начарлатат.

Артыкчылыктуу багыттар. Жогоруда берилген көйгөйлөрдү эске алуу менен өлкөнүн орто мөөнөттүү саясатынын артыкчылыктуу багыттары: (i) туристтик индустрияны өнүктүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу; (ii) туристтик кызматтардын жана продуктылардын сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү.

Туристтик индустрияны өнүктүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүнүн тегерегине бириктирилет: (i) туризм тармагын өнүктүрүү үчүн жооптуу мамлекеттик органдын институционалдык өнүгүүсүн камсыз кылуу; (ii) туризмди туруктуу өнүктүрүү үчүн ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу; (iii) туристтик иш-аракеттин чөйрөсүндө статистикалык учётту жана болжолдоону жакшыртуу; (iv) Кыргызстанда эс алуунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө анык, жагымдуу жана сапаттуу маалыматка жетишүүнү камсыз кылуу.

Биринчи милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) туризмде мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу мамлекеттик түзүмдүн деңгээлин жогорулатуу; (ii) функционалдык иш-аракет чөйрөсүн контролдоого жана жөнгө салууга түз же кыйыр түрдө тиешеси бар мамлекеттик структураларда өз ара аракеттенүүнүн системасына талдоо жүргүзүүгө; (iii) жүргүзүлгөн талдоонун негизинде туризм чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын ишин координациялоо системасын өзгөртүү боюнча рекомендацияларды иштеп чыгууга.

Саясаттын төмөнкү чаралары аркылуу экинчи милдетти чечүү пландаштырылууда: (i) туризмдин түрлөрүнүн номенклатурасын иштеп чыгуу жана бекитүү; (ii) туризмдин түрлөрүнүн номенклатурасына ылайык

туристтик кызмат көрсөтүүлөр үчүн учёттун ченемдик методун бекитүү; (iii) жайгаштыруунун коллективдик каражаттарын классификациялоонун жана стандартташтыруунун бирдиктүү мамлекеттик системасын иштеп чыгуу жана бекитүү; (iv) туризм тармагын жөнгө салуучу ченемдик укуктук базасына инвентаризация жүргүзүү, карама-каршылыктарды издеп табуу; (v) туризм тармагын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча рекомендацияларды даярдоо жана киргизүү; (vi) туризм объекттерин өнүктүрүү жана куруу үчүн жер тилкелерин бөлүп берүүнүн жана пайдалануунун жөнөкөйлөтүлгөн жол-жоболорун иштеп чыгуу жана бекитүү.

Туристтик иш-аракет чөйрөсүндө статистикалык учётко алууну жана болжолдоону жакшыртуу боюнча үчүнчү милдетти чечүү алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан төмөнкүлөр пландаштырылууда: (i) миграциялык картаны киргизүү; (ii) Эл аралык уюмдар (UNWTO, WTTC) тарабынан колдонулуучу методикаларга ылайык туризм чөйрөсүнүн кошумча көрсөткүчтөрүн чогултуу жана эсептөө методологиясын иштеп чыгуу жана тизмесин аныктоо. Аларды статистикалык иштердин программасына киргизүү; (iii) Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоо системасы жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын[30] иштеп чыгуу тартибине байланыштырууда туризмдин өнүгүүсүн болжолдоонун методологиясын иштеп чыгуу;

Кыргызстанда эс алуунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө анык, жагымдуу жана сапаттуу маалыматка жетишүүнү камсыздоо боюнча төртүнчү милдетти чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: (i) жайгаштыруу каражаттарында орундарды бронго коюу, жеткиликтүү турлар, карталар, турду пландаштыруучу, туристтер берген баа жана форумдар жөнүндө маалыматты камтыган бирдиктүү маалыматтык туристтик порталды иштеп чыгуу жана иштетүү; (ii) чет өлкөлүк туристтердин катышуусуна кызыкчылыкты туудурган окуялардын каталогун иштеп чыгуу жана ар жыл сайын басып чыгаруу; (iii) конкреттүү максаттуу рынокторго багытталган, Кыргыз Республикасынын туристтик ресурстары жөнүндө басма маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана басып чыгаруу; (iv) ата мекендик туристтик компаниялардын адистештирилген туристтик көргөзмөлөргө жана жарманкелерге (Берлин, Москва, Новосибирск, Екатеринбург, Алмата, Токио, Мадрид) катышуусун уюштуруу; (v) аэропорттордо, чек арадагы өтмө пункттарында орнотуу үчүн интерактивдүү маалыматтык системаларды сатып алуу.

Туристтик кызматтардын жана продукттардын сапатын жогорулатуу жана диверсификациялоо боюнча экинчи артыкчылыктын алкагында төмөнкү милдеттерди чечүү белгиленүүдө: (i) туристтик инфраструктураны модернизациялоо, анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде; (ii) туристтик кызматтардын жана

продуктылардын сапатын жогорулатууга жана диверсификациялоого көмөк көрсөтүү; (iii) Ысык-Көлдүн экосистемаларын коргоону камсыздоо.

Биринчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү иш-чаралардын ишке ашыруу жолу менен чечүүнү пландаштырууда: (i) жолдорду реконструкциялоо жана куруу долбоорлоруна баалоо жүргүзүү; (ii) туризмди өнүктүрүү кызыкчылыктарын эске алуу предметине жолдорду реконструкциялоо жана куруу долбоорлоруна оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү (туристтик объекттерге чейин жолдор); (iii) жол боюндагы инфраструктураны өнүктүрүүнүн облустук жана райондук 3 жылдык программаларын (2015-2017-ж.ж.) иштеп чыгуу: санитардык түйүндөр, сервистик тейлөөнүн объекттери (коомдук тамактануу, техникалык тейлөө пункттары, медицина пункттары) кыргыз, орус жана англис тилдериндеги белгилер жана көрсөткүчтөр; (iv) болгон жана долбоорлонуучу туристтик комплекстерге карата облустук жана райондук маанидеги жолдорду жана башка керектүү инфраструктуранын (электр жана суу менен камсыздоо, калдыктарды утилдештирүү жана агын сууларын тазалоо) курулушун кошо каржылоо (өкмөт жана туризмдин кызыкдар субъектиси) механизмин иштеп чыгуу; (v) 2 туристтик маалыматтык борборду (ТМБ) түзүү; (vi) ЕСтин «Кара тизмесинен» улуттук авиа ташуучуларды алып салуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү.

Туристтик кызматтардын жана продукттардын сапатын жогорулатуу жана диверсификациялоого көмөк көрсөтүү боюнча экинчи милдетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саясаттын төмөнкү чараларын ишке ашыруу аркылуу чечүүнү пландаштырууда: (i) «outsourcing» аркылуу потенциалдуу туристтик зоналарды аныктоо боюнча сынамык облустун аймагына изилдөө жана баалоо жүргүзүү; (ii) Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендердин запасынын мамлекеттик балансы менен такталган пайда кендердин изилденген жерлери жана ООПТ картасы менен бириктирилген, сынамык облустун потенциалдуу туристтик зоналардын картасын иштеп чыгуу; (iii) жерлердин жаңы категориясын: туристтик-рекреациялык потенциалга ээ болгон жерлерди киргизүү тууралуу Жер кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча рекомендацияларды даярдоо (iv) аракеттенүүдөгү жана потенциалдуу туристтик-рекреациялык зоналардын табигый рекреациялык сыйымдуулугун баалоо методологиясын иштеп чыгуу жана бекитүү; (v) туристтерге алардын муктаждыктарын (жайгаштыруу, шарттар, кызматтар, бош убакыт, өнөкөт ж.б.) аныктоо үчүн максаттуу рыноктордо жок дегенде 2 изилдөө/сурамжылоону (2015 жана 2017-жылдарда) өткөрүү (vi) туризмде жана меймандостукта тармактык квалификациялуу системаны иштеп чыгуу жана бекитүү; (vii) кесипкөйлүк стандарттарга жана квалификациянын тармактык алкагына жана туризмге жана меймандостукка ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (viii) катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгуу жана утилдештирүү жана агын сууларын тазалоо боюнча облустук

жана райондук 3 жылдык программаларды иштеп чыгуу (2015-2017-ж.ж.) (ix) туристтик-рекреациялык ресурстардын өзгөчөлүгү (региондук бренд) жергиликтүү этно-маданий жана тарыхый турларды уюштуруу боюнча билим берүү-агартуу иш-чараларын региондордо өткөрүү; (x) жергиликтүү туристтик бизнес-долбоорлорду түзүү жана каржылоого билдирмени берүү маселеси боюнча жергиликтүү коомчулук үчүн окутуучу курстарды иштеп чыгуу жана өткөрүүнү уюштуруу (xi) Кыргыз Республикасынын аймагына кирип келүүчү туристтерди милдеттүү камсыздоону мыйзамдуу түрдө бекитүү.

Ысык-Көлдүн экосистемасын коргоону камсыздоо боюнча үчүнчү милдетти Өкмөт төмөнкү чараларды ишке ашыруу жолу менен болжолдойт: (i) Ысык-Көлдүн жээгин райондук пландаштыруунун башкы схемасына агын сууларын тазалоонун борборлошкон системанын курулушун[31] киргизүү (ii) Ысык-Көлдүн курорттук зонасынын табигый рекреациялык сыйымдуулугуна баалоо жүргүзүү (iii) мамлекеттин жана бизнестин үлүштүк катышуу принцибинде Ысык-Көлдүн түбүн ар жылдык тазалоону уюштуруу; (iv) суу-саздык комплекстерди сактоо көз карашынан айрыкча көйгөйлүү участкаларды издеп табуу боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү; (v) издеп табылган көйгөйлүү участкаларда тийиштү режим менен жаратылышты пайдалануу үчүн заказниктерди (2-5 жыл) түзүү.

## 8.8. Транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү

Максат: курчап турган чөйрөгө транспорттун зыянын төмөндөтүү аркылуу калктын транспорттук кызматтарга жетишүүсүн жана максималдык канааттануусун жакшыртуу.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасынын транспорттук инфраструктурасы ички автомобиль жолдорун, эл аралык транспорттук коридорлордун тарамын камтыган автомобиль жолдору, ошондой эле, автомобиль, темир жол транспорту жана авиация менен сунушталган.

Автомобиль жолдору шаарлардын, айылдардын, айыл чарба, өнөр жай жана башка ишканалардын 15300 км аралыктагы жолдорун жана көпчүлүк пайдаланчу 18700 км узундуктагы жолду кошо алганда, узундугу 34000 жакын км жол тарамын түзөт, алар республиканын облустарын жана райондорун бириктирет, ошондой эле эл аралык транспорттук коридорлоруна чыгууну камсыз кылат.

Азыркы мезгилде эл аралык транспорттук коридорлордун 2700 км (түндүк-түштүк альтернативалуу жолду эске алганда) 1400 км жакыны (50%) реабилитацияланган, Бишкек-Ош (Бишкек-Кара-Балта жана Маданият-Жалал-Абад участкаларынан тышкары) Бишкек-Георгиевка, Сарыташ-Карамык, Ош-Сарыташ-Эркеч-Там, Тараз-Талас-Суусамыр унаа жолунун эки участкасын реабилитациялоо аяктаган. Бишкек-Нарын-Торугарт, Ош-Баткен-Исфана эл аралык коридорлорунун жолдорунун участкаларын реабилитациялоо боюнча иш улантылууда, Тараз-Талас-

Суусамыр 3-фазасын ратификациялоо жол-жоболору улантылууда, ошондой эле түндүк-түштүк альтернативалуу автомобиль жолунун ТЭНин иштеп чыгуу боюнча маселе иштелүүдө.

Өлкөнүн экономикалык коопсуздугунун маанилүү маселеси болуп анын транспорт жагынан көз карансыздыгын камсыз кылуу саналат, ошондуктан, чек ара аймактары чектешкен жерлерде жана коңшу мамлекеттердин аймактарын айланып өтүү жолдорун куруу зарыл. Азыркы учурда Айгул-Таш-Согмент-Таян айланып өтмө автожолунун курулушу ишке ашырылууда, Баткен облусунда (Бел-Согот-Бөжөй, Көкташ- Аксай-Тамдык, Кулунду-Максат авто жолунда эки көпүрө) авто жолдорду куруу боюнча даярдык иштери жүргүзүлүүдө.

Жол тармагынын стабилдүү аракеттениши үчүн өзүнө жол тармагын башкаруунун оптималдуу структурасын, ремонттун ченемдүү мөөнөттөрүнө ылайык авто жолдордун ремонтуна жана кармоого каражаттарды толук көлөмдө караштыруучу каржылоонун кемтиксиз системасын, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмин иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү, жана жеке секторду жолдорду курууга жана реабилитациялоого тартууну, акы төлөнүүчү жолдорду түзүүнү жана консультациялык кызматтарды көрсөтүүнү жана көзөмөлдү камтыган жол секторун реформалоо боюнча ишти улантуу керек.

Калктуу конуштарга жетүүнүн татаалдыгын эске алууда автомобиль транспорту айрыкча артыкчылыктуу болуп саналат, аны менен жүктөрдүн 95% жана жүргүнчүлөрдүн 97% ташылат. Кескин өзгөрүүсүз ташуулардын көлөмүнүн салыштырма салмагында акыркы жылдарда жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуунун көрсөткүчтөрү сектордун өнүгүүсүнүн стабилдүүлүгүн көрсөтөт. Автомобиль паркынын өсүү тенденциясы уланууда. Эгерде 2008-жылы республикада автотранспорт каражаттарынын саны 300 миң бирдикти түзсө, азыркы мезгилде эки жарым эседен көбүрөөк жогорулады жана 735 миң бирдикке жетти. Чыгаруу жылы 10 жылдан ашкан, автотранспорт каражаттары жалпы сандын жарымынан көбүн түзөт. 2009-жылга чейин кызмат өтөө мөөнөтү 10 жылдан ашкан автотранспорт каражаттары ташылып келген, алардан жаңыларга караганда, алар абаны булгоонун булактары болуп саналат.

«Эски» автотранспорт каражаттарын ташып келүүнү чектөө максатында, 2008-жылдын аягында чыгаруу жылы 13 жылдан ашык болгон автомобилдер үчүн бирдиктүү бажы алымынын жана салыктардын ставкалары 11 эседен көбүрөөк жогорулатылган бул чара оң эффектти берди. Ошентип, 2008-жылга салыштыруу боюнча 2009-жылы 10 жылдан мурдагы автомобилдерди ташып келүү 4 эсеге кыскарган. 2012-жылы жеңил автомобилдер боюнча 10 жылдан мурдагы автомобилдерди ташып келүүнүн төмөндөшүнүн оң тенденциясы белгиленди, алар жалпы ташып келүүнүн 46,3% түзгөн (2008-жылдагы 93,4% караганда) жана айрыкча «жаңы» делген пайдалануу жашы 5тен 10 жылга чейинки автомобилдерди ташып келүү жогорулаган жана 50,8 % түзгөн.

Парник газдарынын бөлүп чыгарылышынын жогорулашын пайда кылуучу автомобиль транспортунун паркынын эскириши; өлкөнүн калктуу конуштарынын маршруттук каттам менен толук эмес камтылышы; автомобиль тармагынын бирдиктүү саясатын жүргүзүү үчүн мыйзамдык базанын жетишсиз өнүгүүсү автомобиль транспорт секторунун көйгөйлөрү болуп саналат.

Узактыгы 424,6 км болгон кыргыз темир жолу географиялык ажыратылган эки участок менен сунушталган жана темир жол транзитинин жоктугу менен мүнөздөлөт. 323,4 км түндүк участогу Балыкчы-Луговая (Казакстан) жана түштүк участогу - 101,2 км. Акыркы жылдары темир жол транспорту менен жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну талдоо жүк жүгүртүү боюнча көрсөткүчтүн жогорулашы жана жүргүнчүлөрдү ташуунун төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Республикада темир жолунун жүк жүгүртүү жана жүргүнчүлөрдү ташуу көрсөткүчтөрү транспорттун башка түрлөрүнө салыштыруу боюнча республиканын аймагы аркылуу өтүүчү темир жол каттамы системасынын жоктугунан улам төмөн болууда. Темир жол секторунун көйгөйлөрү болуп республиканын түндүгүндө жана түштүгүндө темир жолдун ажыратылган участоктору, иш жүзүндөгү темир жолдук транспорттук-коммуникациялык туюктан улам, темир жолдун транзиттик мүмкүнчүлүгүнүн өнүкпөгөндүгү саналат.

Жарандык авиация республикадагы транспорттун тез, ыңгайлуу жана кээ бир учурларда, Кыргыз Республикасынын рельефи тоолуу болуп саналгандыгын эске алганда, эң керектүү түрү болуп саналат. Соңку 5 жылда 2008-жылдан тартып 2012-жылга чейин жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмүнүн 17%га өсүшү байкалууда. Ушул эле мезгилде жүк ташуу көлөмүнүн 2% төмөндөшүндө 2011-жылдан тартып жүк ташуу көлөмүнүн өсүшү байкалууда жана 2012-жылы ал 22%ды түздү. Кыргыз Республикасында 4 эл аралык («Манас», «Ош», «Ысык-көл», «Кара-Кол») жана 7 ички («Исфана», «Баткен», «Жалал-Абад», «Кербен», «Нарын», «Казарман», «Талас») аэропорттору бар. Азыркы учурда эл аралык учуулар «Манас» жана «Ош» аэропортторунда гана туруктуу жүргүзүлүүдө. Ички аба линиялары боюнча туруктуу учуулар 4 аэропортто гана аткарылат: «Ош», «Исфана», «Баткен», «Жалал-Абад». Калган жергиликтүү аэропорттор жүргүнчүлөрдүн агымынын жоктугунан улам, туруктуу учууларды аткарбайт.

Жарандык авиация секторунун көйгөйлөрү болуп түйүндүк эл аралык транзиттик аэропортко (хаб) кайра түзүү үчүн «Манас» эл аралык аэропортунун инфраструктурасынын жетишсиз өнүгүүсү (аэровокзалдын имараты, аба кемелерин жер үстүндө тейлөө каражаттары) эсептелет. Ошондой эле, кээ бир эл аралык жана бардык ички аэропорттордун инфраструктурасы жана техникалык мүнөздөмөлөрүнүн абалдары (учуп-конуу тилкелердин, рулеждик жолдордун, туруучу жайлардын жана аэродромдун башка түзүүчүлөрүнүн, аэродромдун имараты, аба кемелерин

жер үстүндө тейлөө каражаттары) азыркы учурдун шарттарына жооп бербейт. Республиканын аэропортторунда жана аймагында орнотулган аэронавигациялык жабдуунун көпчүлүк бөлүгү заттык жана моралдык жактан эскирген.

Транспорт инфраструктурасынын жана курчап турган чөйрөнүн артыкчылыктары төмөнкүлөр болот:

Биринчи артыкчылык: республиканын жолдорунун ички тарамын жакшыртуу транспорт жактан көз карандысыздыгын камсыз кылуу төмөнкү милдеттерди чечүү аркылуу алга жылдырылат:

Көпчүлүк пайдалануучу жолдордун ремонту жана кармоо боюнча биринчи милдет: (i) көпчүлүк пайдалануучу жолдордун ремонту жана кармоо боюнча долбоордук документтерди, иштердин ар жылдык пландарын түзүү; (ii) ар жыл сайын 150 км аралыктан кем эмес асфальт бетонду төшөө; (iii) ар жыл сайын узундугу 300 км жогору үстү бодуракай түзүлүш; (iv) жол-пайдалануучу ишкана үчүн жол-курулуш техниканы сатып алуу жана камсыз кылуу.

Экинчи милдет болуп жол секторун реформалоо болот, аны төмөнкү чаралар аркылуу чечүү пландаштырылууда: (i) республиканын жол секторун реформалоо боюнча иш-чаралардын планын даярдоо жана кабыл алуу; (ii) ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу, киргизүү; (iii) жол секторунда институционалдык реформаларды өткөрүү.

Жолдордун ички тарамын жакшыртуу боюнча милдет болуп альтернативалуу акы төлөнүүчү жолдорду куруу үчүн шарттарды түзүү болот. Бул милдетти аткаруу үчүн төмөнкү чаралар кабыл алынат: (i) «Акы төлөнүүчү жолдор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы иштелип чыгат жана кабыл алынууга сунушталат жана (ii) акы төлөнүүчү жолдорду куруу үчүн потенциалдуу инвесторлорду тартуу боюнча донорлор жана эл аралык уюмдар менен иш жүргүзүлөт.

Жолдордун транспорт жактан көз карандысыздыгын камсыз кылуу боюнча милдет болуп коңшу мамлекеттердин аймагын айланып өтүү менен авто жолдорду куруу жана реабилитациялоо болот. Ушул милдетти аткаруу үчүн: (i) Айгул-Таш-Согмент-Таян, Бел-Согот-Бөжөй, Көкташ-Аксай-Тамдык, Көкташ-Аксай-Актатыр авто жолдорун жана Кулунду-Максат авто жолунда эки көпүрөнү куруу боюнча иштер аткарылат.

Экинчи артыкчылык боюнча, эл аралык автомобилдик транспорттук коридорлорду реабилитациялоо жана товарлардын жана кызматтардын региондук рынокторуна жетишүүнү камсыздоо үчүн эл аралык транспорттук коридорлорду реабилитациялоо милдети коюлган (5-тиркеме).

Бул милдетти аткаруу үчүн: (i) эл аралык коридорлорду реабилитациялоонун долбоордук-сметалык документтери жана техникалык-экономикалык негиздеме иштелип чыкты, инвестицияларды тартуу боюнча донорлор менен сүйлөшүүлөр өткөрүлдү жана макулдашылды, макулдашуулар жана аларды ратификациялоо даярдалды.

(ii) Бишкек-Нарын-Торугарт, Ош-Баткен-Исфана, Суусамыр-Талас-Тараз (75тен 105 км чейинки участок) жана Кара-Кол-Түп-Кеген коридорлору боюнча түзүлгөн макулдашууларга жана контракттарга ылайык эл аралык транспорттук коридорлорду реабилитациялоо ишке ашырылат. Ошондой эле, Бишкек-Балыкчы (147ден 172 км чейинки участок), Бишкек-Ош (4-фаза), Баткен-Исфана-Худжанд (Тажикстан Республикасынын чек арасына чейин) авто жолдорун реабилитациялоо боюнча долбоорлор даярдалат жана ишке ашырылат.

Зыяндуу бүркүндүлөрдү минималдаштыруу менен автомобиль транспортун туруктуу өнүктүрүүнүн автотранспорттук кызмат көрсөтүүлөрүн камсыз кылуунун шарттарын түзүү боюнча үчүнчү артыкчылык.Төмөнкүлөр аркылуу автомобиль транспорту менен зыяндуу нерселердин анын ичинде парниктик газдарды бүркүүнү минималдаштыруу боюнча милдет чечилет: (i) автомобиль транспорту менен парниктик газдарды бүркүлүшүн азайтууга багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу; (ii) автомобиль транспорту менен парниктик газдарды бүркүүнү төмөндөтүү боюнча чаралар жөнүндө кактын маалымдуу болушун жогорулатуу үчүн тегерек столдор туруктуу негизде өткөрүлөт.

Автобустук маршруттук тарамды өнүктүрүү боюнча экинчи милдетти чечүү үчүн төмөнкү чаралар аткарылат: (i) автомобилдик жүргүнчүлөрдү ташуу жаатында ченемдик укуктук актылар иштелип чыгат; (ii) республиканын калктуу конуштарына жаңы маршруттук каттамдар коё берилет, ошондой эле (iii) аларды тейлөө үчүн автоташуучуларды аныктоого конкурстар өткөрүлөт.

Темир жолдун транзиттик мүмкүнчүлүктөрүн түзүү боюнча төртүнчү артыкчылык. Транзиттик мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жол магистралынын курулушунун долбоорун алга жылдыруу боюнча милдет чечилет. Ушул милдетти чечүү үчүн (i) техникалык-экономикалык негиздеменин иш документтери кабыл алынат, ички долбоорлоо стандарттарына техникалык–экономикалык негиздеменин шайкеш келүүсүнө талдоо жүргүзүлөт жана темир жол магистралын куруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштар киргизилет; (ii) потенциалдуу инвесторлор менен сүйлөшүүлөр өткөрүлөт жана темир жол колеясынын кендигин аныктоочу техникалык стандарттар маселеси боюнча, ошондой эле долбоорду каржылоо боюнча чечимдер кабыл алынат (iii) макулдашууларды макулдашуу жана аларды кабыл алуу ишке ашырылат, ошондой эле (iv) Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол магистралынын курулушун баштоо каралууда.

Өлкөнүн транзиттик мүмкүнчүлүгүн түзүү үчүн өлкөнүн түндүн жана түштүк темир жол каттамдарын бириктирүү боюнча милдет чечилет. Бул милдетти аткаруу үчүн төмөнкү иш-чаралар жүзөгө ашырылат: (i) өлкөнүн түндүгүн жана түштүгүн бириктирүүчү темир жолду куруу боюнча ТЭНин иштеп чыгууну каржылоо үчүн эл аралык институттар

жана башка уюмдар менен сүйлөшүүлөр өткөрүлгөн. (ii) Ошондой эле Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол магистралынын курулушу башталгандан кийин экологиялык стандарттардын талаптарын сактоо менен темир жолду куруу боюнча ТЭНин иштеп чыгуу каралууда. (iii) Мындан тышкары, өлкөнүн түндүгүн жана түштүгүн бириктирүүчү темир жолдун курулушун каржылоонун булактарын аныктоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

Учуулардын коопсуздугун камсыздоо боюнча бешинчи артыкчылык эл аралык жана ички аба ташууларынын тарамын кеңейтүү жана жарандык авиацияны туруктуу өнүктүрүү. Кыргыз Республикасынын ата транспортунун транзиттик мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү боюнча милдет чечилет. Бул милдетти чечүү үчүн: (i) «Манас» эл арылык аэропортун өнүктүрүү жана Эл аралык транзиттик аэропортко (авиатранспорттук хаб) өзгөртүп түзүү планы иштелип чыгат жана (ii) ушул Пландын ТЭНи даярдалат.

Ички жана эл аралык авиаташууларды өнүктүрүү боюнча милдетти чечүү үчүн: (i) «Ош», «Ысык-Көл» эл аралык аэропортторун реконструкциялоонун ТЭНи иштелип чыгат (жаңыртылды) жана аларды реконструкциялоону жана модернизациялоону ишке ашыруу үчүн инвестициялар тартылат. Ошондой эле, (ii) жергиликтүү аэропортторду Реконструкциялоо планы, ТЭНи иштелип чыгат жана аларды реконструкциялоо жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары (iii) заманбап аба кемелерин жана алардын запастык бөлүктөрүн ташып келүүгө жана Кыргыз Республикасынын авиакомпанияларынын аба кемелеринин паркын жаңыртууну колдоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында ченемдик укуктук актыларга оңдоолорду жана/же толуктоолорду киргизүү каралат.

Аба каттамын тейлөөнүн улуттук системасынын аэронавигациялык жабдуусун модернизациялоо боюнча милдетти чечүү үчүн: (i) аба каттамын тейлөө системасынын аэронавигациялык жабдуусу сатып алынат жана жаңыртылат, (ii) «Манас» аэропортунда командалык-диспетчердик пунктун (КДП) курулушу аякталат.

### 8.9. Байланыш, маалыматташтыруу жана электрондук мамлекеттик башкарууну ишке киргизүүнү өнүктүрүү

Учурдагы абалды талдоо. Кыргыз Республикасында бардык жерлерде телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүнүн ар түрдүү түрлөрү жайылтылууда. Интернет тарамын пайдалануучулардын саны 2012-жылы 3,2 млн. абонентке жеткен. Мобилдик байланыштын абоненттеринин санын 6,3 млн. адам түзгөн (100 тургунга 113 кошулуу). Мобилдик байланыш рыногу өнүгүүнүн сандык мүнөзүнөн клиенттерди тартуунун сапаттуу деңгээлине өтүүдө. Мындай тенденциянын натыйжасында уюлдук операторлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө карата тарифтери КМШ

өлкөлөрүнүн арасында эң төмөндөрдүн бири бойдон калууда. Электр байланыштын эл аралык союзунун санариптик планына ылайык 2015-жылдын 17-июнуна чейин өлкөдө санариптик берүүгө өтүүнү аяктоо зарыл. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасында санариптик берүүгө өтүү жөнүндө программа кабыл алынган жана санариптик телерадиоберүү тарамынын курулушу башталган. Коомду маалыматташтыруунун заманбап процесстери калкка маалымат берүүнүн транспорттук чөйрөсү катары телекоммуникациялык инфраструктуранын аракеттенишинин сапатына жана натыйжалуулугуна айрыкча жогорку талаптарды коюуда. 2012-жылдын аягына «Санариптик келечек» телекоммуникациялык долбоордун алкагында маалыматтарды кеңири тилкелүү берүү боюнча керектүү жабдууну орнотуу менен байланыштын магистралдык була-оптикалык линияларынын (мындан ары-ББОЛ) курулушу аяктаган, өлкөдө ББОЛдун жалпы узундугу 2444 км түздү. Почта байланыш рыногу өлкөдө «Кыргыз почтасы» МИ жана 6 коммерциялык почта операторлору менен сунушталган. Өлкөдө почта кызматынын айрыкча кеңири спектрин «Кыргыз почтасы» МИ көрсөтөт, ал республика боюнча 923 почта бөлүмдөрү менен эң эле бутактанган тарамга ээ. Почта байланышы ири социалдык жүктү алып жүргөндүгүнө карабастан, өлкөнүн калкынын кеңири катмарына кызматтарды көрсөтүү менен, 2012-жылы «Кыргыз почтасы» МИнин дүң кирешеси 2003-жылга салыштырганда 4,3 эсеге жогорулады жана 506,9 млн. сомду түздү.

Ошону менен бирге, маалыматташтыруу чөйрөсүндө жана байланыш тармагында көптөгөн көйгөйлөр бар, атап айтканда: (i) мамлекеттик сектордо маалыматтык технологияларды өнүктүрүү процесстери алсыз, электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү жана мамлекеттик маалыматтык ресурстарды жана системаларды интеграциялоо механизмдери жок, ведомстволордо ар түрдүү технологиялык чечимдер пайдаланылат, бул "Электрондук өкмөттү" ишке киргизүүгө тоскоол болууда; (ii) өлкөнүн мамлекеттик органдарында мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар электрондук түрдө көрсөтүлбөй жатат; (iii) республиканын аймагын санариптик телерадио берүү менен начар камтылышы, теле көрсөтүү жана радио берүүнүн айыл жергесиндеги абалы бүгүнкү күндөгү техникалык талаптарга жооп бербейт; (iv) республиканын региондорунун телекоммуникациялык инфраструктурасынын бирдей эмес өнүгүүсү; (v) байланыштын почта кызматтарын көрсөтүүнү автоматташтыруунун төмөн деңгээли жана почта байланышынын инфраструктурасынын начар өнүгүүсү.

Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн Кыргыз Республикасында байланыш инфраструктурасын курууну жана өнүктүрүүнү улантуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды электрондук түрдө натыйжалуу сунуштоо максатында «Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын электрондук Өкмөтү» системасын ишке киргизүүнү камсыздоо зарыл.

Байланыш кызматын жана маалыматтык кызматтарды туруктуу өнүктүрүү төмөнкү артыкчылыктуу багыттар боюнча ишке ашырылат: (i) «Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын электрондук Өкмөтү» системасын ишке киргизүү; (ii) санариптик телерадиоберүүгө өтүү; (iii) өлкөнү региондорун байланыштын магистралдык волокоонно-оптикалык линиялары менен камсыздоо; (iv) калкты тейлөөнүн сапатын жогорулатуу жана республиканын бардык аймагында почта байланышынын бөлүмдөрүндө кызмат көрсөтүүнүн спектрин көбөйтүү; (v) МКТ каражаттарынын жардамы менен экологиялык жана маалыматтык туруктуулукту камсыздоо; (vi) байланыш тарамында атаандаштык рынокту өнүктүрүү максатында радио жыштыктын спектрин натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо.

«Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын электрондук Өкмөтү» инфраструктурасын, анын архитектуралык курулушунун принциптерин жана чараларын сактоону эске алуу менен ишке киргизүү жана өнүктүрүү төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат: (i) «Электрондук Өкмөттү» өнүктүрүү жана модернизациялоо концепциясынын долбоорун жана тиешелүү ченемдик укуктук актыларды (регламенттер, стандарттар ж.б.) иштеп чыгуу, анын ичинде өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча; (ii) “Электрондук Өкмөттүн” мамлекеттик интернет-порталын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; (iii) маалыматтык ресурстарга аларды интеграциялоо жолу менен бирдиктүү жетишүүнүн камсыз кылуу максатында маалыматтарды иштетүү боюнча интеграцияланган маалыматтык борборду түзүү; (iv) мамлекеттик башкаруу органдарынын бирдиктүү маалымат коммуникациялык чөйрөсүн түзүү жана анын негизинде мамлекеттик кеңири тилкелүү телекоммуникациялык транспорттук тарамды түзүү.

Санариптик телерадио берүүгө өтүү боюнча артыкчылыктуу багыттын алкагында окшош өткөргүчтөрдү жана жабдууну модернизациялоо жана алмаштыруу, ошондой эле төмөнкүлөр аркылуу энергия үнөмдөөчү жабдууну пайдалануу менен калкка сапаттуу теле көрсөтүү жана радио берүүнү сунуштоо камсыздалат: (i) өлкөнүн калкынын эркин жетүүсүн камсыз кылуу шарты менен милдеттүү телерадио каналдарды таркатуу үчүн санариптик жер бетиндеги берүү тарамдарын тургузуу; (ii) калктын социалдык жаткан корголбогон катмарын окшош сигналдарын санариптикке өзгөртүүчү атайын санариптик колдонмолор менен камсыз кылуу; (iii) санариптик технологияларга өткөрүү боюнча облустук телерадио компанияларды кошкондо, мамлекеттик телерадиоберүү компанияларынын инфраструктурасын модернизациялоодо көмөк көрсөтүү; (iv) цифралык берүүнү ишке киргизүү боюнча тиешелүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу.

Магистралдык ББОЛду куруу долбоорун ишке ашыруу жана заманбап жабдууну орнотуу жолу менен өлкөнүн бардык региондору

кеңири тилкелик телекоммуникациялык транспорттук тарам менен бириктирилет, бул маалыматты ишенимдүү, так жана өз убагында ташып жеткирүү, ошондой эле, маалыматтарды берүүнүн көлөмүн жана тездигин жогорулатуу мүмкүндүгүн сунуштайт.

Калкты тейлөөнүн сапатын жогорулатуу жана өлкөнүн бардык аймагында почта байланыш бөлүмдөрүндө кызмат көрсөтүүнүн спектрин жогорулатуу боюнча артыкчылыктуу багыт «Кыргызпочтасы» МИнин базасында алыскы калктуу конуштарды милдеттүү камтуу менен почта-финансылык жана башка кызматтарды көрсөтүүчү почта-сактык системасын түзүү боюнча милдетти камтыйт. «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасын мындан ары өнүктүрүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: (i) институттук реформаны өткөрүү үчүн ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу; (ii) негизги жана өндүрүштүк фонддорду модернизациялоо жана жаңыртуу; (iii) МКТ колдонуу менен почта-банктык, почта-финансылык жана башка кызматтардын спектрин кеңейтүү.

МКТ каражаттарынын жардамы менен экологиялык жана маалыматтык туруктуулукту камсыздоо максатында «Электрондук Өкмөттүн» мамлекеттик интернет-порталынын базасында таза суу, таза аба менен камсыздоо, ресурстарды сактоо, энергия үнөмдөө жана тамак-аш коопсуздугу көйгөйлөрү боюнча калкты агартуу үчүн эскирген жабдууну, электрондук өнөр жайдын продуктыларын натыйжалуу утилдештирүү жана экологиялык туруктуулук тууралуу маалымат менен «Жашыл экономика жана МКТ» интерактивдүү веб-ресурс иштелип чыгат.

Байланыш тармагында атаандаштык рыногун өнүктүрүү максатында радио жыштыктын спектрин натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо боюнча артыкчылыктуу багыттын алкагында төмөнкү милдеттер чечилет: (i) радио электрондук каражаттардын жана жогорку жыштык орнотмолордун электро магниттик сыйышкычтыгын камсыз кылууга багытталган радио мониторинг системасынын камтуу зоналарын кеңейтилген; (ii) улуттук радио жыштык спектрин эл аралык-укуктук коргоо камсыздалган; (iii) радио жыштык спектринин кепилденген тазалыгы жолу менен телекоммуникациялык рыноктун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатылган.

Бул милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү чаралар кабыл алынат: (i) 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында радио мониторинг системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын иштеп чыгуу; (ii) радио жыштык спектрин башкаруу процесстерин автоматташтыруу; (iii) Кыргыз Республикасынын аймагында байланыштын жаңы технологиялары боюнча мамлекеттик стандарттарды жана техникалык регламенттерди колдонууга киргизүү; (iv) 2017-жылга чейин 11 стационардык жана 5 мобилдүү радио контролдук станциялардан турган радио мониторингдин мамлекеттик системасын ишке киргизүү.

## IX. РЕГИОНДОРДУ ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ

## ӨТКӨРҮҮ САЯСАТЫ

Максаты: 2017-жылга карата Кыргыз Республикасынын региондору туруктуу өнүктүрүүгө өтүү үчүн зарыл потенциалга ээ болот.

Учурдагы абалды талдоо. Кыргызстанда көз карандысыздыктын 22 жыл аралыгында региондук саясат калыптанган жок. жергиликтүү деңгээлде башкаруунун натыйжалуу системасы түзүлгөн жок, мамлекеттик башкарууда административдик мамиле басымдуулук кылган, ал ЖӨБО жөнүндө мамлекеттик машинанын төмөнкү деңгээли катары түшүнүктү калыптандырган. Кай бир маселелерин кошпогондо, жергиликтүү жамааттардын өнүгүү маселелеринде ЖӨБО өз ресурстары жана мүмкүнчүлүктөрүнө таянбастан, күтүүчү позицияны ээлешүүдө.

Региондордун жана жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүнүн мурда иштелип чыккан стратегиялары региондорду комплекстүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу аракеттери көрүлгөн көптөгөн артыкчылыктарды камтыган. Бирок, ресурстардын жетишсиздиги жана тармактык саясатчылар менен координациялоонун шартында алар толук көлөмдө ишке ашырылышы мүмкүн эмес эле жана жергиликтүү деңгээлде кырдаал татаал бойдон калууда.

Аймактардын 20%ы гана дотациялык эмес болуп саналат. Калган 80%ы – дотациялык аймактар, алардын өз кирешелери бюджеттердин чыгаша бөлүгүн жабуу үчүн жетишсиз. Бул мыйзамдар менен аныкталган 22 берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын ичинен көпчүлүк бөлүгү чектелүү режимде аткарылат, ал эми кай бири таптакыр аткарылбайт, мисалы, экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу, ичүүчү суу менен камсыз кылуу, жергиликтүү жолдордун иштешин камсыз кылуу ж.б.

Мунун бардыгы калкка берилүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө, өзгөчө калктын аялуу бөлүгү аялдар, балдар жана жаштар кыйла болуп санаган чакан шаарларда жана айылдарда кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына терс таасирин тийгизет.

Региондордун инфраструктуранын чектелүүлүгү жана эскилиги сыяктуу көйгөйлөрү актуалдуулугун жогото элек. Жергиликтүү бюджеттердин абалы өнүгүү процесстерин баштоого жана аларды башкарууга мүмкүндүк бербейт. Мындай абал социалдык чыңалууну жаратат.

Экономикалык саясаттын тармактык принциптери региондордун экономикасына алгылыктуу структуралык жылыштарды алып келген жок. Негизги өндүрүштүк кубаттуулуктарды текши эмес жайгаштыруу региондук өнүгүүдө диспропорцияны күчөттү: ИДП 77,4%ы Бишкек шаарынын, Чүй, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын региондук дүң продуктысынын эсебинен түзүлөт. Иштин мындай абалы чек арага чектеш коомчулукту депрессивдүү аймактарга айлантуу менен, алардын өзүнчө проблемаларын жаратат..

Болгон шарттар, анын ичинде ири өнөр жай обьекттеринин региондор боюнча бирдей эмес бөлүштүрүлүшү, тармактык жана географиялык өзгөчөлүгү, кредиттөөнүн натыйжалуу эмес системасы жана башкалар региондордо иштиктүү активдүүлүккө дем бербейт, бул өз кезегинде эмгекке татыктуу акы төлөө менен жетиштүү сандагы жумушчу орундарды түзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Кыргызстанда бир катар ченемдик-укуктук актылар[32] кабыл алынгандыгына байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүгө баштады, ал жергиликтүү жамааттардын жана анын мүчөлөрүнүн жашоо-турмушун камсыз кылууда улам кыйла маанилүү ролду ойной баштады. Ошол эле убакта колдонуудагы ченемдер толук кандуу децентралдаштыруу, анын ичинде фискалдык децентралдаштыруу аркылуу зарыл шарттарды камсыз кылбайт.

Болгон салык эрежелери чек арага чектеш жана депрессивдүү аймактардын өнүгүүсүн, “экологиялык таза” технологияларды киргизүүнү жана жумушчу орундарын түзүүнү шарттабайт.

Региондорду туруктуу өнүктүрүүгө кошуу саясаты башкаруунун региондук структураларынын жана ЖӨБОнун кызматкерлеринин потенциалын бекемдөөнү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын дараметин көтөрүүнү, гендердик стереотиптерди четтетүүнү талап кылат.

Жергиликтүү деңгээлдеги бүгүнкү кырдаал кадрлардын көп кетүүсү, кесипкөй кадрлардын жетишсиздиги, муниципалдык кызматчылар үчүн мансаптык келечектердин жоктугу менен мүнөздөлөт. Жергиликтүү деңгээлде башкаруучулук структуралардын курамындагы гендердик айырмачылыкты өзгөчө белгилеп кетүү керек.

Региондогу жакырчылыктын олуттуу кесепети болуп ички жана тышкы миграция саналат. Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин алдындагы Ишке орноштуруу борборунун баа берүүлөрү боюнча 2012-жылы Кыргызстандын 700 миңден кем эмес жараны чет өлкөлөрдө акча табуу үчүн жүрүшкөн. Ошондой эле айылдардан шаарга, өзгөчө Бишкекке ички миграциянын деңгээли жогору, ал жакка ички мигранттардын 26%ы келишет. Региондордон борборго жана өлкөлөргө калктын активдүү агымы дээрлик бардык тармактарда квалификациялуу адистердин жетишсиздигин, социалдык жетимчиликти, чек арага чектеш аймактардын бош калуусуна алып келет.

Өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөр жөнүндө, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги актуалдуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча башкаруу органдарынын күч-аракеттери жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги бийликке ишенбөөчүлүк кырдаалды жана социалдык адилетсиздик сезимин жаратат.

Региондук өнүктүрүү проблемаларынын чечилбегендиги жергиликтүү деңгээлде чечилүүгө тийиш инвесторлор менен коомчулуктун ортосундагы чыр-чатакка алып келет. 2012-жылы гана 9 олуттуу чыр-чатак болгон, алар региондордун экономикалык потенциалын

өстүрүүгө тоскоол болот, мисалы, Кум-Төрдүн айланасындагы, Баткен облусунун Шамбесай жана Обдилля кен чыккан жерлердеги чыр-чатактар, Кемин, Чоң-Алай райондорундагы жана башка райондордогу чыр-чатактар. Башка мисалга Кара-Балтадагы мунай кайра иштетүүчү заводдун айланасындагы кырдаалды келтирсе болот.

Региондук өнүктүрүүгө ар түрдүү ресурстарга ээ жана өз демилгелерин жүзөгө ашырган жарандык коомдун институттары азырынча толугу менен киргизиле электигин белгилеп кетсе болот.

Региондордун туруктуу өнүгүүсү өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Региондорду туруктуу өнүктүрүүгө өтүү үчүн негиздер бар жана алар региондук туруктуу өнүктүрүүнүн процесстерин ишке киргизүү үчүн колдонулат: (i) өнүгүүнүн негизги ресурсу – ийкемдүү ой-жүгүртүүсү бар, тез көнүккөн, толеранттуу, эмгекти сүйө билген, демилгелүү, билимдүү, жаратылышты түшүнгөн, патриот жана эркин адам, өлкөнүн жараны; (ii) реформаларды жүргүзүү үчүн саясый эрк, өлкөнүн жетекчилигинин жана коомдук-саясый топтордун туруктуу өнүгүү принциптерин жактоочулук; (iii) кээ бир шилтемелери бар бирок регионду туруктуу өнүктүрүү процесстерин ишке киргизүүгө мүмкүндүк берген мыйзамдар,; (iv) өнүгүүдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана башкаруунун башка институттары; (v) энергетика жана кен-казуу тармактары гана эмес, инвестициялар үчүн жагымдуу долбоорлор; (vi) ички жана тышкы рыноктордо талап кылынган жана облустардын, райондордун жана айрым коомчулуктардын бренддерин түзүүгө жөндөмдүү региондук кээ бир продуктылардын болушу; (vii) эң оболу, тоолуу уникалдуу экосистемалар; өлкөнүн ар кандай эл аралык бирикмелерге катышуусу жана башкалар.

Региондордун туруктуу өнүктүрүүгө өтүү региондордогу иштин реалдуу абалын эске алган жана рыноктук адистешүүгө, региондор аралык соода-сатыкка жана ар бир региондун экологиялык, социалдык жана саясый өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө негизделген саясаттын чараларын камтыйт.

Аларга таянуу региондун потенциалын бекемдөө, алардын финансылык өз алдынчалуулугун, экологиялык артыкчылыктарын сактоо, туруктуу өнүктүрүүнүн “локомотиви” – региондук экономикалардын артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүүнүн эсебинен калктын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатууну камсыз кылуу үчүн кайталангыс мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Бул Программа Административдик-аймактык реформалоонун концепциясы менен каралган аймактарды жана облустарды оптималдаштыруу процессинде болуучу өзгөрүүлөрдү эске алат жана 2017-жылга карата региондун чек араларын административдик менен сөзсүз түрдө эле дал келбеген экономикалык бирдик катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Артыкчылыктуу багыттар. Коюлган максаттарга жетишүү үч артыкчылыктуу багыттарда ишке ашырылат: (i) туруктуу экономикалык өнүктүрүүгө өтүү этабында натыйжалуу башкаруу. (ii) региондук экономиканын өнүгүшүн башкаруу. (iii) социалдык өнүгүүнү башкаруу.

Туруктуу региондук өнүктүрүүгө өтүү этабында натыйжалуу башкаруу боюнча артыкчылыктуу багыт төмөнкү милдеттерди чечүүгө топтолот: (i) туруктуу региондук өнүктүрүүнү башкаруу үчүн ченемдик-укуктук шарттарды түзүү, (ii) туруктуу өнүктүрүүнү башкаруу үчүн региондук башкарууну бекемдөө.

Туруктуу региондук өнүктүрүүнү башкаруу үчүн ченемдик-укуктук шарттарды түзүү боюнча биринчи милдет төмөнкүлөр боюнча чараларды камтыйт: (i) «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун функцияларын, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин так бөлүштүрүү үчүн башка ченемдик укуктук актыларга оңдоолорду киргизүү; (ii) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү; (iii) берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл материалдык, финансылык жана башка каражаттарды иштеп чыгуу жана бекитүү; (iv) региондордун бюджеттик жактан камсыздуулугун теңдөөнү, ЖӨБОго чоң ийкемдүүлүктү жана финансылык өз алдынчалуулукту берүүгө мүмкүндүк берүүчү категориалдык жана теңдөөчү гранттардын эсебинин жаңы ачык-айкын методиканы иштеп чыгуу, (v) жаратылыш капиталынын бардык функцияларын сактоону жана сарамжалдуу пайдалануунун колдоочу натыйжалуу экономикалык механизм, энергиянын калыбына келтирүүчү булактарын, экология жагында энергияны сактоочу курулушту жана изилдөөлөрдү колдонуунун экономикалык стимулу болуп саналган экосистемалык кызмат көрсөтүүлөр үчүн фискалдык жыйымдарды киргизүү.

Бул артыкчылыктын экинчи милдети - туруктуу өнүгүүнү башкаруу үчүн региондук потенциалды бекемдөө төмөнкү чаралар менен камсыз кылынат: (i) туруктуу өнүктүрүүгө өтүүгө умтулган коомчулуктарда калктын керектөөлөрүн, чектөөлөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана каалоолорун талдоо, (ii) өлкөнүн ар бир регионунда ишке киргизилүүчү улуттук долбоорлор менен байланышта коомдук башкаруу ресурстарын киргизүү боюнча региондук долбоорлорду ишке ашыруу жана пилоттоо, (iii) аялдарга жана жаштарга басым кылуу менен “жашыл” жумушчу орундарын долборлоо боюнча методикалык сунуштарды даярдоо, (iv) модулду иштеп чыгуу жана туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнүн мазмунуна жана башкаруу методдоруна мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды системалуу окутуу, (v) ар бир региондун күчтүү жактарын жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өнүгүүнүн долбоордук-максаттуу моделин киргизүүнү эске алып, жергиликтүү бюджеттерди орто мөөнөттүү пландаштырууну киргизүү жана аларды аткаруу үчүн ресурстарды топтоо.

Мамлекеттик саясаттын башка артыкчылыгы болуп региондук экономиканы өнүктүрүүнү башкаруу болуп саналат, ал төмөнкү милдеттерди карайт: (i) региондордун өнүгүшүн мамлекеттик жөнгө салуунун рыноктук принциптерин кеңири киргизүү, ар бир регион үчүн “локомотив” катары региондук экономикалардын артыкчылыктуу багыттарын пайдаланууну ченемдик укуктук жактан камсыз кылуу, (ii) региондук экономикалык өнүгүү үчүн кызыкчылыктарды макулдашуу.

Биринчи милдетти чечүүнүн алкагында төмөнкү чаралар көрүлөт: (i) жергиликтүү өнүгүүнүн “локомотиви” болушу мүмкүн болгон башкы салттуу артыкчылыкты аныктоо үчүн региондук изилдөөлөрдү жүргүзүү, (ii) ар бир регион, ар бир шаар жана айылдык аймак үчүн туруктуу өнүгүүгө өтүү стратегиясын (изилдөөлөрдүн натыйжаларынын негизинде) иштеп чыгуу, анда туруктуу өнүгүүнүн орто жана узак мөөнөттүү келечектери жана экономикалык өсүш үчүн потенциал белгиленет, региондук долбоорлорду жылдыруу аркылуу тармактык жана секторалдык программаларды координациялоо, чек арага чектеш жана депрессивдүү зоналарда жумушчу орундарын, экологиялык жактан жагымдуу эмес аймактарда турган тургундарды колдоо үчүн өзгөчө чараларды түзүү, ар бир облустун, райондун жана айылдын атаандаштык артыкчылыктарын, анын ичинде агрардык региондо экологиялык жактан таза продукцияны кошо алганда колдонуу, (iii) ресурстук потенциалды жана климаттык өзгөчөлүктөрдү эске алуучу региондорду туруктуу өнүктүрүүнүн долбоордук-максаттуу моделин ишке киргизүү, анда өлкө ичинде да, ошондой эле андан сырткары да, ар бир облустун, райондун, айылдын атаандаштык артыкчылыктары, анын ичинде экологиялык жактан таза продукцияны өндүрүүнү кошо алганда максималдуу киргизилет. (iv) бюджеттик жана бюджеттен сырткары каражаттарды координациялоо жана мобилизациялоо үчүн жер-жерлердеги мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун жоопкерчиликтерин аныктоо бөлүгүндөгү мыйзамдардын ченемдерин тактоо, бул региондогу артыкчылыктуу тармактарды колдоо үчүн ресурстарды топтоого мүмкүнчүлүк берет, (v) ар бир региондо туруктуу өнүгүү долбоорлорун, анын ичинде ар бир региондо мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде жүзөгө ашырылуучу долбоорлорду колдоо үчүн жергиликтүү коомчулуктардын фонддорун түзүү, (vi) чек арага чектеш жана депрессивдүү аймактарда жумушчу орундарды түзүү үчүн максаттуу ресурстук колдоо.

Экинчи милдет – региондук экономикалык өнүгүү үчүн кызыкчылыктарды макулдашуу төмөнкү чараларды камтыйт: (i) мыйзамдарга ак ниет инвесторлор үчүн жагымдуу шарттарды камсыз кылуу үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана ЖӨБОнын жоопкерчилигин жогорулаткан ченемдерди киргизүү, (ii) инвесторлор иштеп жаткан аймактарда, эң оболу коомчулуктарда ар кандай деңгээлдеги чыр-чатактарда медиацияны колдонууну кеңейтүүгө багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу, (iii) чечимдерди

кабыл алуу процессинде туруктуу өнүгүүнүн мазмунун жана жарандык катышуунун маанилүүлүгүн түшүнүүнү түзүүгө багытталган коомчулукта туруктуу маалыматтык компанияларды жүргүзүү, (iv) Корпоративдик социалдык жоопкерчиликтин типтүү кодексин иштеп чыгуу, ал региондордо иштеп жаткан компанияларга сунуш кылынат.

Региондордун туруктуу өнүктүрүүгө өтүү саясатынын үчүнчү артыкчылыгы – социалдык өнүктүрүүнү башкаруу – ал эки милдетти камтыйт: (i) мамлекеттик органдардын, ЖӨБОнын жана жарандык коомдук институттардын туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнү башкаруу үчүн өз ара аракеттенүүсүн кеңейтүүнү, (ii) кыргызстандыктардын жашоо-турмушунун деңгээлин жана сапатын жогорулатууну башкарууну.

Мамлекеттик башкаруу органдарынын, ЖӨБОнын жана жарандык коом институттарынын туруктуу өнүктүрүүгө өтүүнү башкаруу үчүн өз ара аракеттенүүсүн кеңейтүү милдети төмөнкү чараларды жүзөгө ашырууну карайт: (i) жергиликтүү жамааттардын, ишкер чөйрөнүн, башкаруунун региондук жана борбордук органдарынын ортосунда өз ара пайдалуу мамилелердин натыйжалуу механизми катары туруктуу өнүктүрүү боюнча жергиликтүү кеңештерди түзүү, (ii) Программаларды, тармактык жана региондук стратегияларды жүзөгө ашыруу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо үчүн туруктуу өнүктүрүү боюнча кабыл алынуучу чечимдерге мониторинг жүргүзүү жана баа берүү (iii) бюджеттик процесстин бардык этаптарында жергиликтүү бюджетке келип түшкөн каражаттарды чыгымдоонун ачыктыгын жана коомдук контролдоону камсыз кылуу үчүн милдеттүү коомдук угуулар практикасын киргизүү, (iv) региондорду өнүктүрүүдө адамдык потенциалды бекемдөө үчүн туруктуу өнүктүрүүнүн маселелери боюнча модулду иштеп чыгуу жана жер-жерлерде жергиликтүү администраторлорду жана менчиктин бардык түрүндөгү уюмдардын жетекчилерин окутуу.

Кыргызстандыктардын жашоо-турмушунун деңгээлин жана сапатын жогорулатууну башкаруунун милдеттерин чечүү үчүн төмөнкү чаралар жүзөгө ашырылат: (i) ар бир регион үчүн жергиликтүү жамааттардын социалдык өнүгүүсүнүн жалпы проблемаларын чагылдырган социалдык туруктуу өнүктүрүүнүн картасын иштеп чыгуу, калктын айрым категорияларынын өзүнчө проблемалары (ымыркайлар, мектепке чейинки балдар, мектеп окуучулары, иштеген, окуган жана иш жок жаштар, жаштар, ишке жарамдуу адамдар, улгайгандар, пенсионерлер, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, ата-энесинен камкордугусуз калган балдар ж.б. ) жана аларды чечүү боюнча мамлекеттик, коммерциялык эмес жана коммерциялык уюмдардын демилгелери социалдык өнүктүрүүнү башкарууга комплекстүү мамилени камсыз кылат, (ii) ар бир регион үчүн туруктуу социалдык өнүктүрүүнүн региондук өзгөчөлүктү эске алган илимий, уюштуруучулук, маркетингдик, финансылык, коммерциялык, өндүрүштүк мүнөздөгү идеяларды,

ыкмаларды, иштеп чыгууларды, продуктуларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, иш-чараларды камтыган моделин түзүү, (iii) бир жерде максималдуу мүмкүн болгон санда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн, анын ичинде “бирдиктүү терезе” ыкмасын кошо алганда механизмди түзүү жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатат, жарандардын убакыт жагынан, финансылык чыгымдарын минималдаштырат жана коррупция үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кыскартат (iv) ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Кошумча муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин түзүү жана аларды стандартташтыруу, (v) натыйжалар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугуна баа берүү ыкмасын киргизүү.

## X. ИШКЕ АШЫРУУ ПРОЦЕССИ

### 10.1. Процессти башкаруу

Бул Программа каржылоонун бюджеттик жана бюджеттен сырткары булактары менен улуттук долбоорлордун пакети менен өз ара байланышта ар жылдагы пландарды иштеп чыгуу жана аткаруу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Программаны түзөтүү жөнүндө чечим Программанын ар жылдык программаларын жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баа берүү маалыматтарынын негизинде кабыл алынат.

Программаны жүзөгө ашыруу процессин башкаруу төмөнкүлөрдү карайт: (i) Программаны аткарууда прогресске карата саясый чечимдерди кабыл алуу үчүн ар жылдагы пландарды жүзөгө ашырууга системалуу түрдө талдоо жана баа берүү; (ii) долбоорлорду жана сектоpалдык программаларды жүзөгө ашырууга зарыл чыгымдардын негиздүүлүгү; (iii) чараларды жана инвестициялык долбоорлорду жүзөгө ашырууга мүмкүн болгон каржылоо булактарын аныктоо; (iv) сектоpалдык программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү; (v) Программаны ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл жөнгө салуучу-башкаруучу чөйрөнү түзүү; (vi) мониторинг жүргүзүү жана баа берүү системасын ишке киргизүү, берилген максаттардан жана милдеттерден четтөөлөрдү аныктоо, себептерин талдоо жана зарыл түзөтүүлөрдү киргизүү.

Аткаруу бийлигинин органдарынын негизги милдеттери төмөнкүлөр болот: (i) зарыл бюджеттик каражаттарды мобилизациялоо; (ii) карызга алынган финансыларды тартууну координациялоо; (iii) аткаруу бийлигинин борбордук, тармактык жан региондук органдарынын ишин макулдашуу; (iv) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Программасын жана Планын жүзөгө ашырууга катышуу боюнча жеке сектор жана

жарандык коом үчүн институционалдык шарттарды түзүү; (v) ушул Программанын алкагында секторалдык программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашырууну координациялоо.

### 10.2. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Ушул Программанын Планынын секторалдык программаларын жана долбоорлорун аткарууга туруктуу мониторинг жана баа берүү аны жүзөгө ашырууда прогресске көз салуунун натыйжалуу инструменти болот, ал төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет: (i) алга жылдыруу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу алдын-алуучу чечимдерди кабыл алуу; (ii) өлкөнүнөрдү киргизүү аркылуу алдын-алуучу чечимдерди кабыл алуу; (ii) наты

Бардык кызыкдар тараптар менен макулдашылган индикаторлор системасы менен Планды (2013-2017-ж.ж.) жүзөгө ашыруунун ар жылдык планы ушул Программанын алкагында 2013-2017-жылдарга белгиленген экономикалык жана социалдык артыкчылыктарды алга жылдырууда прогресске мониторингдин жана баа берүүнүн ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Пландын жана ар жылдык Пландын мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн индикаторлору сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрүнө ээ (3-тиркеме).

Мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн индикаторлорунун комплекси төмөнкүдөй байкоого жана өлчөөгө мүмкүнчүлүк берет: (i) салынган ресурстарды эске алуу менен Программаны аткаруунун аралык натыйжаларынын прогрессин; (ii) коюлган максаттарды жана милдеттерди аткаруунун индикаторлору аркылуу акыркы натыйжалар; (iii) макроэкономикалык деңгээлде, анын ичинде ЦРТны кошо алганда Кыргыз Республикасынын өнүгүү динамикасын чагылдырган улуттук индикаторлор.

Мониторингдин маалыматтарынын негизинде Программаны жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугу мезгил-мезгили менен бааланат. Бул баа берүүнүн жүрүшүндө жетишилген прогресс кенен-кесири талданат, “чабал жерлер” жана Программанын иш-чараларын жана долбоорлорду аткарууда кемчиликтери аныкталат. Алынган натыйжалардын негизинде Программаны ишке ашырууда кийинки кадамдар үчүн альтернативалуу мүмкүнчүлүктөрдү тандоо боюнча ресурстарды кайра бөлүштүрүү жана аларды оптималдуу пайдалануу, донордук жамаат менен күч-аракетти координациялоону жакшыртуу, коомдун күткөн үмүттөрүн толук канааттандыруу боюнча саясый чечимдер кабыл алынат.

### 10.3. Программаны каржылоодо өлкөнүн керектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү

Программанын максаттарына жетишүү үчүн каржылоонун бардык булактары мобилизацияланат. Негизинен, бул белгиленген артыкчылыктардын алкагында конкреттүү чараларды жана долбоорлорду аткаруу үчүн Планга орто мөөнөттүк келечекте интеграцияланган өлкөнүн мамлекеттик бюджетинин, ошондой эле Мамлекеттик инвестициялардын программасынын (МИП) алкагында эл аралык донордук уюмдар колдой турган өнүктүрүү бюджетинин каражаттары.

Планды натыйжалуу ишке ашыруу бюджеттин ачык-айкындуулугун катуулатууну жана жогорулатууну талап кылат. Бул үчүн бюджеттик мекемелер тарабынан каражаттарды натыйжалуу сарптоосун милдеттүү баалоо менен бюджетти берене боюнча түзүүдөн программалык бюджетке өтүү улантылат. Ведомстволордун иши жана аларды программа боюнча каржылоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул Планынын чараларынын саясаты менен тыгыз байланышкан.

Мында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ар жылдык пландары аркылуу Пландын алкагында чечүү үчүн белгиленген милдеттерди каржылоонун өлчөмү менен чечүүнүн деңгээлинин ортосундагы көз карандылыкты белгилөө боюнча реалдуу башкаруу инструменти болуп калат.

Финансылык каражаттардын баалуу булактары ошондой эле бюджеттин тартыштыгын жабууга жана техникалык жардамга багытталган эл аралык донор уюмдардын программалык кредиттери жана гранттары болуп калат.

Планды ишке ашыруу жергиликтүү бюджеттер жана түз чет элдик инвестицияларды кошкондо жеке инвестициялар менен колдоого алынат. Банктардын жана чакан финансылык уюмдардын ресурстарына жетишүүнү жакшыртуу боюнча чаралар ырааттуулук менен ишке ашырылат.

4-тиркемеде «2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын өтүшү боюнча Программанын бюджетинде» деген жети негизги бөлүмдөрдү каржылоонун керектөөлөрү жана мүмкүндүктөрү жөнүндө маалыматтар келтирилген: (i) Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү этабындагы багыттары жана артыкчылыктары; (ii) социалдык маселелерди жана проблемаларды чечүү; (iii) туруктуу өнүктүрүүнү камсыздоо үчүн курчап турган чөйрөнү коргоо; (iv) экономикалык туруктуу өсүү жана макроэкономикалык туруктуулук; (v) бизнес-чөйрөнү жана инвестициялык климатты жакшыртуу; (vi) экономиканын старатегиялык тармактарын өнүктүрүү; (vii) региондорду туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү саясаты.

Планда жетишпеген каржылоонун көлөмү бааланган «финансылык ажырым», 2017-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасына эл аралык донордук жардамдын биргелешкен стратегиясын түзүүнүн алкагында эл аралык донор уюмдары менен өз ара аракеттенүүнүн конструктивдүү предмети болуп калат.

Пландын чараларын, программаларын долбоорлорун каржылоодогу жалпы керектөө 783,2 млрд. сомду түзөт. Жалпысынан мүмкүндүктөр - 417,6 млрд. сом деңгээлинде бааланууда. Каржылоо менен жабылбаган Пландын бөлүгү 365,6 млрд.сомду же 46,7 %ын түзөт.

Ички булактардан турган каражаттарына керектөө (мамлекеттик бюджет) 312,2 млрд.сомду, тышкы булактардан (өнүктүрүүнүн бюджети, жеке инвестиция) - 471,1 млрд.сомду түзөт. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан Пландын иш-чараларын, программаларын жана долбоорлорун тастыкталган каржылоо жалпы алганда 212,5 млрд.сомду (жалпы мүмкүчүлүктүн 50,9%ы) түзөт. Донордук коомчулук жана жеке инвесторлор 205,1 млрд. сом (жалпы мүмкүнчүлүктүн 49,1%ы) суммасындагы каражатты беришет.

Маанилүү артыкчылыктарды ажыратып караганда, бюджеттештирүүнүн төмөнкүдөй көрсөткүчтөрү түзүлдү:

1) Программанын Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү этабындагы багыттары жана артыкчылыктары каржылоонун талап кылынган көлөмү 3,2 мдрд. сомго бааланат. Мамлекеттик бюджеттин жана каржылоонун башка булактарынын мүмкүнчүлүгү 113,6. сомду түзөт. Ошентип, бул артыкчылык керектөөнүн 88,2%ын гана жабат. Каражаттардын 15,1 млн. сом суммасындагы калган бөлүгү мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан алынышы керек.

2) Пландын алкагында социалдык маселелерди жана проблемаларды чечүүнүн артыкчылыктарын каржылоого 236,0 млрд. сом керектелет. Такталган мүмкүнчүлүктөр 187,7 млрд. сомду түзөт же керектөөнүн 79,5%ын түзөт. Керектелүүчү 20,5%га жакын финансылык каражаттарды мамлекеттик бюджеттен жана эл аралык донор уюмдарынан издеп табуу талап кылынат.

3) Туруктуу өнүктүрүү үчүн курчап турган чөйрөнүн артыкчылыктарын каржылоого керектөө дээрлик 10 млрд. сомду түздү, бул практика жүзүндө толук көлөмдө тастыкталган 9,6 млрд.сом же керектөөнүн 96,1%ы финансылык ресурстар менен камсыздалат.

4) Экономикалык туруктуу өсүү жана макроэкономикалык туруктуулугун камсыздоого 36 млн. сом керектелет. Тастыкталган каржылоо мүмкүнчүлүгү 35,5 млн. сомду же 98,6% түздү.

5) Бизнес-чөйрөнү жана инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча чараларга жана артыкчылыктарына 3,2 млрд. сом керектелет, анын 48,3% (1,5 млрд. сом) тастыкталган каржылоо булагына ээ. Керектелган каражаттын жарымынан көрбүрөөгүн мамлекеттик бюджеттен жана эл аралык донор уюмдарынан издөө керек.

6) Экономиканын стратегиялык тармактарын өнүктүрүүгө багытталган артыкчылыктарын каржылоого керектөө 531,4 млрд. сомду түздү. Мамлекеттик бюджеттин жана башка каржылоо булактарынын мүмкүнчүлүктөрү 216,4 млрд. сомду же керектөөнүн 40,7% ын түзөт. 315 млрд. сом өлчөмүндө калган бөлүгү жеке инвестициялардын жана эл

аралык донор уюмдардын издөө керек.  Пландагы бул артыкчылыктарды өнүктүрүүдө түз инвестицияларды тартуу үчүн бизнес-чөйрөнү жана инвестициялык саясатты жакшыртууга багытталган чаралар каралган.

7) Мамлекет регионду өнүктүрүүгө багытталган чараларды жана долбоорлорду ишке ашырууга 2,2 млрд. сомду (өнүктүрүү бюджетин кошкондо) жумшоого даяр. Бул сумма менен ушул багыт боюнча керектөөлөрдүн 88,9% жабат, ал 2,5 млрд. сомду түзөт.

8) 2013-2017-жылдарга мамлекеттик бюджеттин башка чыгымдарына 260,3 млрд. сом өлчөмүндөгү каражаттар каралууда.

Инвестициялык долбоорлорду каржылоонун көрсөткүчтөрүнө келсек (5-тиркеме), анда эсептөөлөрдүн жыйынтыгы төмөнкүдөй болот: 2013-2017-жылдарга чейинки мезгилде 77 улуттук долбоорду каржылоого болгон керектөө жалпысынын 354,8 млдр. сомду түзөт. Жалпысынан мүмкүнчүлүк - 187,6 млрд. сом деңгээлинде бааланууда. Каржылоо менен жабылбаган бөлүгү каржылоодо 167,2 млдр. сомду же 47,1%ды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Программанын максаттарын жана милдеттерин  чечүү үчүн толук көлөмдө финансылык ресурстарды табуу татаал жана Өлкөгө жардамдын биргелешкен стратегиясынын (ӨЖБС) алкагында эл аралык донор уюмдардын колдоосуна таянууда, ал 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Программасынын милдеттери менен тыгыз байланышта болот.

Өлкөгө жардамдын биргелешкен стратегиясы (ӨЖБС)  боюнча өнөктөштөрдүн иши Программанын негизги артыкчылыктарынын багыттарынын алкагында толук бойдон көрсөтүлгөн. Мында, тышкы жардамды тартуунун негизин түзүүчү принцип жаңы карыздардын өсүшүн токтотуп туруу принциби болуп калат. Башкача айтканда, эл аралык донорлор тарабынан өлкөнү өнүктүрүүнү колдоо айрыкча программалык гранттардын системасы аркылуу ишке ашырылат.